**Такийюддин Набаханий**

# ИСЛАМДА ИЖТИМА ТҮЗҮМҮ

**Хизбут-Тахрир басылмаларынан**

Аят маанилеринин котормосу

Окурмандар эсине: Куран аяты деп аяттын араб тилиндеги текстине карата айтылат. Ушул китеп ичинде ***курсив*** менен берилген кыргыз тилиндеги текст аят маанилеринин котормосу болуп саналат.

Пайгамбар ρдын хадистери калың арипте берилген

ρ - соллаллоху алайхи ва саллам
τ - розияллоху анху/анха
υ - алайхис-салам

**Такийюддин Набаханий. Исламда ижтима түзүмү**
**Кыргыз тилиндеги экинчи басылышы**
1433-хижрий – 2012-миладий жыл

## بِسْــمِ اللهِ الرَّحْمَٰــنِ الرَّحِيــم

{ يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ ٱتَّقُواْ رَبَّكُمُ ٱلَّذِى خَلَقَكُم مِّن نَّفْسٍ وَٰحِدَةٍ وَخَلَقَ مِنْهَا
زَوْجَهَا وَبَثَّ مِنْهُمَا رِجَالاً كَثِيرًا وَنِسَآءً ۚ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَ ٱلَّذِى تَسَآءَلُونَ بِهِۦ
وَٱلْأَرْحَامَ ۚ إِنَّ ٱللَّهَ كَانَ عَلَيْكُمْ رَقِيبًا + وَءَاتُواْ ٱلْيَتَٰمَىٰٓ أَمْوَٰلَهُمْ ۖ وَلَا
تَتَبَدَّلُواْ ٱلْخَبِيثَ بِٱلطَّيِّبِ ۖ وَلَا تَأْكُلُوٓاْ أَمْوَٰلَهُمْ إِلَىٰٓ أَمْوَٰلِكُمْ ۚ إِنَّهُۥ كَانَ
حُوبًا كَبِيرًا + وَإِنْ خِفْتُمْ أَلَّا تُقْسِطُواْ فِى ٱلْيَتَٰمَىٰ فَٱنكِحُواْ مَا طَابَ لَكُم
مِّنَ ٱلنِّسَآءِ مَثْنَىٰ وَثُلَٰثَ وَرُبَٰعَ ۖ فَإِنْ خِفْتُمْ أَلَّا تَعْدِلُواْ فَوَٰحِدَةً أَوْ مَا
مَلَكَتْ أَيْمَٰنُكُمْ ۚ ذَٰلِكَ أَدْنَىٰٓ أَلَّا تَعُولُواْ + وَءَاتُواْ ٱلنِّسَآءَ صَدُقَٰتِهِنَّ نِحْلَةً ۚ
فَإِن طِبْنَ لَكُمْ عَن شَىْءٍ مِّنْهُ نَفْسًا فَكُلُوهُ هَنِيٓـًٔا مَّرِيٓـًٔا + وَلَا تُؤْتُواْ
ٱلسُّفَهَآءَ أَمْوَٰلَكُمُ ٱلَّتِى جَعَلَ ٱللَّهُ لَكُمْ قِيَٰمًا وَٱرْزُقُوهُمْ فِيهَا وَٱكْسُوهُمْ
وَقُولُواْ لَهُمْ قَوْلاً مَّعْرُوفًا + وَٱبْتَلُواْ ٱلْيَتَٰمَىٰ حَتَّىٰٓ إِذَا بَلَغُواْ ٱلنِّكَاحَ فَإِنْ
ءَانَسْتُم مِّنْهُمْ رُشْدًا فَٱدْفَعُوٓاْ إِلَيْهِمْ أَمْوَٰلَهُمْ ۖ وَلَا تَأْكُلُوهَآ إِسْرَافًا وَبِدَارًا أَن
يَكْبَرُواْ ۚ وَمَن كَانَ غَنِيًّا فَلْيَسْتَعْفِفْ ۖ وَمَن كَانَ فَقِيرًا فَلْيَأْكُلْ بِٱلْمَعْرُوفِ ۚ
فَإِذَا دَفَعْتُمْ إِلَيْهِمْ أَمْوَٰلَهُمْ فَأَشْهِدُواْ عَلَيْهِمْ ۚ وَكَفَىٰ بِٱللَّهِ حَسِيبًا }

***«Эй инсандар! Силерди бир жандан*** *(Адамдан)* ***жараткан жана андан жубайын*** *(Хаваны)* ***пайда кылган о.э. ал экөөнөн көп эркек жана аялдарды тараткан Роббиңерден корккула! Дагы араңардагы суроо-жооптордо ортого наамы салына турган Алладан корккула жана тууган-уругуңар*** *(менен ажырашып кетүүдөн сактангыла!)*. ***Албетте, Алла үстүңөрдө күзөтүүчү болгон зат.*** *(Бойго жеткендеринен кийин кол алдыңардагы)* ***жетимдерге малдарын бергиле, жана силер үчүн таза эмес болгон*** *(жетимдердин малдарын өзүңөрдүн акыңар болгон)* ***таза нерсеге алмаштырып албагыла! Дагы, алардын малдарын өзүңөрдүн малыңарга кошуп жебегиле! Анткени, бул чоң күнөө болгон иш. Эгер жетим кыздарга адилет кыла албастыктан корксоңор, силер үчүн никеси адал болгон аялдарга эки, үч, төрттөн үйлөнө бергиле. Эми эгер,*** *(алардын арасында)* ***адилеттүүлүк кыла албастыктан корксоңор, бир аялга*** *(үйлөнгүлө)*, ***же кол алдыңардагы күң менен*** *(чектелгиле!)*. ***Мына ушул жабыр жана зулумга өтүп кетпешиңерге жакыныраак иш. Аялдарыңарга махрларын белек сыяктуу*** *(чын көңүлдөн ыраазылык менен)* ***бергиле! Эгер өздөрү силер үчүн ал махрдан бирер нерсени ыктыярдуу түрдө тартууласа, силер аны пакиза жана мубарек билип ала бергиле.*** *(Кол алдыңардагы)* ***акылсыз кишилерге*** *(жаш же кем акыл жетимдерге)* ***Алла силер үчүн турмуш керектөөсү кылып койгон малыңарды*** *(колуңардагы алардын малдарын)* ***берип койбогула, тескерисинче аларды ошол малдардан жедирип-кийиндиргиле жана аларга жакшы сөздөр менен мамиле кылгыла! Жетимдерди тээ балагат жашына жеткендерине чейин сынап*** *(текшерип)* ***тургула. Эгер алардын эс-акылдары жайында экендигин көрсөңөр, малдарын өздөрүнө тапшыргыла. Ал малдарды ысырап кылып жана*** *(ээлери)* ***чоңоюп калбасын деп шашылып жеп койбогула.*** *(Жетимди асырап алган киши)* ***эгер бай болсо,*** *(жетимдин малынан)* ***өзүн сактасын. Эгер, кембагал болсо, жакшылык менен*** *(кылган кызматына жараша)* ***алып жесин. Мал-мүлктөрүн өздөрүнө кайтарганыңарда болсо, күбө келтиргиле. Алланын Өзү жетерлик эсеп-китеп кылуучу».*** **[4:1-6]**

## Мазмуну

Киришүү аяттары ....................................................3
Ижтимаий түзүмгө киришүү .....................................6
Аял жана эркек .........................................................13
Эркек менен аялдын ортосундагы алакаларга көз караштын таасири ..........................................17
Эркек менен аялдын ортосундагы алакаларды тартипке салуу..................................21
Жекече турмуш .........................................................27
Исламий жашоодо эркектердин аялдардан ажыратылышынын важибдиги ...........................32
Аялга кароо .................................................................34
Мусулман аял жүзүн жабышы важиб эмес ............50
Аял жана эркек шаръий милдеттер алдында ........69
Аялдын иштери...........................................................79
Исламий жамаат.........................................................90
Нике ............................................................................101
Махрам аялдар ..........................................................117
Көп аялдуулук ...........................................................123
Расулулла ρдын үйлөнүүлөрү ...............................131
Эрди-катындык турмуш.........................................141
Азл ...............................................................................148
Талак............................................................................155
Насаб ............................................................................165
Наалатташуу .............................................................167
Атанын валийлиги....................................................171
Жаш баланы кепилдикке алуу...............................172
Тууган-урукчулук .....................................................177

بسم الله الرحمن الرحيم

## ИЖТИМАИЙ ТҮЗҮМГӨ КИРИШҮҮ

Көп адамдар турмуштун бардык мыйзамдарына «ижтимаий түзүм» түшүнүгүн колдонушат. Мындай кылуу ката. Анткени, турмуш мыйзамдары түпкүлүгүндө коомдук мыйзамдар болуп, аларды «коомдук мыйзамдар» деш орундуу болот. «Коомдук мыйзамдар» жамдалгандыгына же чачырандылыгына карабастан, белгилүү бир коомдо жашап жаткан адамдар ортосундагы мамилелерди тартипке салат. Турмуш мыйзамдарында адамдардын жамдалуусу (ижтимасы) эмес, балким, алардын ортолорундагы мамилелер көздө тутулат. Алака-мамилелердин түрдүү болушуна карай, түзүмдөр да түрдүүчө болот, мисалы, экономика, башкаруу, саясат, таалим, жаза-чаралар, мамилелер, баййинаттар ж.б.у.с. Мындай мыйзамдарды «ижтимаий түзүм» деп атоо орунсуз. Мындан сырткары, «ижтимаий» сөзү «түзүм» сөзүнүн сыпатын билдиргендиктен, бул түзүмдүн жамдалуулардан пайда боло турган проблемалар менен алакаларды тартипке салуу үчүн түзүлмөгү зарыл. Эркек менен эркектин, аял менен аялдын жамдалуусунан өзгөчө түзүмгө муктаж боло турган проблемалар жана алакалар пайда болбойт. Алар жамдалуу болуп эсептелсе да, мында бир жерде жашагандыктары себептүү, ортолорундагы кызыкчылыктарды тартипке салуу маселеси түзүмгө муктаж болот. Эркектин аял менен, аялдын эркек менен жамдалуусунан болсо, проблема жана алакалар келип чыгат. Мына ушул проблемалар жана алакалар аларды тартипке сала турган мыйзамдарга муктаж. Мындай жамдалууга «Ижтимаий түзүм» түшүнүгүн колдонуу орундуу болот. Себеби, бул түзүм эркек менен аялдын ортосундагы жамдалууну о.э бул жамдалуудан келип чыга турган алакаларды тартипке салат.

Ошондуктан, ижтимаий түзүм аялдын эркек менен, эркектин аял менен жамдалуусунун тартибин баян кылып берүүчү түзүмгө чектелген. Бул мыйзам эркек менен аялдын коомдогу кызыкчылыктарынан эмес, балким, алардын жамдалууларынан пайда боло турган алакаларды тартипке салат жана бул алакалардан пайда боло турган бардык абалдарды баян кылып берет. Маселен, аял менен эркек, эркек менен аялдын ортосундагы соода-сатык иши коомдук иштердин бири болуп эсептелет да, ижтимаий түзүм алкагына кирбейт, ал экономикалык түзүм алкагындагы иш. Эркектин жат аял менен хилватта (ээн) калышына тыюу салынышы, же аялдын өзүн талак кылуу укугуна качан ээ болушу, же болбосо, наристени багууга аял качан акылуу болушу сыяктуу маселелер – мына ушулар ижтимаий түзүм алкагындагы маселелер. Ошого байланыштуу ижтимаий түзүмдүн аныктамасы төмөндөгүдөй болот: Ижтимаий түзүм – бул аял менен эркектин, эркек менен аялдын жамдалуусун о.э. бул жамдалуудан пайда боло турган

алаканы жана бул алакадан келип чыга турган бардык абалдарды тартипке сала турган түзүм.

Адамдардын, айрыкча, мусулмандардын Исламдагы ижтимаий түзүм жөнүндөгү түшүнүктөрү күңүрт болуп калган. Алар Ислам пикирлери менен өкүмдөрүнөн алыстагандыктары себептүү, ижтимаий түзүм жаатындагы Ислам акыйкатынан да өтө узакташып кетишти. Акыбетте, алардын бир бөлүгү жолду ашыкча даражада кең ала турган болуп калышты т.а. эркек менен каалагандай хилватта калуу, каалаган кийимин кийип, авраттары ачык абалда көчөгө чыгуу сыяктуу амалдарды «аял укугу» деп эсептей турган болуп калышты. Бир бөлүгү болсо жолду өтө тар алып, «аялдын соода жана дыйканчылык менен алектенүүгө, эркек менен жамдалууга таптакыр акысы жок, аялдын жүзү, алакандарынан тартып бүткүл денеси аврат» деп эсептей турган болуп калышты. Мындай жолду кең жана тар алуунун акыбетинде ахлак төмөндөштү, пикирлөө катып калды. Мунун натыйжасында, ижтимаий тарапка зыян жетти. Исламий үй-бүлө тынчтыгын жоготту, анын мүчөлөрүнө нааразылык жана жек көрүүчүлүк руху өкүмдар болуп калды, үй-бүлөлөр арасында жаңжалдар жана ажырашуулар көбөйдү. Ушундан кийин, бардык мусулмандардын жүрөгүн үй-бүлөнү бириктирүүгө, анын бакыт-таалайын камсыздоого болгон муктаждык туйгусу толтура баштады. Көпчүлүктүн оюн бул олуттуу маселенин чечимин издөө ээлей баштады. Бул чечимдин түрдүү көрүнүштөрүн ачып көрсөткөн ар кыл урунуулар болду. Ижтимаий чечимди баяндаган эмгектер жазылды, шаръий мекемелер жана шайлоо кодекстерине өзгөртүүлөр киргизилди. Көп адамдар үй-бүлөсүндөгү аялдарына, эже-карындаштарына, кыздарына карата өз райларын колдонууга урунушту. Мектеп жана медресе мыйзамдарына эркектер менен аялдардын аралаш болушу жагынан өзгөртүүлөр киргизилди. Жогорудагы урунуулар мына ушундай көрүнүштөрдө көрүндү. Бирок, бул адамдардын бирөө жарымы да проблеманы чечүү бактысына туш болбоду. Ижтимаий түзүмгө карай багыттана албады. Өздөрү эңсеген түзөтүү жолун таба алышпады. Себеби, эки жыныс: эркек менен аялдын алака маселеси көпчүлүк мусулмандарга караңгы эле. Алар Үммөттүн түзөлүшүнө себеп боло турган ушул эки жыныс кызматташтыгынын тарыйкатын билишпес эле. Эркектин аял менен жамдалуусуна таандык Ислам пикирлери жана өкүмдөрүн билбегендиктен, чечим тарыйкатынын тегерегиндеги нерселер жөнүндө талашып-тартышышчу, анын акыйкатын үйрөнүүдөн болсо ыраакта эле. Алардын бул урунуулары акыбетинде тынчсызданyу, туруксуздук күчөп кетти. Өз касиеттери менен өзгөчөлөнүп тура турган үммөт сыпатындагы Ислам Үммөтүнө кооп салуучу жарака пайда болду. Исламий үйгө Ислам табиятын жоготуу коркунучу туулду. Исламий үй-бүлөнүн үстүндө – Ислам пикирлери менен жаркып турушуна так салуучу, Исламдын

өкүмдөрү менен райларын өз ордуна коюудан узакташтыруучу – коркунуч пайда болду.

Бул пикирий туруксуздуктун жана түшүнүүдө туура жолдон ооп кетүүнүн себеби батыш хазаратынын (дүйнө карашынын) бизге каршы алып барган бузуп-жаруучу чабуулуна барып такалат. Батыш муну менен пикирлөөбүзгө жана канааттанууларыбызга бүтүндөй өкүмдар болуп алып, турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрүбүздү, жүрөгүбүзгө терең орногон Исламды коргоо жана диний каада-салттарыбызды улуулоо сыяктуу өлчөө жана канааттанууларыбызды өзгөртүп жиберди. Батыш хазаратынын биздин үстүбүздөн жетишкен жеңиши турмуштун бардык тармактарын, анын ичинде, ушул ижтимаий тармакты да камтып алды.

Мунун себеби, Батыш хазараты Ислам журттарында пайда болуп, өзүнүн маданий көрүнүштөрүн жана материалдык өнүгүүлөрүн көрсөткөндө, бул көпчүлүктүн көзүн кызартты. Адамдар бул маданий көрүнүштөрдү ээрчий башташты жана бул хазаратты алууга умтула башташты. Себеби, өнүгүүдөй болуп көрүнүп туруучу бул маданий көрүнүштөрдү мына ушул хазараттын ээлери, ага чакырып жаткан шахстар иштеп чыгышкан эле. Бул жаатта мусулмандар батыш хазараты менен маданий көрүнүштөрдүн ортосундагы айырманы ажыратып олтурбастан, батыш хазаратына көр-сокурларча ээрчий башташты. Алар хазарат – турмуш жөнүндөгү түшүнүктөр жыйнагы жана белгилүү бир жашоо образы экендигин түшүнүшкөн жок. Маданият болсо, адамдардын турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрү менен жашоо образдарына карабастан, алардын турмуш иштерине васита, курал катары иштетиле турган, сезиле турган материалдык формалар экендигин аңдап жетишкен жок. Мындан сырткары, алар батыш хазараты Ислам хазаратынын негизине бүтүндөй тескери болгон негизге курулганын, турмушту түшүндүрүүдө жана инсан жетүү үчүн аракет кыла турган «бакыт» түшүнүгүндө да Ислам хазаратынан кескин айырмаланышын түшүнүшпөдү. Ислам Үммөтү батыш хазаратын кабыл алышы эч бир мүмкүн эместигин, бирер жерде Ислам үммөтүнөн бирер жамаат бул хазаратты кабыл алса, Ислам үммөтүнүн бир бөлүгү бойдон калышы мүмкүн эместигин, же болбосо, «Исламий жамаат» деген сыпаттан айрылышын ойлоп да коюшпады.

Ислам хазараты менен батыш хазаратынын ортосунда мазмун жагынан карама-каршылык бар экендигин аңдап жетпегендик көчүрмөчүлүккө жана ээрчимеликке алып келди. Китептен нуска көчүрүп жаткан адам маанисине көңүл бурбай, сөз жана тамгаларды көчүрүү менен убара болгону сыяктуу, көпчүлүк мусулмандар да түшүнүп-нетпей эле батыш хазаратын көчүрүүгө киришип кетишти. Алардын кээ бирлери болсо, батыш хазаратына анын түшүнүктөрүн жана өлчөөлөрүн кабыл алуу менен ээрчий башташты. Алар бул түшүнүк жана өлчөөлөрдүн акыбеттери жөнүндө ойлоп да отурушкан

жок. Акыйкатта, бул мусулмандар батыш коомунда аялдын эркек менен тең даражада турушун, алардын ортосундагы айырмага этибар берилбешин жана бул теңдиктен келип чыга турган акыбеттерге көңүл бурулбай тургандыгын көрүштү. Батыш аялында маданий көрүнүштөр көрүнүп жаткандыгын, батыш аялынын өзү да маданий көрүнүштөрдү көрсөтүп жаткандыгын көрүп, ага ээрчишти же ээрчүүгө урунушту. Бирок, бул көрүнүштөр батыш хазаратына, анын турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрүнө, турмушту сүрөттөөсүнө дал келишин, ал эми, Ислам хазаратына, анын турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрүнө, турмушту сүрөттөөсүнө эч бир дал келбей тургандыгын аңдашкан жок. Батыш аялында көрүнүп жаткан жана анын өзү көрсөтүп жаткан көрүнүштөрдөн келип чыга турган иштерге эч бир этибар беришпеди. Ооба, алар бул абалдарды көрөрү менен, кандай натыйжаларга алып келишине карабастан, «муслима аял да коомдо жана жамдалууда эркек менен жанаша турушу керек» деп этикат кыла баштады. Кандай проблемалар жана иштер келип чыгышына карабастан, муслима аялда да батыштын маданий калыбы көрүнүшү керек, анын өзү да батыштын маданий калыбын көрсөтүшү керек деп ойлошту. Бул жаатта муслима аялдын жеке эркиндигин камсыздоого жана ага каалаган ишин кылуу укугун берүүгө чакырышты. Мындан келип чыгып, эч кандай муктаждык болбосо да аялдардын эркектер менен аралашуусуна, ачык-жылаң жүрүүсүнө, зыйнат-жасалгаларын көрсөтүүсүнө, аялдын акимиятка башчылык кылуусуна чакырышты. Бул иштерди «өнүгүү» деп, «ойгонуунун белгиси» деп эсептешти.

Ушул көчүрмөчү, ээрчимелер жеке эркиндик маселесинде өздөрүнө бүтүндөй эрк берүүлөрү ишти ого бетер жаман жагына айландырды. Мунун акыбетинде коомдо аял менен эркектин аралашуусуна эч кандай муктаждык болбосо да, аялдын эркек менен учурашуусун талап кыла турган эч кандай муктаждык болбосо да, аял эркек менен бар болгону жеке эркиндиктен пайдалануу үчүн гана (!) үзгүлтүксүз учураша турган болуп калды. Бул нерсе батыш районларына ойлобой-нетпей жүздөнгөн жогорудагы көчүрмөчү-ээрчимелердин катмарына куник так салды. Бул так себептүү аял менен эркектин ортосундагы алака, бар болгону, аялдык жана эркектик алакаларга чектелип калды. Куник так бул катмардан коомдогу башка катмарларга да өттү. Бул мамиле турмуш майданында эркек менен аялдын ортосунда бирер бир кызматташтыкты пайда кылбады, балким, ахлакий төмөндүктү, аялдардын жасанып-түзөнүп, турмуш шериги же махрамы болбогон жат-бегенелерге зыйнаттары менен сулуулуктарын көрсөтүүгө алып келди. Мунун акыбетинде мусулмандардын пикирлөөлөрү туура жолдон тайды, канааттануулары бузулду, ишеничтерине зыян жетти, чен-өлчөмдөрү кыйрады. Батыштын ижтимаий жагы – жакшы үлгү; батыш коому – өлчөө кылып алынды. Бирок, ошол батыш коомунун эркектик жана

аялдык алакаларды анча мааниге ээ болбогон бир иш катары эсептеши жана бул алакадан келип чыга турган үлгүлүү жашоо образына карата бирер бир уятсыздык, бузукулук же тескериликти о.э. зыян же коркунучту көрбөшү этибарга алынбады. Ислам коомунун болсо бул тармактагы көз караштары батыштыкынан түп-тамырынан бери айырмаланышына, ага бүтүндөй карама-каршы экендигине этибар берилбеди. Анткени, Ислам коому аялдык жана эркектик алакалардагы күнөөнү – дарралоо же ташбараң кылуу сыяктуу катуу жаза белгиленген – чоң күнөө деп эсептейт. Мындай бузукулукту кылган кишилерди жийиркенич жана жек көрүү менен карала турган пас кимсе деп эсептейт. Намысты сактоонун важибдигин – арага эч кандай кеп сыйбай турган – кадимки акыйкат деп билет. Аны сактоо жолунда чын жүрөктөн катуу умтулуп, малы-жаны сарпталышы керек деп эсептейт. Мындан баш тартууда эч кандай үзүр жана шылтоолорду кабыл албайт.

Ооба, бул көчүрмөчү, ээрчимелер эки жамааттын ортосундагы өзгөчөлүктү, эки абал арасындагы үлкөн айырманы териштирген жок. Ушул сыяктуу эле, исламий турмуш жана шаръий өкүмдөр алардан талап кыла турган иштерди да териштиришкен жок. Көчүрмөчүлүк менен ээрчимечиликке ушундай берилип кетишти дейсиң, акыры жүрүп «аялдын ойгонушу» даъватына бүтүндөй эркиндик тонун кийгизип, жаман кулк менен сыпатталуудан арданбай калышты. Бул көчүрмөчү ээрчимелер «аялзатын ойготуу» жана «Үммөттү ойготууга аракеттенүү» чүмбөтү менен мусулмандардын ижтимаий жагын ушул жосунда кыйратууну улантышты. Бул кимселер башында азчылык эле. Үммөт алгач алардын чакырыктарына ыраазы болбоду. Бирок, Ислам өлкөлөрүндө капиталисттик түзүм колдонулуп, колонизатор кафирлер, кийинчерээк болсо, алардын малайлары, алардын кербенинде алардын көрсөтмөлөрү менен өкүм жүргүзө турган акимдер тарабынан башкарыла башташы менен, жогоруда айтылган азчылык шаар калкынын көпчүлүгүн жана элет калкынын бир бөлүгүн өздөрү жүргөн жолдон жүргүзүүгө о.э. батыш хазаратын көчүрүп алып, ага ээрчүү тарабына өткөрүүгө жетишишти. Акыбетте, Ислам шаарларынын көп жерлеринин исламий жүзү жоголду. Мында Истамбул, Каир, Тунис, Дамаск, Карачи, Багдад, Куддус, Бейрут шаарларынын ортосунда эч кандай айырма жок. Булардын бардыгы батыш хазаратын көчүрүү жана ага ээрчүү жолунда жүрө турган болуп калды.

Бул пикирлерге каршы күрөшүү үчүн бир тайпа мусулмандардын козголушу табигый эле. Бул райларга каршы согушуу үчүн Ислам өлкөлөрүндөгү мусулмандардын жалгыз-жарымдап да, жалпы түстө да аттанары анык эле. Чындыгында, бир эле тайпа эмес, балким, бир нече тайпалар муслима аялды коргоо, анын коомдогу фазилаттарын сактап калуу важибдигине чакыра башташты. Бирок, алар Ислам мыйзамдарын тунук түшүнүшчү эмес, шаръий өкүмдөрдү анык билишчү эмес. Исламий

акыйда – негиз экендигин, шаръий өкүмдөр болсо – өлчөө экендигин аңдабаган абалда, акыл туура деп тапкан пайданы – талкуу үчүн негиз, рай жана нерселер үчүн өлчөө кылып алышты о.э. үрп-адаттарды, салт-санааларды сактап калууга, ахлакты бекем кармоого чакырышты. Аялды хижаб менен бекитүүгө сокурларча фанаттык менен жандашуу ушунчалыкка жетип барды дейсиң, алар аял үчүн жолду өтө тар коюуну, үйүнөн чыгуусуна, өз муктаждыктарын кандыруусуна жана өз иштерин түздөн-түз өзү кылуусуна уруксат бербөөнү көтөрүп чыгышты. Соңку доорлордогу факихтер аял үчүн беш авратты белгилешти: намаздагы аврат, махрам эркектер алдындагы аврат, махрам эмес эркектер алдындагы аврат, муслима аялдар кашындагы аврат жана кафира аялдардын алдындагы аврат. Мындан келип чыгып, аял бирөөнү, бирөө аялды көрбөй турган жапма хижабды ороого чакырышты. Аялдын турмуштагы иштерин түздөн-түз өзү аткарышына тыюу салууга даъват кылышты. Аны шайлоого катышуу укугунан; саясат, башкаруу, экономика жана ижтима жаатындагы райы болушунан айруу жөнүндө айтышты. Аял менен турмуштун ортосуна тосмо коюп, Алланын кээ бир аяттарын жалаң эркектерге тиешелүү кылып коюшту. Расулулла менен байъат учурунда аялдар кол менен көрүшкөндүктөрү жөнүндөгү, аялдын авраты жөнүндөгү хадистерди шаръий өкүмдөр талап кыла турган жосунда эмес, аялга карата өздөрү каалап жаткан калыпка дал келе турган таризде чечмелешти. Алардын бул даъваттары жана аракеттери адамдарды шаръий өкүмдөрдөн узакташтырып, мусулмандарга ижтимаий жакты күңүрт кылып койду. Ушул себептүү, алардын райларынын баскынчы пикирлерге каршы турууга кудуреттери жетпеди. Күчтүү агымды тосо албады. Мусулмандар ортосунда ижтимаий жакты көтөрүүгө бир да таасир көрсөткөн жок. Өзү негизинен, Үммөт ичинде илимде, билимдүүлүктө мурунку мужтахиддерден, сахиби мазхабдардан калышпай турган аалымдар бар эле. Бирер бир үммөттүн байлыгы теңдеше албай турган пикирий жана ташриъий (мыйзам таануучулукка тийиштүү) байлык мусулмандардын колунда эле. Мусулмандардын жалпы элдик жана жеке менчик китепканаларында баа жеткис китептер, эмгектер толуп-ташып жаткан эле. Ооба, булардын бардыгынын көчүрмөчү ээрчимелерди адашууларынан кайтарууда, катып калгандарды мужтахид туура истинбат кылган исламий райга канааттандырууда – бул рай алар аял үчүн каалап жаткан калыпка дал келбегендиктен – пайдасы болбоду. Мунун себеби, ошол көчүрмөчү, ээрчимелерден, катып калгандардан о.э. аалымдар менен талабалардан пикирлөө сыпаты жоголгон эле. Мунун айынан алар вакиъликти (турмуш чындыгын) түшүнүшчү эмес, же Алланын өкүмүн түшүнүп жетчү эмес, же толугу менен ылайыктуулук пайда боло турган мүнөздө шаръий өкүмдөрдү вакиъликке карата колдонуу аркылуу шаръий өкүмдөрдү пикирий кабыл алышпас эле.

Ошондуктан, Ислам өлкөлөрүндөгү коом эки пикирдин: катып калуу менен ээрчүүнүн ортосунда калды. Ижтимаий жак туруксуз болуп калды. Муслима аял эмне кыларын билбей калды. Эми анын алдында эки жол: батыш хазаратын түшүнүп жетпей, анын мазмунун аңдабай, аны менен Ислам хазаратынын ортосундагы тескериликти билбеген абалда аны көчүрүп алып жаткан тынчсыз жана туруксуз аял болуу; же өзүнө да пайдасы тийбей турган жана мээнетинен мусулмандар да пайдаланбай турган катып калган аял болуу жолу турду. Булардын бардыгына Исламды пикирий түстө үйрөнбөгөндүк, Исламдагы ижтимаий түзүмдү түшүнбөгөндүк себеп болгон.

Ошондуктан, Исламдагы ижтимаий мыйзамдарды толук, ар тараптуу, терең үйрөнүү зарыл. Ошондо гана проблема аял менен эркектин жамдалуусунда, бул жамдалуудан пайда боло турган алакада жана бул алакадан келип чыга турган иштерде жаткандыгы белгилүү болот жана мына ушул жамдалууну, андан пайда боло турган алаканы жана бул алакадан келип чыга турган иштерди дабалап-түзөө талап кылынып жаткандыгы маалым болот. Бул дабалоону акыл көрсөтүп бере албайт, балким, шарият көрсөтүп берет. Акылдын милдети – бул милдетти түшүнүп жетүү. Бул дабалоо – Ислам буюрган белгилүү бир жашоо образы боюнча өмүр сүрүп жаткан муслима аял жана муслим эркек үчүн берилген чечим. Алар Алла Куранда жана Сүннөттө буюрган мына ушул жашоо образы боюнча гана өмүр сүрүүлөрү керек жана бул жашоо образы батыштын жашоо образына жана ата-бабалардын үрп-адат, салт-санааларына тескери келип калышына эч бир этибар бербөөлөрү зарыл.

## АЯЛ ЖАНА ЭРКЕК

Алла Таала айтат:

{ يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ إِنَّا خَلَقۡنَٰكُم مِّن ذَكَرٖ وَأُنثَىٰ وَجَعَلۡنَٰكُمۡ شُعُوبٗا وَقَبَآئِلَ لِتَعَارَفُوٓاْۚ }

***«Эй инсандар, чындыгында, Биз силерди бир эркек** (Адам) **жана бир аял** (Хава)**дан жараттык дагы бири-бириңер менен таанышып** (дос-жолдош болушуңар) **үчүн силерди** (түрдүү-түмөн) **элдер жана уруу-элеттер кылып койдук».*** **[49:13]**

{ يَٰٓأَيُّهَا ٱلۡإِنسَٰنُ مَا غَرَّكَ بِرَبِّكَ ٱلۡكَرِيمِ }

***«Эй инсан, эмне сени улуу Роббиң жөнүндө (****Ага ибадат кылбасаң да боло берет деп)* ***алдап койду?!».*** **[82:6]**

{ قُتِلَ ٱلۡإِنسَٰنُ مَآ أَكۡفَرَهُۥ • مِنۡ أَيِّ شَيۡءٍ خَلَقَهُۥ • مِن نُّطۡفَةٍ خَلَقَهُۥ فَقَدَّرَهُۥ }

***«Жок болгур инсан-ээ! Мынчалык кафир болбосо!*** *(Алла)* ***аны кай нерседен жаратты өзү?! Аны бир нутфа-уруктан жаратып, анан аны****(н эне курсагында өсүп-жетилүүсүн жана ай күнүн)* ***белгилеп койду-го!».*** **[80:17-19]**

Алла адамга сунуштар (милдеттер) менен кайрылган. Адамды кайрылуу жана сунуш каратылган орун кылган. Шарияттарды адам үчүн түшүргөн. Алла Таала адамдарды кайра тирилтет жана эсеп-китеп кылат. Бейишке да, тозокко да адамды киргизет. Ошентип, эркекти же аялды эмес, балким, адамды сунуштардын орду кылды.

Алла адамды айбандан айырмаланып тура турган белгилүү бир табиятта аял же эркек кылып жаратты. Аял да, эркек да – адам. Алар адамдыкта бири-биринен айырмаланышпайт. Алла Таала аларды адам сыпатында турмуш майданына шуңгууга даярдап, аларды бир коомдо бирге жашай турган кылып койду. Адам тукумунун уланышын алардын жамдалууларына, ар бир коомдо бар болууларына байланыштуу кылып койду. Ошондуктан, алардын ар бирине бардык инсаний касиеттерден жана жашоо негиздеринен пайдалана турган адам катары тең кароо керек. Алла алардын ар биринде турмуштук күчтү жаратты. Бул күч экөөндө тең бир кыл. Алардын ар биринде ачкалык, чаңкоо, керектөөлөрдү кандыруу сыяктуу организм муктаждыктарын о.э. жашоо үчүн күрөш, нав жана диндарлык сыяктуу гарыйзаларын бирдей кылып койду. Алардын ар бирине бирдей кылып пикирлөө кубатын жана акылды берди. Анткени, Алла акылды эркек же аял үчүн эмес, балким, адам үчүн жараткан.

Бирок, нав гарыйзасын эркек башка эркек менен, же айбан менен же болбосо, башка жолдор менен кандырышы мүмкүн болсо да о.э. аял да башка аял менен, же айбан менен же болбосо, башка жолдор менен кандырышы мүмкүн болсо да, бирок, анын адамда жаратылышынан көздөлгөн максат болгону бир гана абалда т.а. эркек бул муктаждыкты

аял менен, аял болсо эркек менен кандырышы аркылуу гана ишке ашышы мүмкүн. Ошондуктан, эркек менен аял ортосундагы, аял менен эркек ортосундагы жыныстык, гарыйзалык жактан боло турган алака – эч бир таңданарлык жери жок табигый алака. Ал аслий алака болуп – бул гарыйзадан көздөлгөн максат т.а. адам тукумун улоо гарыйзасынын жаратылуусунан көздөлгөн максат ушул алака аркылуу гана жүзөгө чыгат. Эгер экөөнүн ортосундагы бул алака жыныстык кошулуу аркылуу болсо, бул толугу менен табигый жана кадимкидей иш болуп, анда таң каларлык эч нерсе жок. Бул алака адам тукумунун сакталып калышы үчүн зарыл. Бирок, бул гарыйзаны эркин коё берүү адамга да, анын иж-тимаайий турмушуна да зыян келтирет. Анын болушунун максаты – адам тукумунун уланышы үчүн урпак калтыруу. Ошондуктан, адамдын бул гарыйзага болгон көз карашы анын жаратылышынан көздөлгөн максатка т.а. тукум улоого каратылышы зарыл. Мында эркек менен аялдын ортосунда айырма жок. Муктаждыкты кандыруудан пайда боло турган лаззат жана ырахаттануу – адам аны назарда тутса да, тутпаса да – өз-өзүнөн боло берет. Ошондуктан, бул тууралуу «нав гарыйзасынан лаззаттануу жана ырахаттанууну назарда тутууну узакташтыруу керек» деш туура эмес. Себеби, лаззат жана ырахаттануу табигый жана анык жүзөгө келе турган иш болуп, ал назарда тутуу менен жүзөгө келбейт. Бул назарда тутууну узакташтыруу мүмкүн болбогон иш болгондуктан, аны узакташтырып да болбойт. Балким, назарда тутуу ушул кандыруу жөнүндөгү жана нав гарыйзасынан көздөлгөн максат жөнүндөгү адамдын түшүнүгүнөн пайда болот. Ошого карай, нав гарыйзасы жана анын адамда болушунан көздөлгөн максат жөнүндө адамда белгилүү бир түшүнүктү пайда кылуу керек. Бул түшүнүк анда Алла Таала адамда жараткан нав гарыйзасына карата өзүнө таандык көз караштыы калыптандырат да, аны эркек менен аялдын, аял менен эркектин алакасына чектеп коёт. Ушул сыяктуу, эркек менен аялдын ортосундагы эркектик жана аялдык алакаларына же башкача сөз менен айтканда, жыныстык алакаларга карата өзүнө таандык көз караштыы калыптандырат да, бул алакалар нав гарыйзасынын жаратылышынан көздөлгөн максатка т.а. тукум улоого каратылат. Мына ушундай көз караш менен гарыйзанын кандырылышы жүзөгө чыгат жана анын болушунан көздөлгөн максат амалга ашат. Бул түшүнүктү кабыл алган жана ушундай өзүнө таандык көз карашка ээ болгон жамаатта кадыржамдык жүзөгө келет. Ар кандай адамдар жамаатынын эркек менен аялдын ортосундагы эркектик жана аялдык алакаларын, башкача айтканда, жыныстык алакаларга болгон көз карашын – «лаззат менен ырахаттануу өкүмдар болгон көз караштан», «бул лаззат менен ырахаттануу – гарыйзаны кандыруудан келип чыга турган табигый жана анык бир иш» – кылууга карай өзгөртүү зарыл. Көз караштыы бул гарыйзанын жаратылышынан көздөлгөн максатка каратуу зарыл. Мына ушундай көз караш нав гарыйзасын сактап калат

жана аны адам үчүн жаратылган туура багытка багыттандырат. О.э. ал адам бардык иштерин аткара алышы үчүн жана бактылуу кыла турган бардык иштерге убактысы жетерлик болушу үчүн кең майдан калтырат.

Ошондуктан, адамда нав гарыйзасын кандыруу жөнүндө, анын болушунан көздөлгөн максат жөнүндө түшүнүк болушу керек. Адамдар жамаатына – жыныстык кошулуу пикиринин өкүмдар болушун жана бүткүл этибарды ушул кошулууга каратууну жүрөктөрдөн өчүрүп жибере турган о.э. эркек менен аялдын ортосунда кызматташтык пайда кыла турган – түзүм керек. Себеби, эркек менен аялдын бири-бирине махабат жана рахатты камсыздоочулар катары өз ара кызматташтык кылуулары аркылуу гана жамаат оңдолот. Ошондуктан, эркек менен аялдын ортосундагы алакаларга карата жамааттын көз карашын бүтүндөй өзгөртүүнү дагы бир жолу баса белгилөө зарыл. Бул өзгөртүү жыныстык кошулуунун өкүмдарлыгын жок кылып, аларды жыныстык муктаждыктарды кандыруунун табигый бир ишине айландырат. Бул алаканы жалаң гана лаззат жана ырахаттанууга чектеп коюуну жоготуп, аны эркектик жана аялдык сыпаттардагы көз карашка эмес, балким, жамааттын кызыкчылыгын көздөй турган көз карашка айландырат. Бул көз карашты ырахаттануу менен жыргалды жакшы көрүү эмес, балким, Алладан коркуу өкүмдарлык кыла турган көз карашка айландырат. Бул көз караш адамдын жыныстык лаззаттан пайдаланышын жокко чыгарбайт. Балким, аны тукум улоонун улантылышын жүзөгө чыгара турган жана мусулмандын бийик арзуу-үмүтү Алла Тааланын ыраазылыгына жетүү үмүтүнө дал келе турган шаръий пайдалануу болушуна айландырат.

Куран аяттары эрди-катындык абалына т.а. нав гарыйзасынын жаратылышынан көздөлгөн максатка этибарын каратып келген. Аяттар бул гарыйза түпкүлүгүндө эрди-катындык үчүн т.а. тукум уланышы үчүн жаратылганын, башкача айтаканда, Алла Таала бул гарыйзаны эрди-катындык үчүн жаратканын баян кылган. Жамааттын аял менен эркектин алакаларына карата болгон көз карашын жыныстык кошулууга эмес, балким, эрди-катындыккa каратылган көз карашка айландыруу максатында, аяттарда нав гарыйзасы эрди-катындык үчүн жаратылганын түрдүү ыкма жана ар кыл маанилерде баяндаган.

{ يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ ٱتَّقُواْ رَبَّكُمُ ٱلَّذِى خَلَقَكُم مِّن نَّفۡسٖ وَٰحِدَةٖ وَخَلَقَ مِنۡهَا زَوۡجَهَا وَبَثَّ مِنۡهُمَا رِجَالٗا
كَثِيرٗا وَنِسَآءٗۚ }

***«Эй инсандар! Силерди бир жандан** (Адамдан) **жараткан жана андан жубайын** (Хаваны) **пайда кылган о.э. ал экөөнөн көп эркек жана аялдарды тараткан Роббиңерден корккула!»*** **[4:1]**

{ هُوَ ٱلَّذِى خَلَقَكُم مِّن نَّفْسٍ وَٰحِدَةٍ وَجَعَلَ مِنْهَا زَوْجَهَا لِيَسْكُنَ إِلَيْهَا ۖ فَلَمَّا تَغَشَّىٰهَا حَمَلَتْ حَمْلًا
خَفِيفًا فَمَرَّتْ بِهِۦ ۖ فَلَمَّآ أَثْقَلَت دَّعَوَا ٱللَّهَ رَبَّهُمَا لَئِنْ ءَاتَيْتَنَا صَٰلِحًا لَّنَكُونَنَّ مِنَ ٱلشَّٰكِرِينَ }

***«Ал** (Алла)* ***силерди бир жандан** (Адамдан)* ***жараткан жана ал кадыржамдык тапсын деп анын өзүнөн жубайын жараткан Зат. Ага кошулганынан кийин ал** (Хава)* ***жеңил жүк менен жүктүү** (кош бойлуу)* ***болуп, ошол** (жүк)* ***менен жүрдү. Анан качан оорлошкондо,** (алар)* ***Роббилери болгон Аллага дуба кылышты: «Ант болсун, – эгер бизге солих перзент берсең, албетте, шүгүр кылуучулардан болобуз».*** **[7:189]**

{ وَلَقَدْ أَرْسَلْنَا رُسُلًا مِّن قَبْلِكَ وَجَعَلْنَا لَهُمْ أَزْوَٰجًا وَذُرِّيَّةً ۚ }

***«Чындыгында, сенден мурда да** (көп)* ***пайгамбарлар жибергенбиз жана аларга жубайлар жана урпактар бергенбиз».*** **[13:38]**

{ وَٱللَّهُ جَعَلَ لَكُم مِّنْ أَنفُسِكُمْ أَزْوَٰجًا وَجَعَلَ لَكُم مِّنْ أَزْوَٰجِكُم بَنِينَ وَحَفَدَةً }

***«Алла силер үчүн өзүңөрдөн жуптарды жаратып, жуптарыңардан силер үчүн балдар, неберелер пайда кылды».*** **[16:72]**

{ وَمِنْ ءَايَٰتِهِۦٓ أَنْ خَلَقَ لَكُم مِّنْ أَنفُسِكُمْ أَزْوَٰجًا لِّتَسْكُنُوٓا۟ إِلَيْهَا وَجَعَلَ بَيْنَكُم مَّوَدَّةً وَرَحْمَةً ۚ }

***«Анын аят-алааматтарынын** (дагы бири)* ***– Ал Зат силер бирге турушуңар үчүн өзүңөрдөн жуптарды жаратышы жана ортоңордо мээрим жана сүйүү пайда кылышы»*** **[30:21]**

{ فَاطِرُ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلْأَرْضِ ۚ جَعَلَ لَكُم مِّنْ أَنفُسِكُمْ أَزْوَٰجًا }

***«****(Алла)* ***асмандар жана жердин Жаратуучусу. Ал силер үчүн өзүңөрдөн болгон жуптарды жаратты».*** **[42:11]**

{ وَأَنَّهُۥ خَلَقَ ٱلزَّوْجَيْنِ ٱلذَّكَرَ وَٱلْأُنثَىٰ + مِن نُّطْفَةٍ إِذَا تُمْنَىٰ }

***«Жана албетте ал Зат атылып чыга турган нутфадан (уруктан) эркек-аял жуптарды жараткан».*** **[53:45-46]**

{ وَخَلَقْنَٰكُمْ أَزْوَٰجًا }

***«Биз силерди жуп-жуп кылып жараттык».*** **[78:8]**

Бул аяттардан Алла эркек менен аялды жаратууда эрди-катындык жагын үстөм кылганын кайра-кайра тастыктаганы көрүнүп турат. Ошондуктан, эркек менен аялдын ортосундагы алакаларга болгон көз караш эрди-катындыкка т.а. тукум улоо үчүн насил калтырууга каратылган болсун.

## ЭРКЕК МЕНЕН АЯЛДЫН ОРТОСУНДАГЫ АЛАКАЛАРГА КӨЗ КАРАШТЫН ТААСИРИ

Гарыйза козголсо кандырууну талап кылат, эгер козголбосо, ал кандырууну талап кылбайт. Гарыйза кандырууну талап кылган учурда, адамды бул иштi ишке ашырууга үндөйт. Эгер адам бул иштi ишке ашырбаса, гарыйзанын козголушу тынчымайынча тынчсыздана берет. Гарыйза тынчыса, тынчсыздануу жоголот. Кандырбоодон өлүм келип чыкпайт о.э. жисманий, аклий, рухий азап да болбойт. Азап, болгону, толкундануу жана тынчсыздануугa гана чектелет. Демек, гарыйза – узвий кажаттар сыяктуу – сөзсүз кандырылышы шарт эмес, балким, ал кадыржамдык жана ырахатты пайда кылуу үчүн кандырылат.

Гарыйзаны эки фактор козгойт: маддий вакиълик (материалдык реалдуулук) жана пикир. Бул эки фактордун бири болбосо, гарыйза козголбойт. Ал узвий кажаттарга окшоп, ички үндөөчү фактордон козголбойт. Балким, жалаң тышкы үндөөчү фактор аркылуу т.а. маддий вакиълик жана пикир аркылуу козголот. Бардык гарыйзаларда: жашоо үчүн күрөш, диндарлык жана тукум улоо гарыйзаларында абал ушундай болуп, алардын ортосунда бул жаатта айырма жок.

Нав гарыйзасы да башка гарыйзалар сыяктуу эле, козголсо кандырууну талап кылат. Ал дагы маддий вакиълик же пикир себептүү козголот. Ошондуктан, кандырууну талап кылып жаткан нав гарыйзасы ушундай бир иш болуп, адам бул кандырууну багытташы, ал тургай, пайда кылышы мүмкүн, же жалаң гана тукум улоо тарапка багыттана турган кылып, башка тараптарга карай аракет кылууну тосуп коюушу мүмкүн. Ушуга караганда, аялдарды көрүү, же болбосо, башка бир нав гарыйзасына тиешелүү болгон вакиълик гарыйзаны козгойт жана кандырууну талап кыла турган кылып коёт. Жыныска байланыштуу чыгармаларды окуу, жыныска байланыштуу пикирлерди угуу нав гарыйзасын козгойт. Аял затынан жана бүтүндөй нав гарыйзасына тиешелүү болгон нерселерден, жыныс жөнүндөгү пикирлерден ыраак болуу нав гарыйзасынын козголушунун алдын алат. Себеби, нав гарыйзасы маддий вакиълик же жыныс тууралуу пикир аркылуу козгогондо гана козголушу мүмкүн.

Эгер жамаат, батыш коомунда болгону сыяктуу, эркек менен аялдын ортосундагы алакаларга эркектик же аялдык алакасы т.а. жыныстык алака деп караса, гарыйзаны козгоо үчүн эркек менен аялда гарыйзаны козгоочу маддий вакиъликти же жыныс тууралуу пикирди пайда кылуу зарыл ишке айланат. Ошондо гарыйза кандырууну талап кылат жана ушул алаканын ишке ашышы аркылуу ырахаттануу үчүн гарыйзаны кандыруу болуп өтөт. Эгер жамаат эркек менен аялдын ортосундагы алакаларга бул гарыйзанын болушунан көздөлгөн максат тукум улоочулук негизинде караса, жалпы турмушта эркек жана аялдан маддий вакиълик менен жыныс тууралуу пикирди ыраакташтыруу зарыл

иш болуп калат. Ошондо гарыйза козголбойт да, мүмкүнчүлүгүндө болбогон кандырууну талап да кылбайт. Максатына жете албагандыгы себептүү ыза жана тынчсыздануулларга да дуушар болбойт. Гарыйзаны козгоочу маддий вакиълbackликти эрди-катындык абалына чектеп коюу зарыл. Себеби, тукум улоо ушуну менен болот о.э. гарыйза кандырууну талап кылган учурда, аны ишке ашыруудан кадыржамдык жана ырахат пайда болот. Мына ошондон жамааттын эркек менен аялдын ортосундагы алакаларга кандай карашынын коомдогу жана жамаат ичиндеги жалпы турмушту багыттоодо канчалык таасири бар экендиги маалым болот. Капитализм мабдасына этикат кылуучу батыштыктар жана коммунизмге этикат кылуучу чыгыштыктар эркек менен аялдын ортосундагы алакаларга тукум улоочулук жагынан эмес, балким, жыныстык жактан карашат. Ошонун айынан, нав гарыйзасын кандыруу максатында аны козгоо үчүн эркек менен аялдын алдында маддий вакиълик жана жыныс тууралуу пикирди атайын пайда кылууга аракет кылышат. Алар «нав гарыйзасын кандырбоо жисманий, нафсий, аклий зыяндарды алып келет» деп ойлошот. Ошондуктан, батыш жана чыгыштык жамаатта да, коомдо да, чыгарма, ыр жана башкаларда жыныс тууралуу пикирлердин көптүгүн көрөбүз. Эч бир кажети болбосо да үйлөрдө, парктарда, көчөлөрдө, пляждарда жана башка жайларда эркектер менен аялдардын аралаш жүргөнүн көрөбүз. Себеби, алар муну зарыл иш деп эсептешип, аны кылууга катуу умтулушат. Бул абал – алардын турмуш мыйзамынын жана жашоо образынын ажыралгыс бир бөлүгү.

Исламды кабыл алып, анын акыйда жана өкүмдөрүнө этикат кылуучу мусулмандар – жалпылап айтканда, Ислам – эркек менен аялдын ортосундагы алакаларга жыныстык жактан эмес, балким, тукум улоочулук жактан карайт. Жыныстык жакты болсо, кандырууда боло турган анык бир иш, бирок, ал кандырууну багыттабаш керек деп эсептейт. Ушул себептен улам, Ислам жыныс тууралуу пикирлердин жамаат ичинде болушун зыянга алып баруучу иш деп, нав гарыйзасын козгоочу маддий вакиъликти болсо, бузукулукка алып баруучу фактор деп эсептейт. Ошондуктан, эркек менен аялды бирге хилватта калуудан, аялды башка эркектерге зыйнаттарын көрсөтүүдөн кайтарган о.э. аялды да, эркекти да бири-бирине жыныстык назарда кароолорунан кайтарган. Жалпы турмушта эркек менен аялдын ортосундагы кызматташтык кандай болушун белгилеп берген. Эркек менен аялдын ортосундагы жыныстык алаканы жалаң эки абалга: никеге жана кол астындагы күңүнө чектеп койгон.

Ислам жалпы турмушта нав гарыйзасын аны козгоочу факторлордон тосууга жана жыныстык алаканы белгилүү бир иштерге чектеп коюуга аракет кылат. Капитализм менен коммунизмде болсо, нав гарыйзасын кандыруу үчүн жана ал бардык нерседе эркин болушу үчүн, аны

козгоочу факторлорду пайда кылууга аракет кылынат. Ислам эркек менен аялдын ортосундагы алакаларга тукум улоочулук жагынан караса, капитализм жана коммунизм бул алакаларга жыныстык жактан карашат. Ислам менен бул эки мабданын көз караштары жана аракеттеринин ортосунда мына ушундай чоң айырма бар. Муну менен Исламдын көз карашы тазалык, аруулук, фазилат, иффат көз карашы экендиги, адамзат таттуулугу жана тукум улоочулук көз карашы экендиги маалым болот.

«Эркек менен аялдагы гарыйзаны кысымга алуу адамдагы жисманий, нафсий, аклий кеселдиктерге себеп болот» деген батыштыктар менен коммунисттердин сөздөрү натуура, чындыкка тескери. Себеби, сөзсүз кандыруу жагынан гарыйза менен узвий кажаттын ортосунда айырма бар. Жеп-ичүү, заара-заңдан бошонуу сыяктуу узвий кажаттарды сөзсүз кандыруу лазым болуп, эгер ал кандырылбаса көп абалдарда өлүмгө алып баруучу зыяндарды алып келет. Жашоо үчүн күрөш, нав, диндарлык сыяктуу гарыйзаларды сөзсүз кандыруу лазым эмес. Эгер алар кандырылбаса, бирер-бир жисманий же аклый, же болбосо, нафсий зыян келип чыкпайт. Болгону, тынчсызданyy жана толкундануу болот. Буга далил, бир адам бүткүл өмүрүн айрым гарыйзаларын кандырбай өткөрүп жибериши мүмкүн, ошол эле учурда, анда бирер зыян пайда болбошу мүмкүн. Же адам нав гарыйзасын кандырбаса, адам сыпатында анда, алар айтып жаткан жисманий, аклый, нафсий кеселдиктер пайда болбойт, эгер болсо, айрым адамдарда гана болушу мүмкүн. Бул болсо, кандырбоонун натыйжасында жогорудагы кеселдиктер табигый түстө пайда болбошун көрсөтөт. Балким, алар кысымга алакасы болбогон башка кырдаалдарда пайда болот. Алар гарыйзаны кысымга алуудан пайда болгондо, анда кысымга алуу жүз бере турган бардык абалдарда табигый түстө адамда пайда боло берер эле. Негизи, таптакыр мындай болбойт. Кысымдын натыйжасында кеселдик адамда табигый түстө пайда болбошун алардын өздөрү да моюнга алышат. Демек, айрым адамдарда жүз бере турган кеселдик кысымдан таптакыр башка кырдаалдардын айынан пайда болот.

Бул бир жагынан, дагы бир жагынан ала турган болсок, узвий кажат кандырууну талап кылып туруп алган учурда, сырткы козгоочу аны козгошу мүмкүн болсо да, негизинен, узвий кажат козгоочуга муктаж болбогон абалда, ички үндөөчү себептүү кандырууну табигый түстө талап кылат. Гарыйза болсо, тышкы козгоочу болбосо, ички үндөөчү себептүү кандырууну табигый түстө талап кылбайт. Балким, тышкы козгоочу – маддий вакиълик же жыныс жөнүндөгү козгоочу пикир, анын ичинен козгоочу маанилердин биригүүсү болсо гана козголот. Эгер мындай тышкы таасир этүүчү фактор болбосо, козголуу да болбойт. Бардык гарыйзаларда: диндарлык, жашоо үчүн күрөш, нав гарыйзаларында жана алардын бардык көрүнүштөрүндө абал ушундай.

Эгер адамдын алдында гарыйзаны козгоочу бирер фактор бар болсо, ал толкунданууга түшөт жана гарыйза кандырууну талап кылат. Гарыйзаны аракетке келтирип жаткан нерсе же абал адамдан алыстатылса, же андан үстөм келе турган зарылыраак иш менен алек кылынса, кандыруу талабы жоголот жана тынчып калат. Мунун тескерисинче, узвий кажат козголгон учурда аны кандыруу таптакыр жоголбойт. Балким, качан кандырылганга чейин талабы улана берет. Муну менен нав гарыйзасын кандырбоодон жисманий, нафсий же аклий кеселдик таптакыр пайда болбошу белгилүү болот. Себеби, ал узвий кажат эмес, балким, гарыйза. Кептин ток этер жери, адамдын алдында нав гарыйзасын козгоочу маддий вакиълик болсо, же анда жыныс тууралуу пикир бар болсо, ал толкунданууга түшүп, андагы гарыйза кандырууну талап кылышы мүмкүн. Эгер гарыйза кандырылбаса, бул толкундануудан болгону тынчсыздануу гана жүзөгө келип, адамды курчап алат. Бул толкундануунун кайталанышынын натыйжасында адам ызаланат. Эгер гарыйзаны аракетке келтирип жаткан абал андан алыстатылса, же ал бул гарыйзадан үстөм келе турган андан зарылыраак иш менен алек кылынса, тынчсыздануу жоголот. Ушуга ылайык, жыныс гарыйзасы козголгондо аны кысымга алуудан, болгону, тынчсыздануу жана ызалануу гана пайда болот. Эгер жыныс гарыйзасы аны козгоочу нерселерден козголбосо, тынчсыздануу да, ыза да пайда болбойт. Демек, тынчсыздануу менен ыза, гарыйзаны кандыруунун ылаажысы болбогон учурда, гарыйзаны аны козгоочу факторлордон тосуу аркылуу дабаланат.

Жогорудагы териштирүүлөрдөн – жамааттын эркек менен аялдын ортосундагы алакаларга карата көз карашын жалаң эркектик жана аялдык алакага чектеп койгон – батыштык жана коммунисттик дүйнө караштын каталыгы белгилүү болот. О.э. эркек менен аялдагы гарыйзаны козгоочу түрдүү жолдор: аралаша иштөө, бирге бийлөө, чогуу ойнолчу оюндар, чыгармалар ж.б.у.с. абалдарды пайда кылуу аркылуу дабалоонун каталыгы б.а. ушул көз караш ойлоп тапкан дабанын каталыгы да өз-өзүнөн маалым болот. Ушул эле учурда, жамааттын аял менен эркектин алакаларына карата көз карашын бул гарыйзанын жаратылышынан көздөлгөн максатка т.а. тукум улоочулукка каратылган көз карашка айландырган Ислам дүйнө карашынын тууралыгы белгилүү болот. О.э. гарыйзаны шаръий жол менен б.а. нике жана кол астындагы күңү менен кандыруунун мүкүндүгү болбосо, гарыйзаны козгоочу маддий вакиъликти жана жыныс тууралуу пикирди андан узакташтыруу аркылуу бул көз караш сунуш кылып жаткан дабанын тууралыгы да өз-өзүнөн маалым болот. Демек, жалгыз Ислам гана нав гарыйзасы коомдо жана адамдарда пайда кыла турган бузукулукту эң жемиштүү дабалайт жана бул гарыйза ушул даба аркылуу коом жана адамдарда тазалык жана бийиктикти пайда кылат.

## АЯЛ МЕНЕН ЭРКЕКТИН ОРТОСУНДАГЫ АЛАКАЛАРДЫ ТАРТИПКЕ САЛУУ

Аял эркектин, эркек аялдын нав гарыйзасын козгошу аял менен эркек бирге болсо эле бул козголуунун сөзсүз болушун билдирбейт. Балким, алардын бирге болуусу ушул гарыйзаны козгоочу негизги нерсе экендигин билдирет. Арийне, мындай козголуу бар жерде алардын ортосунда жыныстык алака да вужудга келет. Бирок, кээде алар бирге болушса да, бул гарыйза козголбойт. Маселен, соода иштеринде бирге катышуулары же оорулууну операция кылуулары, же болбосо, чогуу сабак алуулары ж.б.у.с. иштерде. Бирок, ушул жана ушуга окшогон бардык абалдарда алардын арасында жыныстык гарыйзаны козгоо жөндөмү бар болот. «Жөндөм болот» дегени «козголуу болот» дегени эмес, балким, алар бири-бирине тукум улоочулук көз карашынан эмес, эркектик жана аялдык көз карашынан карашса козголуу пайда болот. Ошондуктан, аял эркектеги, эркек аялдагы нав гарыйзасын козгоп жиберишин – аялды эркектен бүтүндөй ажыратып таштоо үчүн себеп кылып алууга болбойт. Т.а. эркек менен аялда нав гарыйзасынын козголуу жөндөмү болушун – жалпы турмушта эркектер менен аялдардын жамдалуусунун жана өз ара кызматташтык кылууларынын алдына тосмо кылбоо керек. Балким, эркек менен аялдын жалпы турмушта өз ара жамдалуулары жана өз ара кызматташтык кылуулары зарыл. Себеби, мындай жамдалуу жана өз ара кызматташтык кылуу коом үчүн, жалпы турмуш үчүн өтө зарыл. Бирок, бул өз ара кызматташтык эки тарап ортосундагы жыныстык алаканы жана аял менен эркектин ортосундагы алакаларды тартипке салуучу түзүмдүн негизинде ишке ашырылышы зарыл. Бул түзүм болсо, эркек менен аялдын ортосундагы алакаларга тукум улоочулук назары менен карай турган көз караштан келип чыккан түзүм болушу керек. Мына ушундай түзүм менен жалпы турмушта аял менен эркек бирер коркунучсуз жамдалышы жана өз ара кызматташтык кылышы мүмкүн болот.

Жашоо жыргалчылыгын жана турмуш бейпилдигин камсыздай турган о.э аял-эркектин алакаларын табигый түстө тартипке сала турган, рухий жак негизи болгон, шаръий өкүмдөр, анын ичинен, ахлакий кыйматты жүзөгө чыгара турган өкүмдөр өлчөөсү болгон жападан жалгыз түзүм – Исламдагы ижтимаий түзүм. Себеби, Ислам адамга – мейли эркек болсун, мейли аял болсун – анда гарыйзалар, туйгулар, кызыгуу-каалоолор жана акыл бар болгон адам деп карайт. Бул адамга турмуш ырахаттарынан пайдаланууга уруксат берет жана бул ырахаттардан көбүрөөк үлүш алууга каршылык кылбайт. Бирок, бул ырахаттарга жамаат жана коомду коргой турган, адам жыргалчылыгын жүзөгө чыгаруу максатында, адамга алдыга жүрүү мүмкүндүгүн бере турган мүнөздө уруксат берет. Эгер дүйнөдө түрдүү ижтимаий түзүмдөр бар деп эсептелсе, жалгыз Ислам түзүмү гана эң туура ижтимаий түзүм

болот. Себеби, бул түзүм нав гарыйзасына «ал адам тукумунун уланышы үчүн жаратылган» деп карайт. Бул түзүм эркек менен аялдын ортосундагы эркектик жана аялдык алакаларды ушундай бир тыкан тартипке салып, натыйжада, бул гарыйза өзүнүн табигый жолу менен, Алла аны адамда жаратуудан көздөгөн максатка алып барат. Ошол эле учурда, эркек менен аялдын ортосундагы алакаларды тартипке салып, эркек-аялдык алакаларды тартипке салууну алардын ортосундагы бардык алакаларды тартипке салуунун бир бөлүгүнө айландырат. Бул тартип эркек менен аялдын жамдалуусунан жүзөгө келе турган өз ара кызматташтыктын жамаатка, коомго жана адамга жакшылык алып келүүчү кызматташтык болушун камсыздайт. Ушул эле учурда, ахлакий кыйматты жүзөгө чыгарууну жана аны эң башкы максат (аалий гоя) – Алланын ыраазылыгы башкарышын камсыздайт. Ошондо гана тазалык жана таква турмушта бул эки жыныс ортосундагы алакалардын тарыйкатын белгилеп берет жана турмуш ыкмалары менен жашоо жолдорун бул тарыйкатка бир да тескери келбей турган кылып коёт.

Ислам жыныстык алаканы т.а. эркек менен аялдын ортосундагы эркектик жана аялдык алаканы никеге жана кол астындагы күңгө чектеди. Ушул чегарадан чыгуучу ар кандай алаканы эң катуу жазанын түрү менен жазалана турган кылмыш кылып койду. Нав гарыйзасынын жыныстык кошулуудан башка көрүнүштөрү болгон аталык, энелик, перзенттик, ага-инилик, амакилик, таякелик сыяктуу алакаларга уруксат берген жана аларды «махрам» – бир туугандар деп белгилеген. Эркекке уруксат бергени сыяктуу эле аялга да соода, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк ж.б.у.с. иштер менен алектенүүгө, илим сабактарына жана намаздарга катышууга, даъватты жаюуга жана андан башка иштерди кылууга уруксат берген.

Ислам турмуш иштеринде жана адамдардын бири-бири менен болгон алакаларында эркек менен аялдын ортосундагы кызматташтыкты бардык мамилелерде туруктуу иш кылган. Бардык адамдар Алланын пенделери болуп, жакшы иштерде, Аллага таква кылууда жана Ага ибадат кылууда бири-бирлери үчүн кепил. Аяттар Исламга даъват кылуу жаатында адамга – анын аял менен эркектигине карабастан – кайрылат. Алла Таала айтат:

{ قُلْ يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ إِنِّى رَسُولُ ٱللَّهِ إِلَيْكُمْ جَمِيعًا }

***«Айткын** (эй Мухаммад): **«Эй адамдар, албетте, мен силердин баарыңарга Алла** (жиберген) **элчимин».*** **[7:158]**

{ يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ ٱتَّقُوا۟ رَبَّكُمْ }

***«Эй инсандар! Роббиңерден корккула!».*** **[31:33]**

Аяттар ыйман келтиргендерди Ислам өкүмдөрүнө амал кылууга чакырып келген. Алла Таала айтат:

{ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱسۡتَجِيبُواْ لِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ إِذَا دَعَاكُمۡ لِمَا يُحۡيِيكُمۡ }

***«Эй ыйман келтиргендер, Алла жана Анын пайгамбары силерди түбөлүк жашоо бере турган нерсеге** (динге) **чакырган чакта, аны кабыл алгыла».*** **[8:24]**

Аяттар эркек менен аялды өз ичине алып, умумий келген.

{ كُتِبَ عَلَيۡكُمُ ٱلصِّيَامُ }

***«Силерге да орозо тутуу фарз кылынды».*** **[2:183]**

{ وَأَقِيمُواْ ٱلصَّلَوٰةَ }

***«Жана намазды аткаргыла».*** **[2:43]**

{ خُذۡ مِنۡ أَمۡوَٰلِهِمۡ صَدَقَةً }

***«***(Эй Мухаммад) ***сен алардын малдарынын бир бөлүгүн алгын».*** **[9:103]**

{ إِنَّمَا ٱلصَّدَقَٰتُ لِلۡفُقَرَآءِ وَٱلۡمَسَٰكِينِ }

***«Албетте, садагалар*** (т.а. зекеттер) ***жалаң кембагал-кедейлерге, мискин-бечараларга… берилет».*** **[9:60]**

{ وَٱلَّذِينَ يَكۡنِزُونَ ٱلذَّهَبَ وَٱلۡفِضَّةَ }

***«Алтын-күмүштү басып койгон адамдар…».*** **[9:34]**

{ قَٰتِلُواْ ٱلَّذِينَ لَا يُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَلَا بِٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِ }

***«Аллага жана Акырет күнүнө ишенбей турган кишилерге каршы согуш кылгыла».*** **[9:29]**

{ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَتَّخِذُوٓاْ ءَابَآءَكُمۡ وَإِخۡوَٰنَكُمۡ أَوۡلِيَآءَ إِنِ ٱسۡتَحَبُّواْ ٱلۡكُفۡرَ عَلَى ٱلۡإِيمَٰنِ }

***«Эй, ыйман келтиргендер, эгер ыймандан кафирликти абзел билишсе, ата-энеңерди жана ага-иниңерди да дос тутпагыла!»*** **[9:23]**

- бул жана мындан башка аяттар аял менен эркекке умумий болуп, бул амалдарды аткарууда, ал тургай, жеке абалда аткарыла турган намаз сыяктуу амалдарды аткарууда да эркек менен аялдын ортосунда

жамдалуу пайда болушу мүмкүн. Бул болсо, Ислам эркек жана аялга жүктөгөн өкүмдөрдү жана аткаруулары керек болгон амалдарды аткаруу үчүн алардын өз ара жамдалууларына уруксат бергенин көрсөтөт.

Бирок, Ислам бул иште этияттык чараларын көрүп, нашаръий жыныстык алакаларга алып бара турган, жыныстык алаканын өзүнө таандык тартибинен эркекти жана аялды четке бура турган ар кандай ишке тыюу салды. Бул тыюуну күчөтүп иффатты важиб кылды. Фазилаттарды жана ахлакты сактоого алып бара турган бардык тарыйкат, ыкма жана жолдорду ишке салуну важиб кылды. Анткени, важиб кайсы иш менен ишке ашса, ал иш да важиб. Бул үчүн атайын шаръий өкүмдөрдү белгиледи. Мындай өкүмдөр көп болуп, алардын айрымдарын келтиребиз:

1. Ислам эркекти да, аялды да көзүн түшүрүүгө т.а. бири-бирине тигилип карабоого буюрган. Алла Таала айтат:

﴿ قُل لِّلۡمُؤۡمِنِينَ يَغُضُّواْ مِنۡ أَبۡصَٰرِهِمۡ وَيَحۡفَظُواْ فُرُوجَهُمۡۚ ذَٰلِكَ أَزۡكَىٰ لَهُمۡۗ إِنَّ ٱللَّهَ خَبِيرُۢ بِمَا يَصۡنَعُونَ + وَقُل لِّلۡمُؤۡمِنَٰتِ يَغۡضُضۡنَ مِنۡ أَبۡصَٰرِهِنَّ وَيَحۡفَظۡنَ فُرُوجَهُنَّ ﴾

«*(Эй Мухаммад),* ***момундарга айткын, көздөрүн*** *(намахрам аялдарга кароодон)* ***тосушсун жана аврат жерлерин*** *(арамдан)* ***сакташсын. Мына ушул алар үчүн эң таза*** *(жол).* ***Албетте, Алла алар кылып жаткан өнөрлөрдөн кабардар. Муминаларга да айткын, көздөрүн*** *(намахрам эркектерге кароодон)* ***тосушсун жана аврат жерлерин*** *(арамдан)* ***сакташсын!»*** **[24:30-31]**

2. Көрсөтсө боло турган жайларынан башка бардык зыйнат орундарын жашырып тура турган сыпайы, жупуну кийим кийүүнү аялдарга буйруган. Алла Таала айтат:

﴿ وَلَا يُبۡدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنۡهَاۖ وَلۡيَضۡرِبۡنَ بِخُمُرِهِنَّ عَلَىٰ جُيُوبِهِنَّۖ ﴾

***«Көрүнүп тургандан башка зыйнаттарын*** *(намахрамдарга)* ***көрсөтүшпөсүн жана көкүрөктөрүн оромол-жоолуктары менен тосушсун».*** **[24:31]**

﴿ يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِيُّ قُل لِّأَزۡوَٰجِكَ وَبَنَاتِكَ وَنِسَآءِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ يُدۡنِينَ عَلَيۡهِنَّ مِن جَلَٰبِيبِهِنَّۚ ﴾

***«Эй Пайгамбар, жубайларыңа, кыздарыңа жана момундардын аялдарына айткын, үстүлөрүнө жамынчыларын орошсун!»*****[33:59]** т.а. ачык көрүнүп тура турган жүзү менен кафттарынан башка зыйнат орундарын көрсөтүшпөсүн. (Кафт – колдун билектен төмөнкү мууну). Химар – баш жамынгычы, жайб – көйнөктүн жакасы т.а. көйнөктүн моюндон көкүрөккө чейинки ачык жайы. Аяттын мааниси: баш

жамынчыларын моюндары менен көкүрөктөрүнө түшүрүшсүн. Жилбабды узун кылуу – көйнөктү ылдыйга чейин түшүп тура турган кылуу.

3. Бир күн, бир түндүк жерге махрамсыз сапарга чыгууга аялга тыюу салынган. Пайгамбар ρ айтты:

«لاَ يَحِلُّ لاِمْرَأَةٍ تُؤْمِنُ بِاللَّهِ وَالْيَوْمِ الآخِرِ أَنْ تُسَافِرَ مَسِيرَةَ يَوْمٍ وَلَيْلَةٍ إِلاَّ وَمَعَهَا ذُو مَحْرَمٍ لَهَا»

**«Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир күн, бир түндүк аралыктагы жайга махрамсыз сапар кылышы адал эмес».**

4. Аял кишинин махрамы жанында болбогон абалда жат эркек менен бир жайда ээн калышына тыюу салган. Пайгамбар ρ айтты:

«لاَ يَخْلُوَنَّ رَجُلٌ بِامْرَأَةٍ إِلاَّ مَعَ ذِى مَحْرَمٍ»

**«Аял махрамы менен бирге болбосо, жат эркек аны менен эч качан жалгыз калбасын».** Пайгамбар ρ хутба кылып жатканда ибн Аббас ушул сөздөрдү укканын айтат:

«لاَ يَخْلُوَنَّ رَجُلٌ بِامْرَأَةٍ إِلاَّ وَمَعَهَا ذُو مَحْرَمٍ، وَلاَ تُسَافِرِ الْمَرْأَةُ إِلاَّ مَعَ ذِى مَحْرَمٍ، فَقَامَ رَجُلٌ فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ إِنَّ امْرَأَتِى خَرَجَتْ حَاجَّةً وَإِنِّى اكْتُتِبْتُ فِى غَزْوَةِ كَذَا وَكَذَا قَالَ: فَانْطَلِقْ فَحُجَّ مَعَ امْرَأَتِكَ»

**«Аял махрамы менен бирге болбосо, жат эркек аны менен эч качан жалгыз калбасын. Аял махрамы болбосо сапарга чыкпасын».** Ошондо бир киши туруп: «Я Расулулла! Аялым хаж кылганы кеткен эле. Мен балан-балан казаттарга жазылып койгон элем», - деди. Расуллула ρ айтты: **«Барып, аялың менен хаж кыл»**.

5. Аялга эринин уруксатысыз үйдөн чыгууга тыюу салат. Себеби, анын үстүндө эринин акы-укуктары бар. Ушуга карай, эринин уруксаты менен гана үйүнөн чыгышы мүмкүн. Анын уруксатысыз чыкса, күнөөкөр болот. Нафака алууга акысы жок, итаатсыз эсептелет. Ибн Батта «Ахкамун ниса» китебинде Анастан риваят кылат: Бир киши аялынын көчөгө чыгышына тыюу салып, сапарга кетти. Аялдын атасы кесел болуп калганда, атасын көрүп келгени Расулулла ρдан уруксат сурады. Расулулла ρ айтты:

«اِتَّقِي اللَّهَ وَلاَ تُخَالِفِي زَوْجَكِ»

**«Алладан корк, эриңе каршы чыкпа».** Кийин анын атасы өлдү. Анын жаназасына баруу үчүн Расулулла ρдан уруксат сурады. Ага жооп берди:

«اِتَّقِي اللَّهَ وَلاَ تُخَالِفِي زَوْجَكِ»

**«Алладан корк, эриңе каршы чыкпа».** Ошондо Алла Пайгамбар ρга вахий кылды:

«إِنِّي قَدْ غَفَرْتُ لَهَا بِطَاعَةِ زَوْجِهَا»
**«Эрине итааты үчүн анын күнөөлөрүн кечирдим».**

6. Ислам аялдар жамаатынын жекече турмушта, мечит, медресе ж.б.у.с. жайларда эркектер жамаатынан бөлүнгөн абалда болушуна катуу турду. Аялды аялдар чөйрөсүндө, эркекти эркектер чөйрөсүндө жашай турган кылып койду. Намазда аялдардын сабын эркектердин сабынан кийин кылды. О.э. Ислам аялдарды жол жана базарларда эркектер менен тыгылып жүрбөөгө үндөдү. Аялдардын турмушун аялдар менен, же махрамдар менен бирге боло турган кылды. Ошентип, аял соода-сатык ж.б.у.с. иштерин бүтүрүп, андан кийин, аялдар же махрамдар чөйрөсүнө жөнөйт.

7. Эркек менен аялдын ортосундагы кызматташтык алакасы – бөлөк эркектер менен аялдар ортосунда барды-келди кылып катташуу, чогуу айланганы чыгып келүү сыяктуу – жекече абалдардагы алака болбой, балким, мамилелерде боло турган жалпы абалдардагы алака болушуна катуу турду. Себеби, бул кызматташтыктан максат, аял өз укуктары менен кызыкчылыктарын түздөн-түз өзү амалга ашырышы жана мойнундагы милдеттерин өтөшү.

Мына ушундай өкүмдөр аркылуу, Ислам аял менен эркектин ортосундагы жамдалуу – кызыкчылыктарды жүзөгө чыгаруу үчүн жана иштерди аткаруу үчүн боло турган – өз ара кызматташтык жамдалуусу болуп калышы үчүн жана бул жамдалуу жыныстык кошулуу тарапка бурулуп кетпеши үчүн этияттык чараларын көрдү. Муну менен эркектер аялдар менен жамдалышкан кезде пайда боло турган, аял-эркек дебей бүткүл адамдардын кызыкчылыктарынан келип чыга турган алакаларды дабалайт. Эркектердин аялдар менен жамдалуусунан пайда боло турган нафака, перзенттик, нике ж.б.у.с. алакаларды ушундай бир сонун дабалап, жамдалууну белгилүү бир максаттагы алакага чектеп койду жана аны жыныстык кошулуу алакасы болуп калуудан ыраакташтырды.

## ЖЕКЕЧЕ ТУРМУШ

Адам турмуш кечирүү табиятына карай, уруу ичинде, же кыштакта, же болбосо шаарда коом адамдарынын арасында «жалпы турмуш» кечирет. О.э. үй-бүлө мүчөлөрү менен өз үйүндө «жекече турмуш» кечирет. Ислам бул жекече турмуш үчүн белгилүү бир өкүмдөрдү берип, алар аркылуу бул жеке турмушта, эркек-аял дебей, бүткүл адамда пайда боло турган проблемаларды чечет. Жогорудагы өкүмдөрдөн эң көзгө уруна турганы – Ислам адамдын үйүндөгү жекече турмушун жалгыз өзүнүн ээлигине тапшырды жана анын үйүнө уруксат сурабай кирүүгө тыюу салды. Алла Таала айтат:

{ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَدۡخُلُواْ بُيُوتًا غَيۡرَ بُيُوتِكُمۡ حَتَّىٰ تَسۡتَأۡنِسُواْ وَتُسَلِّمُواْ عَلَىٰٓ أَهۡلِهَاۚ ذَٰلِكُمۡ خَيۡرٞ لَّكُمۡ لَعَلَّكُمۡ تَذَكَّرُونَ }

***«Эй момундар, өз үйүңөрдөн башка үйлөргө уруксат сурамайынча жана үй ээлерине салам бермейинче кирбегиле. Мына ушул туура болот. Балким, өрнөк аларсыңар».*** **[24:27]** Алла адамдарды үйлөргө ээлеринин уруксатысыз кирүүдөн кайтарган. Уруксат бербөөнү – жатсыроо, уруксат берилишин болсо жакын көрүү деп эсептеген. Алланын: - ***«Уруксат сурамайынча»*** - деши уруксат суроонун өзү. Себеби, уруксат суроо менен гана үй ээлерине жакын болунат. Т.а. аятта «анын ээсинен уруксат сурамайынча» делген. Табароний Пайгамбар ρдан риваят кылат:

**«مَنْ أَدْخَلَ عَيْنَهُ فِي بَيْتٍ مِنْ غَيْرِ إِذْنِ أَهْلِهِ فَقَدْ دَمَرَهُ»**

**«Үй ээлеринин уруксатысыз ага караган адам ага уруксатсыз кириптир».** Абу Давуд риваят кылат:

**«أَنَّ رَجُلاً سَأَلَ النَّبِيَّ ρ: أَأَسْتَأْذِنُ عَلَى أُمِّي؟ قَالَ: نَعَمْ، قَالَ: إِنَّهُ لَيْسَ لَهَا خَادِمٌ غَيْرِي، أَأَسْتَأْذِنُ عَلَيْهَا كُلَّمَا دَخَلْتُ؟ قَالَ: أَتُحِبُّ أَنْ تَرَاهَا عُرْيَانَةً؟ قَالَ الرَّجُلُ: لاَ، قَالَ: فَاسْتَأْذِنْ»**

«Бир киши Пайгамбарыбыз ρдан сурады: «Энемдин алдына кирүү үчүн да уруксат сураймынбы?». Айтты: «**Ооба**». Айтты: «Энемдин менден башка кызматчысы жок. Качан алдына кирсем уруксат сурайынбы?». Айтты: «**Аны жылаңач абалда көрүүнү каалайсыңбы?».** Айтты: «Жок». Айтты: «**Андай болсо уруксат сура».** Демек, ар кандай адамдын өз үйүнөн башка үйгө ээсинин уруксатысыз кирүүсүнө тыюу салды. Мында үй ээсинин мусулман болушу же болбошунун айырмасы жок. Себеби, кайрылуу мусулмандарга каратылган болсо да, ал уруксат суроочу адамга карата айтылган. Аятта «үйлөр» сөзү бир да кайд кылынбастан мутлак абалда, хос кылынбастан умумий сөз менен келген болуп, ар кандай үйдү өз ичине алат. Бул баян үйлөрдүн кол

тийгистигин белгилөө жана жекече турмушту өзүнө таандык өкүмдөр менен чектеп коюудагы анык баян. Бул өкүмдөрдүн бири – бирер үйгө кирүүнү каалаганда уруксат суроо. Уруксат суроочу үйдөн бирер кишини таппаса, качан уруксат берилмейинче кирбейт. Эгер үй ээлеринин бири ага «кайт» десе, кайтып кетиши керек. Үйгө кириши мүмкүн эмес. Алла Таала айтат:

{ فَإِن لَّمْ تَجِدُوا۟ فِيهَآ أَحَدًا فَلَا تَدْخُلُوهَا حَتَّىٰ يُؤْذَنَ لَكُمْ ۖ وَإِن قِيلَ لَكُمُ ٱرْجِعُوا۟ فَٱرْجِعُوا۟ ۖ هُوَ أَزْكَىٰ لَكُمْ ۚ وَٱللَّهُ بِمَا تَعْمَلُونَ عَلِيمٌ }

***«Эми, эгер ал*** *(үйлөрдөн)* ***эч кимди таппасаңар, андай учурда силерге уруксат берилмейинче аларга кирбегиле! Эгер силерге «кайткыла», делинсе*** *(кирүүгө уруксат берилбесе)* ***кайтып кеткиле! Ушул силер үчүн эң таза*** *(жол).* ***Алла кылып жаткан амалдарыңарды жакшы билүүчү».*** **[24:28]**

т.а. уруксат сурап катуу туруп алышыңыз, парданы көтөрүүнү кежирлик менен талап кылышыңыз, эшиктин алдында күтүп турушуңуз туура эмес. Бул өкүмдөр адамдар үчүн туруктуу жашоочу жай (маскан – туракжай) болгон үйлөр тууралуу эле. Бирөө үчүн маскан болбогон үйлөр болсо, анда каралат, эгер кирүүнү каалаган адам алардан пайдаланмакчы болсо, уруксат сурабай кириши мүмкүн. Бул үйлөр кирмекчи болгон адам уруксат сурашы важиб болгон үйлөрдөн истисна кылынган. Алла Таала айтат:

{ لَّيْسَ عَلَيْكُمْ جُنَاحٌ أَن تَدْخُلُوا۟ بُيُوتًا غَيْرَ مَسْكُونَةٍ فِيهَا مَتَـٰعٌ لَّكُمْ ۚ وَٱللَّهُ يَعْلَمُ مَا تُبْدُونَ وَمَا تَكْتُمُونَ }

***«****(Бирөө үчүн)* ***туракжай болбогон, силер пайдалана турган үйлөргө*** *(уруксат сурабастан)* ***киришиңерде силерге күнөө жок. Алла ашкере кылып жаткан нерсеңерди да, жашырып жаткан нерсеңерди да билет».*** **[24:29]**

Мухолафат түшүнүктөгү мааниге караганда, «эгер алардан пайдаланбасаңыз, аларга кирбегиле» болот. Демек, истисна кирүүнү каалоочулар пайдалана турган, бирөө үчүн туракжай болбогон үйлөргө таандык болуп калат. Мындай уруксат суроо өкүмдөрү менен жекече турмуш ар кыл убактарда чакырып келүүчүлөрдүн беймаза кылышынан корголот жана үйдөгүлөр сырттагы бардык адамдардан тынч болушат.

Жогорудагы уруксат суроо өкүмдөрү, кол астындагы кулдар жана жаш балдардан башкаларга карата айтылган. Өздөрүнүн кол астындагы кулдары менен балагатка жетпеген балдар үйлөргө үч убактан башка учурларда: багымдат намазынан мурун, бешим убагында жана куптан

намазынан кийинки убактардан тышкаркы учурларда уруксат сурабай киришет. Бул үч учурда алардын да уруксат сурашы шарт. Себеби, бул учурлар аврат абалдары болуп, ал учурларда адам уктоо үчүн же уйкудан ойгонгондо которунуу үчүн кийимин алмаштырат. Бул учурлар – аврат убактары. Багымдат намазынан мурунку убакыт уйкудан ойгонуу убактысы болуп, анда уйку кийими башка кийимге алмаштырылат. О.э. уйку жана күндүзгү дем алуу убактысы болгон бешим мезгилинде да кийим алмаштырылат. Куптандан кийинки убакыт да уйку убактысы болуп, анда киши ойгоосундагы кийимин чечип, уйку кийимин киет. Аврат эсептелген бул убактарда кол астындагы кулдар жана балагатка жетпеген балдар кирүү үчүн уруксат суроолору зарыл. Мындан башка учурларда бул экөөсү каалаган убактарында уруксат сурабай кирүүлөрү мүмкүн. Балдар балагат жашына жеткенден кийин, уруксатсыз кирүүгө акы-укуктары калбайт. Эми алар да башка адамдар сыяктуу уруксат сурап киришет. Алла Таала айтат:

{ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ لِيَسْتَـْٔذِنكُمُ ٱلَّذِينَ مَلَكَتْ أَيْمَـٰنُكُمْ وَٱلَّذِينَ لَمْ يَبْلُغُوا۟ ٱلْحُلُمَ
مِنكُمْ ثَلَـٰثَ مَرَّٰتٍ ۚ مِّن قَبْلِ صَلَوٰةِ ٱلْفَجْرِ وَحِينَ تَضَعُونَ ثِيَابَكُم مِّنَ ٱلظَّهِيرَةِ وَمِنۢ بَعْدِ
صَلَوٰةِ ٱلْعِشَآءِ ۚ ثَلَـٰثُ عَوْرَٰتٍ لَّكُمْ ۚ لَيْسَ عَلَيْكُمْ وَلَا عَلَيْهِمْ جُنَاحٌۢ بَعْدَهُنَّ ۚ طَوَّٰفُونَ
عَلَيْكُم بَعْضُكُمْ عَلَىٰ بَعْضٍ ۚ كَذَٰلِكَ يُبَيِّنُ ٱللَّهُ لَكُمُ ٱلْـَٔايَـٰتِ ۗ وَٱللَّهُ عَلِيمٌ حَكِيمٌ + وَإِذَا
بَلَغَ ٱلْأَطْفَـٰلُ مِنكُمُ ٱلْحُلُمَ فَلْيَسْتَـْٔذِنُوا۟ كَمَا ٱسْتَـْٔذَنَ ٱلَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ ۚ كَذَٰلِكَ
يُبَيِّنُ ٱللَّهُ لَكُمْ ءَايَـٰتِهِۦ ۗ وَٱللَّهُ عَلِيمٌ حَكِيمٌ }

***«Эй момундар, кол астыңардагы*** *(кул жана күңүңөр)* ***о.э. өзүңөрдүн балагатка жетпеген*** *(балдарыңар)* ***үч убак*** *(алдыңарга кирүү үчүн)* ***силерден уруксат сурашсын – багымдат намазынан мурун, бешим убактысында*** *(ысыктан)* ***кийимиңерди чечкен чагыңарда жана куптан намазынан кийин.*** *(Бул үч убакыт)* ***силердин аврат жериңер*** *(ачык болушу мүмкүн убактылар).* ***Алар ошол*** *(убакыттардан)* ***кийин*** *(уруксат сурабай киришсе)* ***силерге да, аларга да күнөө жок.*** *(Себеби)* ***алар силерге, бириңер-бириңерге келип-кетип туруучусуңар. Алла аяттарды силерге мына ушундай баян кылат. Алла билим жана хикмат ээси. Наристеңер балагатка жеткен учурда, алар да алардан мурда*** *(балагатка жеткендер)* ***сыяктуу***

***уруксат сурашсын! Алла силерге Өз аяттарын мына ушундай баян кылат. Алла билим жана хикмат ээси».*** **[24:58-59]**

Жогорку өкүмдөр аркылуу үйдөгү жекече турмуш жат адамбы, жакын махрамбы же бир тууганбы, ким болушуна карабастан, кирүүнү каалап жаткан келүүчүлөрдөн сактанылат. Эми ичкеридеги жекече турмушка тиешелүү өкүмдөргө келсек, аял мында аялдар менен же өз махрамдары менен жашайт. Себеби, аял бул адамдарга үйдөгү жекече турмушта көрүнүп жүрүшү мүмкүн болгон, зыйнат орду болгон дене мүчөлөрүн көрсөтүп жүрсө болот. Аял махрам болбогон адамдар менен бирге жашашы мүмкүн эмес. Себеби, аял бул адамдарга үйдөгү иштерин аткарып жатканда көрүнүп тура турган мүчөлөрүн б.а. жүзү менен кафттарынан башка бардык зыйнат орду болгон мүчөлөрүн көрсөтүшү мүмкүн эмес. Демек, жекече турмуш жалаң аялдар менен махрамдарга чектелген. Мында аялдардын муслима болушу же болбошунун айырмасы жок. Анткени, алардын бардыгы аял. Аял мүчөлөрүнүн жаттарга көрсөтүүдөн кайтарылганы, аларды махрамдарга көрсөтүүдөн кайтарылбаганы – жекече турмуш жалаң махрамдарга чектелгендигине жаркын далил. Алла Таала айтат:

﴿ وَقُل لِّلۡمُؤۡمِنَٰتِ يَغۡضُضۡنَ مِنۡ أَبۡصَٰرِهِنَّ وَيَحۡفَظۡنَ فُرُوجَهُنَّ وَلَا يُبۡدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا
مَا ظَهَرَ مِنۡهَاۖ وَلۡيَضۡرِبۡنَ بِخُمُرِهِنَّ عَلَىٰ جُيُوبِهِنَّۖ وَلَا يُبۡدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا لِبُعُولَتِهِنَّ أَوۡ
ءَابَآئِهِنَّ أَوۡ ءَابَآءِ بُعُولَتِهِنَّ أَوۡ أَبۡنَآئِهِنَّ أَوۡ أَبۡنَآءِ بُعُولَتِهِنَّ أَوۡ إِخۡوَٰنِهِنَّ أَوۡ بَنِيٓ
إِخۡوَٰنِهِنَّ أَوۡ بَنِيٓ أَخَوَٰتِهِنَّ أَوۡ نِسَآئِهِنَّ أَوۡ مَا مَلَكَتۡ أَيۡمَٰنُهُنَّ أَوِ ٱلتَّٰبِعِينَ غَيۡرِ أُوْلِي
ٱلۡإِرۡبَةِ مِنَ ٱلرِّجَالِ أَوِ ٱلطِّفۡلِ ٱلَّذِينَ لَمۡ يَظۡهَرُواْ عَلَىٰ عَوۡرَٰتِ ٱلنِّسَآءِۖ ﴾

***«Муминаларга да айткын, көздөрүн*** *(намахрам эркектерге кароодон)* ***тосушсун жана авраттарын*** *(арамдан)* ***сакташсын! О.э. көрүнүп тургандан башка зыйнаттарын*** *(намахрамдарга)* ***көрсөтүшпөсүн жана көкүрөктөрүн оромолдору менен тосушсун! Алар зыйнаттарын көрсөтүшпөсүн, бирок, эрлерине, же аталарына, же эрлеринин аталарына, же уулдарына, же эрлеринин уулдарына, же өздөрүнүн ага-инилерине, же ага-инилеринин уулдарына, же эже-сиңдилеринин уулдарына же өздөрү*** *(сыяктуу)* ***аялдарга, же кол астыларындагы кулдарына, же*** *(аялдарга)* ***муктаж болбогон*** *(т.а. абдан картайып калган же болбосо акылсыз)* ***эркектерге, же аялдардын аврат жайларынан кабардар болбогон наристелерге гана*** *(көрсөтүүлөрү мүмкүн)****».*** **[24:31]**

Кол астындагы кулдар, аялдарга кумарлануусу жок кары-картаң, акылсыз делбе, бычылган же аялдарга муктаждыгы жок ушул сыяктуу эркектер махрамдардын катарына кошулган. Мына ушулардын жекече турмушта бирге болууларына уруксат берилет. Булардан башка эркектер – ал тургай, махрам болбогон туугандардан болушса да – жекече турмушта бирге болуулары эч бир мүмкүн эмес. Себеби, аял адатта үйдө көрүнүп турган зыйнаттарынын орду болгон мүчөлөрүн аларга көрсөтүшү мүмкүн эмес.

Демек, жекече турмушта жат эркектердин аялдар менен жамдалуусу бүтүндөй арам. Жалаң шарият истисна кылган абалдарда гана т.а. чогуу тамактануу, тууган-урук менен келди-кетти кылуу сыяктуу абалдарда, аял менен махрамы бирге болуп, бардык авраттары бекитилген болсо гана жамдалуулары мүмкүн.

## ИСЛАМИЙ ТУРМУШТА ЭРКЕКТЕР АЯЛДАРДАН АЖЫРАТЫЛЫШЫНЫН ВАЖИБДИГИ

Исламий турмуш – мусулмандардын бардык абалдардагы жашоолорунун көрүнүшү. Бул жаатта келген Куран жана Сүннөттөгү шаръий нусустардын берген маанисине карай, исламий турмушта т.а. үйлөрдө жана ушул сыяктуу жайлардагы жеке турмушта да; көчө, базар ж.б.у.с. жайлардагы жалпы турмушта да, эркектер аялдардан бөлүнүп-ажыратылат. Бул ажыратуу эркекке тиешелүү болгон жана аялга тиешелүү болгон о.э. экөөнө тең тиешелүү болгон шаръий өкүмдөрдүн тыянагында да жана Куран аялдарга аялдар катары, эркектерге эркектер катары кылган кайрылуусунда да бар. Мисалы, Алла Таала айтат:

{ وَٱلْمُتَصَدِّقِينَ وَٱلْمُتَصَدِّقَٰتِ وَٱلصَّٰٓئِمِينَ وَٱلصَّٰٓئِمَٰتِ وَٱلْحَٰفِظِينَ فُرُوجَهُمْ وَٱلْحَٰفِظَٰتِ وَٱلذَّٰكِرِينَ ٱللَّهَ كَثِيرًا وَٱلذَّٰكِرَٰتِ أَعَدَّ ٱللَّهُ لَهُم مَّغْفِرَةً وَأَجْرًا عَظِيمًا }

***«...кайыр-садага кылуучу эркектер жана кайыр-садага кылуучу аялдар, орозо кармоочу эркектер жана орозо кармоочу аялдар, аврат жайларын*** *(арамдан)* ***сактоочу эркектер жана аврат жайларын*** *(арамдан)* ***сактоочу аялдар, Алланы көп зикир кылуучу эркектер жана Алланы көп зикир кылуучу аялдар – алар үчүн Алла кечирим жана улуу сыйлык даярдап койгон».*** **[33:35]** О.э. Расулулла ρдын доорунан тартып бардык Ислам кылымдарында эркектер менен аялдарды бири-биринен ажыратуу амалий да, жамаий да колдонулганы риваят кылынган.

Далилдердин тыянагын кунт коюп үйрөнсөк, Шариъ аялга үйдөн сыртка чыгууну каалаганда, жилбаб кийүүнү буюрду. Аялдын жүзү менен кафттарынан сырткары бүткүл денесин аврат кылып койду. Зыйнаттарын намахрамдарга көрсөтүүнү арам (харам) кылды. Аялдын авратына, ал тургай, чачына да кароону эркекке арам кылды. Махрамсыз сапарга чыгууну, ал тургай, хажга махрамсыз барууну аялга тыюу салды. Шариъ үйлөргө уруксатсыз кирүүнү арам кылды. Жамаат болуп намаз окууну, жума намазын, жихадды эркекке фарз кылып, буларды аялга фарз кылбады. Тиричилик кылуу үчүн аракет кылууну эркекке важиб кылып, аялга важиб кылбады. Муну менен бирге, Расулулла ρ эркектерди аялдардан ажыраткан. Мечитте жана намазда аялдардын сабын эркектердин сабынан кийин койгон. Бухарий Анас ибн Маликтен риваят кылышынча, «ал кишинин чоң энеси Расулулла ρды тамактанууга чакырды. Расулулла ρ тамактанды да, мындай деди: «**Тургула, намаз окуйбуз**». Анас айтат: Мени менен бир жетим бала Расулулла ρдын артына турдук, чоң энем биздин артыбызда турду». Аялдар эркектерден ажыралып туруулары үчүн мечиттен оболу аялдардын, андан кийин эркектердин чыгышын буюрган. Бухарий Хинд бинт Хористен ри-

ваят кылат, ал айтты: «Пайгамбар ρдын аялы Умму Саламанын айтышынча, Расулулла ρдын доорунда аялдар фарз намазда салам бергенден кийин туруп кетишкен. Расулулла ρ жана ал киши менен бирге намаз окуган эркектер Алла каалаганча күтүп турушкан. Расулулла ρ турганда, калгандар да турушкан». Ал заттын мечиттеги сабактарында аялдар мындай дешкен: «Я Расулулла, бизге караганда эркектерге көбүрөөк сабак берип жатасыз. Бизге да бир күндү ажыратыңыз». Бул жана башка ушул сыяктуу өкүмдөр менен абалдардын тыянагы исламий турмуштун багытын, бул турмушта эркектер аялдардан ажыратылышын, бул ажыратуу умумий болуп, жеке турмушту да, жалпы турмушту да өз ичине алышын көрсөтүп берет. Расулулла ρдын доорунда исламий турмушта: жеке турмушта да, жалпы турмушта да эркектер аялдардан бүтүндөй ажыратылган эле. Жеке турмушта же жалпы турмушта, Шариъ уруксат берген жамдалуу мындан сырткары. Шариъ аялга хаж кылууну важиб кылып; соода-сатык, алды-берди кылууга; жамаат намазына катышууга; кафирлерге каршы жихад кылууга; мал-мүлккө ээ болууга жана аны көбөйтүүгө ж.б. иштерге уруксат берди. Шариъ аялга важиб кылган же уруксат берген иштерге карап көрүлөт. Эгер бул иш эркек менен жамдалууну талап кылса, мындай абалда шарият өкүмдөрү алкагында жана аялга уруксат берилген иш чөйрөсүндө жамдалууга болот. Соода-сатык, ижара, таалим-тарбия, табибдик кылуу, оорулууга кароо, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк ж.б.у.с. иштер буга мисал болот. Себеби, бул иштерди важиб кылган же аларга уруксат берген далил ушул иштерде жамдалууга да уруксат берилгенин өз ичине алат. Эгер иштер эркек менен жамдалуусун талап кылбаса, мындай абалда аялдын эркек менен жамдалышы мүмкүн эмес. Буга мечитке же базарга, же тууганына зыярат кылуу үчүн жолдо баратканда бирге басууну, чогуу айланганы чыгууну, же чогуу тамактанууну ж.б.у.с. иштерди мисал кылууга болот. Себеби, эркектердин аялдардан ажыратылышынын далили умумий болуп, мындай иштерди аткаруу үчүн эркек менен аялдын жамдалышы мүмкүн экендиги жөнүндө далил келбеген. Мындан тышкары, мындай иштер – шарият аялга кылууга уруксат берген иштер талап кыла турган иштерден эмес. Ошондуктан, мындай иштерди аткаруу үчүн, ал тургай, жалпы турмушта болсо да, жамдалуу күнөө болуп эсептелет. Ушуга карай, исламий турмушта эркектер аялдардан ажыратылышы фарз. Жеке турмушта шарият истисна кылган абалдардан тышкаркы абалдарда толук ажыратылат. Жалпы турмушта болсо, ажыратылыш негизги абал болуп, бул турмушта эркектердин аялдар менен жамдалуусу мүмкүн эмес. Качан гана шарият аялга важиб кылган же уруксат берген, же мандуб кылган иштер жамдалууну талап кылса, мына ошондо гана жамдалууга болот. Бул жамдалуу мечиттеги абал сыяктуу, ажыратуу менен бирге болушу мүмкүн, же хаж амалдарында жана соода-сатыкта болгону сыяктуу, аралашуу менен бирге болушу мүмкүн.

## АЯЛГА КАРОО

Бирер аялга үйлөнүүнү каалаган эркек анын караш мубах болгон жайларына (жүзү жана кафттарына) анын уруксаты менен да, уруксатысыз да карашы мүмкүн. О.э. өзү үйлөнмөкчү болгон аялдын жүзү жана кафттарынан башка жайларына да карашы мүмкүн. Лекин буга уруксат албайт. Бул караш үйлөнмөкчү болгон аялдан көздү тоспоо мүмкүндүгүн талап кылат.

Буга далил Жабирдин хадиси. Расулулла ρ айтты:

**«إِذَا خَطَبَ أَحَدُكُمُ الْمَرْأَةَ فَإِنِ اسْتَطَاعَ أَنْ يَنْظُرَ مِنْهَا إِلَى مَا يَدْعُوهُ إِلَى نِكَاحِهَا فَلْيَفْعَلْ. قَالَ: فَخَطَبْتُ امْرَأَةً فَكُنْتُ أَتَخَبَّأُ لَهَا حَتَّى رَأَيْتُ مِنْهَا مَا دَعَانِي إِلَى نِكَاحِهَا فَتَزَوَّجْتُهَا»**

**«Бирөөңөр бирер аялга жуучу салса, анын никеге чакыруучу жайларын көрүүгө кудуреттүү болсо, көрсүн».** Жабир айтат: «Ушундан кийин бир аялга жуучу салдым. Жашырынып туруп, анын мени никеленүүгө чакыруучу жайларын көрүп алдым. Кийин ага үйлөндүм». (Хаким риваяты). Бул хадис бир жактан жуучу салгандын мубахка эле эмес, балким, мубахтан (жүз жана кафттардан) башка жайларга да карашы мүмкүн экендигине далалат кылат. Себеби, жүз жана кафттар ачык болуп, ага жуучу салган да, башка да карашы мүмкүн. Ошондуктан, бул орунда **«эгер кудуреттүү болсо, жашырынып туруп»** деген сөздөр орунсуз болуп калат. Жүз жана кафттарга караш умумий болуп, жуучу салганды да, башканы да өз ичине алат. Демек, хадистеги «жуучу койгондун карашы» деген сөздөн көздөлгөн маани – жүз жана кафттардан башка жайларга кароо. Бу хадис экинчи жактан жуучу салган аялдын жүзү жана кафттарынан башка жайларына анын уруксатысыз карашына далил болот. **«Эгер кудуреттүү болсо, жашырынып туруп»** сөздөрү ушуга далалат кылат. Аял киши авраттарын белгилүү бир адамдарга гана көрсөтүшү мүмкүн болуп, жуучу салган адам алардын катарына кирбейт. Хадис үчүнчү жактан жуучу салгандын карашы:

﴿ قُل لِّلْمُؤْمِنِينَ يَغُضُّوا مِنْ أَبْصَارِهِمْ ﴾

*„(Эй Мухаммад), **момундарга айткын, көздөрүн** (намахрам аялдарга кароодон) **тосушсун».*** **[24:30]**

аятынан истисна кылынганына далалат кылат. Себеби, хадис кишиге өзү үйлөнмөкчү болгон аялдан көзүн тоспоону мубах кылды.

Бирок, үйлөнмөкчү болгон аял менен ээн калуу мүмкүн эмес. Себеби, Пайгамбар ρ хилват жөнүндөгү хадисте жуучу салганды мустасна кылбаган:

**«لاَ يَخْلُوَنَّ رَجُلٌ بِامْرَأَةٍ إِلاَّ وَمَعَهَا ذُو مَحْرَمٍ مِنْهَا فَإِنَّ ثَالِثَهُمَا الشَّيْطَانُ»**

**«Аллага жана акырет күнүнүнө ыйман келтирген киши жанында махрамы жок аял менен ээн калбасын. Себеби, алардын үчүнчүсү шайтан болот»** (Муслим риваяты).

Эрди-катындын бири-биринин бүткүл денелерине кароолору мубах. Бахз ибн Хаким атасынан, атасы чоң атасынан риваят кылышынча, чоң атасы сурады: «Я Расулулла, бизге уруксат болгон жана биз таштоошубуз керек болгон авраттар кайсылар?». Жооп берди:

**«اِحْفَظْ عَوْرَتَكَ إِلاَّ مِنْ زَوْجَتِكَ أَوْ مَا مَلَكَتْ يَمِينُكَ»**

**«Аялың менен күңүңдөн өзгөлөрдөн авраттарыңды сакта!».**

Эркек муслима же муслима болбогон өзүнүн махрамдарынын жүзү жана кафттары менен бирге, зыйнат орду болгон башка мүчөлөрүнө да, белгилүү бир мүчөлөрүнө чектелбей карашы мүмкүн. Себеби, бул тууралуу нусус келген болуп, бул нусус мутлак. Алла Таала айтат:

﴿ وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا لِبُعُولَتِهِنَّ أَوْ ءَابَآئِهِنَّ أَوْ ءَابَآءِ بُعُولَتِهِنَّ أَوْ أَبْنَآئِهِنَّ أَوْ أَبْنَآءِ بُعُولَتِهِنَّ أَوْ إِخْوَٰنِهِنَّ أَوْ بَنِىٓ إِخْوَٰنِهِنَّ أَوْ بَنِىٓ أَخَوَٰتِهِنَّ أَوْ نِسَآئِهِنَّ أَوْ مَا مَلَكَتْ أَيْمَـٰنُهُنَّ أَوِ ٱلتَّـٰبِعِينَ غَيْرِ أُوْلِى ٱلْإِرْبَةِ مِنَ ٱلرِّجَالِ أَوِ ٱلطِّفْلِ ٱلَّذِينَ لَمْ يَظْهَرُواْ عَلَىٰ عَوْرَٰتِ ٱلنِّسَآءِ ﴾

***«Алар зыйнаттарын көрсөтүшпөсүн, бирок, эрлерине, же аталарына, же эрлеринин аталарына, же уулдарына, же эрлеринин уулдарына, же өздөрүнүн ага-инилерине, же ага-инилеринин уулдарына, же эже-сиңдилеринин уулдарына же өздөрү*** *(сыяктуу)* ***аялдарга, же кол астыларындагы кулдарына, же*** *(аялдарга)* ***муктаж болбогон*** *(т.а. абдан картайып калган же болбосо акылсыз)* ***эркектерге, же аялдардын аврат жайларынан кабардар болбогон наристелерге гана*** *(көрсөтүүлөрү мүмкүн)***».** **[24:31]**

Бул айтылгандардын бардыгына: аялдын чачына, мойнуна, кол жана буттарындагы билериктин ордуна, маржан тагыла турган жайына жана мындан башка зыйнат орду эсептелген мүчөлөрүнө кароого болот. Алла Таала айткан: ***«Зыйнаттарын көрсөтүшпөсүн»***. Т.а. аялдар Куран айтып өткөн адамдардан башкаларга зыйнат оруңдарын көрсөтүшпөсүн. Демек, алар аялдын күндөлүк үй кийиминде көрүнүп турган мүчөлөрүнө кароолору туура болот. Имам Шафий муснадында риваят кылат: Абу Салама кызы Зайнаб айтат: «Зубайрдын аялы Асма мени эмизген эле. Зубайрды ата деп билчүмүн. Чачымды тарап турган абалымда алдыма кирчү. Өрүлгөн чачтарымдан кармап туруп «мага кара» дер эле». риваятка караганда, Абу Суфян Худайбия келишимин жаңылоо үчүн

Мединага келгенде, Расулулла ρдын аялы болгон кызы Умму Хабибаныкына кирди. Умму Хабиба болсо, атасы Абу Суфян олтуруп албашы үчүн, Расулулла ρдын төшөгүн жыйып койду. Атасынын алдында хижабданган жок жана бул окуяны Расулуллага айтып берди. Расулулла ρ муну макулдады жана Абу Суфян мушрик болсо да, махрамы болгону үчүн, аны хижабданууга буюрган жок.

Махрам болбогон, же жуучу салбаган, же эри болбогон адамга карата ала турган болсок, анда каралат, эркек аялга карайбы, же аял эркекке карайбы, айырмасы жок, эгер кароого муктаждык болсо, муктаждык туулган мүчөсүнө гана карашы мубах. Андан башка мүчөлөрүнөн жүзү менен кафттарына гана карайт, башка мүчөлөрүнө карабайт. Дене мүчөлөрүнө кароолоруна муктаждык туулган жана кароолоруна шарият уруксат берген адамдар төмөнкүлөр: Табиб, оорулууга кароочу, текшерүүчү-эксперт же ушул сыяктуу авратка жана башка жайларга кароолоруна муктаждык туула турган адамдар. Риваят кылынат, Пайгамбар ρ Саъдды Бани Курайзага хакам кылып жөнөткөн кезде, ал уруу эркектеринин ыштандарын ачып көргөн. Риваяттарга караганда, Усмандын алдына уурулук кылган баланы алып келишкенде айтты: «Ыштанын ачып карагыла». Чурайына түк өспөгөнүн көргөндөн кийин, анын колун кеспеди. Усмандын бул иши сахабалардын көз алдында болсо да, бирөөсү да аны инкар кылган жок.

Эгер муктаждык болбосо жана намахрам эркек аялдарга муктаждыгы болбогон эркектерден болбосо, аялдын жүзү жана кафттарына карашы мубах. Бул эки жайдан башкасына карашы арам. Буга далил Расулулла ρдын төмөнкү сөздөрү:

**«إِنَّ الْجَارِيَةَ إِذَا حَاضَتْ لَمْ يَصْلُحْ أَنْ يُرَى مِنْهَا إِلاَّ وَجْهُهَا وَيَدَاهَا إِلَى الْمِفْصَلِ»**

**«Эгер аял киши хайз жашына жетсе, анын жүзү жана эки колунун муунуна чейин гана көрүнүшү мүмкүн».** Алла аялды зыйнат орду болгон мүчөлөрүн көрсөтүүдөн кайтарганда жүз жана кафтты истисна кылган. Алла Таала айтат:

﴿ وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا ﴾

***«Көрүнүп тургандан башка зыйнаттарын*** (намахрамдарга) ***көрсөтүшпөсүн».*** **[24:31]**

Ибн Аббас бул аятты тафсирлеп: «Жүз жана кафттар» деген. Аялды зыйнаттарын көрсөтүүдөн кайтаруу – авраттарын көрсөтүүдөн кайтаруу, аларды көрсөтүүдөн кайтаруу болсо – аял көрсөтүүдөн кайтарылган мүчөлөргө кароодон да кайтаруу экенин билдирет. Аялдын көрсөтпөшү керек болгон мүчөлөрүнүн ичинен көрүнүп турган мүчөлөрүнүн истисна кылынышы – аларга кароо арам экендигинен истисна. Бул болсо, ага караса болорун билдирет. Демек, жат эркек жат аялдын жүзү жана

кафттарына карашы мүмкүн. Бул кароонун даражасы бул аялдын дал өзүн таанып алууга мүмкүнчүлүк берсин. Күбөлүк кылуу керек болгондо бул аял тууралуу күбөлүк бере алсын; соода же ижара жаатында аны менен мамиле кылган болсо, ага кайрыла ала турган болсун; эгер бул аялга карыз берген же карызын кайтарган болсо, же болбосо, аны башка аялга окшотуп алса, анын шахсиятын аныктай алсын ж.б. Ушул сыңары, аял да эркектин аврат болбогон жайларына карашы мүмкүн. Аиша I риваят кылат:

«كَانَ رَسُولُ اللَّهِ ρ يَسْتُرُنِى بِرِدَائِهِ وَأَنَا أَنْظُرُ إِلَى الْحَبَشَةِ يَلْعَبُونَ فِى الْمَسْجِدِ»

**«Мечитте ойноп жаткан хабаштарга карап жатканымда, Расулулла ρ ридасы менен мени тосуп турар эле».** Муттафакун алайх. «Расулулла ρ айт хутбасынан бошогондон кийин, аялдардын алдына барып, аларга (Алланын өкүмдөрүн) эстетти. Ал зат менен бирге Билал да бар эле. Кийин аялдарга садага берүүнү буюрду». Бухарий риваяты. Бул хадис Расулулла ρдын аялдардын эркектерге кароолорун макулдаганына жаркын далил. Аврат болбогон жайларына кароо болсо Аишанын ойноп жатышкан хабаштарга карашы, алардын аврат болбогон бардык жайларына караганын көрсөтөт. Кароо мутлак болуп, бирер мүчөгө чектелбеген, Амр ибн Шуайб атасынан, атасы чоң атасынан риваят кылышынча, Расулулла ρ мындай деген:

«إِذَا زَوَّجَ أَحَدُكُمْ خَادِمَهُ عَبْدَهُ أَوْ أَجِيرَهُ فَلاَ يَنْظُرْ إِلَى مَا دُونَ السُّرَّةِ وَفَوْقَ الرُّكْبَةِ فَإِنَّهُ عَوْرَةٌ»

**«Бирөө жарымыңар кул же ижарачы адамын үйлөндүрсө, киндиги менен тизесинин аралыгындагы жайга карабасын. Себеби, ал - аврат».** Абу Давуд риваяты. Мындан бул жайдан башка жайларга кароо мубах экендиги түшүнүлөт. Мубахтык мутлак болуп, эркекти да, аялды да өз ичине алат. Ал эми, Жарир ибн Абдулладан риваят кылынган:

«سَأَلْتُ رَسُولَ اللَّهِ ρ عَنْ نَظَرِ الْفُجَاءَةِ فَأَمَرَنِي أَنْ أَصْرِفَ بَصَرِي»

**«Расулулла ρдан кокусунан көз түшүп калуу жөнүндө сурадым. Мени көзүмдү буруууга буюрду».** О.э. Али Гдан риваят кылынган: Расулулла ρ мага айтты:

«لاَ تُتْبِعِ النَّظْرَةَ النَّظْرَةَ فَإِنَّمَا لَكَ الأُولَى وَلَيْسَ لَكَ الآخِرَةُ»

**«Кароого кароону ээрчитпе. Себеби, биринчиси сенин пайдаңа болсо, кийинкиси пайдаңа эмес»**, хадистерине келсек, бул аялдын эркекке карашы жөнүндө эмес, балким, эркектин аялга карашы жөнүндө. Биринчи хадистен максат – жүз жана кафттарына кароонун мубахтыгы далилине карай – жүз жана кафттарынан башка

жайларына кароо. Экинчи хадистен максат – кароодон кайтаруу эмес, балким, ышкыланууга, кумарланууга себепчи боло турган тигилип кароодон кайтаруу.

Эми Алла Тааланын:

﴿ قُل لِّلْمُؤْمِنِينَ يَغُضُّوا۟ مِنْ أَبْصَٰرِهِمْ ﴾

*«(Эй Мухаммад),* ***момундарга айткын, көздөрүн*** *(намахрам аялдарга кароодон)* ***тосушсун».*** **[24:30]**

- деген сөзүнөн максат, көздөрүн бүтүндөй тосуу эмес, балким, арам кылынган жайлардан көздү тосуу жана адал (халал) жайларга кароо менен чектелүү. Буга далил, Шариъ баян кылганына карай, махрамдар аялдын чачтарына, мойнуна, маржан тага турган ордуна, билерик тага турган орундарына, буттарына кароолору жайиз. Жат аялдардын жүзү менен кафттарына гана кароого болот. Анткени, «көздү тосуу» дегени аны ылдый каратуу дегени. «Комус» китебинде да ушундай делген.

Жогорудагы пикирлерден эркек менен аял бири-биринин аврат болбогон жайларына лаззат жана ышкылануу максатысыз кароолору туура болору белгилүү болот. Эркектин авраты – киндиги менен тизесинин аралыгы болуп, аялдын авраты – жүзү менен кафттарынан тышкары бүткүл денеси. Анын мойну, чачы, бир тал болсо да аврат. Башынын бардык бөлүгү аврат. Демек, жүзү менен кафттарынан бөлөк бардык мүчөлөрү аврат болуп, аны бекитүү важиб болот. Буга Алланын ушул аяты:

﴿ وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا ۖ ﴾

***«Көрүнүп тургандан башка зыйнаттарын*** *(намахрамдарга)* ***көрсөтүшпөсүн».*** **[24:31]**

«Көрүнүп турганы» – жүзү жана кафттары. Себеп, Пайгамбар ρдын алдында муслима аялдардын ушул эки жайы көрүнүп турар эле, ал зат буга унчукпаган. Бул эки мүчө ибадатта т.а. хаж жана намазда ачык көрүнүп турат. Расулулла ρдын доорунда т.а. аят түшүп турган доордо ушул эки жай ачык көрүнүп турчу. Аялдын жүзү жана кафттарынан башка бардык бөлүгү аврат экендигине Расулулла ρдын төмөнкү хадистери да далил:

**«اَلْمَرْأَةُ عَوْرَةٌ»**

**«Аял – аврат»,**

**«إِنَّ الْجَارِيَةَ إِذَا حَاضَتْ لَمْ يَصْلُحْ أَنْ يُرَى مِنْهَا إِلاَّ وَجْهُهَا وَيَدَاهَا إِلَى الْمِفْصَلِ»**

**«Эгер аял киши эгер хайз жашына жетсе, анын жүзү жана эки колунун муунуна чейин гана көрүнүшү мүмкүн».** Ушул далилдер аялдын жүзү менен кафттарынан башка жайлары аврат

экенин жана аял бүткүл денесин т.а. жүзү менен кафттарынан башка жайларын бекитиши важиб экенин жаркын баян кылууда.

Аврат эмне менен бекитилет? Шарият авратты бекитүү үчүн атайын бир кийим белгилебей, эркин таштап койгон. Болгону «көрсөтүшпөсүн», «көрүнүп турушу туура эмес» деш менен чектелген. Демек, аялдын денесинин жүз жана кафттарынан башка бардык бөлүгүн жаап тура турган ар кандай кийим, формасы кандай болушуна карабастан, авратты жабуучу деп эсетелет. Мисалы, узун көйнөк да, шым да, юбка да, байпак да, авратты жабуучу кийимдер эсептелет. Шариъ кийимдердин формасын жана түрүн анык дайындап бербеген. Ушуга караганда, формасы, түрү жана канча бөлүктөн тургандыгына карабастан, авратты бекитип тура турган т.а. аврат көрүнбөй турган ар кандай кийим шаръан авратты жабуучу кийим деп эсептелет.

Бирок, Шариъ кийим дененин терисин жаап турушун шарт кылган. Чындыгында, теринин ак, же кызыл же буудай ирең, же кара же башка түсүн жашырып тура турган кийим менен авратты жабууну важиб кылды. Т.а. жабуучу кийим теринин өңүн, анын ак же кызыл, же буудай ирeңдигин билгизбей турган даражада жабышы керек. Эгер мындай сыпатка ээ болбосо, авратты жабуучу деп эсептелбейт. Көйнөк жука болуп, анын астынан теринин ыраңы көрүнүп турса, анын кызылдыгы же актыгы же буудай ирeңдиги билинип калса, мындай көйнөк авратты жабуучу болууга жарабайт жана анда аврат бекитилбеген, көрүнүп калган деп эсептелет. Себеби, шаръан авратты бекитүү терини, анын түсүн бекитүү менен ишке ашат. Шариъ дененин терисин – теринин ыраңы билинбей турган даражада – бекитүүнү важиб кылганына далил Расулулла ρдын: **«...көрүнүп турушу туура эмес»**, деген сөздөрү. Бул хадис Шариъ авратты бекитүүдө жабуучу кийим терини бекитип, анын өңүн көрсөтпөй турганын шарт кылганына жаркын далил. Демек, аял авратты жаба турган кийимин жука, назик кылбашы т.а. бул кийимдин артындагы нерсени айтып бербей турган, астындагы нерсени көрсөтүп бербей турган кылышы важиб.

Бул авратты бекитүү темасы эле. Бул теманы – аялдын жалпы турмуштагы кийими темасы менен; жана айрым кийимдерди кийип жасануу темасы менен – алмаштырып жибербөө керек. Авратты беките турган кийимдин болушу, аял аны жалпы көчөгө чыкканда кийиши туура дегени эмес. Себеби, жалпы көчө үчүн Шариъ атайын бир кийимди белгилеп берген болуп, анын авратын эле бекитиши жетишсиз. Мисалы, шым авратты бекитсе да, аны жалпы турмушта т.а. жалпы көчөдө кийип болбойт. Себеби, жалпы көчө үчүн Шариъ кийүүнү важиб кылган кийим бар. Эгер аял Шариънин буйругуна тескери иш кылып, Шариъ белгилеген кийимдин ордуна башкасын кийсе, күнөөкөр болот. Себеби, ал бир фарзды таштаган болот. Ошондуктан, «Авратты бекитүү» темасын «Аялдын жалпы турмушта кийиниши» темасы менен

аралаштырбоо керек. О.э. авратты бекитүү темасын «жасанып-түзөнүп, жат эркектерге өз зыйнаттарын жана суулуулуктарын көрсөтүү» темасы менен да аралаштырып жибербөө керек. Ушуга караганда, жука болбогон шымдын авратты бекитиши, аны жат эркектердин алдында кийүү мүмкүн экендигин түшүндүрбөйт, анткени, аял шым кийгенден кийин, өз сулуулугун, зыйнаттарын көрсөтө турган абалда болот. Мындай учурда аял авратын бекиткен болсо да, ал жасанып-түзөнүп, жат эркектерге өз зыйнаттарын жана сулуулугун көрсөткөн болот. Ал эми, Шариъ жасанып-түзөнүп, жат эркектерге өз зыйнаттарын жана сулуулуктарын көрсөтүүдөн кайтарган, мейли, аялдын авраты бекитилген болсо да. Аял авратын бекитти дегени, авратын бекиткен кийим аны жасанып-түзөнүүчүлөрдүн катарынан чыгарып коёт дегени эмес. Ушуга караганда, авратты бекитүү темасы менен жасанып-түзөнүп, жат эркектерге, өз зыйнатттарын жана сулуулугун көрсөтүү темасы бөлө-бөлөк темалар болуп, аларды аралаштырып жибербөө керек.

Аял жалпы турмушта т.а. базарларда, жалпы көчөдө кие турган кийим жаатында болсо, Шариъ аялга базарларга чыкканда же жалпы көчөдө жүргөндө, кийиминин үстүнөн кие турган кийими болушун важиб кылган. Арийне ага кийиминин үстүнөн кие турган, тамандарына чейин түшүп тура турган жамынгычы болушун важиб кылды. Эгер мындай кийими болбосо, кошунасынан же курбусунан, же тууганынан ижарага алып турат. Эгер ижарага алуу колунан келбесе, же эч ким ижарага берип турбаса, мындай кийимсиз көчөгө чыгышы мүмкүн эмес. Кийиминин үстүнөн кие турган кийимсиз көчөгө чыкса, күнөөкөр болот. Себеби, мындай абалда Алла ага фарз кылган фарзды таштаган болот. Бул өкүмдөр аялдын астыңкы кийимине таандык. Үстүңкү кийимге карата болсо, аялдын жоолугу же ошого окшогон, анын ордун баса туган кийим болушу, бул кийим башынын бардык бөлүгүн, мойнунун бардык тарабынан жана көйнөктүн көкүрөктөгү ачык жайларын ороп турушу керек. О.э. бул кийим базарга чыгуу, же жалпы көчөдө жүрүү үчүн даярдалган болушу керек т.а. кийимдеринин үстүнөн кийиле турган болушу керек. Мына ушул эки кийими (т.а. кийимдеринин үстүңкү жана астыңкы бөлүктөрүн ороп тура турган кийими) болсо, аял өз үйүнөн базарларга чыгышы, же жалпы көчөлөрдө жүрүшү т.а. жалпы турмушка чыгышы мүмкүн. Эгер бул эки кийим болбосо эч бир абалда чыгышы мүмкүн эмес. Себеби, бул эки кийимди кийүүгө болгон буйрук умумий болуп, аны хостогон эч нерсе келбеген. Ошого карай, ал бардык абалдарда да умумийлигинче калат.

Жалпы турмуш үчүн ушундай эки кийим болушунун важибдигине төмөнкү аяттар далил болот. Үстүңкү кийим жөнүндө Алла Таала мындай дейт:

{ وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا ۖ وَلْيَضْرِبْنَ بِخُمُرِهِنَّ عَلَىٰ جُيُوبِهِنَّ ۖ }

***«Көрүнүп тургандан башка зыйнаттарын*** *(намахрамдарга)* ***көрсөтүшпөсүн жана көкүрөктөрүн оромолдору менен тосушсун!»*** **[24:31]**

Алла Таала астыңкы кийим жөнүндө мындай дейт:

{ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِىُّ قُل لِّأَزْوَٰجِكَ وَبَنَاتِكَ وَنِسَآءِ ٱلْمُؤْمِنِينَ يُدْنِينَ عَلَيْهِنَّ مِن جَلَـٰبِيبِهِنَّ ۚ }

***«Эй Пайгамбар, жубайларыңа, кыздарыңа жана момундардын аялдарына айткын, үстүлөрүнө жамынчыларын орошсун!»*** **[33:59]**

Умму Атийя риваят кылат:

**«أَمَرَنَا رَسُولُ اللَّهِ ρ أَنْ نُخْرِجَهُنَّ فِى الْفِطْرِ وَالأَضْحَى، الْعَوَاتِقَ وَالْحُيَّضَ وَذَوَاتِ الْخُدُورِ، فَأَمَّا الْحُيَّضُ فَيَعْتَزِلْنَ الصَّلاَةَ وَيَشْهَدْنَ الْخَيْرَ، وَدَعْوَةَ الْمُسْلِمِينَ. قُلْتُ يَا رَسُولَ اللَّهِ إِحْدَانَا لاَ يَكُونُ لَهَا جِلْبَابٌ، قَالَ: لِتُلْبِسْهَا أُخْتُهَا مِنْ جِلْبَابِهَا»**

«Расулулла ρ бизге жаш кыздарды, айыз (хайз) көрүп турган жана бойго жеткен кыздарды Рамазан жана Курбан айттарына чыгарышыбызды буюрду: **«Айыз көрүп тургандары намаздан четте болушат, жакшылыкка жана мусулмандардын дубасына күбө болушат».** Айттым: «Кимдир бирөөнүн жамынгычы (жилбабы) болбосочу?» Айтты: **«Ага эжеси жилбабын кийгизсин».**

Ушул далилдер аялдын жалпы турмуштагы кийимин ачык айкын баяндап берүүдө. Алла Таала бул эки аятта аялга жалпы турмушта кийиши важиб кылынган кийимди анык жана толук сыпаттап берген. Аялдын үстүңкү кийими жөнүндө Алла Таала мындай дейт:

{ وَلْيَضْرِبْنَ بِخُمُرِهِنَّ عَلَىٰ جُيُوبِهِنَّ ۖ }

***«Көкүрөктөрүн оромолдору менен тосушсун».*** **[24:31]**

т.а. баш жамынгычтарын моюндарына, көкүрөктөрүнө орошсун, көйнөк жана тондун жакасынан көрүнүп тура турган моюн жана көкүрөктөрүн бекитишсин. Аялдардын ылдыйкы кийими жөнүндө болсо мындай деди:

{ يُدْنِينَ عَلَيْهِنَّ مِن جَلَـٰبِيبِهِنَّ ۚ }

***«Үстүлөрүнө жамынчыларын орошсун!»*** **[33:59]**

т.а. көчөгө чыгуу үчүн кийген кийимдеринин үстүнө кийген жамынгыч жана плащ сыяктуу кийимдерин ылдыйга чейин түшүп тура турган кылып узун кылышсын. Аялдын ушул кийиминин жалпы көрүнүшү жөнүндө мындай деди:

{ وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا ۖ }

***«Көрүнүп тургандан башка зыйнаттарын** (намахрамдарга) **көрсөтүшпөсүн».*** **[24:31]**
т.а. кулак, билек, балтыр сыяктуу зыйнат оруңдарын көрсөтүшпөсүн. Бул аят түшкөн доордо т.а. Расулулла ρдын доорунда жалпы турмушта көрүнүп турган жайлар, же болбосо, жүз жана кафттар мындан сырткары. Мына ушундай анык сыпаттоо аркылуу аялдын жалпы турмуштагы кийими эмнеден жана кандай болушу важибдиги жаркын маалым болот. Умму Атийянын хадиси аял көчөгө чыкканда кийиминин үстүнөн кие турган кийими болушу важибдигин баяндаган. Ал Расулулла ρдан: «Кимдир бирөөнүн жилбабы болбосочу?» - деп сураганда, ага: **«Ага эжеси өз жилбабын кийгизсин»** деп жооп берген. Т.а. ал Расулулла ρдан: Көчөгө чыуу үчүн кийиминин үстүнөн кие турган кийими жок болсочу? - деп сураганда, Расулулла ρ ага эжеси кийиминин үстүнөн кие турган кийимин берип турушун буюрган. Мунун мааниси, эгер кийимин берип турбаса, көчөгө чыгышы мүмкүн эмес. Бул болсо хадистеги буйрук фарз экендигине ишара т.а. аял көчөгө чыгууну кааласа, кийиминин үстүнөн жилбаб кийиши фарз болуп, аны кийбесе чыкпайт.

Жилбаб тамандарды да жаап тура турган даражада ылдыйга түшүп турушу шарт. Себеби, Алла Таала аятта айткан:

{ يُدْنِينَ عَلَيْهِنَّ مِن جَلَٰبِيبِهِنَّ ۚ }

***«Үстүлөрүнө жамынчыларын орошсун!»*** **[33:59]**
т.а. жилбабдарын узартышсын. Себеби, бул жерде «мин» «айрымдарын» деген мааниде эмес, балким, баян маанисинде келген. Т.а. жамынгычын ылдыйга түшүрүп, узартышсын. Себеби, Ибн Умар риваят кылган, Расулулла ρ айтты:

**«مَنْ جَرَّ ثَوْبَهُ خُيَلاَءَ لَمْ يَنْظُرِ اللَّهُ إِلَيْهِ يَوْمَ الْقِيَامَةِ، فَقَالَتْ أُمُّ سَلَمَةَ: فَكَيْفَ يَصْنَعُ النِّسَاءُ بِذُيُولِهِنَّ؟ قَالَ: يُرْخِينَ شِبْرًا، قَالَتْ: إِذًا تَنْكَشِفُ أَقْدَامُهُنَّ؟ قَالَ: يُرْخِينَ ذِرَاعًا لاَ يَزِدْنَ»**

**«Кимде-ким текеберлик кылып, этектерин сүйрөп жүрсө, кыямат күнү Алла ага карабайт».** Ошондо Умму Салама сурады: «Анда аялдар этектерин эмне кылышат?», айтты: «**(Тизелеринен) бир карыш түшүрүшсүн (узун кылышсын)**». Айтты: «Анда тамандары ачылып калат экен да?». Айтты: «**Тизелеринен бир зироъ т.а. бир билек узундугунча узартышсын. Мындан ашык узартышпасын».** Бул болсо аялдын кийиминин үстүнөн кие турган кийими т.а. жамынгычы тамандарын жаап тура турган даражада узун болушун ачык билдирүүдө. Эгер тамандар байпак же маасы менен

бекитилген болсо, бул нерсе жилбаб узун кылып түшүрүлгөнүнө далалат кыла турган калыпта узун түшүрүлгөнүнүн ордуна өтпөйт. Бул абалда буттар бекитилген болгондуктан, аларды ороого зарылчылык жок. Бирок, бул абалда да жилбаб узун түшүп турушу зарыл. Албетте, бул кийимдин аял жалпы турмушта кийиши важиб болгон кийим экендиги ачык билинип турсун жана Алланын «узун кылып алышсын» деген сөзү жүзөгө чыксын.

Ушундан аял көчөгө чыгышы үчүн, анын кийимдеринин үстүнөн кие турган кең кийими болушу керек экендиги маалым болот. Көчөгө чыгууну кааласа, бирок, мындай кийими болбосо, эжеси же бирер муслима өзүнүн кийимдеринин үстүнөн кие турган кийимин ага берип турушу керек. Эгер берип тура турган аялды таба албаса, кийимдеринин үстүнөн кие турган кийим тапканга чейин көчөгө чыкпайт. Бардык авраты бекитилген болсо да, кийимдеринин үстүнөн кең, ылдыйга түшүп тура турган кийим кийбей көчөгө чыкса, күнөөкөр болот. Себеби, таманга чейин түшүп тура турган кең кийим фарз. Демек, ал фарзга тескери иш кылган болот. Ошентип, ал Алланын алдында күнөөкөр болот жана мамлекет тарабынан таъзир берүү жазасы менен жазаланат.

Эми аялдын эркекке, эркектин аялга карашы туурасындагы эки маселе калды. Биринчи маселе: Ээлеринин уруксаты менен үйлөрдө жат эркектердин болушу, алардын күндөлүк үй кийиминдеги аялдарга кароолору жана аялдын жүзү менен кафттарынан башка мүчөлөрүн дагы көрүп калуулары. Экинчи маселе: кайры мусулман аялдардын, ал тургай, кээ бир муслима аялдардын шаар көчөлөрүндө жүз жана кафттарынан башка да көбүрөөк мүчөлөрүн көрсөткөн абалда жүрүүлөрү. Бул эки маселе иш жүзүндө бар болуп, алардын кесепети бардык мусулмандарга түшүүдө. Бул эки маселе туурасындагы шарият өкүмүн баяндоо зарыл.

Биринчи маселе мындай: айрым ага-инилер же туугандар бир туракжайда бирге жашашат. Алардын аялдары күндөлүк кийимдеринде башкаларга көрүнөт. Күндөлүк кийиминде аялдын чачы, мойну, билектери, балтырлары ж.б.у.с. мүчөлөрү көрүнүп турат. Акыбетте, аялдын жогорудагы мүчөлөрүнө анын махрамдары болгон агасы, атасы ж.б.лар кандай карашса, эринин ага (аялга) намахрам болгон ага-инилери, туугандары да ошондой карашат. Негизи, эринин ага-иниси да башка жат эркектер сыяктуу, аялга намахрам. О.э. аялга намахрам болгон амакинин балдары, таякенин балдары сыяктуу туугандар же тууган болбогон намахрамдар башка туугандарын зыярат кылганы барышат. Алар келип, күндөлүк кийиминдеги аялдар менен учурашат, бирге олтурушат, аялдардын жүз жана кафттарынан тышкары чачтары моюндары, буттары жана башка жайлары көрүнүп турат, келгендер аялдар менен махрамдардай мамиле кылышат. Мындай абал кең таркалган болуп, ага көп мусулмандар, айрыкча, шаардагылар туш

болушкан. Бул тууралуу көпчүлүк муну мубах деп ойлошот. Аслинде, махрамдардын жана аялдарга муктаждыгы болбогон (абдан карыган же акылсыз-делбе болгон) эркектердин карашы мубах. Ал эми, булардан башкалардын алдында аялдардын жүз жана кафттарынан өзгө мүчөлөрү ачык болушу арам. Бул маселенин өкүмү мындай: Алла аялга кароону да, андан лаззаттанууну да бүтүндөй арам кылган. Кийин, лаззаттанууну эрине гана таандык кылып койду. Аялга т.а. зыйнаттарга кароого он эки түрдүү адамга, алардын ичине кирүүчү амакилер, таякелер сыяктуу адамдарга уруксат берген. Аялдын жүзү менен кафттарына кароого бардык эркектерге уруксат берген. Лаззаттануу т.а. кумарлануу менен кароону эрден башкаларга бүтүндөй арам кылды. Жүз менен кафттарга тек гана (шахват-кумарлануусуз) кароо мубах. Алла айткан махрамдары жана алар теңдүүлөрдөн башкалар, жүз жана кафттардан артык жайларга кароолору бүтүндөй арам.

Нусустарда келгенине карай, шарияттын жалпы турмуш жөнүндөгү өкүмү ушул. Жеке турмушта болсо, Шариъ аялга жүз жана кафттарынан сырткары, үй иштеринин негизинде көрүнүп тура турган мүчөлөрүн көрсөтүүгө уруксат берген. Алла Таала айтат:

{ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لِيَسۡتَـٔۡذِنكُمُ ٱلَّذِينَ مَلَكَتۡ أَيۡمَٰنُكُمۡ وَٱلَّذِينَ لَمۡ يَبۡلُغُواْ ٱلۡحُلُمَ مِنكُمۡ ثَلَٰثَ مَرَّٰتٖۚ مِّن قَبۡلِ صَلَوٰةِ ٱلۡفَجۡرِ وَحِينَ تَضَعُونَ ثِيَابَكُم مِّنَ ٱلظَّهِيرَةِ وَمِنۢ بَعۡدِ صَلَوٰةِ ٱلۡعِشَآءِۚ }

***«Эй момундар, кол астыңардагы*** *(кул жана күңүңөр)* ***о.э. өзүңөрдүн балагатка жетпеген*** *(балаңар)* ***үч убак*** *(алдыңарга кирүү үчүн)* ***силерден уруксат сурашсын – багымдат намазынан мурун, бешим убактысында кийимиңерди чечкен чагыңарда жана куптан намазынан кийин».*** **[24:58]**
Алла Таала балагатка жетпеген балдарга жана кулдаргө мына ушул үч убакта аялдын алдына кирбөөнү буюрду. Кийин, аларга бул үч убактан башка убактарда кирүүгө уруксат бергенин төмөндөгү аятта билдирди:

{ ثَلَٰثُ عَوۡرَٰتٖ لَّكُمۡۚ لَيۡسَ عَلَيۡكُمۡ وَلَا عَلَيۡهِمۡ جُنَاحُۢ بَعۡدَهُنَّۚ طَوَّٰفُونَ عَلَيۡكُم }

***«****(Бул үч убакыт)* ***силердин авраттарыңар*** *(ачык болушу мүмкүн болгон убактылар).* ***Алар ошол*** *(убакыттардан)* ***кийин*** *(уруксат сурабай кирише)* ***силерге да, аларга да күнөө жок.*** *(Себеби)* ***алар силерге, бириңер-бириңерге келип-кетип туруучусуңар».*** **[24:58]**
Бул аяттан, жогорку үч абалдан башка убактарда, аялдар үй жумушу кийиминде, ачык турган кезинде, алардын үстүнө балагатка жетпеген балдар жана өздөрүнүн кул-күңдөрү уруксат сурабай кире бериши ачык

маалым болот. Мындан, аял өз үйүндө жумуш кийиминде жашашы жана бул кийими менен балдарга жана өз кулдарына көрүнүшү мүмкүн экендигин түшүнүүгө болот. Ушуга карай, аял эч бир шек-күмөнсүз, үйүндө жумуш кийиминде жашашы туура жана ал бул үчүн эч кандай күнөөкөр болбойт. Аны бул абалында балдар жана кулдары көрүшү мүмкүн жана аял мында күнөөкөр болбойт. Аял көрүнүп турган авраттарын алардан бекитпейт. Алардын да кирүүгө уруксат сурашы шарт эмес. Себеби, аятта ушул үч абалдан башка убакта жаш балдар жана кулдардын уруксат сурабастан кирүүлөрү көрсөтүлгөн. «Үйлөрдө кызмат кылып жаткан адамдар да кулдарга кыяс кылынат. Себеби, алар да келип-кетип туруучулар» деп айтылбайт. Себеби, келип-кетип туруш кайд кылынган иллат. Буга далил: балдар келип-кетип туруучулардан болушса да, алар балагатка жетишкенден кийин уруксат суроолору важиб.

Алла бул истисна кылынган жаш балдар жана кулдардан башкалардын «жеке турмуштагы» өкүмдөрүн баян кылган. Т.а. алардан уруксат суроону талап кылган. Алла Таала айтат:

{ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَدۡخُلُواْ بُيُوتًا غَيۡرَ بُيُوتِكُمۡ حَتَّىٰ تَسۡتَأۡنِسُواْ وَتُسَلِّمُواْ عَلَىٰٓ أَهۡلِهَاۚ }

***«Эй момундар өз үйүңөрдөн башка үйлөргө уруксат сурамайынча жана үй ээлерине салам бермейинче кирбегиле».*** **[24:27]**

Алла Таала мусулмандан өз үйүнөн башка үйгө кирүүнү кааласа, уруксат суроону талап кылып, «уруксат суроо» сөзүнүн ордуна «жакын, тааныш болуу» сөзүн колдонгон. Мындан өз үйүнө кирүүнү кааласа, уруксат сурабашы түшүнүлөт. Бул аяттын түшүшүнүн себеби, бир ансарий аял сурады: «Я Расулулла! Үйүмдө мени бирөө, атам да, балам да көрүшүн каалабай турган абалда болом. Ошондой учурда атам келип алдыма кирип калат. Мен ушундай абалда турганда үй-бүлөмдөгү бирер эркек алдыма кире берсе, мен эмне кылам?». Ошондо уруксат суроо аяты түштү. Бул аяттын түшүү себеби менен аяттын мантуку жана мафхуму байланса, жеке турмуш туурасындагы маселе авратты бекитүү же бекитпөө маселеси эмес, балким, аялда боло турган ачык болуу маселеси экендигине далалат кылат. Мына ушундай абалда т.а. аялдын ачык абалында шарият аялды ачык болбоого буюрбады. Балким, эркектерге ушундай абалда уруксат суроону буюрду, муну менен аялдын намахрамдар алдында жүзү жана кафттарынан башка жайларын жаап алууга мүмкүндүк болсун. Себеби, уруксат суроого буюруу авраттарын бекитүүгө буюрууну түшүндүрөт. Буга далил аяттын түшүү себеби (сабаби нузул). Демек, эгер аялдын алдына бирер киши кирмекчи болсо – махрамбы-намахрамбы, айырмасыз – уруксат сурашы керек. Ушундан

белгилүү болгондой, уруксат суроо аялдын намахрамдардан авраттарын тосуп алышы үчүн болот.

Жогорудагы абалда эркектин аялга карашы жеке турмушта болобу, жалпы турмуштабы, жалпысынан алганда, «караш» маселесине тиешелүү иш. Алла Таала аялдын жүзү жана кафттарынан башка жайларына кароону намахрамдарга арам кылды. Махрамдарга болсо уруксат берди. Жүз жана кафттардан башка жайдан көздү тосууга буюрду. Тигилип кароо даражасында болбогон кароону кечиримдүү кылды. Жүз жана кафттардан башка жайларга кароонун арамдыгы ачык-айкын. Жүз жана кафттардан башка жайларга кароодон көздү тосууну Алла Таала төмөндөгү аятта анык баян кылган:

{ قُل لِّلۡمُؤۡمِنِينَ يَغُضُّواْ مِنۡ أَبۡصَٰرِهِمۡ }

*«(Эй Мухаммад),* ***момундарга айткын, көздөрүн*** *(намахрам аялдарга кароодон)* ***тосушсун»*****.** **[24:30]**

Мындан көздөлгөн максат жүз жана кафттардан башка жайларга кароодон көздү тосуу. Анткени, жүз жана кафттарга кароо мубах. Бухарийде келет: Саид ибн Абул-Хасан Хасанга айтты: «Ажам аялдары көкүрөктөрү, баштары ачык абалда жүрүшөт». Ал айтты: «Көзүңдү бур». Жолдордо отуруудан кайтаруу хадисинде да «**көздү тосуу**» делген. Т.а. жолдо кээде аялдардын жүз жана кафттарынан артык жайлары ачык болот. Мында карабоо эмес, балким, көздү тосуу (ылдый түшүрүү) силерге важиб болот. Алла Таала кароону арам кылганда, жүз жана кафттардан башка жайларга кароону арам кылып, атайлап кароо арам деп белгилеген. Эгер атайын болбосо, аны арам кылбаган жана аны таштоого да буюрбаган. Балким, көздү тосууга буюрган жана айткан:

{ يَغُضُّواْ مِنۡ أَبۡصَٰرِهِمۡ }

***«Көздөрүн*** *(намахрам аялдарга кароодон)* ***тосушсун»*****.** **[24:30]**

«мин» сөзү – «айрым бөлүгү» деген маанисинде т.а. көзүнүн айрым бөлүгүн тосушсун. Мындан тосулган кароонун т.а. атайын болбогон кадимки кароонун жайиз экендиги түшүнүлөт.

Эми экинчи маселеге келсек, Батыш хазараты бизге жүрүш жасап, мусулмандардын өлкөлөрүндө куфр түзүмдөрү менен өкүм жүргүзө баштаган учурдан баштап, мусулман болбогон аялдар көчөлөргө жарым жылаңач абалда көкүрөктөрү, белдери, чачтары, билектери, буттары ачык абалда чыга башташты. Айрым муслима аялдар да аларга ээрчип, базар жана көчөлөргө кудум ошолордой болуп чыга башташты. Абал ушундай даражага жетти дейсиң, киши көчөдө бараткан, же дүкөндөрдө соода кылып жаткан аялдын муслима же муслима эместигин айырмалай албай калды. Бул шаарларда жашап жаткан мусулман эркектер ушул

мункарды азыркы учурда өздөрү жалгыз жоё алышпайт. Бул авраттарды көрбөстөн, бул шаарларда жашай да алышпайт. Себеби, алар жашап жаткан турмуштун табияты жана алар турган үйлөрдүн курулушу, эркектерге аялдардын авраттарын көрө турган кылып койгон. Бирер эркек карабоого канчалык урунбасын, аялдардын авраттарын: билектерин, көкүрөктөрүн, буттарын жана чачтарын көрүүдөн өзүн сактай албайт. Үйүндө олтуруп эч жака чыкпаса гана көрбөшү мүмкүн. Бирок, мунун эч кандай ылаажысы жок. Себеби, ал адамдар менен бирге соода-сатык, ижара, кызмат сыяктуу турмуш үчүн зарыл болгон иштерди кылууга муктаж. Авраттарга кароодон сактана турган болсо, бул иштерди кыла албайт. Куран жана Сүннөттө аялга кароо арам кылынганы ачык баяндалган болсо, эми ал эмне кылат? Бул проблемалардан чыгуу эки абалда болот.

Биринчи абал: жолдо боло турган кокусунан көз түшүп калуу абалы, биринчи жолку көз түшүп калуу кечиримдүү болгон. Жарир ибн Абдулла риваят кылат:

«سَأَلْتُ رَسُولَ اللَّهِ ρ عَنْ نَظَرِ الْفُجَاءَةِ فَأَمَرَنِي أَنْ أَصْرِفَ بَصَرِي»

**«Расулулла ρдан кокусунан көз түшүп калуу жөнүндө сурадым. Мени көзүмдү буруруга буюрду».** Али Γ айтты: Расулулла ρ мага айтты:

«لاَ تُتْبِعِ النَّظْرَةَ النَّظْرَةَ فَإِنَّمَا لَكَ الأُولَى وَلَيْسَ لَكَ الآخِرَةُ»

**«Кароого кароону ээрчитпе. Себеби, биринчиси сенин пайдаңа болсо, кийинкиси пайдаңа эмес».**

Экинчи абал: башы, билектери жана ачык жүрүүгө адаттанган башка жайлары ачык болгон аял менен сүйлөшүү абалы. Мындай абалда андан көздү буруу жана көздү тосуу важиб. Бухарий Абдулла ибн Аббас Ηдан риваят кылат:

«كَانَ الْفَضْلُ رَدِيفَ رَسُولِ اللَّهِ ρ فَجَاءَتِ امْرَأَةٌ مِنْ خَثْعَمَ فَجَعَلَ الْفَضْلُ يَنْظُرُ إِلَيْهَا وَتَنْظُرُ إِلَيْهِ وَجَعَلَ النَّبِيُّ ρ يَصْرِفُ وَجْهَ الْفَضْلِ إِلَى الشِّقِّ الآخَرِ»

«Фазл ибн Аббас Расулулла ρ менен бир улоого учкашып келаткан эле. Хосъамалык аял келип калды. Фазл ага, ал Фазлга карай баштады. Расулулла ρ Фазлдын жүзүн четке буруп койду». Алла Таала айтат:

﴿ قُل لِّلْمُؤْمِنِينَ يَغُضُّواْ مِنْ أَبْصَـٰرِهِمْ وَيَحْفَظُواْ فُرُوجَهُمْ ﴾

*«(Эй Мухаммад),* ***момундарга айткын, көздөрүн*** *(намахрам аялдарга кароодон)* ***тосушсун жана авраттарын*** *(арамдан)* ***сакташсын».*** **[24:30]**

Көздү тосуу – аны ылдый түшүрүү. Демек, бул проблеманын чечими көздү тосуу: эркек аял менен зарыл кептерди сүйлөшкөн абалда өз

ишин аткара берет, же автомобилде кете берет, же катуу ысыкта көлөкөлөп салкында олтура берет. Мындай абалда эркек көзүн тосот. Бул иштер эркектин жалпы турмуштагы зарылчылыктары. Эркек бул зарылчылыктарга муктаж болбой коё албайт жана ошол эле учурда авраттардын ачыктыгы балээсин да жоё албайт. Ал аятка амал кылып көзүн тосушу керек. Мындан башкасы т.а. көзүн тоспоо ал үчүн адал болбойт.

Мындайда «ушул балээ бардык жакты камтып алган, андан сактануу кыйын» деп айтылбайт. Мындай коида шариятка тескери. Себеби, балээ бардык жакты камтып алса эле, арам адалга, адал арамга айланып кетпейт. О.э. «Жогорудагы аялдар кафиралар. Ошондуктан, аларга күңдөрдөй мамиле кылынат. Алардын авраттары да күңдөрдүн авраттары сыяктуу» делбейт. Себеби, хадис жалпы аялзатка карата келген болуп, «муслима аял» деп муслималарга гана карата айтылбаган. Расулулла ρ айтты:

«إِنَّ الْجَارِيَةَ إِذَا حَاضَتْ لَمْ يَصْلُحْ أَنْ يُرَى مِنْهَا إِلاَّ وَجْهُهَا وَيَدَاهَا إِلَى الْمِفْصَلِ»

**«Аял киши эгер хайз жашына жетсе анын жүзү жана эки колунун муунуна чейин гана көрүнүшү мүмкүн».** Бул хадис аял муслима болобу же жокпу, ага кароо арам экендигине ачык-айкын далалат кылат. Бул өкүм бардык абалдарга, анын ичинде жогорудагы абалга да тиешелүү. Биерде кыяска (салыштырууга) эч кандай орун болбогондуктан, кафира аял күңгө кыясталбайт.

Ушуга карай, өз үйлөрүнөн башка үйлөргө (мейманга) бараткан эркектер, ал үйлөрдөгү намахрам аялдардын жүздөрү жана кафттарынан башка жайларынан көздөрүн тосуулары важиб. Шаарларда жашап жаткан жана коомчулукка аралашууга, авраттары ачык кафира аялдар менен соода-сатык же сүйлөшүү, же ижара сыяктуу мамилелерди кылууга мажбур болуп жаткан эркектер мындай проблемалар учурунда көздөрүн тосуулары жана мажбур болгон абалдарда кароого муктаж болгон өлчөмгө чектелүүлөрү важиб.

Булар кароого тиешелүү өкүмдөр эле. Кол берип көрүшүү жаатында болсо, Бухарийдин «Сахих»инде келгенине ылайык, эркек аял менен аял эркек менен ортолорунда бирер тоскоолдуксуз кол берип көрүшүүлөрү мүмкүн. Умму Атийя айтты:

«بَايَعْنَا النَّبِيَّ A فَقَرَأَ عَلَيْنَا أَنْ لاَ يُشْرِكْنَ بِاللَّهِ شَيْئًا وَنَهَانَا عَنِ النِّيَاحَةِ، فَقَبَضَتِ امْرَأَةٌ مِنَّا يَدَهَا»

«Расулулла ρга байъат кылдык. Ал зат: «Аялдар Аллага бирер нерсени шерик кылышпасын» аятын окуп берди жана өлүктөргө ыйлоодон кайтарды. Ошондо арабыздан бир аял колун тартып алды». Байъат кол берип көрүшүү аркылуу болгон эле. «Колун тартып алды» сүйлөмүнүн

мааниси – «Колун байъат кылуу үчүн сунгандан кийин, кайра тартып алды» дегени. Демек, колун тартып алгандыгы, ал кол берип көрүшүү аркылуу байъат бермекчи болгондугун билдирет. «Арабыздан бир аял колун тартып алды» деген сөздөн ошол аялдан башкасы колун тартып албагандыгын т.а. башкалардын бардыгы кол берип көрүшүү аркылуу байъат кылгандыгын түшүнөбүз. О.э. Алла Тааланын:

{ أَوۡ لَٰمَسۡتُمُ ٱلنِّسَآءَ }

***«Же аялдарды кармасаңар».*** **[4:43]**
аятындагы «аялдарды» сөзү бардык аялдар үчүн умумий болуп, мунун мафхуму т.а. кармоонун дааратты кетириши – аялды кармаган эркектин даараты кетишине чектелгенин билдирет. Анткени, аялдарды кумарлануусуз кармоо арам эмес. Алар менен кол берип учурашуу да арам эмес. Буга кошумча, аялдын колу аврат эмес жана ага кумарлануусуз кароо да арам болбойт. Ушуга ылайык, аларга кол берип учурашуу да арам болбойт.

Бул болсо, өбүү маселесинен бүтүндөй башка. Эркек көңүлү көксөгөн жат аялды өбүшү, аял көңүлү көксөгөн жат эркекти өбүшү арам. Себеби, өбүү – зинага жетелей турган иштердин бири. Адатта мындай өбүү – ал кумарлануусуз болсо да, ал зинага алып барбаса да, зина кылынбаса да – зинага жетелөөчү фактор болуп саналат. Себеби, Маъиз зина кылып койгондугу үчүн жазалашын сурап, Расулулла ρдын алдына келгенде ага айткан:

**»لَعَلَّكَ قَبَّلْتَ...«**

«**Балким өпкөндүрсүң?...**». Бул хадистен мындай өбүүнүн зинага жетелеши маалым болууда. Себеби, зинаны арам кылган аят-хадистер зинага жетелөөчү бардык абалдарды – ал кармоо болсо да – арам кылганын өз ичине алат. Мисалы, азыр жигит-кыздар арасында болуп жаткандай эркектин аялды өбүшү сыяктуу. Мындай өбүү – ал сапардан кайткан адам менен саламдашуу максатында болсо да – арам. Себеби, жигит-кыздардын ортосундагы мындай өбүшүүлөр зинага жетелөөчү иштерден.

## МУСУЛМАН АЯЛ ЖҮЗҮН ЖАБЫШЫ ВАЖИБ ЭМЕС

«Исламда аялдарга хижаб т.а. никоб фарз кылынган, аны менен аялдар жүздөрүнүн көздөрүнөн тышкары жерлерин жаап жүрүшөт» деген сөз исламий рай болуп, бул сөздү мазхаб башы болгон мужтахиддердин айрымдары айткан. «Исламда аялдарга никоб фарз кылынбаган. Мусулман аял жүзү аврат болбогондугу үчүн, аны жабышы важиб эмес» деген рай да исламий рай болуп, аны да мазхаб башы болгон мужтахиддердин айрымдары айткан. Бул проблема маанилүү ижтимаий проблемалардын бири болуп, бул эки райдын бирин табанний кылуу исламий турмуш жолуна таасир көрсөтөт. Ушул себептен улам, бул проблема туурасындагы шаръий далилдерди кең көлөмдө көрүп чыгуу, үйрөнүү жана аларды проблемага карата колдонуу зарыл. Анткени, ушуну менен мусулмандар далили күчтүү райды табанний кылышсын жана Ислам мамлекети күчтүү далилдин негизинде күчтүү райды табанний кылсын.

Чындыгында эле, жарым кылымдан көбүрөөк мезгилден бери аялдар тууралуу талкуулар болду. Бул талкууну колонизатор кафирлер, батышка берилип, анын сакофаты жана турмуш жөнүндөгү дүйнө карашы менен уулангандардын жүрөктөрүндө козгошту. Алар исламий эмес райларды Исламга киргизүүгө аракет кылышты. Алар мусулмандардын дүйнө караштарын бурууга урунуп, хижаб жана ачык жүрүү пикирин ойлоп табышты. Муфаккир-аалымдар аларга өз пикирлерин билдиришпеди, балким, аларга жазуучулар, адабиятчылар, катып калган билим алуучулар өз пикирлерин билдиришти. Бул абал батыш сакофаты менен уулангандардын райлары үстөм келишине мүмкүнчүлүк жаратты о.э. алардын пикирлерин талкуу жана тартышуулар темасына айландырды. Негизи, бул пикирлер – Исламга чабуул кылуу, мусулмандарды бузуу жана аларды диндери жөнүндө шектенүүгө салуу үчүн келген – батыш пикирлери эле. Ооба, бул талкуу жана тартышуулар болуп өткөн. Алардын калдыктары жана таасири дагы деле көрүнүп турган болсо да, бирок, алар талкуу кылууга ылайыктуу эмес эле о.э. ташриъий жана ижтимаий талкуулар даражасына жетпеген болчу. Себеби, талкуу жазуучулардын райлары же жалданган малайлардын атамалары, же алданган куру чечендердин жалгандары же уулангандардын жомоктору үстүндө эмес, балким, талкуу мужтахиддер иштеп чыккан жана анда далилге же шибхи далилге сүйөнгөн шаръий өкүмдөр үстүндө болушу керек. Мужтахиддердин шаръий далилдерден иштеп чыгып айткан сөздөрү гана талкуу темасы кылынат жана ташриъий талкууда талашып-тартышылат. О.э. талкуу темасына коюла турган мужтахиддердин сөздөрүнө айрым факихтердин, устаздардын жана никобду жактоочулардын сөздөрү да кошулат жана алардын дилиндеги шекти жоготуу үчүн талкуу кылынат. Ушул себептен улам, үстөм сөз анык

болуп, ар бир мусулман – амал кылуу үчүн үстөм келет – деп көргөн райды алышы жана аны колдонууга аракет кылышы үчүн мужтахиддердин сөздөрүн жана далилдерин келтиребиз:

Хижаб жөнүндө сүйлөгөн аалымдар: «Аялдын жүзү жана кафттарынан башка бардык жерлеринин аврат болушу намазда гана болот. Намаздан тышкарыда бүткүл денеси, жүз да, кафттары да аврат» деп айтышкан. Бул сөздөрүндө Куран жана Сүннөткө таянышкан.

Курандан далилдери, Алла Таала айтат:

{ وَإِذَا سَأَلْتُمُوهُنَّ مَتَٰعًا فَسْـَٔلُوهُنَّ مِن وَرَآءِ حِجَابٍ ۚ }

***«Силер** (пайгамбардын аялдарынан) **бирер нерсе сураган убагыңарда, парда артында туруп сурагыла!»*** **[33:53]**
Бул аят аялдардын үстүлөрүнө хижаб ороп алууларына ачык далил болот, Алла Таала айтат:

{ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِىُّ قُل لِّأَزْوَٰجِكَ وَبَنَاتِكَ وَنِسَآءِ ٱلْمُؤْمِنِينَ يُدْنِينَ عَلَيْهِنَّ مِن جَلَـٰبِيبِهِنَّ ۚ ذَٰلِكَ أَدْنَىٰٓ أَن يُعْرَفْنَ فَلَا يُؤْذَيْنَ ۗ وَكَانَ ٱللَّهُ غَفُورًا رَّحِيمًا }

***«Эй пайгамбар, жубайларыңа, кыздарыңа жана момундардын аялдарына айткын, үстүлөрүнө жамынчыларын орошсун! Мына ушул алардын** (күң эмес, азат аялдар экендиктери) **таанылып, азарланбастыктары үчүн эң жакын** (жол)».* **[33:59]**
Алар айтышат: «жамынчыларын орошсун» аятынын мааниси – «узун кылышсын, жүздөрүн жана айлана-тегерегин орошсун», - дегени. Алардын райына караганда, Исламдын башында аялдар жахилияттагы (динсиздиктеги) адаттарына ылайык күңдөрү да, азаттыктагылары да ачык абалда жүрүшөр эле, аял көйнөк жана жоолукта ачык жүрөр эле. Күңдөр курмазар жана талааларга түнкүсүн ажатка чыгышканда, адепсиз жигиттер алардын жолун тосушар эле, кээде күңдөрдү шылтоо кылып, азат аялдардын да жолун тосушар эле жана «аларды күң деп ойлоптурбуз» дешер эле. Ошондо аялдарга мындай деп буйрулду, алар сөөлөттүү, салабаттуу болуулары үчүн жамынчы жана жоолуктарды ороо, баш жана жүздөрүн жабуу аркылуу кийимдерин күңдөрдүн кийимдеринен айырмалашсын. Ошондо аларга эч бир киши көз артпайт. Мына ушул алардын күң эмес, балким, азат аялдар экендиктери билиниши жана азарланбоолору үчүн о.э. бирөөлөр жолдорун тоспошу үчүн эң ылайыктуу жана эң жакшы жол. Бул аалымдардын айрымдары айтышат: «аяттагы «таанылып» сөзүндөгү инкар белгиси «ла» тамгасы түшүп калтырылган т.а. «мына ушул алардын чырайлуу же чырайлуу эместиктери билинип калбоосу жана азарланбоолору үчүн эң жакын жана жакшы жардам». Алла Таала айтат:

﴿ وَقَرْنَ فِى بُيُوتِكُنَّ وَلَا تَبَرَّجْنَ تَبَرُّجَ ٱلْجَٰهِلِيَّةِ ٱلْأُولَىٰ ﴾

***«Өз үйүңөрдө туруктуу олтургула*** *(себепсиз үйүңөрдөн тышкарыга чыкпагыла, бирок, бирер муктаждык үчүн чыккаңыңарда болсо)* ***мурдагы динсиздик*** *(кез)****деги жасануу сымал жасанбагыла!»*** **[33:33]**
Бул аалымдар «Алла Тааланын аялдарды үйлөрүндө туруктуу болууга буйрушу хижабга далил» дешет.

Сүннөттөн келтирилген далилдер төмөндөгүлөр: Расулулла ρ айтты:

**«اَلْمَرْأَةُ عَوْرَةٌ»**

**«Аял – аврат»** (Ибн Хиббан риваяты),

**«إِذَا كَانَ لإِحْدَاكُنَّ مُكَاتَبٌ فَمَلَكَ مَا يُؤَدِّي فَلْتَحْتَجِبْ مِنْهُ»**

**«Кимдир бирөөңөрдүн мукатабыңар (белгилүү бир акы төлөө менен азат болуу жөнүндө келишим түзгөн кулуңар) болсо жана ал акыны өтөй ала турган өлчөмдөгү нерсеге ээ болсо, андан хижабдангыла».** Умму Салама риваят кылат:

**«كُنْتُ قَاعِدَةً عِنْدَ النَّبِيِّ ρ أَنَا وَمَيْمُونَةُ فَاسْتَأْذَنَ ابْنُ أُمِّ مَكْتُومٍ فَقَالَ النَّبِيُّ ρ: احْتَجِبَا مِنْهُ. فَقُلْتُ يَا رَسُولَ اللَّهِ إِنَّهُ ضَرِيرٌ لاَ يُبْصِرُ، قَالَ أَفَعَمْيَاوَانِ أَنْتُمَا لاَ تُبْصِرَانِهِ»**

«Мен жана Маймуна Расулулла ρдын жанында отурган элек. Ибн Умму Мактум кирүүгө уруксат сурады. Расулулла ρ бизге мындай деди: **«Андан хижабдангыла».** Мен айттым: «Ал көр, көрбөйт». Ал зат айтты: **«Силер да көрсүңөрбү, аны көрбөй жатасыңарбы?»** (Абу Давуд риваяты). Бухарий Абдулла ибн Аббастан риваят кылат:

**«كَانَ الْفَضْلُ رَدِيفَ رَسُولِ اللَّهِ ρ فَجَاءَتِ امْرَأَةٌ مِنْ خَثْعَمَ فَجَعَلَ الْفَضْلُ يَنْظُرُ إِلَيْهَا وَتَنْظُرُ إِلَيْهِ وَجَعَلَ النَّبِيُّ ρ يَصْرِفُ وَجْهَ الْفَضْلِ إِلَى الشِّقِّ الآخَرِ»**

«Фазл ибн Аббас Расулулла ρ менен бир улоого учкашып келаткан эле. Хосъамалык аял келип калды. Фазл ага, ал Фазлга карай баштады. Расулулла ρ Фазлдын жүзүн четке буруп койду». Жарир ибн Абдулла риваят кылат:

**«سَأَلْتُ رَسُولَ اللَّهِ ρ عَنْ نَظَرِ الْفُجَاءَةِ فَأَمَرَنِي أَنْ أَصْرِفَ بَصَرِي»**

**«Расулулла ρдан кокусунан көз түшүп калуу жөнүндө сурадым. Мени көзүмдү бурууга буюрду»** (Муслим риваяты). Али Γ айтат: Расулулла ρ мага айтты:

**«لا تتبع النظرة النظرة فإنما لك الأولى وليس لك الآخرة»**

**«Кароого кароону ээрчитпе. Биринчиси сенин пайдаңа болсо, кийинкиси пайдаңа болбойт»** (Ахмад риваяты).

Хижаб жөнүндө, аялдын бүткүл денеси аврат экендиги жөнүндө сүйлөгөндөр мына ушул далилдерди келтиришкен. Бул далилдер алар далил келтирип жаткан проблемага туура келбейт. Себеби, алардын баары бул темага тиешелүү эмес. Хижаб аяты жана - ***«Өз үйүңөрдө туруктуу отургула»*** аятынын жалпы мусулмандардын аялдарына таптакыр тиешеси жок. Хижаб аятынын Расулулла ρдын жубайларына хос экени ачык-айкын келген. Эгер аят толук окуп чыгылса, бул нерсе маалым болот. Ал бир аят болуп, лафздары да, мааниси да бир-бирине байланган.

{ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَدۡخُلُواْ بُيُوتَ ٱلنَّبِيِّ إِلَّآ أَن يُؤۡذَنَ لَكُمۡ إِلَىٰ طَعَامٍ غَيۡرَ
نَٰظِرِينَ إِنَىٰهُ وَلَٰكِنۡ إِذَا دُعِيتُمۡ فَٱدۡخُلُواْ فَإِذَا طَعِمۡتُمۡ فَٱنتَشِرُواْ وَلَا مُسۡتَـٔۡنِسِينَ لِحَدِيثٍۚ إِنَّ
ذَٰلِكُمۡ كَانَ يُؤۡذِي ٱلنَّبِيَّ فَيَسۡتَحۡيِۦ مِنكُمۡۖ وَٱللَّهُ لَا يَسۡتَحۡيِۦ مِنَ ٱلۡحَقِّۚ وَإِذَا
سَأَلۡتُمُوهُنَّ مَتَٰعٗا فَسۡـَٔلُوهُنَّ مِن وَرَآءِ حِجَابٖۚ ذَٰلِكُمۡ أَطۡهَرُ لِقُلُوبِكُمۡ وَقُلُوبِهِنَّۚ وَمَا
كَانَ لَكُمۡ أَن تُؤۡذُواْ رَسُولَ ٱللَّهِ وَلَآ أَن تَنكِحُوٓاْ أَزۡوَٰجَهُۥ مِنۢ بَعۡدِهِۦٓ أَبَدًاۚ إِنَّ ذَٰلِكُمۡ
كَانَ عِندَ ٱللَّهِ عَظِيمًا }

***«Эй момундар, Пайгамбардын үйлөрүнө силерди бирер даамга чакырса гана киргиле.*** *(Ошондо да)* ***анын бышышын күтүп туруучу болбогула, тескерисинче, чакырылган убактыңарда кирип, тамактанган соң таркагыла жана бирер сөзгө берилген абалыңарда*** *(ал жерде калып кетпегиле)****! Себеби, бул*** *(ишиңер)* ***пайгамбарга азар берет, ал болсо силерден*** *(т.а. чыгарып жиберүүдөн)* ***тартынат. Алла чындыкты*** *(айтуудан)* ***тартынбайт. Силер*** *(пайгамбардын – аялдарынан)* ***бирер нерсе сураган убагыңарда парда артында туруп сурагыла! Мына ушул силердин дилиңерди да, алардын дилдерин да таза кармоочураак. Силер үчүн Алланын пайгамбарына азар берүү жана анын артынан аялдарына үйлөнүүңөр эч качан дурус эмес. Себеби, бул*** *(ишиңер)* ***Алланын алдында чоң*** *(күнөө)* ***болгон иш».*** **[33:53]**

Бул аят пайгамбардын аялдары туурасындагы нусус болуп, аларга гана тиешелүү, анын башка мусулмандардын аялдарына тиешеси жок. Расулулланын аялдарынан башка бирер бир аялга тиешеси жок. Бул

аяттын Расулулла ρдын аялдарына хос экендигин Аиша Iнын риваяты да тастыктайт: «Пайгамбар ρ менен бирге хайс (курма май жана быштакка аралаштырып даярдалган тамак)ты жыгач табакта деп отурган элек, Умар өтүп калды. Расулулла аны тамакка чакырды. Ал келип тамактан жеди. Ошондо анын бармактары бармактарыма тийип кетти. Умар айтты: «Аттиң, эгер силер тууралуу (адамдар) мага итаат кылышканда эле, эч бир көз силерди көрбөс эле». Ошондон кийин хижаб аяты түштү». Умар Гдан риваят кылынат, ал киши айтты: «Я Расулулла, алдыңызга жакшы да кирет, жаман да кирет. Ошондуктан, уммул-муъмининдер (момундардын энелери) хижабданышканда (жакшы болмок) эле». Ошондон кийин Алла Таала хижаб аятын түшүрдү». Дагы риваят кылынат: «Умар Пайгамбар ρдын жубайлары башка аялдар менен мечитте турган кезде, алардын алдынан өтүп калды жана айтты: «Кана эми, хижаб оронгонуңарда. Анткени, силердин эриңер башка эркектерден абзел болгону сыяктуу, силер да башка аялдардан абзелсиңер». Зайнаб I айтты: «Эй ибн Хаттаб, эмне бизге күйүнүп жатасыз. Негизи, вахий биздин үйүбүзгө түшөт-го». Эч канча өтпөй аят түштү». Аят жана бул хадистер хижаб аяты Пайгамбар ρдын аялдары жөнүндө түшкөндүгүнө, алардан башка аялдар жөнүндө түшпөгөндүгүнө катъий далалат кылат.

***«Өз үйүңөрдө туруктуу олтургула»*** аяты да Расулулла ρдын аялдарына хос. Аяттын толук тексти төмөндөгүчө:

{ يَٰنِسَآءَ ٱلنَّبِيِّ مَن يَأۡتِ مِنكُنَّ بِفَٰحِشَةٖ مُّبَيِّنَةٖ يُضَٰعَفۡ لَهَا ٱلۡعَذَابُ ضِعۡفَيۡنِۚ وَكَانَ ذَٰلِكَ عَلَى ٱللَّهِ يَسِيرٗا + وَمَن يَقۡنُتۡ مِنكُنَّ لِلَّهِ وَرَسُولِهِۦ وَتَعۡمَلۡ صَٰلِحٗا نُّؤۡتِهَآ أَجۡرَهَا مَرَّتَيۡنِ وَأَعۡتَدۡنَا لَهَا رِزۡقٗا كَرِيمٗا + يَٰنِسَآءَ ٱلنَّبِيِّ لَسۡتُنَّ كَأَحَدٖ مِّنَ ٱلنِّسَآءِ إِنِ ٱتَّقَيۡتُنَّ فَلَا تَخۡضَعۡنَ بِٱلۡقَوۡلِ فَيَطۡمَعَ ٱلَّذِي فِي قَلۡبِهِۦ مَرَضٞ وَقُلۡنَ قَوۡلٗا مَّعۡرُوفٗا + وَقَرۡنَ فِي بُيُوتِكُنَّ وَلَا تَبَرَّجۡنَ تَبَرُّجَ ٱلۡجَٰهِلِيَّةِ ٱلۡأُولَىٰۖ وَأَقِمۡنَ ٱلصَّلَوٰةَ وَءَاتِينَ ٱلزَّكَوٰةَ وَأَطِعۡنَ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥٓۚ إِنَّمَا يُرِيدُ ٱللَّهُ لِيُذۡهِبَ عَنكُمُ ٱلرِّجۡسَ أَهۡلَ ٱلۡبَيۡتِ وَيُطَهِّرَكُمۡ تَطۡهِيرٗا }

***«Эй пайғамбардын аялдары, силерден ким анык күнөө кылса, ал үчүн азап эки барабар кылынат. Бу иш Аллага оңой. Силерден ким Алла жана Анын пайғамбарына итаат кылса жана жакшы амал қилса, Биз анын ажр-сыйлыгын эки эсе кылып беребиз жана ал үчүн улуу ырыскыны*** *(т.а. бейишти)* ***даярдап койгонбуз. Эй пайғамбардын аялдары, силер эгер таквадар болсоңор*** *(катардагы)* ***аялдардын бирери сымал***

***эмессиңер. Демек, силер*** *(парда артынан бирер намахрам эркекке жооп кылган чагыңарда),* ***жумшак-наз менен сүйлөбөгүлө, анда көңүлүндө мунафыктык болгон киши үмүт кылып калат. Жакшы-туура сөздү сүйлөгүлө. Өз үйүңөрдө туруктуу олтургула*** *(себепсиз үйүңөрдөн тышкарыга чыкпагыла, бирок, бирер муктаждык үчүн чыкканыңарда болсо)* ***мурдагы динсиздик*** *(кез)****деги жасануу сымал жасанбагыла! Намазды толук аткаргыла, зекетти бергиле! О.э.*** *(бардык иштерде)* ***Алла жана анын пайгамбарына баш ийгиле!*** *(Эй пайгамбар)****дын үй ичи, Алла силерден күнөөнү кетирүүнү жана силерди биротоло тазалоону гана каалайт».*** **[33:30-33]**
Аяттын башталышынан бул аят пайгамбардын аялдары жөнүндө түшүп, анын аларга гана тиешелүү экендиги ачык көрүнүп турат. Себеби, хытаб (кайрылуу) пайгамбардын аялдарына каратылган болуп, аларга хос кылып коюлган.

{ يَٰنِسَآءَ ٱلنَّبِيِّ لَسۡتُنَّ كَأَحَدٖ مِّنَ ٱلنِّسَآءِ }

***«Эй пайгамбардын аялдары, силер*** *(катардагы)* ***аялдардан бирери сымал эмессиңер».*** **[33:32]**
Мына бул жогорудагы аят пайгамбардын аялдары жөнүндө түшүп, аларга хос экендигине жеткиликтүү түстө далалат кылат. Ушуга ылайык, алар далил кыла турган ***«Өз үйлөрүңөрдө туруктуу отургула»*** аяты Пайгамбар ρдын аялдарына хос. Бул маанини андан кийинки аят да тастыктайт. Анткени, Алла Таала ***«жана силерди бүтүндөй тазалоону каалайт»*** дегенден кийин мындай дейт:

{ وَٱذۡكُرۡنَ مَا يُتۡلَىٰ فِي بُيُوتِكُنَّ مِنۡ ءَايَٰتِ ٱللَّهِ وَٱلۡحِكۡمَةِۚ إِنَّ ٱللَّهَ كَانَ لَطِيفًا خَبِيرًا }

***«Үйлөрүңөрдө Алланын аяттарынан жана хикматтан окула турган нерселерди тилават кылгыла! Албетте, Алла мээримдүү жана баарынан кабардар болгон зат».*** **[33:34]**
Бул аятта Алла аларга үйлөрү вахий түшө турган жер экендигин эстетип, Курандан тилават кылына турган нерселерди унутпоолоруна буюрат.

Бул эки аяттын Пайгамбар ρдын аялдары үчүн түшкөндүгү жана Пайгамбардын аялдарына гана таандык экендиги ачык көрүнүп турат. Алардын эч биринде Пайгамбар ρдын аялдарынан башка аялдарга да өкүм бар экендигине эч кандай ишара жок. О.э. Куранда пайгамбардын аялдарына хос болгон башка аяттар да бар. Мисалы, Алланын төмөндөгү аяты:

{ وَلَآ أَن تَنكِحُوٓاْ أَزۡوَٰجَهُۥ مِنۢ بَعۡدِهِۦٓ أَبَدًاۚ }

***«Жана анын артынан аялдарына үйлөнүүңөр эч качан дурус эмес».*** **[33:53]**

Бул аятка караганда, Пайгамбардын аялдары андан кийин турмуш куруулары мүмкүн эмес. Мунун тескерисинче, мусулман аялдар өз эрлеринен кийин турмушка чыга беришет. Демек, бул хижаб жөнүндөгү эки аят да, Пайгамбардан кийин аялдары турмуш куруулары арам кылынганы сыяктуу, ал заттын аялдарына хос.

Бул жерде – «себептин хостугу эмес балким, сөздүн умумийлиги этибарга алынат» деген коидага карай, бул аяттардын түшүү себеби Пайгамбардын аялдары болуп, аяттар пайгамбардын аялдарына да, башка аялдарга да умумий болот» – деп айтылбайт. Мындай деш туура болбойт. Себеби, аяттын түшүү себеби болуп өткөн окуя болуп, ал вахийдин түшүшүнө себеп болот. Бул жерде болсо Пайгамбардын аялдары болуп өткөн окуя эмес, балким, бул аят белгилүү бир адамдар жөнүндө келген белгилүү бир нусус. Демек, нусус алардын шахсы туурасында. Анткени, Алла Таала айтат:

{ يَٰنِسَآءَ ٱلنَّبِيِّ لَسۡتُنَّ كَأَحَدٖ مِّنَ ٱلنِّسَآءِۚ }

***«Эй пайгамбардын аялдары, силер (катардагы) аялдардан бирери сымал эмессиңер».*** **[33:32]**

{ وَإِذَا سَأَلۡتُمُوهُنَّ مَتَٰعٗا }

***«Силер*** *(пайгамбардын аялдарынан)* ***бирер нерсе сураган убагыңарда…».*** **[33:53]**

Бул жерде аялдар маанисин түшүндүрүүчү замир пайгамбардын аялдарына хос болуп, аларга дайын кылынган, башкаларга эмес. Бул аятты улантып, Алла Таала мындай деди:

{ وَمَا كَانَ لَكُمۡ أَن تُؤۡذُواْ رَسُولَ ٱللَّهِ }

***«Силер үчүн Алланын пайгамбарына азар берүү жана анын артынан аялдарына үйлөнүүңөр эч качан дурус эмес».*** **[33:53]**

Бул аят алардын хижабданышынын иллетин маалым кылып жатат. Булардын баары бул аяттар пайгамбардын аялдары жөнүндө келген нусус экендигин билдирет. «Себептин хостугу эмес, балким, сөздүн умумийлиги этибарга алынат» коидасы бул аяттарга туура келбейт.

О.э. «Пайгамбардын аялдарына каратылган хытаб муслима аялдар үчүн да хытаб болуп эсептелет» деп айтпоо керек. Себеби, белгилүү бир адам үчүн айтылган хытаб бардык момундар үчүн да хытаб эсептелиши Пайгамбар ρга гана тиешелүү болуп, ал заттын аялдарына

кылынган хытабды өз ичине албайт. Ушуга караганда, Пайгамбар ρга кылынган хытаб бардык момундарга кылынган хытаб болот. Ал эми, ал заттын аялдарына кылынган хытаб болсо, алардын өздөрүнө гана тиешелүү болот. Анткени, Расул ρга Алла Таала тарабынан кылынган ар кандай хытабдан, Расулулла ρдын кылган бардык амалдарынан жана унчукпагандыгынан өрнөк алынат, эгер булар ал заттын өзүнө гана тиешелүү болгон өзгөчө касиеттер болбосо. Пайгамбар ρ аялдарынан болсо үлгү алынбайт. Анткени, Алла Таала айтты:

{ لَّقَدۡ كَانَ لَكُمۡ فِي رَسُولِ ٱللَّهِ أُسۡوَةٌ حَسَنَةٌ }

«*(Эй момундар),* ***силер үчүн – Алла акырет күнүнөн үмүткөр болгон о.э. Алланы көп жат кылган кишилер үчүн Алланын пайгамбарында көркөм өрнөк бар».*** **[33:21]**

Пайгамбар ρдын аялдары кылгандыктары үчүн бир ишти кылуу же Пайгамбар ρдын аялдары сыпаттангандыктары үчүн бир сыпат менен сыпаттануу маанисинде үлгү болууга алар туура келбейт. Пайгамбар ρ вахийге гана эргешкендиги үчүн үлгү болуу ага хос.

О.э. «Пайгамбар ρдын аялдары үйлөрүндө вахий тилават кылына турган пакиза аялдар болгондуктары үчүн алардан хижабдануу талап кылынган соң, демек, алардан башка муслима аялдардан да хижабдануу талап кылынышы авла» деп да айтпоо керек. Анткени, буга эки себеп бар.

<u>Биринчиден</u>, бул нерсеге «авла» деген коиданы иштетүү туура эмес. Себеби, «авла» коидасы мындай: Алла кичинерээк бир иштен кайтарат. Бул кайтаруу андан чоңураак иштен да кайтаруу болот. Мисалы, Алла Таала айтат:

{ فَلَا تَقُل لَّهُمَآ أُفّٖ }

***«Аларга карап «уф» дебе».*** **[17:23]**

Демек, мында аларга (ата-энеге) кол көтөрбөө авла болот. Бул коида сөздүн агымынан да түшүнүп алынат. Мисалы, Алла Таала айтат:

{ وَمِنۡ أَهۡلِ ٱلۡكِتَٰبِ مَنۡ إِن تَأۡمَنۡهُ بِقِنطَارٖ يُؤَدِّهِۦٓ إِلَيۡكَ وَمِنۡهُم مَّنۡ إِن تَأۡمَنۡهُ بِدِينَارٖ لَّا يُؤَدِّهِۦٓ إِلَيۡكَ إِلَّا مَا دُمۡتَ عَلَيۡهِ قَآئِمٗاۗ }

***«Китеп берилгендердин арасында кынтарды аманат кылып койсоңор, кыянат кылбай силерге кайтара турган адамдар да бар. Алардын арасында бир динарды ишенип берсеңер, тээ үстүндө*** *(жанында)* ***туруп алмайынча силерге кайтарып бербей турган адамдар да бар».*** **[3:75]**

Мында «кынтар»ды т.а. эсепсиз байлыкты кыянат кылбай кайра берген адам андан азырагын кайтарып бериши өз-өзүнөн белгилүү. Бир динарды кайра бербеген адам андан көбүрөөгүн кайра бербеши да өз-өзүнөн белгилүү. Мындай абалдар «авла» түркүмүнө кирет. Хижаб аяты болсо бул түркүмгө кирбейт. Себеби, аяттын агымы башка түшүнүккө эмес, балким, бир гана Пайгамбар ρдын аялдарына далалат кылат. «Пайгамбардын аялдары» сөзү «алардан башка аялдар авла» (б.а. Пайгамбардын аялдарына буюрулгандан кийин, демек, башка муслималарга да буюрулгандыгы өз-өзүнөн белгилүү да) мааниси түшүнүп алына турган сыпат эмес, балким, ал жамид исм болуп, андан башка маани түшүнүлбөйт. Демек, нусуста келген сөздөн эмне түшүнүлсө, бул сөз ошол нерсеге тиешелүү болот жана башка мааниге, башка түшүнүккө өтүлбөйт. Хижаб аяты болсо, аяттын сөздөрүндө да, анын агымында да «авла» коидасына таптакыр туура келбейт.

Экинчиден, бул эки аят атайын жеке адамдар үчүн айтылган буйрук болуп, белгилүү бир сыпаттар менен сыпаттангандыктары себептүү, алардын өздөрүнө гана каратылган. Ошондуктан, алардан жогору болушабы же төмөн болушабы, айтор, башкалар үчүн таптакыр буйрук болбойт. Себеби, аятта белгилүү бир сыпат айтылып, бул сыпат белгилүү бир адамдарга гана тийиштүү. Пайгамбардын аялдары башка аялдарда болбогон сыпат т.а. «Пайгамбардын аялдары» деген сыпатка ээ болгондуктары себептүү, бул буйрук пайгамбардын аялдарына каратылган буйрук болуп калат. Анткени алар катардагқ аялдар сқмал эмес жана бул амал Пайгамбарга азар берет.

«Себептин хостугу эмес, балким, сөздүн умумийлиги этибарга алынат» коидасы туура келбеген соң, пайгамбардын аялдарынан өрнөк алынбаган соң, жана «авла» коидасы да туура келбеген соң, нусус пайгамбардын аялдары жөнүндө экендиги катъий түстө тастыкталды. Демек, бул эки аят Пайгамбар ρдын аялдарына тиешелүү экендиги жана эч бир жактан мусулман аялдарын өз ичине албоосу тастыкталды. Муну менен хижаб пайгамбардын аялдарына тийиштүү экендиги жана үйлөрдө туруктуу болуу да аларга тийиштүү экендиги далилденет. О.э. муслима аялдарды шарият хижабга (жүзүн тосууга) буюргандыгына бул аяттарды далил кылуу туура эместиги маалым болот.

Ал эми экинчи аят болсо, Алла Тааланын:

{ يُدۡنِينَ عَلَيۡهِنَّ مِن جَلَٰبِيبِهِنَّۚ }

***«Үстүлөрүнө жамынчыларын орошсун!».*** **[33:59]**
аяты болсо, мазмуну жана мааниси жагынан эч кандай абалда жүздү жабууга далалат кылбайт. Аятта муну түшүндүрө турган атайын сөз да жок, мейли, түшүү себебин туура деп алган күндө да, *«Үстүлөрүнө жамынчыларын орошсун!»* аятынын мааниси – «жилбабдарын узун кылышсын» дегени. Бул жердеги «мин» баян маанисинде келген болуп,

ал «бир бөлүгү» маанисинде эмес. Ошондуктан, аяттан «үстүлөрүнө жилбабдарын узун кылып таштасын» деген маани түшүнүлөт. Араб тилиндеги «юдниййна» сөзүнүн мааниси узун кылып таштоону түшүндүрөт. Жилбаб болсо, жамына турган жамынчы-кийим же бардык денени орой турган кийим. «Комусул-мухитте» мындай деп айтылган: «Жилбаб сирдаб жана синмарга окшойт. Ал аялдын кең кийими болуп, жамынчы сыяктуу аны менен кийимдерин ороп алат». Жавхарий «Сихах»та «Жилбаб – жамынчы» деп айткан. Хадисте жилбаб аял кийимдерин ороп ала турган жамынчы маанисинде келген. Умму Атийя риваят кылат:

**«أَمَرَنَا رَسُولُ اللَّهِ ρ أَنْ نُخْرِجَهُنَّ فِى الْفِطْرِ وَالأَضْحَى، الْعَوَاتِقَ وَالْحُيَّضَ وَذَوَاتِ الْخُدُورِ، فَأَمَّا الْحُيَّضُ فَيَعْتَزِلْنَ الصَّلاَةَ وَيَشْهَدْنَ الْخَيْرَ، وَدَعْوَةَ الْمُسْلِمِينَ. قُلْتُ يَا رَسُولَ اللَّهِ إِحْدَانَا لاَ يَكُونُ لَهَا جِلْبَابٌ، قَالَ: لِتُلْبِسْهَا أُخْتُهَا مِنْ جِلْبَابِهَا»**

«Расулулла ρ бизге жаш кыздарды, хайз көрүп турган жана бойго жеткен кыздарды Рамазан жана Курбан айттарына чыгарышыбызды буюрду: **«Хайз көрүп тургандары намаздан четтешет, жакшылыкка жана мусулмандардын дубасына күбө болушат».** Айттым: «Кимдир бирөөнүн жилбабы болбосочу?» Айтты: **«Ага эжеси жилбабын кийгизсин».**Мунун мааниси: аялдын көчөгө чыгуу үчүн кийе турган кийими болбосо эмне кылат? Расулулла, анын эжеси кийиминин үстүнөн кие турган кийимин ага берип турушун буюрган. Ушуга караганда, аяттын мааниси төмөндөгүчө болот. Алла Таала Расулулла ρдан өз аялдарына, кыздарына жана момундардын аялдарына кийимдерининин үстүнөн кие турган кийимдерин ылдый түшүрүп, узун кылып алууларын айтышын талап кылган. Буга дагы Ибн Аббастын «Жилбаб – жогорудан ылдыйга чейин тосуп тура турган рида» дегени да далил. Демек, аят кең кийим болгон жилбабды ылдый түшүрүп, узун кылып алууну билдирип, башка эч нерсени билдирбейт. «Үстүлөрүнө жилбабдарын узун кылып таштап алышсын» сүйлөмүнөн кантип «кийимдерин жүздөрүнө тосуулары» түшүнүлсүн? «Узун кылып таштап алышсын» жана «жилбаб» сөздөрү лугавий жана шаръий маанилер чек арасында канчалык кеңири чечмеленбесин, аят кийимди узун кылып алууну, өйдөгө эмес, балким, ылдыйга карай узун кылып түшүрүп алууну түшүндүрөт. Ушуга караганда, бул аятта хижабга эч кандай далил жок. Куран сөздөрү жана сүйлөмдөрү өзүнүн лугавий жана шаръий маанилери менен тафсир кылынып, булардан башкасы менен тафсир кылынышы мүмкүн эмес. Лугавий мааниси анык т.а. аялдарга буюрулган: жилбабдарын узун кылып таштап алышсын. Т.а. кийимдеринин үстүнөн кие турган кийимдерин тамандарын да жаап тура турган даражада узун кылып алышсын. Кийимди ылдый түшүрүп

алуунун мааниси хадисте да келген. Ибн Умар риваят кылган, Расулулла ρ айтты:

«مَنْ جَرَّ ثَوْبَهُ خُيَلاَءَ لَمْ يَنْظُرِ اللَّهُ إِلَيْهِ يَوْمَ الْقِيَامَةِ، فَقَالَتْ أُمُّ سَلَمَةَ: فَكَيْفَ يَصْنَعُ النِّسَاءُ بِذُيُولِهِنَّ؟ قَالَ: يُرْخِينَ شِبْرًا، قَالَتْ: إِذًا تَنْكَشِفَ أَقْدَامُهُنَّ؟ قَالَ: يُرْخِينَ ذِرَاعًا لاَ يَزِدْنَ»

**«Кимде-ким текеберлик кылып, этектерин сүйрөп жүрсө, кыямат күнү Алла ага карабайт».** Ошондо Умму Салама сурады: «Анда аялдар этектерин эмне кылышат?», айтты: «**(Тизелеринен) бир карыч түшүрүшсүн (узун кылышсын)**». Айтты: «Анда тамандары ачылып калат экен да?». Айтты: «**Тизелеринен бир зироъ т.а. бир билек узундугунча узартышсын. Мындан ашык узартышпасын».**

Жогорудагы пикирлер Алла муслима аялдарга никобду фарз кылгандыгын айтуучулар далил кылып келтиришкен аяттар туурасында эле. Хижабга далил кылып келтирилген хадистер болсо, ага далалат кылбайт. Мисалы, мукотаб т.а. азат болуу үчүн келишим түзгөн кул келишиминдеги акча өлчөмүндөгү акчага ээ болсо, андан хижабдануу лазымдыгы жөнүндөгү хадис Пайгамбар ρдын аялдарына хос. Муну Абу Калобанын хадиси да тастыктайт: «Пайгамбар ρдын аялдары, мукотабдын мойнунда бир динар калса да, андан хижабданышпас эле». Көрүнүп тургандай, хадисте муслима аялдын хижабданышына эч бир ишара жок. Умму Салама хадисинде Расулулла ρ андан жана Маймунадан хижабданууларын талап кылганына келсек, ал Пайгамбар ρдын аялдарына хос жана бул хадис Умму Салама жана Маймуна жөнүндө баян кылган. Хадистин матны төмөнкүдөй: Ибн Шихаб Умму Саламанын кулу Набахондон риваят кылат, Умму Салама ага минтип айтып берген экен:

«كُنْتُ عِنْدَ رَسُولِ اللَّهِ ρ وَمَيْمُونَةُ، قَالَتْ فَبَيْنَمَا نَحْنُ عِنْدَهُ أَقْبَلَ ابْنُ أُمِّ مَكْتُومٍ فَدَخَلَ عَلَيْهِ وَذَلِكَ بَعْدَ مَا أُمِرْنَا بِالْحِجَابِ، فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ρ: اِحْتَجِبَا مِنْهُ. فَقُلْتُ: يَا رَسُولَ اللَّهِ أَلَيْسَ هُوَ أَعْمَى لاَ يُبْصِرُنَا وَلاَ يَعْرِفُنَا. فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ρ: أَفَعَمْيَاوَانِ أَنْتُمَا أَلَسْتُمَا تُبْصِرَانِهِ»

«Мен жана Маймуна Расулулланын үзүрүндө элек. Биз ал кишинин алдында турганыбызда, Ибн Умми Мактум келип, ал кишинин алдына кирди. Бул окуя бизге хижаб фарз кылынгандан кийин болгон эле. Ошондо Расулулла ρ: «**Андан хижабдангыла**» деди. Мен: «Ал сокур, бизди көрбөйт да, тааныбайт» дедим. Ошондо ал зат: «**Силер да сокурсуңарбы, аны көрбөй жатасыңарбы»**, - деди (Термизий риваяты). Аиша энебизден риваят кылынган: «Биз Расулулла ρ менен бирге эхрамда элек, алдыбыздан атчандар өтүп турушар эле. Биздин

тушубуздан өтүшкөндө, ар бирибиз жилбабыбызды (жамынчыбызды) башыбыздан ылдый жүзүбүзгө түшүрүп алар элек. Өтүп кетишкенден кийин ачар элек». Бул хадис Бухарий Ибн Умардан риваят кылган хадиске тескери:

«لاَ تَنْتَقِبُ الْمَرْأَةُ الْمُحْرِمَةُ وَلاَ تَلْبَسُ الْقُفَّازَيْنِ»

**«Эхрамдагы аял жүзүнө чүмбөт да жаппайт, кол кап да кийбейт».** «Фатх» китебинде айтат: «Чүмбөт – мурунга же көздүн астына байлана турган жамынчы». Аиша энебиздин хадиси эхрамдагы аялдардын алдынан атчандар өткөн убакта, беттерин тосуп алгандыктарын баян кылып жатат. Ибн Умардын хадиси болсо, чүмбөт кийүүгө тыюу салышына далалат кылып жатат. Анткени, ал жүздүн астыңкы бөлүгүн гана тосот. Бул эки хадис кандайча ылайыкташтырылат. Эки хадиске кайрылуу аркылуу Аиша энебиздин бул хадиси, Мужахиддин Аишадан кылган риваятынан деп иллеттенгени маалым болот. Яхя ибн Саид ал-Каттон, Яхя ибн Маин жана Абу Хотам – Мужахид Аиша энебизден хадис укпагандыгын айтып өткөн. Мейли, Мужахид Аиша τдан хадис уккан деп айткандар болсо да – мисалы, Али ибн Мадинийдин «мен Мужахиддин бир тайпа сахабалар менен учурашканын инкар кылбаймын, ал Аишадан да хадис уккан» деген сөзү жана Бухарийдеги башка бир хадисте да Мужахид Аишадан хадис уккандыгы сыяктуу – бирок, Абу Давуд аттуулар туурасындагы хадис жөнүндө сүкүт сактаган. Белгилүү болгондой, Абу Давуд өзүндөгү бирер хадис жөнүндө сүкүт сактаса, ошол хадис сахих, ал хужжат болууга жарайт деп этибар кылынат. Бирок, андан сахихирээк хадис ага тескери келип калса, ал хадис ташталат. Ибн Умардын хадиси сахих хадис болуп, аны Бухарий риваят кылган, ал Аишанын хадисинен күчтүүрөөк. Мына ошондуктан, Аиша энебиздин хадиси сахих хадиске тескери келгендиги себептүү кайтарылат жана ал далил кылынбайт. Эми Фазл ибн Аббас жөнүндөгү хадиске келсек, анда хижабга далил жок. Балким, хижабдын жоктугуна далил бар. Себеби, хосъамийя жүзү ачык абалда Расулулла ρдан сураган эле. Жүзү ачыктыгына далил, Фазл анын жүзүнө караган. Бул хадистин дагы бир риваятында мындай делет:

«وَأَخَذَ رَسُولُ اللَّهِ ρ الْفَضْلَ فَحَوَّلَ وَجْهَهُ مِنَ الشِّقِّ الآخَرِ»

«Расулулла ρ Фазлдын жүзүн башка тарапка буруп койду». Бул кыссаны Али ибн Абу Талиб риваят кылган жана кошумча кылган: «Аббас: «Я Расулулла ρ эмнеге абаңыздын уулунун башын буруп койдуңуз!» - деп сураганда,

«رَأَيْتُ شَابًّا وَشَابَّةً فَلَمْ آمَنِ الشَّيْطَانَ عَلَيْهِمَا»

**«Жаш жигит менен жаш кызды шайтан туура жолдон азгырышынан корктум»** - деди». Демек, хосъамиянын хадиси хижабдын болушуна эмес, балким, хижабдын болбошуна далил болот.

Себеби, Расулулла ρ аны жүзү ачык абалда көргөн эле. Ал эми, Фазлдын башын буруп коюшуна келсек, Фазл кызга кумарлануу менен караганын, кыз да ага караганын көрдү. Буга Алинин: «**Шайтан аларды туура жолдон азгырышынан корктум**» деген риваяты далил. Мына ошондуктан, анын жүзүн карагандыгы үчүн эмес, балким, кумарлануу ышкысы менен карагандыгы үчүн буруп койду. Кумарлануу менен кароо жүз менен колго болсо да арам. Кокусунан кароо жөнүндөгү хадиске келсек, Расулулла ρ Жарирге көзүн алып качууну т.а. көзүн тосууну буюрду. Бул Алла Тааланын:

﴿ قُل لِّلْمُؤْمِنِينَ يَغُضُّوا۟ مِنْ أَبْصَٰرِهِمْ ﴾

*«(Эй Мухаммад), **момундарга айткын, көздөрүн** (намахрам аялдарга кароодон) **тосушсун».*** **[24:30]**

- сөзүндө келген «көздү тосуу» деп эсептелет. Бул жерде кокустан кароо жүз менен колго кароо эмес, балким, мында жүз менен колдон башка аврат болгон жайлар көздө тутулуп жатат. Себеби, жүз менен колго кароо кокусунан болбогон абалда да мүмкүн. Жүз менен колго кароонун мубах экендигине далил хосъамиянын өткөн хадиси. Дагы бир далил, аялдар Расулулла ρга байъат кылышкан убакта жана аларга насаат кылган убакта Пайгамбар ρ алардын жүздөрүнө карачу. Бул болсо кокустан кароо жөнүндө суралганда жүз менен кафттан башка жайлар көздө тутулганына далалат кылат. Ал эми, «**Кароого кароону ээрчитпе**» хадисине келсек, бул хадис бир жолу кароодон эмес, балким, кайра-кайра кароодон кайтарган.

Мына ушуга караганда, «Алла никобду шаръий өкүм кылган» деп айта турган кишилер далил кылып келтирген хадистерде никобдун важибдигине далил жок. Муну менен, Алла никобду муслима аялдарга важиб кылгандыгына о.э. намазда да, намаздан тышкарыда да жүз менен колдун аврат экендигине далил боло турган далилдин жоктугу маалым болот. Далил кылып келтирилип жаткан далилдерди буга далил кылууга күчтүү негиз жок.

Ал эми, жүз менен колдун аврат эместигине, аял киши жүзү жана колу ачык абалда бардык жерде базар жана көчөлөргө чыгышы мүмкүн экендигине келсек, бул Куран жана Хадисте келген.

Ал эми, Курандагы далилдерге келсек, Алла Таала мындай деген:

﴿ وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا ۖ وَلْيَضْرِبْنَ بِخُمُرِهِنَّ عَلَىٰ جُيُوبِهِنَّ ۖ ﴾

*«**Көрүнүп тургандан башка зыйнаттарын** (намахрамдарга) **көрсөтүшпөсүн жана көкүрөктөрүн оромолдору менен тосушсун!»*** **[24:31]**

Алла Таала муминаларды зыйнаттарын көрсөтүүдөн кайтарган т.а. зыйнат орундарын көрсөтүүдөн кайтарган. Себеби, кайтаруудан

көздөлгөн максат, алардын орундары. Зыйнат орундарынан алардын көрүнүп тургандарын истисна кылган. Бул истисна ачык-айкын болуп, ал ушуну түшүндүрөт: аял кишиде ачык тура турган зыйнат орундары бар болуп, аны аялдагы зыйнат орундарын көрсөтүүдөн кайтаруу өз ичине албайт. Бул түшүнүктүү болуп, эч кандай кеп-сөзгө муктаж эмес. Демек, Алла Таала момун аялдарды көрүнүп тургандан башка зыйнат орундарын көрсөтүүдөн кайтарып жатат. Эми ***«Көрүнүп тургандан башка»*** сөзү көздө туткан мүчөлөргө келсек, анын тафсири эки ишке кайтат. Алардан биринчиси – накл кылынган тафсир. Экинчиси болсо, бул аят түшкөн доордо т.а. Расулулла ρдын доорунда ал кишинин алдында мусулман аялдардан көрүнүп турган нерселерге аны турмушка колдонуу убагында ***«көрүнүп турган»*** сөзүнөн түшүнүлгөн маани.

Эми накл кылынган тафсирге келсек, бул аяттын тафсири туурасында Ибн Аббастан «көрүнүп турган» сөзүнөн «жүз менен эки кафт» көздө тутулат деп риваят кылынган. Муфассирлер да ушул тафсирди алышкан. Мисалы, Имам Ибн Жарир Табарий: «Муну менен жүз жана кол көздө тутулган» деген кишинин сөзү тууравраак» - деп айткан. Куртубий болсо, «Көбүнчө адатта да, хаж жана намаз сыяктуу ибадатта да жүз менен эки кафт көрүнүп тургандыгы үчүн истиснанын (авратка кошпоонун) ушул эки мүчөгө кайтышы туура болот» деп пикир билдирген. Имам Замахшарий: «Аял киши нерселерди колу менен кармоого жана жүзүн ачууга, айрыкча, күбөлүк берүүдө, талкуулашып-чечишүүдө жана никеде муктаж болот. О.э. жолдордо жүрүүгө жана буттарынын көрүнүп турушуна, айрыкча, алардын кембагалдары муктаж болот. Булар ***«көрүнүп тургандан башка»*** сөзүнүн мааниси», - деп айткан.

Ал эми, «көрүнүп турган» сөзүнөн түшүнүлгөн мааниге келсек, бул аят түшкөн убакта көрүнүп турган нерсе жүз менен эки кафт экендиги маалым болот. Аялдар жүздөрүн жана эки кафтын Расулулла ρдын алдында ачып жүрүшөр эле. Ал киши муну инкар кылбас эле. О.э. алар жүздөрүн жана эки кафтын базар жана жолдо ачып жүрүшөр эле. Бул туурасында өтө көп хадистер бар болуп, төмөндө алардын бир нечесин мисал кылып келтиребиз:

1. Жабир ибн Абдулладан риваят кылынат: «Мен айт күнү Расулулла ρ менен бирге элем. Хутбадан мурда азан жана икоматсыз намазды баштады. Кийин Билалга сүйөнүп турду. Алладан таква кылууга буюрду жана Ага итаат кылууга үндөдү. Адамдарга насаат кылып, аларга таалим берди. Кийин аялдардын алдына келди жана аларга да таалим берип, мындай деди:

«تَصَدَّقْنَ فَإِنَّ أَكْثَرَكُنَّ حَطَبُ جَهَنَّمَ، فَقَامَتِ امْرَأَةٌ مِنْ سِطَةِ النِّسَاءِ سَفْعَاءُ الْخَدَّيْنِ، فَقَالَتْ: لِمَ يَا رَسُولَ اللَّهِ؟ قَالَ: لأَنَّكُنَّ تُكْثِرْنَ الشَّكَاةَ وَتَكْفُرْنَ الْعَشِيرَ»

**«Садака кылгыла, себеби, силердин көбүңөр тозок үчүн отун болосуңар».** Ошондо аялдардын арасынан эки жүзү карайган бир аял: «Эмнеге, я Расулулла?» - деп сурады. **«Себеби, силер көп даттанасыңар жана эриңердин жакшылыктарына шүгүр кылбайсыңар»** - деп жооп берди. Жабир айтты: «Кийин алар шакек жана сөйкөлөрүнөн Билалдын этегине таштап, өз зыйнаттарынан садака кыла башташты» (Муслим риваяты).

2. Ато ибн Абу Рабахдан риваят кылынат. Мага Ибн Аббас: «Сага бейиши болгон аялды көрсөтөйүнбү?» - деди. Мен «Ооба» дедим. «Бул кара аял - деди - ал Набий ρдын алдына келип: «Менин талма кеселим кармап калат жана өзүмдү билбей калам. Ошондо авраттарым ачылып калат. Аллага дуба кылыңыз» - деди. Расулулла ρ ага:

«إِنْ شِئْتِ صَبَرْتِ وَلَكِ الْجَنَّةُ، وَإِنْ شِئْتِ دَعَوْتُ اللَّهَ أَنْ يُعَافِيَكِ»

**«Эгер кааласаң, сабыр кыл жана сен үчүн бейиш болот, эгер кааласаң, сага ден-соолук беришин сурап Аллага дуба кылам»**, - деди. Ал аял «сабыр кылам» деди. Кийин «Мен ачылып калам. Мен үчүн Аллага дуба кылыңыз, ачылып калбайын» деди. Ошондо ал үчүн дуба кылды (Табароний «Кабир»де келтирген).

3. Расулулла ρ байъатта аялдарга кол берип учурашкандыгы колдун аврат эместигине далил болот. Умму Атийядан риваят кылынат:

«بَايَعْنَا النَّبِيَّ A فَقَرَأَ عَلَيْنَا أَنْ لاَ يُشْرِكْنَ بِاللَّهِ شَيْئًا وَنَهَانَا عَنِ النِّيَاحَةِ، فَقَبَضَتِ امْرَأَةٌ مِنَّا يَدَهَا فَقَالَتْ: فُلاَنَةُ أَسْعَدَتْنِي وَأَنَا أُرِيدُ أَنْ أُجْزِيَهَا، فَلَمْ يَقُلْ شَيْئًا فَذَهَبَتْ ثُمَّ رَجَعَتْ»

«Расулулла ρга байъат кылдык. Ал зат: «Аялдар Аллага бирер нерсени шерик кылышпасын» аятын окуп берди жана өлүктөргө ыйлоодон кайтарды. Ошондо арабыздан бир аял колун тартып алды жана «баланча мага ыйлашып берген эле. Мен ага кайтарууну каалайм» деди. Ага эч нерсе дебеди. Ал кетип, кийин кайтып келди» (Бухарий риваяты). Бул хадис аялдар кол менен байъат беришкендигине далил болот. Себеби, бул аял колун байъат үчүн созгондон кийин кайра тартып алды. Хадис аял байъат сөзүн уккан убакта колун тартып алгандыгын жана байъат кол менен болгондугун о.э. Расулулла ρ аялдардан колу менен байъат алгандыгын түшүндүрүп жатат. Ал эми, Аиша энебизден риваят кылынган төмөндөгү:

«وَمَا مَسَّت يَدُ رَسُولِ اللَّهِ ρ امْرَأَةً إِلاَّ امْرَأَةً يَمْلِكُهَا»

«Расулулла ρдын колу өзү ээ болгон аялдан башка эч бир аялга тийбеген» (муттафакун алайх) деген хадисине келсек, бул Аишанын райы жана билген нерсеси жөнүндө айтканы. Эгер Аишанын сөздөрү Умму Атийянын хадисине салыштырылса, Умму Атийянын хадиси күчтүү болот. Себеби, ал Расулулла ρдын алдында болгон иш жөнүндө баян кылган жана Расулулла ρ кылган ишке ишара кылган. Демек, ал Аишанын өз райынан күчтүүрөөк.

Хадистерде келген бул үч окуя аял кишинин ачык көрүнүп тура турган мүчөсү жүзү менен эки кафты экендигине ачык-айкын далалат кылат т.а. аятта ***«көрүнүп тургандан башка»*** деп истисна кылынган жайлар – жүз менен кафт. Бул болсо жүз жана колдун намазда да, намаздан тышкарыда да аврат эместигине далил болот. Себеби, аят умумий.

{ وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا }

***«Көрүнүп тургандан башка зыйнаттарын*** *(намахрамдарга)* ***көрсөтүшпөсүн».*** **[24:31]**

Андан кийинки аятка келсек, аяттан түшүнүлгөн маани жүз менен эки кафттын аврат эместигине далил болот. Алла Таала айтат:

{ وَلْيَضْرِبْنَ بِخُمُرِهِنَّ عَلَىٰ جُيُوبِهِنَّ }

***«Жана көкүрөктөрүн оромолдору менен тосушсун!»*** **[24:31]**
Бул аяттагы «хумур» (оромол-жоолуктар) сөзү «химар»дын (оромол-жоолуктун) көптүк сандагы формасы болуп, аны менен баш тосулат. «Жуюб» сөзү болсо «жайб»дын көптүк сандагы формасы болуп, көйнөктүн (жака бөлүгүндөгү) кесилген орду. Демек, Алла Таала жоолукту моюн жана көкүрөккө таштап алууга буюрган. Бул аларды тосуу важиб экендигине далил болот. Аны менен жүздү жабууга буйрубаган. Бул анын аврат эместигине далил болот. «Жайб» сөзүнүн мааниси көкүрөк эмес, балким, көйнөктүн оюлган жакасы болуп, көкүрөктүн үстүндө жана моюндун тегерегинде болот. Жоолукту жайбга жабуу – аны моюн жана көкүрөктөн турган көйнөк жакасына ороо дегени. Демек, башты ороого болгон буйрук жүздү кошпой, моюнга жана көкүрөккө каратылган жана муну менен жүздүн аврат эместигине далалат кылган. Ушуга караганда, никобдун жок экендиги жана Алла Субханаху ва Таала аны шаръий өкүм кылбагандыгы маалым болот.

Булар Курандагы далилдер эле. Эми Алла Таала никобду шаръий өкүм кылбагандыгы жана жүз менен эки кафт аврат эместиги жөнүндөгү хадистердеги далилдерге келсек, Абу Давуд Катодадан Набий ρдын мындай деп айтканын риваят кылган:

«إِنَّ الْجَارِيَةَ إِذَا حَاضَتْ لَمْ يَصْلُحْ أَنْ يُرَى مِنْهَا إِلاَّ وَجْهُهَا وَيَدَاهَا إِلَى الْمِفْصَلِ»

**«Эгер аял киши хайз жашына жетсе, анын жүзү жана эки колунун муунуна чейин гана көрүнүшү мүмкүн»**. Бул хадис жүз менен эки кафттын аврат эместигине о.э. Алла жүз менен эки кафтты тосууну жана никобду шаръий өкүм кылбагандыгына ачык далил.

Китеп жана Сүннөттөн келтирилген жогорудагы далилдер муслима аял – жүзү менен эки кафты ачык абалда базарга чыгышы, жат эркектерге сүйлөшү, алды-сатты, ижара, өкүлдүк, кепилдик жана мына ушундай башка бардык шаръий мамилелерде – адамдар менен мамиле кылышы мүмкүндүгүнө ачык-айкын далалат кылып жатат. Алла Таала хижабды (т.а. жүздү жабууну) Пайгамбар ρдын аялдарына гана шаръий өкүм кылган. Никобду жактап айтылган сөздөр исламий рай эсептелет. Себеби, ал үчүн шибхи далил бар. Мазхаб башы болгон мужтахид имамдардын кээ бирлери хижабды жактап чыгышкан. Бирок, алар далил кылып келтирип жаткан шибхи далил заиф болуп, анда бир аз болсо да далил келтирүү жактары табылбайт.

Дагы бир маселе калды. Ал маселе кээ бир мужтахиддер «фитна коркунучу болгондугу үчүн, никоб аял кишиге шаръий өкүм катарында колдонулат. Ошондуктан, аял киши эркектер арасында жүзүн ачуудан, ал авраттыгы үчүн эмес, балким, фитна коркунучу болгондугу үчүн кайтарылат» деп айтышат. Бул сөз бир нече жактан батыл.

Биринчиси: Фитна коркунучу болгондугу үчүн жүздү ачууну арам кылгандыгына Китепте да, Сүннөттө да, сахабалар ижмасында да жана шаръий иллетке негизделген кыяста да эч бир шаръий нусус келген эмес. Ушуга караганда, шаръан анын эч кандай кыйматы жок жана ал шаръий өкүм деп да этибар кылынбайт. Себеби, шаръий өкүм – Шариънин хытабы. Шариънин хытабында фитна коркунучу болгондугу үчүн жүздү ачуу арам кылынгандыгы келбеген. Мына ушундан ага бүтүндөй карама-каршы шаръий далилдердин келгендиги о.э. аят жана хадистер, жүздү жана эки кафтты ачып жүрүүнү мутлак мубах кылгандыгы, кайсы бир нерсе менен кайд кылынбагандыгы жана кандайдыр бир абалга да хос кылып коюлбагандыгы белгилүү болот. Демек, жүздү ачууну харам кылуу жана аны тосууну важиб кылуу жөнүндөгү сөз – Алла адал кылган нерсени харам кылуу жана бүткүл ааламдар Роббиси важиб кылбаган нерсени важиб кылуу болот. Ушуга караганда, ал шаръий өкүм деп эсептелбөөсүнөн тышкары, ачык нусус менен келген шаръий өкүмдөрдү да бекер кылуучу болуп эсептелет.

Экинчиси: Жүздү ачууну харам кылуу жана аны тосууну важиб кылуу үчүн фитна коркунучун иллет кылууга ачык-айкындык жактан да, далалат жактан да, истинбат жактан да, кыяс жактан да эч кандай шаръий нусус келбеген. Демек, ал таптакыр шаръий иллет болбостон,

балким, аклий иллет болот. Аклий иллеттин болсо, шарият өкүмдөрүндө этибары жок. Балким, этибарга алына турган нерсе бир гана шаръий иллет. Ушуга караганда, фитна коркунучу болгондугу себептүү жүздү ачууну харам кылуу жана аны тосууну важиб кылууну шаръий өкүм кылуунун эч кандай кыйматы жок. Себеби, ал шариятта келбеген.

Үчүнчүсү: «Арамга алып баруучу васита да арам» коидасы – фитна коркунучу себептүү жүздү ачууну арам кылууга туура келбейт. Себеби, бул коида өзүндө эки иш толук болушун талап кылат:

Биринчиси, жол арамга алып барат деген күмөндүн үстөм келиши.

Экинчиси, бул жолдун натыйжасында пайда болгон иштин арамдыгына шариятта нусус келген болушу о.э ал нерсе акылдын өзү арам кылып албаган нерселерден болушу. Бул нерсе «фитна коркунучу болгондугу үчүн жүздү ачуу»да жок. Ушуга карай, башкаларды фитналандырып коё турган шахска фитна арам деп алсак, фитна коркунучу бар экендиги үчүн жүздү жабуу «арамга себеп боло турган нерсени да арам кылуу» коидасына туура келбейт. Себеби, анда арамга алып барат деген күмөн үстөм болгон эмес. О.э. фитна коркунучун арам кылууга нусус келбеген жана шарият адамдарды фитналандырып коё турган кишиге фитнанын өзүн арам кылбаган. Балким, карай турган кишиге фитнага алып бара турган кароону арам кылган. Бирок, каралган кишиге арам кылбаган. Бухарий Абдулла ибн Аббастан риваят кылат:

**«كَانَ الْفَضْلُ رَدِيفَ رَسُولِ اللَّهِ ρ فَجَاءَتِ امْرَأَةٌ مِنْ خَثْعَمَ فَجَعَلَ الْفَضْلُ يَنْظُرُ إِلَيْهَا وَتَنْظُرُ إِلَيْهِ وَجَعَلَ النَّبِىُّ ρ يَصْرِفُ وَجْهَ الْفَضْلِ إِلَى الشِّقِّ الآخَرِ»**

«Фазл ибн Аббас Расулулла ρ менен бир улоого учкашып келаткан эле. Хосъамалык аял келип калды. Фазл ага, ал Фазлга карай баштады. Расулулла ρ Фазлдын жүзүн четке буруп койду». Т.а. Фазл ибн Аббастын жүзүн андан буруп койду. Бул хадистин башкача риваяты да буга далил болот:

**«وَأَخَذَ رَسُولُ اللَّهِ ρ الْفَضْلَ فَحَوَّلَ وَجْهَهُ مِنَ الشِّقِّ الآخَرِ»**

«Расулулла ρ Фазлдын жүзүн башка тарапка буруп койду». Бул кыссаны Али ибн Абу Талиб риваят кылган жана кошумча кылган: «Аббас: «Я Расулулла ρ эмнеге абаңыздын уулунун башын буруп койдуңуз!» - деп сураганда,

**«رَأَيْتُ شَابًّا وَشَابَّةً فَلَمْ آمَنِ الشَّيْطَانَ عَلَيْهِمَا»**

**«Жаш жигит менен жаш кызды шайтан туура жолдон азгырышынан корктум»** - деди». Мына ушундан маалым болгондой, Расулулла ρ Фазлдын жүзүн хосъамиядан буруп койду. Бирок, хосъамиянын жүзү ачык боло туруп, ага жүзүн тосууну

буйрубады. Эгер фитнага себеп боло турган кишиге арам болгондо, Фазл хосъамияга фитнага сала турган караш (ышкы назары) менен карагандан кийин, албетте Расулулла ρ ага жүзүн тосууну буйруган болор эле. Бирок, буга аны буйрубады, балким, Фазлдын башын буруп койду. Бул болсо, «арам кылуу» өкүмү каралган кишиге эмес, балким, кароочу кишиге экендигине далалат кылат. Мына ушуга караганда, фитнага себеп боло турган аялга адамдарды фитнага салып коюшун арам кыла турган эч бир нусус келбеген. Балким, аялга анын арам кылынбагандыгына нусус келген. Бирок, мамлекет иштерди башкарууну ишке ашырууда фитнага себеп боло турган адамдардын өзүн адамдардын көзүнөн алыстатуусу жайиз. Муну менен, фитнага себеп боло турган киши менен адамдардын арасын тосуп коёт. Умар ибн Хаттаб дал ушундай ишти кылган. Наср ибн Хажжаж өзүнүн сулуулугу менен аялдардын фитнага түшүп калышына себеп болгондугу үчүн, аны Басрага сүргүн кылган. Бул эркектерге да, аялдарга да умумий. Демек, «фитна коркунучу болгондугу үчүн аялдарга жүздү ачуу арам кылынган» деп айтылбайт. Ошондуктан, бул нерсе «арамга алып баруучу васита да арам» түркүмүнөн болбойт.

## АЯЛ ЖАНА ЭРКЕК ШАРЪИЙ МИЛДЕТТЕР АЛДЫНДА

Ислам аял менен эркектин мойнуна жүктөгөн шаръий милдеттерди алып келген кезде о.э. алардын ар биринин иштерин дабалай турган шаръий өкүмдөрдү баян кылган кезде, алардын ортосундагы теңдик же абзелдик маселелерине карабады жана аларды эч бир этибарга албады. Балким, бул жерде чечимге муктаж боло турган белгилүү бир проблема бар деп карады жана аял же эркектин проблемасы болушуна карабастан, аны белгилүү бир проблема деген этибар менен чечип берди. Демек, чечим эркек же аял үчүн эмес, балким, адамдын феъли (кылган иши) үчүн т.а. адисе проблемасы үчүн болот. Ошондуктан, эркек менен аял ортосундагы теңдик жана теңсиздик маселеси талкуу орду болбойт. Бул сөз исламий мыйзамчылыкта жок. Балким, эркек же аял болушуна карабастан, белгилүү бир адам тарабынан болгон адисе үчүн шаръий өкүм бар.

Ушуга карай, аял менен эркектин ортосундагы теңдик талкуу кылына турган проблема эмес жана ал ижтимаий түзүмдө тема кылып коюла турган маселе да эмес, себеби, аялдын эркекке же эркектин аялга тең болушу коомдук турмушта таасирге ээ болгон маанилүү иш эмес о.э. исламий турмушта пайда болушунун ыктымалы болгон проблема да эмес. Бул термин батыштык термин болуп, батышка карапайымдарча ээрчиген кишилерден башка мусулмандардан эч бир киши бул сөздү айтпайт. Батыш адам деген этибарда аялдын табигый укуктарын тебелеп-тепсеген эле. Кийин, аялдар бул укуктарды талап кылып чыгышты жана бул талап «теңдик» талкуусун бул укуктарга жетишүүнүн жолу кылып алды. Ал эми, Исламда бул сыяктуу терминдерге орун жок. Себеби, ал өзүнүн ижтимаий түзүмүн, жамаат жана коомдун биримдигин, алардын өсүп-өнүгүшүн камсыздай турган о.э. Алла Таала:

{ وَلَقَدۡ كَرَّمۡنَا بَنِيٓ ءَادَمَ }

***«Чындыгында, Адам балдарын азиз кылдык».*** **[17:70]**

- деген сөзү менен улуу кылган адамдын улуулугуна татыктуу болгон чыныгы бак-таалайды эркек менен аял үчүн кепилдей турган бекем негизге курду.

Ушуга карай, Ислам аял үчүн укуктарды белгилеп, анын мойнуна милдеттерди жүктөгөн кезде жана эркек үчүн укуктарды белгилеп, анын мойнуна да милдеттерди жүктөгөн кезде, Шариъ Өзү билгендей, алардын кызыкчылыктарына тийиштүү милдеттерди о.э. «белгилүү бир адамдын белгилүү бир иш-аракети» деген этибар менен алардын иштери үчүн чечимдерди белгилеп берди. Эркек менен аялдын инсаний табияты бул укук жана милдеттердин бир түрдүү болушун талап кылган учурда, аларды бир кыл кылып белгиледи. Тескерисинче, алардын

айырмалуу болушун талап кылган учурда болсо, ар кыл кылып белгиледи. Укук жана милдеттердеги бул бир түрдүүлүк теңдик да, теңсиздик да делбейт. О.э. укук жана милдеттердеги ар түрдүүлүктөн да теңдик же теңсиздик көздө тутулбайт. Себеби, Ислам эркек же аял болобу, кыскасы, жамаатка караган убакта, ага «адамдар жамааты» деген этибар менен карайт. Эркек жана аялдарды өз ичине алуу бул инсаний жамааттын табиятынан. Алла Таала мындай деген:

{ يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ ٱتَّقُواْ رَبَّكُمُ ٱلَّذِى خَلَقَكُم مِّن نَّفْسٍ وَٰحِدَةٍ وَخَلَقَ مِنْهَا زَوْجَهَا وَبَثَّ مِنْهُمَا رِجَالاً كَثِيرًا وَنِسَآءً }

***«Эй инсандар! Силерди бир жандан*** *(Адамдан)* ***жараткан жана андан жубайын*** *(Хаваны)* ***пайда кылган о.э. ал экөөнөн көп эркек жана аялдарды тараткан Роббиңерден корккула!».*** **[4:1]**

Бул көз карашка ылайык Ислам шаръий милдеттерди мыйзам кылды жана бул көз карашка ылайык аял-эркек үчүн укук жана милдеттерди белгилеп берди. Качан укук жана милдеттер инсаний укук жана милдеттер болгондо т.а. качан милдеттер адам катарында адамга тиешелүү милдеттер болгондо сиз бул укук жана милдеттердеги бир кылдыкты т.а. милдеттердеги бир кылдыкты көрөсүз. Эркек менен аялдын ар биринин укуктары жана ар биринин мойнундагы милдеттери ар кыл, ар түркүн болбой, балким, бир кыл гана болот. Т.а. милдеттер эркек жана аялдар үчүн бир кыл болот. Мына ушул жерден Ислам адамды ыйманга даъват кылууда жана Исламга болгон даъватты көтөрүп чыгуу милдетинде эркек менен аялдын ортосун ажыратпаганын көрөбүз. Намаз, орозо, ажы, зекет сыяктуу ибадаттарга тиешелүү милдеттерди милдет тарабынан бир кыл кылып белгиледи. Шаръий өкүмдөрдө келген касиеттер менен сыпаттанууну эркек менен аялдар үчүн бап-барабар кылып белгиледи. Адамга тийиштүү болгон соода-сатык, ижара, өкүлдүк, кепилдик жана башка мамиле өкүмдөрүн эркек менен аялга бирдей кылып белгиледи. О.э. Алланын өкүмдөрүнө тескери иш кылгандарга адам деген көз караште, эркек менен аялды ажыратпастан хад, жинаят жана таъзир сыяктуу укубаттарды (жаза-чараларды) бир кыл кылып белгиледи. Мусулмандарга илим үйрөнүү жана илим үйрөтүүнү важиб кылды жана мында да эркек менен аялды ажыратпады. Алла Таала инсан катары адамга тиешелүү бардык өкүмдөрдү эркек менен аял үчүн бир кыл кылды. Демек, мына ушул тараптан милдеттер т.а. укук жана милдеттер бирдей болду. Бул өкүмдөр туурасында келген аят жана хадистер адам үчүн адам болгондугу тарабынан жана момун үчүн момун болгондугу тарабынан умумий болуп келген. Ушуну менен бирге, көптөгөн аяттар милдет эркек жана аял үчүн экендигин баяндаган. Алла Таала айтат:

{ إِنَّ ٱلۡمُسۡلِمِينَ وَٱلۡمُسۡلِمَٰتِ وَٱلۡمُؤۡمِنِينَ وَٱلۡمُؤۡمِنَٰتِ وَٱلۡقَٰنِتِينَ وَٱلۡقَٰنِتَٰتِ
وَٱلصَّٰدِقِينَ وَٱلصَّٰدِقَٰتِ وَٱلصَّٰبِرِينَ وَٱلصَّٰبِرَٰتِ وَٱلۡخَٰشِعِينَ وَٱلۡخَٰشِعَٰتِ وَٱلۡمُتَصَدِّقِينَ
وَٱلۡمُتَصَدِّقَٰتِ وَٱلصَّٰٓئِمِينَ وَٱلصَّٰٓئِمَٰتِ وَٱلۡحَٰفِظِينَ فُرُوجَهُمۡ وَٱلۡحَٰفِظَٰتِ
وَٱلذَّٰكِرِينَ ٱللَّهَ كَثِيرٗا وَٱلذَّٰكِرَٰتِ أَعَدَّ ٱللَّهُ لَهُم مَّغۡفِرَةٗ وَأَجۡرًا عَظِيمٗا }

***«Албетте, мусулман эркек жана муслима аялдар, момун эркек жана мумина аялдар, моюн сунуучу эркектер жана моюн сунуучу аялдар, чынчыл эркектер жана чынчыл аялдар, сабыр-канаат кылуучу эркектер жана сабыр-канаат кылуучу аялдар, баш ийүүчү эркектер жана баш ийүүчү аялдар, кайыр-садага кылуучу эркектер жана кайыр-садага кылуучу аялдар, орозо кармоочу эркектер жана орозо кармоочу аялдар, авраттарын*** *(арамдан)* ***сактоочу эркектер жана авраттарын*** *(арамдан)* ***сактоочу аялдар, Алланы көп зикир кылуучу эркектер жана Алланы көп зикир кылуучу аялдар – алар****(дын бардыгы)* ***үчүн Алла кечирим жана улуу сыйлык*** *(бейишти)* ***даярдап койгон».*** **[33:35]**

{ وَمَا كَانَ لِمُؤۡمِنٖ وَلَا مُؤۡمِنَةٍ إِذَا قَضَى ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥٓ أَمۡرًا أَن يَكُونَ لَهُمُ ٱلۡخِيَرَةُ مِنۡ أَمۡرِهِمۡۗ
}

***«Алла жана Анын пайгамбары бир ишти өкүм кылган убакта бир да момун жана мумина үчүн*** *(Алланын өкүмүн коюп)* ***өз иштеринен ыктыяр кылууга уруксат эмес».*** **[33:36]**

{ مَنۡ عَمِلَ صَٰلِحٗا مِّن ذَكَرٍ أَوۡ أُنثَىٰ وَهُوَ مُؤۡمِنٞ فَلَنُحۡيِيَنَّهُۥ حَيَوٰةٗ طَيِّبَةٗۖ وَلَنَجۡزِيَنَّهُمۡ
أَجۡرَهُم بِأَحۡسَنِ مَا كَانُواْ يَعۡمَلُونَ }

***«Эркекпи же аялбы – кимде-ким момун болуп туруп бирер жакшы амал кылса, анда, Биз ага пакиза жашоо беребиз жана аларды өздөрү кылып өткөн амалдарынан жакшыраак ажр-сооптор менен сыйлайбыз».*** **[16:97]**

{ وَمَن يَعۡمَلۡ مِنَ ٱلصَّٰلِحَٰتِ مِن ذَكَرٍ أَوۡ أُنثَىٰ وَهُوَ مُؤۡمِنٞ فَأُوْلَٰٓئِكَ يَدۡخُلُونَ ٱلۡجَنَّةَ
وَلَا يُظۡلَمُونَ نَقِيرٗا }

***«Мейли эркек, мейли аял – кимде-ким момун болгон абалында жакшы амалдардан кылса, дал ошол адамдар бейишке киришет жана аларга кымындай да зулум кылынбайт».*** **[4:124]**

{ فَٱسۡتَجَابَ لَهُمۡ رَبُّهُمۡ أَنِّي لَآ أُضِيعُ عَمَلَ عَٰمِلٖ مِّنكُم مِّن ذَكَرٍ أَوۡ أُنثَىٰۖ }

***«Анан Роббилери алардын дубаларына жооп кылып: «Албетте, Мен силерден эч бир амал кылуучу эркек же аялдын амалын бекер кетирбеймин. Анткени, бириңер-бириңерденсиңер».*** **[3:195]**

{ لِّلرِّجَالِ نَصِيبٞ مِّمَّا تَرَكَ ٱلۡوَٰلِدَانِ وَٱلۡأَقۡرَبُونَ وَلِلنِّسَآءِ نَصِيبٞ مِّمَّا تَرَكَ ٱلۡوَٰلِدَانِ
وَٱلۡأَقۡرَبُونَ مِمَّا قَلَّ مِنۡهُ أَوۡ كَثُرَۚ نَصِيبٗا مَّفۡرُوضٗا }

***«Эркектер үчүн ата-энелери, жана тууган-уруктары калтырып кеткен мурастан үлүш бар. Аялдар үчүн да ата-энелери жана тууган-уруктары калтырып кеткен мурастан үлүш бар. Бул үлүштөр аз-көптүгүнө (карабастан) фарз кылынган акылардан».*** **[4:7]**

{ لِّلرِّجَالِ نَصِيبٞ مِّمَّا ٱكۡتَسَبُواْۖ وَلِلنِّسَآءِ نَصِيبٞ مِّمَّا ٱكۡتَسَبۡنَۚ }

***«Эркектер да өз эмгектеринен үлүш алышат, аялдар да өз эмгектеринен үлүш алышат».*** **[4:32]**

Бул өкүмдөр канчалык ар кыл жана ар түрдүү болбосун, Алла Таала адам катары адамга тийиштүү бардык шаръий өкүмдөрдү эркек менен аял үчүн теппе-тең бир кыл шаръий өкүм кылганын көрөбүз. Бирок, бул нерсе эркек менен аялдын ортосундагы теңдик деп этибар кылынбайт. Балким, алар адам үчүн шаръий өкүм кылынган өкүмдөр болуп, эркек менен аял үчүн бирдей. Себеби, алардын экөө тең адам. Бул өкүмдөр – Алла Тааланын адамдардын иштерине тийиштүү болгон хытабы.

Качан бул укуктар, вазыйпалар т.а. бул шаръий милдеттер аял катары аялдын табиятына, жамаат жана коомдогу анын ордунун табиятына о.э. эркек катары эркектин табиятына, жамаат жана коомдогу анын ордунун табиятына тийиштүү болсо, бул укуктар, вазыйпалар т.а. бул милдеттер эркек менен аялдардын арасында ар түрдүү болот. Себеби, алар бүткүл адамзат үчүн чечим эмес, балким, ал бири экинчисинен айырмалана турган башка-башка инсаний табиятка ээ болгон адамдын ушул (аял же эркек деген) түрү үчүн чечим болот. Демек, чечим бардык адам үчүн эмес, балким, адамдын ушул түрү үчүн чечим болушу шарт. Ошондуктан, жалпы турмушта жана эркектер жамаатында боло турган иштерде эки аялдын күбөлүк бериши бир эркектин күбөлүк бериши менен тең кылып белгиленди. Мисалы укук жана мамилелерге аялдын күбөлүк бериши сыяктуу. Алла айтат:

{ وَٱسۡتَشۡهِدُواْ شَهِيدَيۡنِ مِن رِّجَالِكُمۡۖ فَإِن لَّمۡ يَكُونَا رَجُلَيۡنِ فَرَجُلٞ وَٱمۡرَأَتَانِ مِمَّن تَرۡضَوۡنَ مِنَ ٱلشُّهَدَآءِ أَن تَضِلَّ إِحۡدَىٰهُمَا فَتُذَكِّرَ إِحۡدَىٰهُمَا ٱلۡأُخۡرَىٰۚ }

***«Дагы силер ыраазы боло турган** (адилеттүү) **күбөлөрдөн эки эркек кишини, эгер эки эркек табылбаса, бир эркек жана эки аялды – бири унутуп адашса, экинчиси эстетет – күбө кылгыла!»*** **[2:282]**

Аялдар мончосунда боло турган кылмыш сыяктуу жалаң аялдар жамаатында боло турган жана ал жерде эркектер болбой турган иштерде жалаң аялдардын күбөлүгү кабыл алынат. Бакиралык, жесирлик жана эмизүү сыяктуу жалаң аялдар кабардар боло турган иштерде бир аялдын күбөлүгү менен чектелинет. Себеби, Расулулла ρ эмизүүдө бир аялдын күбөлүгүн кабыл алган. Бухарий Укба ибн Хористен келтирет, ал айтты: Мен бир аялга үйлөнгөн элем, бир аял келип: «Мен экөөңдү тең эмизгенмин» - деди. Ошондо Набий ρдын алдына келдим эле, ал киши:

**«وَكَيْفَ وَقَدْ قِيلَ؟ دَعْهَا عَنْكَ، أَوْ نَحْوَهُ»**

**«Ушул кептен кийин да аны менен жашай бересиңби? Аны таштагын»,** деди. Башка риваятта болсо: **«**Анан аны ал аялдан кайтарды» делген. Ислам мураста аялдын үлүшүн кээ бир абалдарда эркек үлүшүнүн жарымына тең кылып белгиледи. Алла Таала айтат:

{ يُوصِيكُمُ ٱللَّهُ فِيٓ أَوۡلَٰدِكُمۡۖ لِلذَّكَرِ مِثۡلُ حَظِّ ٱلۡأُنثَيَيۡنِۚ }

***«Алла перзенттериңерге** (тийиштүү мурас) **жөнүндө, бир уул үчүн эки кыздын үлүшүнө барабар мурас берүүнү амир кылат».***

**[4:11]**

Бул перзенттер бир тууган ага-инилер жана аталаш (т.а. атасы бир, энеси башка) ага-инилер сыяктуу асабалар туурасында. (Асаба – ата тарабынан болгон туугандар). Анткени, ушундай абалда аялдын вакиълиги мындай болот – эгер аял факир болсо, ал иштөөгө кудурети жетсе да, анын нафакасы агасынын мойнуна важиб болот. Кээ бир абалдарда аялдын насибеси эркектин насибеси сыяктуу кылып белгиленген. Алла Таала айтат:

{ وَإِن كَانَ رَجُلٞ يُورَثُ كَلَٰلَةً أَوِ ٱمۡرَأَةٞ وَلَهُۥٓ أَخٌ أَوۡ أُخۡتٞ فَلِكُلِّ وَٰحِدٖ مِّنۡهُمَا ٱلسُّدُسُۚ فَإِن كَانُوٓاْ أَكۡثَرَ مِن ذَٰلِكَ فَهُمۡ شُرَكَآءُ فِي ٱلثُّلُثِۚ }

***«Эгер мурасы калып жаткан эркек же аялдын атасы да, энеси да болбой** (энелеш) **бир ага же иниси, же болбосо, бир эже же***

***сиңдиси калган болсо, алардын экөөнүн ар бирине алтыдан бири тиет. Эми эгер алар бирден артык болушса, алар мурастын үчтөн бир бөлүгүнө шериктеш болушат».*** **[4:12]** Бул энелеш (б.а. энеси бир, атасы башка) ага-инилер туурасында. Бул учурда, аялдын абалы мындай болот: Анын нафакасы энелеш агасынын мойнуна важиб болбойт. Себеби, ал махрам болсо да, бирок, анын мойнуна нафака важиб боло турган кишилерден эмес.

Ислам эркектин кийими аялдын кийиминен айырмалуу болушуна буйругандай, аялдын кийими да эркектин кийиминен айырмалуу болушуна буюрду. О.э. алардын кийимде жана анын өзүнө гана тиешелүү болгон башкасын андан ажыратып тура турган нерселерде бири экинчисине окшошуп калышына тыюу салды. Мисалы, дененин кээ бир мүчөлөрүн жасалгалоодо ж.б. Абу Хурайрадан риваят кылынат:

**«لَعَنَ رَسُولُ اللهِ ρ الرَّجُلَ يَلْبَسُ لِبْسَةَ الْمَرْأَةِ، وَالْمَرْأَةَ تَلْبَسُ لِبْسَةَ الرَّجُلِ»**

**«Расулулла ρ аялдын кийимин кие турган эркекти жана эркектин кийимин кие турган аялды наалаттады».** Ибн Абу Мулайкадан риваят кылынат, Аиша Iдан Эркектер бут кийимин кие турган аял жөнүндө суралганда:

**«لَعَنَ رَسُولُ اللَّهِ ρ الرَّجُلَةَ مِنَ النِّسَاءِ»**

**«Расулулла ρ аялдардын эркектерге эркектерге окшоого умтулгандарын наалаттады»**, - деп жооп берди. Абдулла ибн Амрдан риваят кылынат: Расулулла ρдын ушундай деп айтканын уктум:

**«لَيْسَ مِنَّا مَنْ تَشَبَّهَ بِالرِّجَالِ مِنَ النِّسَاءِ»**

**«Өздөрүн эркектерге окшоткон аялдар бизден эмес».** Ибн Аббастан риваят кылынат: «Набий ρ өзүн аялдарга окшото турган эркектерди жана өзүн эркектерге окшото турган аялдарды наалаттап:

**«أَخْرِجُوهُمْ مِنْ بُيُوتِكُمْ»**

**«Аларды үйүңөрдөн чыгарып жибергиле»**, - деди». Ибн Аббас:

**«فَأَخْرَجَ النَّبِيُّ ρ فُلاَنًا وَأَخْرَجَ عُمَرُ فُلاَنًا»**

**«Набий ρ баланчаны чыгарып жиберди жана Умар баланчаны чыгарып жиберди»**, деди. Дагы бир риваятта:

**«لَعَنَ رَسُولُ اللَّهِ ρ الْمُتَشَبِّهِينَ مِنَ الرِّجَالِ بِالنِّسَاءِ وَالْمُتَشَبِّهَاتِ مِنَ النِّسَاءِ بِالرِّجَالِ»**

**«Расулулла ρ өздөрүн аялдарга окшоткон эркектерди жана өздөрүн эркектерге окшоткон аялдарды наалаттады»** делген.

Ислам аял үчүн махрды эркектин мойнуна жүктөп, аны аялдын эркек мойнундагы акысы кылып койду, никеден пайдалануу жалгыз эле эркек үчүн болбостон, балким, экөөсү үчүн болсо да, Алла Таала айтат:

{ وَءَاتُواْ ٱلنِّسَآءَ صَدُقَٰتِهِنَّ نِحۡلَةٗۚ فَإِن طِبۡنَ لَكُمۡ عَن شَيۡءٖ مِّنۡهُ نَفۡسٗا فَكُلُوهُ هَنِيٓـٔٗا مَّرِيٓـٔٗا }

***«Аялдарыңарга махрларын белек сыяктуу бергиле! Эгер өздөрү силер үчүн ал махрдан бирер нерсени ыктыярдуу түрдө тартууласа, силер аны пакиза, жана мубарек билип ала бергиле».*** **[4:4]**

«Нихла» сөзүнүн мааниси – белек. Анткени, махр кээ бир кишилер ойлогондой, аялдык абийиринин ордуна бериле турган нерсе эмес, балким, ал тартуу-белек. Расулулла ρ бир кишини үйлөндүрүп жатып, ага:

**«هَلْ مِنْ شَيْءٍ تُصْدِقُهَا؟ فَالْتَمَسَ وَلَمْ يَجِدْ قَالَ: اِلْتَمِسْ وَلَوْ خَاتَمًا مِنْ حَدِيدٍ. فَلَمْ يَجِدْ شَيْئًا. فَزَوَّجَهُ إِيَّاهَا بِمَا مَعَهُ مِنَ الْقُرْآنِ»**

**«Ага белек кыла турган бирер нерсең барбы?»** - деди. Ал издеп таба албады. Ошондо айтты: **«Темир шакек болсо да тап».** Ал эч нерсе таба албады. Ошондо аны Курандан билген аяттарын үйрөтүп коюунун акысына үйлөндүрүп койду».

Алла Таала мал-дүйнө табууну эркек кишиге фарз кылып, аны аялга фарз кылбады. Балким, ага мубах кылды. Эгер кааласа иштейт, каалабаса иштебейт. Алла Таала айтат:

{ لِيُنفِقۡ ذُو سَعَةٖ مِّن سَعَتِهِۦۖ }

***«Бай-дөөлөттүү киши өз байлыгынан*** *(т.а. байлыгына жараша)* ***нафака берсин».*** **[65:7]**

Аяттагы «зу» сөзү жалаң гана эркек жынысына карата колдонулат. Алла Таала айтат:

{ وَعَلَى ٱلۡمَوۡلُودِ لَهُۥ رِزۡقُهُنَّ وَكِسۡوَتُهُنَّ بِٱلۡمَعۡرُوفِۚ }

***«Аларды*** *(энелерди)* ***жакшылык менен кийиндирип-ичиндирүү атанын милдети».*** **[2:233]**

Демек, нафаканы эркектин мойнуна жүктөгөн.

Ислам аялдар үстүнөн башчылык кылуу ишин о.э. жетекчилик кылуу, буйруу, кайтарууну эркектерге берди. Алла Таала айтат:

{ ٱلرِّجَالُ قَوَّٰمُونَ عَلَى ٱلنِّسَآءِ بِمَا فَضَّلَ ٱللَّهُ بَعۡضَهُمۡ عَلَىٰ بَعۡضٖ وَبِمَآ أَنفَقُواْ مِنۡ أَمۡوَٰلِهِمۡۚ فَٱلصَّٰلِحَٰتُ قَٰنِتَٰتٌ حَٰفِظَٰتٞ لِّلۡغَيۡبِ بِمَا حَفِظَ ٱللَّهُۚ وَٱلَّٰتِي تَخَافُونَ

نُشُوزَهُنَّ فَعِظُوهُنَّ وَٱهْجُرُوهُنَّ فِي ٱلْمَضَاجِعِ وَٱضْرِبُوهُنَّ ۖ فَإِنْ أَطَعْنَكُمْ فَلَا تَبْغُوا۟ عَلَيْهِنَّ سَبِيلًا ۗ إِنَّ ٱللَّهَ كَانَ عَلِيًّا كَبِيرًا }

***«Эркектер аялдары үстүндө жетекчи. Буга себеп, Алла алардын бирөөлөрүн-бирөөлөрүнөн*** *(эркектерди аялдардан)* ***артык кылганы жана эркектер*** *(аялдары жана үй-бүлөлөрү үчүн)* ***өз мал-мүлктөрүнөн сарп-каражат кылгандыктары. Демек, ибадат-итааттуу жана эрлери жокто Алланын хифзи-сактоосу менен*** *(эрлеринин мал-мүлктөрүн жана өз абийирлерин)* ***сактоочу аялдар – жакшы аялдар. Аялдарыңардын моюн сунбастыгынан корксоңор, оболу аларга насаат кылгыла, кийин*** *(эгер насаатыңар таасир бербесе)* ***аларды төшөктөрүнө таштап койгула*** *(алар менен бир төшөктө жатпагыла, жакындашпагыла)* ***кийин*** *(т.а. ошондо да силерге моюн сунушпаса)* ***ургула. Ал эми, силерге моюн сунушса, аларга каршы башка жол издебегиле. Албетте, Алла эң жогору жана улук болгон Зат».*** **[4:34]**

Бул жетекчиликтин себеби – Алла Таала эркектерди өкүм жүргүзүү, намаздын имамдыгы жана никедеги валийлик сыяктуу милдеттерде артык кылганы жана талакты эркек кишиге тапшырып койгону – деп баян кылган. Алла Таала айтат:

{ بِمَا فَضَّلَ ٱللَّهُ بَعْضَهُمْ عَلَىٰ بَعْضٍ }

***«Буга себеп, Алла алардын бирөөлөрүн-бирөөлөрүнөн*** *(эркектерди аялдардан)* ***артык кылганы».*** **[4:34]**

Дагы бул жетекчиликтин себеби, махр жана камсыздоодон турган нафака милдеттеринин да эркектердин мойнуна жүктөлгөндүгү. Алла Таала айтат:

{ وَبِمَآ أَنفَقُوا۟ مِنْ أَمْوَٰلِهِمْ ۚ }

***«Эркектер*** *(аялдары жана үй-бүлөлөрү үчүн)* ***өз мал-мүлктөрүнөн сарп-каражат кылгандыктары».*** **[4:34]**

О.э. аял моюн сунбаган кезде т.а. эрине каршы чыгып, ага баш ийбеген кезде кылынган күнөө адеп берүүнүн кайсы түрүнө муктаж болсо, ошого карай – ал аялга жакшы насаат менен, жатар жайын башка кылуу менен жана оорутпай турган кылып уруу менен – адеп берүү акысын да эрге берди. Жаш баланы тарбиялоо укугун, ал уул болобу же кыз болобу, аял кишиге берди жана мында эркектерди тыйды. Эгер аталар наристелерине түздөн-түз сарп-каражат кылууну убагында аткарбаса же сараңдык кылса, аларга түздөн-түз сарп-каражат кылууну аялдын

мойнуна жүктөдү жана эркек кишиге бул абалдарда мындай ишти кылууга тыюу салды. Хинд Расулулла ρга келип: «Я Расулулла, Абу Суфян сараң адам. Ал мага жана балама жете турган нафаканы бербей жатат», - деди. Ошондо Расулулла ρ:

**«خُذِي مَا يَكْفِيكِ وَوَلَدَكِ بِالْمَعْرُوفِ»**

**«Өзүң менен балаңа жете турган нерсени жакшылык менен ал»** - деди». Казы нафаканы аялга тапшырууга эркекти мажбур кылат жана ал иштерди аткарууну түздөн-түз аялга берет. Бул абалдарда түздөн-түз сарп-каражат кылууну эркектен кабыл албайт.

Ошентип, Ислам кээ бири эркектерге тиешелүү (хас) болгон, кээ бири аялдарга тиешелүү болгон ар түрдүү өкүмдөрдү алып келди жана алардын айрым бир бөлүгүндө аялдар менен эркектердин арасын ажыратты. О.э. алардын ар бирин Алла анын өзүнө чектеп койгон өкүмдөргө ыраазы болууга буйруду жана Алла бирин экинчисинен артык кылып койгону себептүү, бири-бирине ич күйдүлүк кылуудан жана башкасындагы артык нерсени көрө албастык менен эңсөөдөн аларды кайтарды. Алла Таала айттат:

{ وَلَا تَتَمَنَّوْاْ مَا فَضَّلَ ٱللَّهُ بِهِۦ بَعْضَكُمْ عَلَىٰ بَعْضٍۚ لِّلرِّجَالِ نَصِيبٌ مِّمَّا ٱكْتَسَبُواْۖ وَلِلنِّسَآءِ نَصِيبٌ مِّمَّا ٱكْتَسَبْنَۚ }

***«Алла бир себеп менен бирөөңөрдү-бирөөңөрдөн артык кылып койгон болсо, силер аны** (көрө албастык менен) **арзуу кылбагыла! Эркектер да өз эмгектеринен үлүш алышат, аялдар да эмгектеринен үлүш алышат».*** **[4:32]**

Өкүмдөрдөгү бул хостоонун мааниси теңсиздик эмес, балким, аял деген этибар менен аялдын жана эркек деген этибар менен эркектин иштерин муалажа кылуу (дабалоо). Алардын баары пенделердин иштерине байланыштуу болгон хытаб менен чечилген. Эгер алардын баарынын вакиълиги үйрөнүлсө, адамзат түрү этибары менен адамдын бир түрүнүн (т.а. эркек же аялдын) проблемалары муалажа кылынганы маалым болот. Бул нерсе, адамды адам деген этибар менен муалажа кылуудан айырмалуу болушу керек. Бул жаатта теңдик же теңсиздик тарабына каралбаган. Себеби, ал талкуу орду эмес. Балким, ал белгилүү бир адамдын белгилүү бир проблемасы үчүн белгилүү бир муалажа болушуна каратылган. Бул эркек жана аял ортосундагы өкүмдөрдөгү ар түрдүүлүк тарабы. Ар кандай абалда да – илим издөө сыяктуу, аял-эркек үчүн бир кыл чечим болобу, же алардын ортосундагы авраттын ар түрдүүлүгү сыяктуу ар кыл чечим болобу – ал инсан проблемасынын муалажасы (дабаа-чечими) болуп эсептелет. Бул нерсе – адамды адамдан ажыратууну же теңдик жана теңсиздик талкуусун түшүндүрбөйт. Эми хадисте келген аялдардын акылы жана дининин

кемчилдиги маселесине келсек, хадисте акыл жана динге карата пайда боло турган абалды эсепке алуу гана көздө тутулган. Анын мааниси «аялдардын акылы жана дини кемтик» дегени эмес. Анткени, акыл эркек-аялдын ар бириндеги табият этибары менен бир кыл о.э. дин да эркек жана аялдын ар бириндеги ыйман жана амал этибары менен бир кыл. Бул хадистен көздөлгөн максат, аялдын күбөлүгүн эсепке алуудагы кемчилдик. Т.а. эки аялдын күбөлүгү бир эркектин күбөлүгүнө тең кылынган. Дагы аялдагы намаз күндөрүнүн кемчилдиги. Себеби, ал ар бир айдагы хайз күндөрүндө жана нифас күндөрүндө намаз окубайт. Орозо айында да ушундай орозо тутпайт.

Бул укук жана вазыйпалар т.а. шаръий милдеттер темасы болуп, Алла аларды – адам үчүн, анын адамдыгы тарабынан жана адамзат түркүмүнүн ар бир түрү: эркек жана аял үчүн – шаръий өкүм кылды. Бирок, мыйзамчылыкта – алардын ар биринин өзүнө таандык адамдык сыпаты жана белгилүү бир түргө тиешелүүлүк белгиси бар – деп этибарга алды. Бул туурасында ар кандай теңдик жана теңсиздик иштерине көңүл бурулбагандай, алардын бирин экинчисинен ажыратуу да көздө тутулбайт.

## АЯЛДЫН ИШТЕРИ

Исламдын мыйзамчылык туурасындагы көз карашынын табияты – адам катарында адам аткара турган иштерди эркек жана аялдын ар бири үчүн, бирин экинчисинен ажыратпастан, түрлөргө бөлбөстөн – мубах кылат; же эч кандай ажыратпастан жана түрлөргө бөлбөстөн важиб же харам; макрух же мандуб кылат. Ал эми, шарият адамдык сыпаты менен бирге, эркек катары эркек киши аткара турган иштерде жана аял катары аял киши аткара турган иштерде важиб, харам, макрух, мандуб же мубах болушуна карабастан, алардын ортосун ажыратты жана алардын ар бирине карата ал иштерди түрлөргө бөлүп койду. Мына ушул жерден шарият өкүм жүргүзүүнү жана султандыкты аялдарга эмес, эркектерге; бала тарбиялоону болсо, перзент уул же кыз болобу, айырмасыз, эркектерге эмес, аялдарга берип койгондугун көрөбүз. Ошондуктан, аял катарында аялга тиешелүү иштер аялдарга тапшырылышы жана эркек катарында эркекке тиешелүү иштер эркектерге тапшырылышы керек. Эркек менен аялды жараткан Алла Таала эркек менен аялдын абалын абдан жакшы билгендиги үчүн – Алла шаръий өкүм кылган өкүмдөр эркектер үчүн гана болобу, же аялдар үчүн гана болобу, же болбосо, эркек же аял болушуна карабастан, бүткүл адамзат үчүн болобу – бул өкүмдөрдүн чегинде, алардан четке чыкпастан токтоо шарт. Себеби, Алла Таала адамга эмне туура келишин Өзү билет. Ушуга караганда, акылдын «бул иштер аял үчүн эмес» деген далил менен аялды кээ бир иштерден тыюуга умтулушу; же «аялга карата ынсап кылуу жана аял менен эркектин ортосунда адилеттүүлүктү жүзөгө чыгаруу» деген мааниде эркекке тиешелүү болгон иштерди аялга тапшырышы – булардын бардыгы шарияттан четке чыгуу жана ката болуп саналат о.э. алар бузулуунун себеби болот.

Шарият аялды эне жана үй бекеси кылып койду. Ошондуктан, ага кош бойлуулукка, бала төрөөгө, бала эмизүүгө, бала тарбиялоого жана идда сактоого тиешелүү өкүмдөрдү алып келди. Мына ушулардын бирөөн да эркек кишиге тиешелүү кылып койгон жок. Себеби, бул өкүмдөр – аял катары аялга гана тиешелүү өкүмдөр. Ушуга карай, кош бойлуулук, бала төрөө, бала эмизүү жана бала тарбиялоодон турган жаш наристенин жоопкерчилигин аялга жүктөдү. Бул жоопкерчилик – аял иштеринин эң маанилүүсү жана анын жоопкерчиликтеринин эң чоңу. Мына ушундан аял затынын чыныгы иши эне жана үй-бекеси болуу деп айтуу мүмкүн болот. Анткени, бул иште адам тукумун сактоо бар. О.э. бул ишке бир гана аялдын өзү хостоп коюлду. Ушуга караганда, ачык жана анык болушу керек болгон нерсе, аялга кандай иштер тапшырылбасын жана ага кандай милдеттер жүктөлбөсүн, анын негизги милдети энелик жана балдарды тарбиялоо болуп калышы керек. Мына ошондуктан, шарият Орозодо аялга кош бойлуу жана

эмизүү абалында орозо тутпоого уруксат бергенин, хайз жана нифас абалында намазды андан сакыт кылганын о.э. перзенттин энеге муктаждык доорунда, атанын ушул перзенттин өзүн алып, шаарынан башка жакка сапарга чыгуусуна тыюу салганын көрөбүз. Булардын бардыгы аял өзүнүн ишин толук аткарышы о.э. эне жана үй бекеси болгондугу үчүн болду.

Бирок, аялдын негизги иши аял эне жана үй-бекеси экендиги, аял бир гана ушул ишке чектелген жана андан башка иштерди аткаруудан кайтарылган дегени эмес. Балким, анын мааниси: Алла Таала аялды эркек ага сүйөнүүшү жана андан насил, зуррият көрүшү үчүн жаратты. Алла Таала айтат:

{ وَٱللَّهُ جَعَلَ لَكُم مِّنۡ أَنفُسِكُمۡ أَزۡوَٰجٗا وَجَعَلَ لَكُم مِّنۡ أَزۡوَٰجِكُم بَنِينَ وَحَفَدَةٗ }

***«Алла силер үчүн өзүңөрдөн жуптарды жаратып, жуптарыңардан силер үчүн балдарды, неберелерди пайда кылды».*** **[16:72]**

{ وَمِنۡ ءَايَٰتِهِۦٓ أَنۡ خَلَقَ لَكُم مِّنۡ أَنفُسِكُمۡ أَزۡوَٰجٗا لِّتَسۡكُنُوٓاْ إِلَيۡهَا }

***«Анын аяттарынын*** *(дагы бири)* ***– Ал Зат силер кадыржам болушуңар үчүн өзүңөрдөн жуптарды жаратышы».*** **[30:21]**
Бирок, Алла аялды жеке турмушта иш кылгандай, жалпы турмушта да иш алып барышы үчүн жаратты т.а. даъватты жаюну, өзүнө зарыл боло турган турмуш иштеринде илим издөөнү важиб кылды жана ага соода-сатык, ижара жана өкүлдүккө уруксат берди. Жалганды, келишимди бузууну жана кыянатты арам кылды о.э. бул иштерди эркек кишиге да важиб кылды, кээ бирлерине уруксат берип, кээ бирлерин арам кылды. Ушул эле учурда, шарият аялга, соода-сатык менен алектенгендей, дыйканчылык жана өндүрүш менен алектенүүгө; келишим түзүү; мүлктүн бардык түрлөрүнөээлик кылуу; байлыгын өстүрүү; турмуштагы иштерин өзү башкаруу; шериктеш жана ижарачы болуу; адамдарды, нерсе жана кыймылсыз мүлктү ижарага алуу жана мамилелерге тиешелүү бардык иштерди кылуу укугун берди. Буга себеп – Шариънин хытабдарынын умумийлиги жана тыюу салуу менен аялды хостобогондугу. Бирок, аял киши башкаруу иштерине башчылык кылышы мүмкүн эмес. Ошондуктан, ал мамлекет жетекчиси, муавын, валий, аамил болушу жана башкаруу иштеринен деп эсептеле турган ар кандай ишке башчылык кылышы мүмкүн эмес. Буга далил Абу Бакрадан риваят кылынган төмөндөгү хадис: «Расулулла ρга перс эли өздөрүнө Кисронун кызын падыша кылып алгандыктары жөнүндөгү кабар жетип келгенде, мындай деди:

**«لَنْ يُفْلِحَ قَوْمٌ وَلَّوْا أَمْرَهُمُ امْرَأَةً»**

**«Өздөрүнө аял кишини башчы кылып алган эл эч качан нажат таппайт».** Бул өз иштерине аялдарды башчы кылып алган кишилерди каралоо аркылуу, аялды бийлик иштерине башчылык кылуудан кайтаруу туурасында келген ачык далил. Анткени, ишти башкаруучу – аким. Алла Таала айтат:

﴿ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ أَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَأَطِيعُواْ ٱلرَّسُولَ وَأُوْلِى ٱلْأَمْرِ مِنكُمْ ۖ ﴾

***«Эй момундар! Аллага моюн сунгула жана пайгамбарга о.э. өзүңөрдөн болгон*** *(мусулман)* ***акимдерге моюн сунгула».*** **[4:59]** Демек, башкаруу иштерине башчылык кылуу аялдарга мүмкүн эмес. Ал эми, башкаруудан башка иштерди аял башкарышы мүмкүн. Ушуга карай, аялдын мамлекеттик кызматтарга дайындалышы жайиз. Себеби, бул кызматтар башкаруу иштеринен эмес, балким, ижара бөлүмүнө кирет. Кызматчы өкмөт алдындагы өзгөчө ижарачы болуп, ал ар кандай адамдын же компаниянын алдындагы ижарачы сыяктуу. Аял киши казылык иштерин башкарышы мүмкүн. Себеби, казы аким эмес, балким, ал адамдар арасындагы жаңжалдуу маселелерди ажырым кылат жана өз ара жаңжалдашып жаткан тараптарды мажбур кылуу жолу негизинде шаръий өкүмдөн кабардар кылат. Мына ошондуктан, казылыкка «мажбур кылуу жолу негизинде өкүмдөн кабардар кылуу» деп аныктама берилген. Демек, казы аким эмес, кызматчы. Ал да мамлекеттеги башка ижарачылар сыяктуу ижарачы. Умар ибн Хаттаб – өз элинен болгон бир аял Шафаны – базарга башчы кылып дайындагандыгы т.а. бардык укук бузуулар үстүнөн өкүм чыгара турган мухтасиб казы кылып дайындагандыгы риваят кылынат. Бирок, аялдын казы болуу мүмкүндүгү маселеси – хадистин текстине жана бул текстти казылык милдетине карата колдонууга байланыштуу. Ушуга караганда, эгер аялды башчы кылып дайындоодон кайтарган хадис казылыкка да туура келсе, аны казы кылып дайындоо мүмкүн болбойт. Эгер ага туура келбесе, бул хадис аялды казылыктан кайтарууга далил боло албайт. Бул хадиске назар салсак, аялды өздөрүнө падыша кылып алган Перс эли жөнүндөгү жетип келген кабарга жооп кылып, Расулулла ρ өз иштерине аял кишини башчы кылып алган элди каралагандыгын көрөбүз. Демек, ал кабардын чечмелениши жана суроонун жообу катары, кабардын темасына гана тийиштүү болуп, андан башкасына туура келбейт. Кабардын темасы падышалык т.а. мамлекет жетекчилиги болуп, ушул тема чечмеленген. Демек, ал мамлекет жетекчилиги жана ушул маанидеги өкүм жүргүзүү темасына тиешелүү. Бул бир тараптан. Башка тараптан болсо, нахий (кайтаруу) жалпы башкарууга каратылган. Себеби, ал ишти башкаруу. Хадистин мааниси мына ушуга далалат кылат. Эми казылык темасына келсек, ал халифа жана валийдин ишинен айырмаланат. Халифа же валийдин милдети – иштер

туурасында ага даттанылабы же даттанылбайбы, казынын өкүмү ага тапшырылабы же жокпу, буга карабай, бул иштерде шариятка тескери абалды көрсө - өкүмдү өзү түздөн-түз аткаруу. Себеби, халифа же валий доогерсиз эле мыйзам бузуучуну териштирет жана анын үстүнөн өкүмдү аткарат. Демек, ал аткаруучу. Казы болсо эки доогер болуп, алардын биринин даттанышы себептүү доо болгондо анан өкүм чыгарат. Эгер доогер болбосо өкүм чыгарбайт. Ал кылмыш ишин көрүп чыгып, мажбур кылуу негизинде, ушул кылмыш иши туурасындагы Алла Тааланын өкүмү жөнүндө кабар берет. Казыда аткаруу укугу таптакыр жок. Бирок, ал аким жана казы кылып дайындалган убакта, аким катарында аткарат, казы катарында өкүм чыгарат. Ушуга караганда, казылык вакиълиги бийлик вакиълигинен башкача. Демек, жогорудагы хадис казыга туура келбейт. Мындан тышкары, казылык кандайдыр бир нерседе башкаруу чөйрөсүнө кирбейт. Ал өзү казы кылып дайындалган шаар элинен эч бир кишиге, ал тургай, доогерлерге да башчы эмес жана ага баш ийүү важиб да эмес. Балким, кылмыш иши туурасында өкүм чыгарса, анын өкүмүн аткаруу важиб болот. Себеби, ал Алланын өкүмү болуп, казынын буйругу эмес. Казынын өкүмү мекеме (сот) межлисинде чыгарылса гана казынын өкүмү деп эсептелет. Ушул себептүү, мекеме межлисинен тышкарыда кайсы бир окуяны көрсө же укса, бул көрүү же угуу мекеме межлисинде болбосо, көргөн же уккан окуясына негизделип өкүм чыгарууга акысы жок. Аким болсо мунун тескериси болуп, ар кандай абалда да ага баш ийүү важиб. Өкүм чыгаруу үчүн анын белгиленген межлиси болбойт. Балким, ал үйүндө да, жолдо да, мамлекет борборунда да – бардык жерде бийликти башкарат жана ага баш ийүү важиб. Расулулла ρ айтты:

«وَمَنْ يُطِعِ الأَمِيرَ فَقَدْ أَطَاعَنِي»

**«Кимде-ким амирге баш ийсе, мага баш ийген болот».** Ушуга караганда, аялды башчы кылып дайындоодон кайтаруучу хадис казынын ишине таптакыр туура келбейт. Демек, бул хадис менен аял кишиге казылык кылууга тыюу салынбайт. Казы аким алдындагы кызматчы. Аким аны белгиленген милдетке белгиленген эмгек акы эсебине ижарага алат. Сахих хадистерде келген ижарачы сөзү ар кандай иштеги бардык ижарачыны өз ичине алат. Расулулла ρ Куран мугалимин да ижарачы деп эсептеп, мындай деп айткан:

«إِنَّ خَيْرَ مَا أَخَذْتُمْ عَلَيْهِ أَجْرًا كِتَابُ اللَّهِ»

**«Акы ала турган нерсеңердин эң жакшысы – Алланын китеби».** Казы да ижарачы болуп эсептелет жана байтул малдан эмгек акы алат. «Казы – акимдин муавыны, ал акимдер чөйрөсүнө кирет» деп айтылбайт. Себеби, казы аким алдындагы ижарачы болуп, анын муавыны эмес. Анын милдети жаңжалдашуучулар ортосундагы проблеманын вакиълигин түшүнүү о.э. шаръий өкүмдөр табанний

кылынган абалда мыйзамдык беренелерди; табанний кылынбаган абалда болсо бүтүндөй шаръий өкүмдөрдү – казылык мекемеси иштерин көрүп чыгып жаткан жана көрүп чыкпай турган адамдарга дал келишин – баяндап берүү. Демек, ал – белгилүү бир иш үчүн, белгилүү бир акы эсебине ижарага алынган ижарачы.

Бул сөздөр, казы жана мухтасибге карата айтылган сөздөр эле. Мазолим казысы болсо, аял киши болушу мүмкүн эмес т.а. аял киши мазолим казылыгын башкарышы мүмкүн эмес. Себеби, ал бийлик. Анын вакиълиги бийлик вакиълиги болуп, хадис ушуга туура келет. Себеби, ал кайсы бир киши даттанабы же даттанбайбы, буга карабай, аким тарабынан адамдарга карата кылынып жаткан зулумду жоёт. Эгер кайсы бир киши зулум жүзөсүнөн ага кайрылса, доо коюлган акимди чакырууга муктаж болбойт. Балким, мекемеде (сот жараянында) катышууга аны чакырышы да же чакырбашы да мүмкүн. Себеби, тема кылмыш иши туурасындагы өкүмдөн кабардар кылуу эмес, балким, аким тарабынан адамдарга түшкөн зулумду жоюу. Мазолим казылыгында көзгө көрүнүп турган вакиълик – бийлик. Ушул себептүү, аял киши ага башчылык кылышы мүмкүн эмес.

Эми Үммөт межлисине аял кишинин мүчө болушу мүмкүнбү же мүмкүн эмеспи деген маселе калды. Бул маселе көпчүлүккө караңгы маселе. Алар Исламдагы Үммөт межлисин демократиядагы парламентке салыштырып көрүп, мүмкүн эмес деп ойлойт. Негизи болсо, демократия түзүмүндөгү парламент менен Исламдагы Үммөт межлисинин ортосунда айырма бар. Парламент бийликтин бир бутагы болуп, демократия мыйзамдарына ылайык өкүмдарлык кылуу укугуна ээ. Анткени, ал мамлекет жетекчисин шайлайт жана аны иштен четтетет. Ал өкмөткө ишеним билдирет жана андан ишенимди тартып алат, андан соң, аны дароо эле бийликтен бошотот. Парламент үч ишти аткарат. Биринчиси: өкмөттү эсеп-китеп кылып тергейт жана аны көзөмөлдөп турат. Экинчиси: мыйзамдарды иштеп чыгат. Үчүнчүсү болсо, акимдерди дайындайт жана аларды иштен алат. Демек, ал өкмөттү эсеп-китеп кылуу жана аларды көзөмөлдөп туруу жагынан бийлик даражасында болбосо да, мыйзамдарды иштеп чыгуу, акимдерди четтетүү жана аларды дайындоо жагынан бийлик болуп эсептелет. Үммөт межлиси мындан башкача болуп, ал акимдерди эсеп-китеп кылат, аларды көзөмөлдөп турат о.э. иштерди башкарууда кемчиликке жол коюу, Исламды турмушка колдонуудагы кош көңүлдүк, исламий даъватты жаюудагы кайдыгерлик сыяктуу наразылык билдирүүгө муктаждык туулган иштерге өз наразылыгын билдирет. Бирок, мыйзамдарды иштеп чыкпайт, акимдерди дайындап, аларды иштен четтете албайт. Ушуга караганда, ал парламенттен айырмаланат. Ушул себептен улам, аялдын Үммөт межлисине мүчө болушу мүмкүн, себеби ал бийлик эмес. Бирок, аялдын парламентке мүчө болушу мүмкүн эмес. Себеби, ал

бийлик (акимият) бутактарынан болуп саналат. Эгер ага мүчө болуусу мухасаба кылуу, көзөмөлдөө жана даъватты алып чыгууга чектелсе гана мүмкүн. О.э. эркек кишинин да парламентте мүчө болушу мүмкүн эмес. Эгер анын да мүчө болуусу мухасаба кылуу, көзөмөлдөө жана даъватты алып чыгууга чектелсе гана мүмкүн. Себеби, эркек киши үчүн бийликти башкаруу жайиз болсо да, бирок, Алла түшүргөн нерсе менен гана башкаруу жайиз. Парламент болсо бийликти демократиялык капиталисттик мабдага ылайык башкарат.

Бирок, аял кишинин акимиятта болушу мүмкүн эместиги акимди шайлашы да мүмкүн эместигин түшүндүрбөйт. Себеби, аялдын акимиятта болушу жайиз эместигине ачык-айкын нахий варид болгон. Бухарий Абу Бакрадан риваят кылат, Расулулла ρ айтты:

**«لَنْ يُفْلِحَ قَوْمٌ وَلَّوْا أَمْرَهُمُ امْرَأَةً»**

**«Өздөрүнө аял кишини башчы кылып алган эл эч качан нажат таппайт».** Аял кишинин акимдерди шайлашы мунун тескерисинче. Себеби, бул шайлоо аны бийлик чөйрөсүнө киргизип койбойт, балким, ага өкүмдарлык кыла турган адамды тандоо укугун берет. Шарият аялга акимди шайлоого жана бийликтеги кайсы бир мансапка кайсы бир эркек кишини тандоого уруксат берген. Себеби, аял киши халифага байъат бериши жана аны шайлашы мүмкүн. Умму Атийядан риваят кылынат:

**«بَايَعْنَا النَّبِيَّ A فَقَرَأَ عَلَيْنَا أَنْ لاَ يُشْرِكْنَ بِاللَّهِ شَيْئًا وَنَهَانَا عَنِ النِّيَاحَةِ، فَقَبَضَتِ امْرَأَةٌ مِنَّا يَدَهَا فَقَالَتْ: فُلاَنَةُ أَسْعَدَتْنِي وَأَنَا أُرِيدُ أَنْ أُجْزِيَهَا، فَلَمْ يَقُلْ شَيْئًا فَذَهَبَتْ ثُمَّ رَجَعَتْ»**

«Расулулла ρга байъат кылдык. Ал зат: «Аялдар Аллага бирер нерсени шерик кылышпасын» аятын окуп берди жана өлүктөргө ыйлоодон кайтарды. Ошондо арабыздан бир аял колун тартып алды жана «Мага баланча ыйлашып берген эле, мен ага кайтарууну каалайм» деди. Ага эч нерсе деген жок. Ал кетип, кийин кайра келди». Байъат – Пайгамбар ρга пайгамбарлыкка эмес, балким, акимге баш ийүү үчүн берилген эле. Бул болсо, аял киши акимге байъат бериши жана аны шайлашы, үммөт межлисине мүчө болушу мүмкүндүгүн билдирет. Себеби, межлис рай алуу жана рай билдирүү межлиси болуп, өкүмдарлык кылуу укуктарына ээ эмес. Ал акимди шайлабайт, бирок, Үммөт бул иште аны өзүнөн өкүл кылса, акимди шайлашы мүмкүн. Ал акимдерди иштен четтетпейт жана мыйзамдарды иштеп чыкпайт. Анын бардык иши райга тиешелүү болот. Үммөт межлисинин милдеттери төмөндөгүлөр: мамлекет ишке ашырууну көздө туткан ички иштер туурасында анын райын алуу үчүн ага кайрылат жана ал мамлекет ишке ашырган ички жана тышкы иштерге ылайык аны эсеп-китеп кылат же ички жана тышкы иштер туурасында өз райларын мамлекетке билдирет. Халифалык мансабына талапкер

болуп жаткан адамдар жөнүндө өз райын билдирүү о.э. валий жана муавындарга нааразы экендигин билдирүү да Үммөт межлисинин иштеринен. Бул иштердин бардыгы «бир ишке туура жол көрсөтүүчү рай билдирүүгө кирет». Анын кеңешүү үчүн гана болгон иштеринин дагы бири халифа табанний кыла турган өкүмдөр жөнүндө өз райын билдирүү болуп, бул рай халифа үчүн мажбурий эмес. Булардын бардыгы райлар болуп, бийлик иштеринен деп эсептелбейт. Ошондуктан, анын милдети жалаң гана райга тиешелүү болот.

Үммөт межлисинин мүчөлөрү бир гана рай билдирүү үчүн адамдар тарабынан өкүл болуп, бийлик иштеринде да, акимди дайындоо жана аны четтетүүдө да өкүл эмес. Бирок, Үммөт өзү тарабынан өкүл кылса, акимди дайындоосу мүмкүн. Бирок, аны иштен четтете албайт. Алар муавын жана валийлерден нааразы экендиктерин билдирген убакта да өз райларынан келип чыгып, аларды табигый түстө иштен четтете алышпайт. Балким, халифа өкүлдөрдүн райларынын негизинде, аларды иштен четтетет. Парламент мунун тескериси. Эгер парламент өкмөткө ишенимсиздик билдирсе, мамлекет башчысы аны иштен четтетишин карап отурбай, министрлер мекемеси дароо эле иштен четтетилет.

Үммөт межлисинин мүчөлөрү рай билдирүүдө өкүл болушкан соң, аял киши Үммөт межлисинин укуктары чөйрөсүндөгү бардык иштерде өз райын билдирүүгө акылуу. Ал саясий, экономикалык, мыйзамчылык жана башка маселелерде райын билдириши мүмкүн о.э. рай билдирүү үчүн каалаган кишини өзү тарабынан өкүл кылышы же бул райды билдирүү үчүн каалаган киши тарабынан өкүл болушу да мүмкүн. Ислам эркек кишиге да, аял кишиге да пикир билдирүү укугун тең кылып берген. Исламда шуро эркектин да, аялдын да укугу. Алла Таала айтат:

{ وَشَاوِرۡهُمۡ فِي ٱلۡأَمۡرِۖ }

***«Жана иштериңде аларга кеңеш салгын».*** **[3:159]**

{ وَأَمۡرُهُمۡ شُورَىٰ بَيۡنَهُمۡ }

***«Алардын иштери өз ара кеңеш*** *(менен)* ***болот».*** **[42:38]**

Бул умумий сөз болуп, аялды да, эркекти да өз ичине алат. Маъруф иштерге буйруу жана мункар иштерден кайтаруу эркекке да, аялга да важиб. Алла Таала дейт:

{ وَلۡتَكُن مِّنكُمۡ أُمَّةٞ يَدۡعُونَ إِلَى ٱلۡخَيۡرِ وَيَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَيَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِۚ }

***«Силерден жакшылыкка*** *(Исламга)* ***чакыра турган, маъруф иштерге буюра турган жана мункар иштерден кайтара турган бир жамаат болсун».*** **[3:104]**

Расулулла ρ айтты:

«مَنْ رَأَى مِنْكُمْ مُنْكَرًا فَلْيُغَيِّرْهُ»

**«Силерден кимде-ким бир мункар иштн көрсө, аны өзгөртсүн».** Булар да умумий сөздөр болуп, эркек жана аялды өз ичине алат. Акимдерди эсеп-китеп кылуу эркек жана аялга фарз. Насаат кылуу да эркек жана аялга шаръий өкүм кылынган. Пайгамбар ρ:

«اَلدِّينُ النَّصِيحَةُ، قِيلَ لِمَنْ يَا رَسُولَ اللهِ قَالَ لِلَّهِ وَلِرَسُولِهِ وَلأَئِمَّةِ الْمُسْلِمِينَ وَعَامَّتِهِمْ»

«**Дин – насаат**» деп айтканда: «Ким үчүн, я Расулулла?» деп суралды. Айтты: **«Аллага, Пайгамбарына, мусулмандардын имамдарына (башчыларына) жана бардык мусулмандарга».** Насаат кылуу бир гана эркекке чектелип коюлбады. Балким, насаат кылуучу эркек же аял болобу, айырмасы жок, мусулмандардын имамдарына да, алардын жалпысына да насаат кылышы мүмкүн. Аялдар Расулулла ρ менен талашып-тартышар эле жана суроолорду беришер эле. Мунун мааниси – бийлик башында турган халифа же андан башка адамдар менен талашып-талкуулашуу, алардан суроо дегени. Расулулла ρдан риваят кылынган, ал зат айт күнү эркектерге ваъз-насаат кылгандан кийин аялдарга басып келди. Кийин аларга насаат кылып таалим берди жана:

«تَصَدَّقْنَ فَإِنَّ أَكْثَرَكُنَّ حَطَبُ جَهَنَّمَ، فَقَامَتِ امْرَأَةٌ مِنْ سِطَةِ النِّسَاءِ سَفْعَاءُ الْخَدَّيْنِ، فَقَالَتْ: لِمَ يَا رَسُولَ اللهِ؟...»

**«Садака кылгыла. Себеби, силердин көпчүлүгүңөр тозок отунусуңар»,** - деди. Ошондо аялдардын арасынан эки бети карайган бир аял туруп: «Эмнеге, я Расулулла?» деп сурады... Бул хадис – аял киши Пайгамбар менен талашып-талкуулашып, аялдар туурасында айткан сөзүнүн себебин сураганын көрсөтүп турат. Хавла бинти Саълаба Расулулла ρга келип, өз эринин зихор кылгандыгы маселеси жөнүндө сурады. Расулулла ага: «**Менде сенин ишиң тууралуу эч нерсе жок»,** - деди. Ошондо ал Расулулла ρ менен тартышышты. Бул кеңири белгилүү кысса болуп, Алла ага Куранда ишара кылган:

{ قَدْ سَمِعَ ٱللَّهُ قَوْلَ ٱلَّتِى تُجَـٰدِلُكَ فِى زَوْجِهَا وَتَشْتَكِىٓ إِلَى ٱللَّهِ وَٱللَّهُ يَسْمَعُ تَحَاوُرَكُمَآ }

«*(Эй Мухаммад),* ***чындыгында Алла сени менен өз жубайы тууралуу талашып жаткан жана Аллага арызданып жаткан аялдын сөзүн укту. Алла силердин суроо-жоопторуңарды угуучу зат».*** **[58:1]**

Бул матндар аялдар Расулулла ρ менен талкуулашкандыгына ачык далил. Ушундай болгон соң, аял ар бир нерседе өз райын билдириши

жана талкуулашышы мүмкүн. Бул тууралуу эч бир кишиде күмөн жок жана сахабалар да ушуга келишишкен.

Аял райын билдирүүдө каалаган кишини өзү тарабынан өкүл кылышы же рай билдирүүдө каалаган киши тарабынан өкүл болушу мүмкүн. Бул иштин мүмкүндүгүнө да эч кандай сөз болушу мүмкүн эмес. Себеби, аял нике, соода, ижара жана башка иштерде өзү тарабынан өкүл дайындашка, же бул иштерде башка адам тарабынан өкүл болушка акылуу. Бул кээ бир нерселерге гана хос болбой, балким, бардык нерселерге, алардын ичинен рай билдирүүгө да умумий. Ушуга караганда, аял киши рай билдирүүдө каалаган кишини өзү тарабынан өкүл кылышы жана каалаган киши тарабынан өкүл болушу мүмкүн.

Үммөт межлиси рай билдирүү межлиси болгондугу себептүү жана анын мүчөлөрү рай билдирүүдө башкалар тарабынан өкүл болгондуктары себептүү, аял киши Үммөт межлисине шайлоодо катышышы же шайланышы мүмкүн. Т.а. рай билдирүүдө башка адам тарабынан өкүл болушу же башка адамды өкүл кылып дайындашы мүмкүн. Пайгамбар ρ пайгамбар кылып жиберилгендигинин он үчүнчү жылында т.а. хижрат кылган жылы ал заттын алдына жетимиш үч эркек жана эки аял келди. Аялдар: Бани Маазин аялдарынын бири Умму Умара бинти Каъб жана Бани Салама аялдарынын бири Асма бинти Амр ибн Адий эле. Пайгамбар ρ алар менен Акабада учурашууга убадалашты. Кийин түн жарымында бардыгы убадалашкан жерге чыгышты. Алар менен бирге эки аял да чыкты. Пайгамбар ρ аларга:

«أُبَايِعُكُمْ عَلَى أَنْ تَمْنَعُونِي مَا تَمْنَعُونَ بِهِ نِسَاءَكُمْ وَأَبْنَاءَكُمْ»

**«Мен силерге жубайыңарды жана балдарыңарды коргогон нерсе менен мени да коргошуңарга байъат кылам»**, - деди. (Ибн Хиббан риваяты). Алар да төмөндөгү сөздөрдү айтып байъат беришти:

«بَايَعْنَا عَلَى السَّمْعِ وَالطَّاعَةِ فِي عُسْرِنَا وَيُسْرِنَا وَمَنْشَطِنَا وَمَكْرَهِنَا، وَأَنْ نَقُولَ بِالْحَقِّ أَيْنَمَا كُنَّا، لاَ نَخَافُ فِي اللهِ لَوْمَةَ لاَئِمٍ»

«Биз бай жана кембагалдыкта да, шаттык жана капачылык абалда да кулак салып баш ийүүгө, каерде болсок да акыйкатты айтууга жана Алланын жолунда маламат кылуучунун маламатынан коркпоого байъат бердик». Бул саясий байъат эле. Аял киши саясий байъат бериши мүмкүн болгон соң, шайлашы же шайланышы да мүмкүн. Анткени, байъат да, шайлоо да бир кыл иш болуп, бул иш акимди тандоо жана ага баш ийүү болуп эсептелет. Байъат менен шайлоо бир кыл иш экендигине далил, эгер халифага байъат берилбесе, ал шаръан халифа боло албайт. Аны халифа кыла турган нерсе – байъат. Демек, ал толук мааниде халифаны тандоо о.э. ага кулак салып баш ийүүгө ахд кылуу. Бул жерде «байъат бир гана кулак салып баш ийүү ахды» деп айтылбайт, себеби, байъат бербеген кишилер да халифалык мыйзамдык

түскө киргенден кийин ага кулак салып баш ийишет. Биринчи байъат болсо тандоо жана кулак салып баш ийүүгө ахд берүү болот. Байъат өз ара ыраазылык бүтүмү болгондугу үчүн, анда ыраазылык шарт кылынат. Мына ушул жагынан байъат менен шайлоо бир кыл иш деп эсептелет. Рай билдирүү үчүн аял тарабынан үммөт межлисинде өкүл боло турган адамды шайлоо албетте мүмкүн. Себеби, аял халифаны т.а. акимияттагы эң жогорку мансаптагы адамды тандашы мүмкүн экен, демек, андан төмөнүрөөк мансаптагы адамды тандашы да албетте мүмкүн болот. Муну менен, аялдын Үммөт межлиси мүчөлөрүн шайлашы шаръан мүмкүн экендиги маалым болот.

Жогоруда экинчи Акаба байъаты аял Үммөт межлисине өзүнөн башка адамды шайлашы мүмкүндүгүнө далалат кылышы айтып өтүлдү. Эми аялдын Үммөт межлисине башка адам тарабынан мүчө кылып шайланышына келсек, байъаттан бошошкондон кийин, Расулулла ρ алардын бардыгына, эркек жана аялдарга карата мындай деди:

«أَخْرِجُوا لِي مِنْكُمُ اثْنَيْ عَشَرَ نَقِيبًا يَكُونُونَ عَلَى قَوْمِهِمْ بِمَا فِيهِمْ كُفَلاَءُ»

**«Мага араңардан өз элине кепил боло турган он эки башчыны чыгаргыла».** Бул болсо бардыгы тарабынан шайлануулары үчүн айтылган ал заттын буйругу эле. Буйрук умумий болуп, ал эркектерге гана хос болбоду. Шайланган кишилерден да, шайлаган кишилерден да аялдарды ажыратпады. Хос кылып коюу далили келбеген соң, умумий буйрук умумий бойдон кала берет. Буйрук хос кылып коюлбагандыгы себептүү, ал эркек жана аялдардын бардыгын – алар шайлаган же шайланган кишилер болушабы, айырмасыз – бүт баарын өз ичине алат.

Ушуга караганда, аялдын Үммөт межлисинде мүчө болушу жана анын мүчөлөрүн шайлашы мүмкүндүгү – анын рай билдирүүдө башка адам тарабынан өкүл болушу жана башка адамды өкүл кылышы жагы аркылуу о.э. экинчи Акаба байъаты хадиси аркылуу келген.

Шуро эркек жана аялдын укугу экендиги, акимдерди эсеп-китеп кылуу, маъруфка буйруу жана мункардан кайтаруу эркек жана аялга фарз экендиги, насаат кылуу эркек жана аял үчүн шаръий өкүм кылынгандыгы, рай билдирүүдө өкүлдүк эркек жана аял үчүн мүмкүндүгү, аял өз райына ээ болушу жана бул рай саясий, мыйзамчылык же башка тармактагы рай болобу, бул райды билдирүүгө акылуу экендиги эч кимде шек туудурбайт. Үммөт межлисинин милдеттери шуро (кеңеш берүү), акимдерди эсеп-китеп кылуу, маъруфка буйруу, мункардан кайтаруу жана мусулмандардын имамдарына насаат кылууга чектелгендиги о.э. бул иштердин бардыгы бийлик иштеринен болбой, райга гана тиешелүү иштер болгондугу себептүү, аялдын үммөт межлисине мүчө болушу жана үммөт межлиси мүчөлөрүн шайлашы мүмкүн экендигине эч кандай күмөн болбошун

талап кылат. Бирок, кээ бир адамдар Үммөт межлиси мүчөлөрүн аял шайлашы мүмкүн экендигине күмөн билдирип: «Байъат шайлоо эмес, балким, кулак салууга жана баш ийүүгө бүтүм кылуу. Анда шайлоонун мүмкүндүгүнө далил жок» - дешет. Бирок, Үммөт межлисинин иши – рай билдирүү экендиги жана аял рай билдирүүдө каалаган кишини өкүл кылууга акылуу экендиги келгенине караганда, Үммөт межлисинин мүчөлөрүн аял шайлашы мүмүндүгүндө эч кандай күмөн болбошу керек. Мындан тышкары, байъат бир гана баш ийүү бүтүмү эмес, балким, алгач өз ара ыраазылык бүтүмү жана бүтүм кылуучулардын ыраазылык менен халифаны тандоолору. Демек, байъат менен шайлоо бир кыл иш болуп, халифаны тандоодон турат. Ушуга караганда, акимдерди шайлоо жана аларды тандоого аял акылуу. Буга аялдар байъаты жөнүндө келген хадис далил болот. Ушундай болгон соң, Үммөт межлиси мүчөлөрүн тандоо аял үчүн албетте мүмкүн. Дагы кээ бир адамдар Үммөт межлиси парламентке окшогондугу үчүн, Үммөт межлисинде аялдын мүчө болушу мүмкүндүгүнө шек билдиришет. Бирок, Үммөт межлиси парламенттен башкача экендиги белгилүү. Анткени, Үммөт межлиси рай билдирет, парламент болсо бийликти башкарат. Демек, алар бири-бирине окшобойт. Ошондой болгон соң, Үммөт межлиси парламентке окшобогондугу үчүн, Үммөт межлисине аялдын мүчө болушу мүмкүндүгүнө эч кандай шек болбошу керек. Ушуну менен аялдын Үммөт межлисинде мүчө болушу жана Үммөт межлисине мүчөлөрдү шайлашы мүмкүндүгүнө эч күмөн калбады. Өз сөзүндө катуу туруп алуучу кежирлер гана бул иште күмөн кылышат.

## ИСЛАМИЙ ЖАМААТ

Кээ бир адамдар сурап калышат: «Шарият аткарууга уруксат берген иштерди аял кандай аткарат? Мисалы, намахрам эркек менен хилватта болбоо, зыйнаттанып жасанбоо о.э. жеке турмушта аялдар жана махрамдар менен жашоо сыяктуу шарият ага койгон чектөөлөр менен, кантип мамлекет кызматчысы, чыр-чатактарды ажырым кылуучу казы жана акимдер менен талкуулашып, аларды эсеп-китеп кылуучу Үммөт межлисинин мүчөсү болушу мүмкүн?».

Кээде башка бир адамдарда да суроо туулат: «Эгер аялга базарларга баруу, эркектер менен тартышуу жана жалпы турмушта коомдогу иштерди аткаруу үчүн уруксат берилсе, адеп-ахлак кантип сакталат? Эң бийик фазилаттар кантип сакталат?».

Бул эки суроо жана буларга окшогон күмөн туудуруучу суроолор көбүнчө мындай адамдарга ижтимаий түзүмгө тийиштүү шаръий өкүмдөр берилген кезде пайда болот. Себеби, алар капиталисттик түзүмдүн өкүмдарлыгы астындагы жана куфр байрагынын көлөкөсүндөгү өздөрү жашап жаткан турмуш вакиълигин көрүп жатышат. Ушул себептен улам, Исламдын турмушка колдонулушун көз алдына келтирүүлөрү кыйын болот.

Бул суроолорго жооп мындай: Исламдагы ижтимаий түзүм бири-бирине ылайыкташкан ар түрдүү шаръий өкүмдөрдөн турган болуп, бир өкүмгө амал кылуу талабы башка бир өкүмгө амал кылбоону билдирбейт. Балким, бир адамда карама-каршылык жүзөгө келбеши жана мунун натыйжасында өкүмдөрдө карама-каршылык бардай болуп көрүнбөшү үчүн, мусулман эркек жана аял бардык шаръий өкүмдөргө амал кылышы зарыл. Ислам аялга ар түрдүү иштерди аткарууга уруксат беришинде – аял өзү кызматчы болуп иштеген мамлекет мекемесине, мисалы, ооруканада мээрман эжей болуп иштесе, зыйнаттарын тагып, кудум нике кечесиндеги келинчектей өзүн жасап барышын же өзүнө тартуучу зыйнаттар менен эркектерге көрүнүп барышын же алардын ышкыларын козгоп өзүн көрсөтүшүн – назарда тутпайт. О.э. бул зыйнаттар менен дүкөнгө барышын, кардарды өзүнө карата турган жагымдуу сөздөр менен жагымдуу абалда соода-сатык кылышын, же дүкөндө буюмдун наркын көтөрүүнү жана аны сатып алууга кызыктырууну шылтоо кылып кардарга сөз таштоо менен назданууну да назарда тутпайт. Ислам аялдын адвокат алдында катчы же башчынын катчысы болуп иштешин о.э. иш жүзөсүнөн жалгыз калууга зарылдык туулганда башчы менен жалгыз калышын жана чачы, көкүрөгү, мойну, билек жана балтырлары ачылып кала турган кийимдерди башчысы үчүн кийишин, жылаңач денесинен анын ышкысын козгой турган жерлерин көрсөтүшүн да назарда тутпайт.

Жок, Ислам бул иштердин бирөөсүн да эч качан көздө тутпайт. Батыштын жашоо образы өкүмдарлык кылып жаткан исламий эмес

коомдо жашап жаткан жамаатта жүз бере турган мындай иштерди Ислам эч качан назарда тутпайт. Балким, Ислам – мусулман адам турмушта өзүнө карата бардык Ислам өкүмдөрүн колдонушун назарда тутат. Ислам аялга базарда соода-сатык иштерин аткарууга уруксат берген кезде, ал жакка жасанып барышына тыюу салган жана бул эки өкүмгө теппе-тең амал кылууга буйруган. Анткени, Исламга этикат кылуу мусулмандын мойнуна бардык Ислам өкүмдөрүн турмушта колдонууну жүктөйт. Ислам оң жана терс иштерди аткарууну өз ичине ала турган о.э. мусулманды, мейли эркек болсун, мейли аял болсун, фазилат жолунан чыгып кетүүдөн асырай турган жана жамаат ичинде болгон кезде аны «жыныстык көз караш» тарапка ооп кетишинен сактай турган өкүмдөрдү мыйзамдаштырды.

Мындай өкүмдөр өтө көп болуп, алардан оң иш-амалдарды аткарууну өз ичине ала турган өкүмдөр төмөндөгүлөр:

1) Ислам эркек-аялдын экөөсүнө тең көздөрүн тосууларын жана авраттарын сактоолорун буюрган. Алла Таала айтат:

﴿ قُل لِّلۡمُؤۡمِنِينَ يَغُضُّواْ مِنۡ أَبۡصَٰرِهِمۡ وَيَحۡفَظُواْ فُرُوجَهُمۡۚ ذَٰلِكَ أَزۡكَىٰ لَهُمۡۚ إِنَّ ٱللَّهَ خَبِيرُۢ بِمَا يَصۡنَعُونَ + وَقُل لِّلۡمُؤۡمِنَٰتِ يَغۡضُضۡنَ مِنۡ أَبۡصَٰرِهِنَّ وَيَحۡفَظۡنَ فُرُوجَهُنَّ ﴾

«*(Эй Мухаммад),* ***момундарга айткын, көздөрүн*** *(намахрам аялдарга кароодон)* ***тосушсун жана аврат жерлерин*** *(арамдан)* ***сакташсын. Мына ушул алар үчүн эң таза*** *(жол).* ***Албетте, Алла алар кылып жаткан өнөрлөрдөн кабардар. Муминаларга да айткын, көздөрүн*** *(намахрам эркектерге кароодон)* ***тосушсун жана аврат жерлерин*** *(арамдан)* ***сакташсын!***» **[24:30-31]**
Эркек жана аялдын өз көздөрүн тосуулары алардын экөөсү үчүн тең чыныгы сактануу коргону болуп, бул коргон мусулманды арам иштерге түшүп калуудан сактайт. Себеби, көз – арам иштерге алып баруучу күчтүү курал. Качан көз тосулса, мункар иштин алды алынат.

2) Эркек жана аялды Алладан коркууга буюрган. Алла Таала айтат:

﴿ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱتَّقُواْ ٱللَّهَ وَقُولُواْ قَوۡلٗا سَدِيدٗا ﴾

***«Эй момундар, Алладан корккула жана туура сөздү сүйлөгүлө!»*** **[33:70]**

﴿ وَٱتَّقِينَ ٱللَّهَۚ إِنَّ ٱللَّهَ كَانَ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٖ شَهِيدًا ﴾

«*(Эй аялдар)* ***Алладан корккула! Албетте, Алла бардык нерсенин үстүндө күбө болгон Зат***». **[33:55]**

﴿ وَٱلۡعَٰقِبَةُ لِلتَّقۡوَىٰ ﴾

*«Көркөм акыбет – бейиш – таква заттар үчүн».* **[20:132]**
Качан мусулман адам Алладан коркуу сыпатына ээ болсо, Анын азабынан коркуп, Анын бейишине жана ыраазылыгына жетүүнү үмүт кылат. Анткени, бул таква аны мункар иштен кайтарат жана Аллага күнөөкөр болуудан тосот. Бул чыныгы тосмо, мындан артык тосмо болбойт. Эгер мусулман Алладан коркуу менен сыпаттанса, жетишкендиктин эң жетик сапаты менен сыпаттанган болот.

3) Эркек жана аял арам иш кылып койбоолору үчүн, күмөндүү жерлерге барбоого, кандайдыр бир күмөндүү ишти кылбоого, кандайдыр бир күмөндүү абалга аралашып калбоого аларды буйруган. Аллага күнөөкөр болбоолору үчүн шектүү жерлерден узак болууларына жана мындан этият болууларына буюрган. Расулулла ρ айткан:

**«إِنَّ الْحَلاَلَ بَيِّنٌ وَالْحَرَامَ بَيِّنٌ، وَبَيْنَهُمَا مُشْتَبِهَاتٌ لاَ يَعْلَمُهُنَّ كَثِيرٌ مِنَ النَّاسِ، فَمَنِ اتَّقَى الشُّبُهَاتِ فَقَدِ اسْتَبْرَأَ لِدِينِهِ وَعِرْضِهِ، وَمَنْ وَقَعَ فِي الشُّبُهَاتِ وَقَعَ فِي الْحَرَامِ، كَالرَّاعِي يَرْعَى حَوْلَ الْحِمَى يُوشِكُ أَنْ يَقَعَ فِيهِ. أَلاَ وَإِنَّ لِكُلِّ مَلِكٍ حِمًى، أَلاَ وَإِنَّ حِمَى اللَّهِ مَحَارِمُهُ»**

**«Адал да, арам да анык болду, алардын ортосунда күмөндүү нерселер (т.а. адал же арамдыгын билүү кыйын болгон иштер) болуп, көп адамдар аларды билишпейт. Кимде-ким күмөндүү нерселерден сактанса, динин жана намысын таза сактаптыр. Кимде-ким күмөндүү нерселерге аралашса, арамга түшүп калат. Ал кудум коруктун айланасында кой багып жатып, ага кирип калышы мүмкүн болгон чабан сыяктуу болот. Билип койгула, ар бир падышанын коругу бар. Билип койгула, Алланын коругу – ал арам кылган нерселер».** Бул жердеги күмөн үч түргө бөлүнөт.

Биринчиси: Кайсы бир нерсенин арам же мубах экендигине, же бир иштин фарз же арам, макрух же мандуб, же мубах экендигине күмөндөнүү. Нерсенин сыпатында же иштин өкүмүндө мындай күмөндүн бар экендиги, алар жөнүндөгү Алланын өкүмү белгилүү болгонго чейин, аларга жакындашпоону талап кылат. Ал нерсе же иш туурасындагы Алланын өкүмүн анык билгенден кийин гана аларга беймарал жакындашылат. Бул өкүмдү ижтихад кылуу аркылуу билип алабы, же ал нерсе жөнүндөгү Алланын өкүмүн мужтахидден же өкүмдү биле турган адамдан сурап алабы, мунун айырмасы жок. Өкүмдү айткан адам мукаллид болобу же аамий болобу, айырмасы жок. Болгону, суроочу анын таквасына жана ошол өкүмдү билишине ишенсе болду.

Экинчиси: Арам ишке коңшу болгон мубах амал аткарылса, арамга алып барат деген күмөн болгондугу үчүн, мубах ишти кылып, арамга түшүп калуудан күмөндөнүү. Мисалы, акчаны сүткордук менен алектене турган банкка аманатка коюу, жүзүмдү арак заводуна сатуу, жаш кызга

үзгүлтүксүз түрдө жумалык же күндөлүк сабак берүү ж.б.у.с. иштер. Буга окшогон иштер негизи мубах болуп, аларды кылуу мубах, бирок, таква жүзөсүнөн таза болуу үчүн аны кылбоо жакшыраак.

Үчүнчүсү: Адамдар кайсы бир мубах ишти тыюу салынган иш деп күмөндөнүүлөрү. Ушул себептен улам, адамдар жаман күмөнгө барып калууларынан коркуп, киши бул мубах иштен четтейт. Мисалы, бир киши «бузук жай» деп күмөн кылынган жерден өтөт. Кийин аны адамдар фасык деп күмөнсүрөшөт. Натыйжада, адамдар ал жөнүндө мындай сөздү айтууларынан коркуп, мубах иштен узакташат. Же бир киши аялы же махрамдары жүздөрүн да тосуп алууларына катуу турат. Ал жүз аврат эместигин билет. Бирок, ал адамдар «баланчанын аялы же карындашы ачык» деп сүйлөөлөрүнөн коркуп катуу турат. Бул маселенин дагы эки жагы бар.

а) Адамдар арам же макрух деп күмөндөнүп жаткан нерсе чындыгында арам же макрух болушу. Киши кайсы бир мубах ишти кылса, адамдар «тыюу салган ишти кылды» деп түшүнүшөт. Киши ушундай абалда адамдардын күмөнсүрөшүнөн корккондугу себептүү мубах ишти кылуудан сактанат же бул ишти аларга түшүндүрүп берет.

**«عَنْ عَلِيِّ بْنِ الْحُسَيْنِ أَنَّ صَفِيَّةَ بِنْتَ حُيَيٍّ زَوْجَ النَّبِيِّ ρ أَخْبَرَتْهُ أَنَّهَا جَاءَتْ رَسُولَ اللَّهِ تَزُورُهُ وَهُوَ مُعْتَكِفٌ فِي الْمَسْجِدِ فِي الْعَشْرِ الأَوَاخِرِ مِنْ رَمَضَانَ فَتَحَدَّثَتْ عِنْدَهُ سَاعَةً مِنَ الْعِشَاءِ ثُمَّ قَامَتْ تَنْقَلِبُ فَقَامَ مَعَهَا النَّبِيُّ يَقْلِبُهَا، حَتَّى إِذَا بَلَغَتْ بَابَ الْمَسْجِدِ الَّذِي عِنْدَ مَسْكَنِ أُمِّ سَلَمَةَ زَوْجِ النَّبِيِّ ρ مَرَّ بِهِمَا رَجُلاَنِ مِنَ الأَنْصَارِ، فَسَلَّمَا عَلَى رَسُولِ اللَّهِ ρ ثُمَّ نَفَذَا، فَقَالَ لَهُمَا رَسُولُ اللَّهِ ρ: عَلَى رِسْلِكُمَا إِنَّمَا هِيَ صَفِيَّةُ بِنْتُ حُيَيٍّ. قَالاَ: سُبْحَانَ اللَّهِ يَا رَسُولَ اللَّهِ وَكَبُرَ عَلَيْهِمَا مَا قَالَ. قَالَ: إِنَّ الشَّيْطَانَ يَجْرِي مِنِ ابْنِ آدَمَ مَبْلَغَ الدَّمِ. وَإِنِّي خَشِيتُ أَنْ يَقْذِفَ فِي قُلُوبِكُمَا»**

**«Али ибн Хусайн риваят кылат, ага Набий ρдын аялы Сафия бинти Хуяй кабар берди: Расулулла ρ орозонун акыркы он күнүндө мечитте эътикаф кылып отурганда, Сафия ал затты зыярат кылганы келди. Расулулла ρдын алдында кечинде бир сааттай сүйлөшүшкөндөн кийин, кайтууга камынды. Пайгамбар ρ аны узатып койгону турду. Пайгамбар ρдын аялы Умму Саламанын үйүнүн алдындагы мечиттин эшигине жетишкенде, алардын алдынан эки ансарий өтүп калды. Алар Расулулла ρга салам берип өтүп кетишти. Ошондо Расулулла ρ аларга: «Шашпагыла, бул Сафия бинти Хуяй», - деди. Алар: «Субханалла, я Расулулла» - дешти. Ал заттын бул сөзү аларга оор тийди. Ошондо Расулулла ρ:**

**«Шайтан адам баласынын кан-тамырында жүрөт. Мен силердин жүрөгүңөргө күмөн ташташынан корктум», - деди»** (муттафакун алайх). Бул хадистен түшүнүлгөн нерсе, Расулулла ρ шектен алыс болушуна карабастан, эки сахабасында пайда болуп калышы мүмкүн болгон күмөндү жок кылды.

б) Адамдар тыюу салынган деп күмөндөнгөн нерсе, негизи тыюу салынбаган болушу. Бирок, ал тыюу салынган ишти кылды деп адамдардын айтышынан коркот жана тыюу салынгандыгы үчүн эмес, балким, адамдардын сөзү үчүн бул иштен алыстайт. Күмөндүү деп санала турган бул сыяктуу иштерден алысташуу мүмкүн эмес. Балким, шарият буюрган түстө аны аткарат жана адамдар менен эсептешпейт. Алла Таала мына ошондуктан пайгамбарга эскертүү (танбих) берген. Алла Таала айтат:

{ وَتَخۡشَى ٱلنَّاسَ وَٱللَّهُ أَحَقُّ أَن تَخۡشَىٰهُۖ }

***«Алладан коркушуң ылайыгыраак болгон абалда, сен адамдардан** (алардын кеп кылуусунан) **корккон элең».*** **[33:37]**
Бул мындайча түшүнүлөт: Эгер мусулман кайсы бир нерсени шарият тыюу салбаган деп билсе, бардык адамдар аны тыюу салынган деп айтышса да, аны кылышы керек.

Эгер эркек жана аял шарият кайтарган бул күмөндөрдөн сактанышса, бул сактануу аларды күнөөдөн сактайт жана аларды улуу фазилаттардын ээсине айландырат.

4) Эркек менен аялдын жыныстык мамилесин эрте балагат жашында эле нике алкагына чектөө үчүн, эрте турмуш курууга үндөгөн. Муну менен жыныстык гарыйза козголушу башталган убакта эле бул жыныстык караш, турмуш куруу алкагына чектелет жана бул тарбияны табат. Пайгамбар ρ айткан:

«يَا مَعْشَرَ الشَّبَابِ، مَنِ اسْتَطَاعَ مِنْكُمُ الْبَاءَةَ فَلْيَتَزَوَّجْ»

**«Эй жаштар жамааты, силерден кимдин баъатка (үйлөнүү жүгүн көтөрүүгө) кудурети жетсе, үйлөнсүн»** (муттафакун алайх). Махрларды кемитүүгө үгүттөө менен үйлөнүү ишин бүтүндөй жеңилдетти. Пайгамбар ρ айтты:

«أَعْظَمُ النِّسَاءِ بَرَكَةً أَيْسَرُهُنَّ صَدَاقًا»

**«Аялдардын эң берекелүүсү – махры азыраагы».**

5) Шарттар үйлөнүүгө мүмкүнчүлүк бербей турган кишилерди абийирдүү болууга жана өздөрүн тыюуга буйруган. Алла Таала айтат:

{ وَلۡيَسۡتَعۡفِفِ ٱلَّذِينَ لَا يَجِدُونَ نِكَاحًا حَتَّىٰ يُغۡنِيَهُمُ ٱللَّهُ مِن فَضۡلِهِۦۗ }

***«Нике** (үчүн зарыл болгон мал-мүлктү) **таба албаган кишилер тээ Алла аларды Өз жоомарттыгы менен бай-дөөлөттүү кылганга чейин, өздөрүн** (арамдан, зинакердиктен) **аруу тутушсун!»*** **[24:33]** Жыныстык гарыйзаны муалажа кылуу үчүн аларды орозо тутууга буйруган. Ушуну менен гарыйзаны тизгиндөөдө орозо ибадатынан жардам алсын жана нафисти андан улуураак жана андан бийигирээк иш менен алек кылсын. Бул иш адамдын Аллага болгон мамилесин ибадаттар менен күчөтүү болот. Пайгамбар ρ айткан:

**«يَا مَعْشَرَ الشَّبَابِ، مَنِ اسْتَطَاعَ مِنْكُمُ الْبَاءَةَ فَلْيَتَزَوَّجْ فَإِنَّهُ أَغَضُّ لِلْبَصَرِ، وَأَحْصَنُ لِلْفَرْجِ، وَمَنْ لَمْ يَسْتَطِعْ فَعَلَيْهِ بِالصَّوْمِ، فَإِنَّهُ لَهُ وِجَاءٌ»**

**«Эй жаштар жамааты, силерден кимдин баъатка кудурети жетсе, үйлөнсүн. Себеби, ал көздү тосуучу жана авратты сактоочу болот. Кимдин кудурети жетпесе, орозо тутсун. Себеби, ал (орозо) аны тайылуудан сактоочу».** Орозо жыныстык гарыйзаны кысымга алуу үчүн тутулбайт. Балким, адамды нав гарыйзасынын түшүнүктөрүнөн алек кылып тура турган диндарлык гарыйзасына тиешелүү түшүнүктөрдү пайда кылуу үчүн тутулат. Ошондо нав гарыйзасы аны тынчсыздандырып кыйнай турган даражада козголбойт. Орозо тутуудан максат денени күчсүздөндүрүү эмес. Себеби, түндө тамактануу жана керектүү азык өлчөмүн алуу күндүзгү тамактануудан бошотот. Демек, орозо тутуу аркылуу организм күчсүздөнбөйт. Бирок, ыктыярдуу түстө орозо тутуу себептүү рухий түшүнүктөр анык пайда болот.

6) Аялдарды жалпы турмушта жөнөкөйлүккө жана бардык жакты ороп тура турган туура-толук кийимдерди кийүүгө буйруган. Жеке турмушту болсо, аялдар жана махрамдарга чектеп койгон. Аялдын олуттуу, карапайым болуп көрүнүшү аны менен Алладан коркпой турган кимселердин жаман назарларынын ортосун тосот. Куран бул кийимди ушунчалык анык жана толук сыпаттап берген. Аял бул кийимди кийип, жоолугу менен көкүрөгүн тоскон убакта, баш жамынчысы менен моюн жана көкүрөгүн ороп, жилбабды үстүнө таштаган убакта, бардык денесин таманына чейин тосуп турушу үчүн жилбабын ылдыйга чейин түшүргөндө толук-туура кийимди кийген болот жана аны кийүү менен өзүн сактаган болот. О.э анын жөнөкөйлүгү көрүнөт. Бул толук кийим менен жалпы турмушка чыгып, анда өз иштерин аткарышы мүмкүн болот жана өзү менен Алладан коркпой турган кимселердин жаман караштарынын ортосун тосо турган олуттуулук жана карапайымдыктын эң жогорку тепкичинде болот.

Булар оң амалдарды аткарууну өз ичине алган шаръий өкүмдөр. Терс амалдарды өз ичине алган шаръий өкүмдөр болсо төмөндөгүлөр:

1) Эркек менен аялды хилватта калуудан кайтарган. Хилватта калуунун мааниси – эркек менен аялдын бир да киши алардын

уруксатысыз кире албай турган жерде бирге болуулары. Мисалы, үйдө же жолдон жана адамдардан алыста хилват жайда бирге болуулары сыяктуу. «Комусул мухит» китебинде «Хилват – бул башка бирөө менен ээн жайда бирге болуу» делген. Демек, хилват эки адамдын жалгыздап жолугушуусу болуп, ал жерде алар менен бирге башка бирөөнүн болушунан тынч болушат. Бул хилват бузукулуктун дал өзү болгондугу үчүн, бул кишилер ким болбосун жана бул хилват кандай болбосун, Ислам махрам болбогон эркек менен аялдын ар кандай хилватта калууларынан катъий кайтарган. Пайгамбар ρ айткан:

« لاَ يَخْلُوَنَّ رَجُلٌ بِامْرَأَةٍ إِلاَّ وَمَعَهَا ذُو مَحْرَمٍ مِنْهَا، فَإِنَّ ثَالِثَهُمَا الشَّيْطَانُ»

**«Эч бир киши жанында махрамы болбогон аял менен хилватта калбасын. Себеби, алардын үчүнчүсү шайтан болот»** (Муслим риваяты). Шарият хилватта калуудан кайтаруу менен – эркек менен аялдын ортосуна сактануу тосмосун курду. Хилваттын вакиълиги мындай. Ал эркекти аял жөнүндө аялдыктан башка нерсени билбей турган, аялды эркек жөнүндө эркектиктен башкасын билбей турган кылып коёт. Бул хилватта жалгыз калуудан кайтаруу менен бузукулуктун себептери жоюлат. Себеби, хилват бузукулукка алып баруучу жолдордун бири.

2) Аялды жасануудан кайтарды. Алла Таала айтат:

{ وَٱلۡقَوَٰعِدُ مِنَ ٱلنِّسَآءِ ٱلَّٰتِي لَا يَرۡجُونَ نِكَاحٗا فَلَيۡسَ عَلَيۡهِنَّ جُنَاحٌ أَن يَضَعۡنَ ثِيَابَهُنَّ غَيۡرَ مُتَبَرِّجَٰتِۭ بِزِينَةٖۖ }

***«Аялдардын картайып калган, эрге тийүүнү ойлобой тургандары бир да коздук-жасалгалары менен жасанбаган абалдарында, кийимдерин** (жоолук, жамынчыларын) **алып коюуларында, аларга күнөө жок».*** **[24:60]**

Карып калган аялдарга гана жасанбоо шарты менен кийимдерин алып коюуга т.а. шарият (бардык жактарын ороп тура турган жөнөкөй) кийимдерин чечип коюуларына уруксат берди. Мунун мааниси: жасанып, өз сулуулугун бегенелерге көрсөтүүдөн кайтаруу. Эгер карып калган аялдар жасануудан кайтарылган болушса, алардан башка аялдар да албетте кайтарылган болушат. Алла Таала айтат:

{ وَلَا يَضۡرِبۡنَ بِأَرۡجُلِهِنَّ لِيُعۡلَمَ مَا يُخۡفِينَ مِن زِينَتِهِنَّۚ }

***«Дагы жашырган зыйнат-жасалгалары билинсин үчүн буттарын** (жерге) **урушпасын».*** **[24:31]**

Буга окшогон аракеттер да жасануу деп эсептелет. Жасануу – зыйнат жана сулуулугун бегенелерге көрсөтүү. «Аял жасанды» дегенден «зыйнатын жана сулуулугун бегенелерге көрсөттү» деген маани

түшүнүлөт. Жасануу деп эсептеле турган абалдардан кайтарып, бир нече хадистер келген. Абу Муса Ашъарийден Расулулла ρдын мындай деп айтканы риваят кылынат:

«أَيُّمَا امْرَأَةٍ اسْتَعْطَرَتْ فَمَرَّتْ عَلَى قَوْمٍ لِيَجِدُوا مِنْ رِيحِهَا فَهِيَ زَانِيَةٌ»

**«Кайсы бир аял жыпар жыттуу болуп, андан кийин, адамдар анын жытын сезүүлөрү үчүн алардын алдынан өтсө, (анда) ал зинакер»** (Ибн Хиббан жана Хаким риваяты). Т.а. күнөөкөрлүктө ал зинакер аял сыяктуу. Пайгамбар ρ айтты:

«صِنْفَانِ مِنَ النَّاسِ لَمْ أَرَهُمَا، قَوْمٌ مَعَهُمْ سِيَاطٌ كَأَذْنَابِ الْبَقَرِ يَضْرِبُونَ بِهَا النَّاسَ، وَنِسَاءٌ كَاسِيَاتٌ عَارِيَاتٌ مُمِيلاَتٌ مَائِلاَتٌ، رُءُوسُهُنَّ كَأَسْنِمَةِ الْبُخْتِ الْمَائِلَةِ، لاَ يَدْخُلْنَ الْجَنَّةَ، وَلاَ يَجِدْنَ رِيحَهَا، وَإِنَّ رِيحَهَا لَيُوجَدُ مِنْ مَسِيرَةِ كَذَا وَكَذَا»

**«Адамдардын эки тайпасы бар, мен аларды көрбөдүм. Биринчиси, жанында уйдун куйругу сыяктуу камчылары болуп, бул камчылар менен адамдарды ура тургандар. Экинчиси, кийинген да жылаңач, башкаларга ооп кетүүчү жана башкаларды да оодуруучу аялдар. Алардын баштары төөнүн өркөчү сыяктуу болот. Алар бейишке киришпейт жана анын жытын да таба алышпайт. Негизи, анын жыты балан жерден келип турат»** (Муслим риваяты). Бул далилдер – жасанууга тыюу салынгандыгын баян кылат. Ушул себептүү, жасануу арам болгон. Ушуга караганда, карапайым болбогон, эркектердин көңүлүн тарта турган жана аялдын сулуулугун көрсөтө турган ар кандай зыйнаттар менен аял жалпы турмушта көрүнсө, же жеке турмушта да бегене эркектердин алдында көрүнсө, ал жасанган болот. Мисалы, жалпы турмушка аралашкан кезде, жыпар жыттуу болсо, жүзүнө боёк койсо, башына парикти жоолуксуз кийсе, шымды жилбабсыз кийсе – булардын баарында жасанган болот.

Жасануунун акыйкаты мындай: ал туйгуларды козгойт жана эркек менен аялдагы нав гарыйзасын жыныстык кошулууга карай чакырат. О.э. эркектерди аялдар менен эркектик жана аялдык негизде жакындашууга жана ортолорундагы мамилени бир гана жыныстык мамилеге айландырууга түртөт. Алардын ортосундагы өз ара өнөктөштүктү жамаат вужудун тикелөөгө эмес, балким, аны кыйратууга негизделген өнөктөштүккө айландырып коё турган даражада бузуп таштайт. Негизи тазалык жана таква болгон чыныгы жакындашуунун ортосун мындай жасануу тосот о.э. турмуш боштугун туйгуларды жана нав гарыйзасын козгоо менен толтурат. Жашоо-турмуш жасануу козгоп жаткан дене муктаждыктарын кандырууга сарпталбашы керек, балким, ал жогорку жоопкерчиликтер, улуу иштер жана бийик максаттар менен

толтурулушу керек. Жасануу мусулмандын, ал эркек болобу, же аялбы, турмушта өз рисалатын (тапшырмасын) аткарышына т.а. исламий даъватты жаюу жана Алланын келмесин бийик кылуу жолунда жихад кылышына тоскоолдук кылат. Ошондуктан, жасануунун исламий жамаатка коркунучун эсепке алуу зарыл. Аял жасануу менен эркекти козгой турган болуп көрүнүшүнүн жана мындай абалдын жамаатка, анын мамилелерине канчалык коркунучу бар экендигин эсепке алуу зарыл. Ислам арам кылган жасануунун вакиълиги жана анын исламий жамаатка коркунучу мына ушундай. Ал эми, сулуулук жана зыйнатты үйдө же жеке турмушта көрсөтүү жасануу деп эсептелбейт о.э. жасануу сөзү ага туура келбейт.

3) Ислам эркек менен аялды адеп-ахлакка коркунучу болгон жана жамаатты буза турган ар кандай иштен кайтарган. Аял болсо аялдык ар-намысы тебеленип-тепселиши көздөлгөн ар кандай иш менен алектенүүдөн кайтарылган. Рофиъ ибн Рифаъадан риваят кылынат:

**«نَهَانَا ρ عَنْ كَسْبِ الأَمَةِ إِلاَّ مَا عَمِلَتْ بِيَدَيْهَا. وَقَالَ: هَكَذَا بِأَصَابِعِهِ نَحْوَ الْخَبْزِ وَالْغَزْلِ وَالنَّقْشِ»**

Расулулла ρ бизди күңдөрдүн колу менен аткара турган иштен башка мээнетинен кайтарып мындай деди: «**Нан бышыруу, жип ийрүү жана сайма саюу сыяктуу бармактары менен аткара турган иштер**» (Ахмад риваяты). Ушуга караганда, аялдын кардарларды өзүнө тартуу үчүн дүкөндөрдө о.э. саясий максаттарга жетишүү үчүн аялдыгынан пайдалануу максатында элчикана, консулдук жана ушул сыяктуу жерлерде иштешине тыюу салынат. О.э. самолётто стюардесса болуп иштөө сыяктуу анын аялдыгынан пайдалануу максатындагы иштерде иштешине тыюу салынган.

4) Ислам таза аялдарды жаманатты кылуудан т.а. аларды зинакер деп, жалаа жабуудан кайтарган. Алла Таала айтат:

{ وَٱلَّذِينَ يَرۡمُونَ ٱلۡمُحۡصَنَٰتِ ثُمَّ لَمۡ يَأۡتُواْ بِأَرۡبَعَةِ شُهَدَآءَ فَٱجۡلِدُوهُمۡ ثَمَٰنِينَ جَلۡدَةٗ وَلَا تَقۡبَلُواْ لَهُمۡ شَهَٰدَةً أَبَدٗاۚ وَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ }

***«Таза аялдарды*** *(зынакер деп)* ***жаманатты кылып, кийин*** *(бул сөздөрүнө)* ***төрт күбө келтире албаган адамдарга сексен дарра ургула жана эч качан алардын күбөлүктөрүн кабыл кылбагыла! Алар фасык адамдар».*** **[24:4]**

{ إِنَّ ٱلَّذِينَ يَرۡمُونَ ٱلۡمُحۡصَنَٰتِ ٱلۡغَٰفِلَٰتِ ٱلۡمُؤۡمِنَٰتِ لُعِنُواْ فِي ٱلدُّنۡيَا وَٱلۡأٓخِرَةِ وَلَهُمۡ عَذَابٌ عَظِيمٞ }

***«Албетте** (бузук ниеттерден) **бейкабар, пакиза, момуна аялдарды жаманатты кыла турган адамдар дүнүйөдө да, акыретте да каргышка дуушар болушат. Алар үчүн улуу азап бар».*** **[24:23]**

**«اجْتَنِبُوا السَّبْعَ الْمُوبِقَاتِ، قَالُوا: وَمَا هُنَّ يَا رَسُولَ اللَّهِ؟ قَالَ الشِّرْكُ بِاللَّهِ، وَالسِّحْرُ، وَقَتْلُ النَّفْسِ الَّتِي حَرَّمَ اللَّهُ، وَأَكْلُ الرِّبَا، وَأَكْلُ مَالِ الْيَتِيمِ، وَالتَّوَلِّي يَوْمَ الزَّحْفِ، وَقَذْفُ الْمُحْصَنَاتِ الْمُؤْمِنَاتِ الْغَافِلاَتِ»**

Расулулла ρ айтты: **«Жети өлтүрүүчү күнөөдөн сактангыла».** «Алар кайсылар, я Расулулла?» деп сурашты. Айтты: **«Аллага шерик келтирүү; сыйкыр кылуу; Алла арам кылган тирүү жанды өлтүрүү; сүткордук кылуу; жетимдин малын жеш; согуш күнү артка карай качуу жана бузук ниеттерден бейкабар, таза муминаларды жаманатты кылуу»** (муттафакун алайх). Хадистеги «мухсонат» таза аялдар болуп, ар бир таза аялды жаманатты кылуу арам. Шарият таза аялдарды жаманатты кылуудан кайтаруу менен жаман сөздөрдү сүйлөөгө жана адамдардын ар-намысына так түшүрүүгө үйрөнгөн тилдерди тыйып коёт. Анткени, муну менен исламий жамаатта жаман сөздөр таркалбасын жана жалгандан доомат кылуу жайылбасын. Муну менен исламий жамаат сакталат.

Терс амалдардан кайтарууну өз ичине алган бул шаръий өкүмдөр исламий жамаатты тазалык жана таква чөйрөсүндө өз ара өнөктөштүктү ишке ашыра турган кылып коёт.

Жогоруда келтирилген өкүмдөр менен таанышкан адам исламий жамаат кандай болушун жана мусулман аял кандай болушун түшүнүп жетиши мүмкүн болот. О.э. аялдын жалпы турмушта шарият уруксат берген иштерди аткарышынан эч кандай бузукулук келип чыкпашын жана ал эч кандай зыянга алып барбашын, балким, ал жалпы турмуштун жана жамааттын өнүгүшү үчүн зарыл экендигин билиши мүмкүн болот. Ошондуктан, мусулмандар Ислам диярында да, куфр диярында да, исламий өлкөдө да, исламий болбогон өлкөдө да, мусулмандар жамааты же алардан башкалар арасында да шарият өкүмдөрүнө амал кылуулары о.э. шарият аял үчүн аткарууга уруксат берген иштерге кирише берүүлөрү жана мында эч бир зыяндан коркпоолору керек. Себеби, шарият өкүмдөрүнө амал кылууда аялды асыроо, жамаат үчүн өнүгүү жана Алланын буйрук жана кайтарууларына баш ийүү бар болот. Анткени, жеке жана жалпы турмушта жеке адам же жамаат катарында адамга эмнелер керектигин шарият жакшы билүүчү.

Эркектердин аялдар менен ар түрдүү проблемаларды келтирип чыгара турган жамдалууларын Ислам мына ушундай түзүм менен дабалады. Бул түзүмдөн маалым болгон нерсе, Ислам алып келген

шаръий өкүмдөр жамдалуудан пайда боло турган бузукулуктун алдын алууга жана тазалыкка, таквага, олуттуулук жана иш-аракетке толо болгон жакшылыкты өзүнө тартууга кепил. Бул түзүм – киши тынч жашай турган, дили кадыржам боло турган, турмуш ташбиштеринен бейпилдик ала турган жеке турмушту камсыздап берет. Жамаат өз турмушунда муктаж боло турган бак-таалай жана мол-көлдүктү жамаат үчүн жемиштүү жана жетиштүү камсыздап берет. Бул өкүмдөр ижтимаий түзүмдүн бир бөлүгү. Себеби, ал эркек менен аял ортосундагы жамдалууну тартипке салат. Ал эми, бул жамдалуудан пайда боло турган мамилелер жана андан келип чыга турган проблемалар ижтимаий түзүмдүн дагы бир бөлүгү болуп, ал үйлөнүү, талак, перзенттик, нафака ж.б.у.с. Бул үйлөнүү, талак жана ушуга окшогон өкүмдөр адамдын адам менен боло турган мамилесин тартипке сала турган коомдук түзүмдөрдөн болуп эсептелсе да, алар негизи эркек менен аял ортосундагы пайда боло турган жамдалуудан пайда болгон. Ошондуктан, бул өкүмдөр негиздери жана пайда болушу жагынан ижтимаий түзүмдө талкуу кылынат. Тафсилаттары жана тармактары жагынан болсо, алар коомдук түзүмдөрдүн бир бөлүгү болгондугу үчүн мамилелер бөлүмүндө талкуу кылынат.

## НИКЕ

Эркектер менен аялдардын жамдалуусунан алардын кызыкчылыктарына жана алар жашай турган жамааттын кызыкчылыгына байланыштуу болгон алакалар пайда болот. Бул алакалар коомдо, соода-сатык, ижара, өкүлдүк жана ушуга окшогон иштер үчүн жамдалуудан пайда боло турган проблемалардан башка. Адамдын оюна дароо эле «бул алакалар никеден турат» деген пикир келет. Негизи болсо, нике бул алакалардын бири болуп, алар үйлөнүүдөн башка маселелерди да өз ичине алат. Ушул себептен улам, жыныстык кошулуу нав гарыйзасынын жалгыз көрүнүшү эмес, балким, анын көрүнүштөрүнүн бири. Анткени, нав гарыйзасынын жыныс себептүү жамдалуудан башка энелик, аталык, ага-инилик, перзенттик жана тууган-уруктук сыяктуу көрүнүштөрү да бар. Ушуга караганда, эркектер менен аялдардын жамдалуусунан пайда боло турган алакалар никени өз ичине алганы сыяктуу эле энелик, аталык жана башкаларды да өз ичине камтыйт. Ижтимаий түзүм нике менен бир катарда аларды да өз ичине алат. Шарият никеге тиешелүү өкүмдөрдү алып келгендей аталык, энелик жана перзенттикке байланыштуу өкүмдөрдү да алып келген.

Бирок, нике бул алакалардын негизи болуп, баары андан келип чыгат. Эгер нике ишке ашпаса, аталык, энелик, перзенттик жана башка маселелер да жүзөгө келбейт. Ушуга караганда, нике – бул алакалардын негизи. Алардын бардыгы тартип жагынан никеден келип чыгат. Туура, муктаждыкты сезүү бул муктаждыкты кандырууга табигый үндөйт. Мисалы, жыныстык муктаждыкты сезүү жыныстык кошулууга үндөйт. Гарыйза болсо, жыныстык кошулуу көрүнүшү аракетке келиши себептүү кандырууну талап кылгандай, энелик жана перзенттик көрүнүштөрүнүн аракетке келишинин натыйжасында да кандырууну талап кылат. Анткени, үйлөнүү да, энелик да, башкалары да – нав гарыйзасынын көрүнүштөрү жана анын туйгулары. Алардын ар бири жөнүндөгү түшүнүк менен биргеликте анын вакиълигинен ага карата майл (ыктоо) пайда болот жана бул абал ар биринде жүз берет.

Нике – бул эркектик жана аялдык алакаларын т.а. эркек менен аялдын ортосундагы жыныстык кошулууну өзгөчө бир түзүм менен тартипке салуу. Бул өзгөчө түзүм эркектик жана аялдык алакаларын белгилүү бир көрүнүштө тартипке салышы жана анын натыйжасы насил калтыруу гана болушу керек. Бул түзүм аркылуу адамдын насили көбөйөт жана үй-бүлө пайда болот о.э. анын негизинде жеке турмуш тартипке салынат.

Ислам үйлөнүүгө үгүттөгөн жана ага буйруган. Ибн Масъуд Гдан Расулулла ρдын мындай деп айтканы риваят кылынат:

«يَا مَعْشَرَ الشَّبَابِ، مَنِ اسْتَطَاعَ مِنْكُمُ الْبَاءَةَ فَلْيَتَزَوَّجْ فَإِنَّهُ أَغَضُّ لِلْبَصَرِ، وَأَحْصَنُ لِلْفَرْجِ، وَمَنْ لَمْ يَسْتَطِعْ فَعَلَيْهِ بِالصَّوْمِ، فَإِنَّهُ لَهُ وِجَاءٌ»

**«Эй жаштар жамааты, силерден кимдин баъатка кудурети жетсе, үйлөнсүн. Себеби, ал көздү тосуучу жана авратты сактоочу болот. Кимдин кудурети жетпесе, орозо тутсун. Себеби, ал (орозо) аны тайылуудан сактоочу»** (муттафакун алайх). Катода Хасандан, Хасан Самурадан риваят кылат:

«أَنَّ النَّبِيَّ ρ نَهَى عَنِ التَّبَتُّلِ»

**«Набий ρ тарки дүйнөчүлүктөн кайтарган»** (Ахмад риваяты). Катода төмөндөгү аятты окуду. Алла Таала айтат:

{ وَلَقَدْ أَرْسَلْنَا رُسُلًا مِّن قَبْلِكَ وَجَعَلْنَا لَهُمْ أَزْوَاجًا وَذُرِّيَّةً }

***«Чындыгында, сенден мурда да (көп) пайгамбарлар жибергенбиз жана аларга жубайлар жана урпактар бергенбиз».*** **[13:38]**
Тарки дүйнөчүлүктүн мааниси – никеден үзүлүп, ибадатка берилип кетүү. Абу Хурайра Пайгамбар ρдан риваят кылат:

«ثَلاَثَةٌ حُقٌّ عَلَى اللَّهِ إِعَانَتُهُمْ، الْمُجَاهِدُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ، وَالنَّاكِحُ يُرِيدُ أَنْ يَسْتَعِفَّ، وَالْمُكَاتَبُ يُرِيدُ الأَدَاءَ»

**«Үч тайпа адамдарга жардам берүү Алланын мойнундагы акысы: Алла жолунда жихад кылуу үчүн чыккан адамга, күнөөдөн таза жүрүүнү каалап никеленип жаткан адамга жана келишим шартын аткарууну каалап жаткан мукотабга»** (Хаким жана Ибн Хиббан риваяты).

Ислам бакира, төрөй турган жана диндар аялдарга үйлөнүүгө үгүттөгөн. Анастан риваят кылынат, Пайгамбар ρ үй-бүлө курууга буйруп, тарки дүйнөчүлүктөн катуу кайтарып айтты:

«تَزَوَّجُوا الْوَدُودَ الْوَلُودَ، فَإِنِّي مُكَاثِرٌ بِكُمُ الأَنْبِيَاءَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ»

**«Мээримдүү, төрөй турган аялдарга үйлөнгүлө. Албетте, мен кыямат күнү пайгамбарлар алдында силердин көптүгүңөр менен сыймыктанам».** Маъкал ибн Ясордон риваят кылынат,

«جَاءَ رَجُلٌ إِلَى النَّبِيِّ ρ فَقَالَ: إِنِّي أَصَبْتُ امْرَأَةً ذَاتَ حَسَبٍ وَجَمَالٍ، وَإِنَّهَا لاَ تَلِدُ، أَفَأَتَزَوَّجُهَا؟ قَالَ: لاَ. ثُمَّ أَتَاهُ الثَّانِيَةَ فَنَهَاهُ، ثُمَّ أَتَاهُ الثَّالِثَةَ فَقَالَ: تَزَوَّجُوا الْوَدُودَ الْوَلُودَ فَإِنِّي مُكَاثِرٌ بِكُمْ»

«Бир киши Пайгамбар ρдын алдына келип айтты: «Мен тектүү, сулуу, бирок, төрөбөй турган аялды таптым. Ага үйлөнө берейинби?». Пайгамбар ρ **«Жок»** деди. Ал адам экинчи жолу келип сураганда да аны Пайгамбар ρ кайтарды. Үчүнчү жолу келгенде айтты: **«Мээримдүү, төрөй турган аялга үйлөнгүлө. Мен силердин**

**көптүгүңөр менен сыймыктанам»** (Абу Давуд риваяты). Жабир Пайгамбар ρдан риваят кылат:

**«يَا جَابِرُ تَزَوَّجْتَ بِكْرًا أَمْ ثَيِّبًا؟ قَالَ ثَيِّبًا، فَقَالَ: هَلاَّ تَزَوَّجْتَ بِكْرًا تُلاَعِبُهَا وَتُلاَعِبُكَ»**

**«Эй Жабир, бакирага үйлөндүңбү же жубангабы?»** «Жубанга» деди. Ошондо Расулулла ρ айтты: «**Бакирага үйлөнбөпсүң да, сен анын убактысын (азил-тамаша менен) жакшы, көңүлдүү өткөрөр элең, ал да сенин убактыңды жакшы, көңүлдүү өткөрөр эле».** Абу Хурайра Пайгамбар ρдан риваят кылат:

**«تُنْكَحُ الْمَرْأَةُ لأَرْبَعٍ: لِمَالِهَا، وَلِحَسَبِهَا، وَلِجَمَالِهَا، وَلِدِينِهَا، فَاظْفَرْ بِذَاتِ الدِّينِ تَرِبَتْ يَدَاكَ»**

**«Аялга төрт нерсе үчүн үйлөнүлөт: малы-дүйнөсү, теги-жааты, сулуулугу жана дини үчүн. Сен диндарын танда, береке тапкыр»** (муттафакун алайх). Демек, эркек киши – үйлөнө турган аялдын энеси, аммасы (атасынын эже-карындашы), холасы (таежеси) кандай аял экендигин сүрүштүрүп, бакира, төрөй турган болуп таанылганын тандоого о.э. диндар аялды жана нафсин тазартуу үчүн сулуусун тандоого үгүттөлгөн. О.э. тектүү болгон т.а. фазилатта, таква жана улуулукта таанылган аялды тандоого үгүттөлгөн. Бирок, бул шарт дегени эмес. Балким, ушундай негизде тандоо жакшыраак жана абзелирээк. Бирок, эркек киши өзү ыраазы боло турган аялды тандашы, аял да өзү ыраазы боло турган эрди тандашы мүмкүн.

Эми, эр менен аял ортосундагы теңдик маселесине келсек, шариятта анын эч кандай негизи жок. Ал болгону жалган хадистерде гана келген. Курани Карим жана сахих хадистер ага каршы турат. Ар бир мусулман аял ар кандай мусулман эркектин теңи жана ар бир мусулман эркек ар кандай мусулман аялдын теңи. Эркек жана аял ортосунда мал-дүйнөдө, өнөр-кесипте, тектүүлүктө жана башка тараптардан айырмалар болушунун эч кандай мааниси жок. Ушуга караганда, көчө шыпыргычтын уулу момундар амиринин кызына тең жана чачтарачтын кызы амирдин уулуна тең. Бардык мусулмандар бири-бирине тең. Алла Таала айтат:

{ إِنَّ أَكْرَمَكُمْ عِندَ ٱللَّهِ أَتْقَىٰكُمْ }

***«Албетте, силердин Алла алдындагы эң урматтууңар – эң таквадарларыңар».*** **[49:13]**

Пайгамбар ρ Курайш ак сөөктөрүнөн болгон аммасынын кызы Жахш кызы Зайнабды Зайд ибн Хорисага никелеген. Зайд азат кылынган кул эле. Абдулла ибн Бурайда атасынан риваят кылат: «Бир кыз Расулулла ρдын алдына келип: «Атам агасынын уулунун даражасын (аброюн) мен

себептүү көтөрүү үчүн мени ага турмушка узатты», - деди. Ушундан кийин кызга ыктыяр берилди. Кыз айтты: «Мен атам кылган ишке уруксат бердим. Бирок, мен ыктыяр аталардын колунда эместигин аялдарга билдирип коюуну каалаадым». Кыздын «даражасын мен себептүү көтөрүү үчүн» деген сөзүнүн мааниси «агасынын уулунун аброю мага үйлөндүрүшү себептүү көтөрүлөт» дегени. Бул дагы ушуну билдирет. Атасы кызынын ыраазылыгысыз аны эрге берген. Кыз амакисинин уулу ага тең эместиги үчүн эмес, балким, өзү ыраазы эместиги себептүү аны өзүнө үйлөнүүгө ылайыксыз деп тапкан. Абу Хотим ал-Мазанийден Расулулла ρдын мындай деп айтканы риваят кылынат:

«إِذَا أَتَاكُمْ مَنْ تَرْضَوْنَ دِينَهُ وَخُلُقَهُ فَأَنْكِحُوهُ، إِلاَّ تَفْعَلُوا تَكُنْ فِتْنَةٌ فِي الأَرْضِ وَفَسَادٌ كَبِيرٌ. قَالُوا: يَا رَسُولَ اللَّهِ، وَإِنْ كَانَ فِيهِ؟ قَالَ: إِذَا جَاءَكُمْ مَنْ تَرْضَوْنَ دِينَهُ وَخُلُقَهُ فَأَنْكِحُوهُ. ثَلَاثَ مَرَّاتٍ»

**«Эгер силердин алдыңарга дини жана адеп-ахлагынан силер ыраазы боло турган киши келсе, аны никелеп койгула. Эгер мындай кылбасаңар, жер жүзүндө фитна жана чоң фасад болот»** - деди. «Я Расулулла, эгер анын теңи болбосо дагыбы?» дешкенде: **«Эгер силердин алдыңарга дини жана адеп-ахлагынан силер ыраазы боло турган киши келсе, аны никелеп койгула»**, - деп үч жолу айтты. Термизий бул хадисти Абу Хурайрадан да риваят кылган. Ал төмөндөгүдөй сөздөр менен келген, Расулулла ρ айтты:

«إِذَا خَطَبَ إِلَيْكُمْ مَنْ تَرْضَوْنَ دِينَهُ وَخُلُقَهُ فَزَوِّجُوهُ إِلاَّ تَفْعَلُوا تَكُنْ فِتْنَةٌ فِي الأَرْضِ وَفَسَادٌ عَرِيضٌ»

**«Эгер дини жана адеп-ахлагынан силер ыраазы боло турган киши силерге жуучу жиберсе, аны үйлөндүрүп койгула (кызыңарды бергиле). Эгер мындай кылбасаңар, жер жүзүндө фитна жана чоң бузукулук болот».** Бул хадис башка жолдор менен да риваят кылынган. Абу Хурайрадан риваят кылынат: «Абу Хинд Пайгамбар ρдын башынын жогорку бөлүгүнөн кан алды. Ошондо Расулулла ρ айтты:

«يَا بَنِي بَيَاضَةَ أَنْكِحُوا أَبَا هِنْدٍ وَانْكِحُوا إِلَيْهِ»

**«Эй Бани Баязо, Абу Хиндди үйлөп койгула жана анын кыздарына үйлөнгүлө»** (Хаким риваят ы). Ханзала ибн Абу Суфян ал-Жамахий энесинен риваят кылат: «Абдурахман ибн Авфтын карындашы Билалдын аялы эле». Бул далилдер эркек-аялдын ортосунда теңдик болушунун эч кандай мааниси жок экендигин баян кылып жатат. Ар бир аял кайсы бир эркектин өзүнө эр болушуна ыраазы болсо, ага өзүнүн ыраазылыгы менен турмушка чыгат. О.э. ар бир эркек кайсы бир

аялдын өзүнө аял болушуна ыраазы болсо, ага үйлөнө берет, теңдикке көңүл бурулбайт. Ибн Умар Пайгамбар ρдан риваят кылган:

«الْعَرَبُ أَكْفَاءٌ بَعْضُهُمْ لِبَعْضٍ قَبِيلَةٌ لِقَبِيلَةٍ، وَحَيٌّ لِحَيٍّ، وَرَجُلٌ لِرَجُلٍ، إلاَّ حَائِكٌ وَحَجَّامٌ»

**«Арабдар бири-биринин теңи. Уруу уруунун, махалла махалланын, киши кишинин теңи. Бирок, токуучу жана кан алуучу (алардын теңи эмес)».** Бул хадис негизи жок, жалган хадис. Ибн Абу Хотим бул хадис жөнүндө атасынан сураганда, атасы «мункар» деген. Ибн Абдулбарр: «Бул хадис мункар, токума хадис» - деген. Баззор Муаздан риваят кылган:

«الْعَرَبُ بَعْضُهُمْ أَكْفَاءُ بَعْضٍ، وَالْمَوَالِي بَعْضُهُمْ أَكْفَاءُ بَعْضٍ»

**«Арабдар бири-бирине тең. Азат кылынган кулдар бири-биринин теңи»** деген хадистин иснады заиф. Эми Бариранын хадисине келсек, Пайгамбар ρ Барира азат кылынган кезде ага айтты:

«قَدْ عَتَقَ بُضْعُكِ مَعَكِ فَاخْتَارِي»

**«Сени менен бирге никең да азат болду, өзүң танда».** Бул хадис теңдикке далалат кылбайт. Себеби, анын эри кул болгон. Эгер кулга турмушка чыккан күң азат кылынса, ага кулдун мойнунда калуу же никесин бузуу ыктыяры берилет. Анда теңдикке далалат жок. Бариранын эри кул болгондугуна далил Касым Аишадан кылган риваят: «Барира кулдун аялы болгон. Аиша I аны азат кылганда Расулулла ρ ага:

«اخْتَارِى فَإِنْ شِئْتِ أَنْ تَمْكُثِى تَحْتَ هَذَا الْعَبْدِ، وَإِنْ شِئْتِ أَنْ تُفَارِقِيهِ»

**«Өзүң танда, кааласаң бул кулдун аялы болуп кал, кааласаң аны менен ажырашкын»**, - деп айткан». Муслим Урвадан, ал Аишадан риваят кылат: «Барира азат кылынды, анын эри кул эле. Расулулла ρ ага ыктыяр берди. Эгер анын эри азат болгондо эле, Барирага ыктыяр бербеген болор эле». Төмөндөгү

«لاَ تُنْكِحُوا النِّسَاءَ إِلاَّ مِنَ الأَكْفَاءِ، وَلاَ تُزَوِّجُوهُنَّ إِلاَّ مِنَ الأَوْلِيَاءِ»

**«Өзүңөргө тең аялдарга үйлөнгүлө жана аялдарды өзүңөргө жакын адамдарга узаткыла»** хадиси негизи жок, заиф хадис.

Жогоруда келтирилген пикирлерге караганда, теңдик (болушу) керек экендигине далил боло турган нусустун жок экендиги маалым болду. Теңдик (болушу) жөнүндө айтуучу адамдар келтирип жаткан нусустар болсо, батыл нусустар же аларды эч бир жактан далил кылып келтирип болбойт. Теңдикти шарт кылуу Расулулла ρдын төмөндөгү сөздөрүнө тескери келет:

«لاَ فَضْلَ لِعَرَبِيٍّ عَلَى عَجَمِيٍّ إِلاَّ بِالتَّقْوَى»

**«Арабдын ажамдан эч кандай абзелдиги жок, (айырма болсо) таква менен гана».** О.э. Курандын катъий матнына да тескери келет. Алла Таала айтат:

{ إِنَّ أَكۡرَمَكُمۡ عِندَ ٱللَّهِ أَتۡقَىٰكُمۡۚ }

***«Албетте, силердин Алла алдындагы эң урматтууңар – эң таквадарларыңар».*** **[49:13]**

Ар түрдүү динде болуу маселеси болсо, теңдик талкуусу эмес, балким, мусулмандардын кайрымусулмандарга үйлөнүүлөрү жөнүндөгү талкуу. Анын баяны төмөндөгүдөй: Алла Таала мусулман кишиге ахли китептен болгон яхудий (иудей) же насраний (христиан) аялга үйлөнүүгө уруксат берген. Алла Таала айтат:

{ ٱلۡيَوۡمَ أُحِلَّ لَكُمُ ٱلطَّيِّبَٰتُۖ وَطَعَامُ ٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡكِتَٰبَ حِلّٞ لَّكُمۡ وَطَعَامُكُمۡ حِلّٞ لَّهُمۡۖ وَٱلۡمُحۡصَنَٰتُ مِنَ ٱلۡمُؤۡمِنَٰتِ وَٱلۡمُحۡصَنَٰتُ مِنَ ٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡكِتَٰبَ مِن قَبۡلِكُمۡ إِذَآ ءَاتَيۡتُمُوهُنَّ أُجُورَهُنَّ مُحۡصِنِينَ غَيۡرَ مُسَٰفِحِينَ وَلَا مُتَّخِذِيٓ أَخۡدَانٖۗ }

***«Бүгүн силер үчүн бардык таза нерселер адал кылынды. Китеп берилген кишилердин тамактары силер үчүн адал жана силердин тамактарыңар алар үчүн адал. Качан зина кылбай жана жашыруун ойнош тутпай, махрларын берип үйлөнсөңөр, силер үчүн муминалар арасынан өздөрүн арамдан сактаган аялдар жана силерден мурун китеп берилген кишилерден болгон, өздөрүн арамдан сактаган аялдар да адал».*** **[5:5]**

Демек, Китеп берилгендерден болгон таза аялдардын мусулмандар үчүн адал экендигин аят ачык-айкын баян кылып жатат. Мусулман киши бул аятка амал кылып, китабий аялга үйлөнүшү мүмкүн. Анткени, китеп берилген кимселерден болгон таза аялдар мусулмандар үчүн адал экендиги айтып өтүлдү. Т.а. аларга үйлөнүшүңөр силер үчүн адал. Ал эми, мусулман аял китабий кишиге турмушка чыгышы шаръан арам болуп, таптакыр мүмкүн эмес. Эгер нике курушкан болсо, ал мыйзамдык күчкө ээ болбогон батыл (жараксыз) нике болот. Мусулман аялдын китабий кишиге турмушка чыгышынын арамдыгы Куранда ачык айтылган. Алла Таала айтат:

{ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِذَا جَآءَكُمُ ٱلۡمُؤۡمِنَٰتُ مُهَٰجِرَٰتٖ فَٱمۡتَحِنُوهُنَّۖ ٱللَّهُ أَعۡلَمُ بِإِيمَٰنِهِنَّۖ فَإِنۡ عَلِمۡتُمُوهُنَّ مُؤۡمِنَٰتٖ فَلَا تَرۡجِعُوهُنَّ إِلَى ٱلۡكُفَّارِۖ لَا هُنَّ حِلّٞ لَّهُمۡ وَلَا هُمۡ يَحِلُّونَ لَهُنَّۖ }

***«Эй момундар, качан силерге муминалар хижрат кылып келишсе, силер алар****(дын ыймандарын)* ***текшерип көргүлө. Алла алардын*** *(дилдериндеги)* ***ыймандарын*** *(да)* ***абдан жакшы билет. Ошентип, эгер силер алардын*** *(чыныгы)* ***мумина экендиктерин билсеңер, ал учурда аларды кафирлерге кайтарбагыла! Ал муминалар*** *(кафирлер)* ***үчүн адал эмес жана алар муминалар үчүн адал эмес».*** **[60:10]**

Бул нусуста бир мааниден башкасынын болушу мүмкүн эмес. Ал маани ушул, мусулман аял кафирлер үчүн адал болбойт, кафирлер да мусулман аял үчүн адал болбойт. Эрдин кафир болушу аны менен мусулман аял ортосундагы никени мыйзамдуу түскө киргизбейт. Алла Таала айтат:

{ فَإِنۡ عَلِمۡتُمُوهُنَّ مُؤۡمِنَٰتٖ فَلَا تَرۡجِعُوهُنَّ إِلَى ٱلۡكُفَّارِۖ }

***«Ошентип, эгер силер алардын*** *(чыныгы)* ***мумина экендиктерин билсеңер, ал учурда аларды кафирлерге кайтарбагыла!»*** **[60:10]**

Аят «кафирлер» сөзүн иштетип «мушриктер» сөзүн иштеткен жок. «Кафирлер» сөзү бардык кафирлерди өз ичине алышын аят ушундайча түшүндүрдү. «Кафирлер» сөзү мушрик болобу же ахли китеп болобу – баарына умумий. Ахли китеп болгон насронийдин жана яхудийдин кафир экендиги Куран нусустарында ачык айтылган. Алла Таала айтат:

{ مَّا يَوَدُّ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ مِنۡ أَهۡلِ ٱلۡكِتَٰبِ وَلَا ٱلۡمُشۡرِكِينَ أَن يُنَزَّلَ عَلَيۡكُم مِّنۡ خَيۡرٖ مِّن رَّبِّكُمۡۚ }

***«Ахли-китептерден*** *(яхудий жана насроний)* ***болгон кафирлер да жана мушриктер да силерге Роббиңер тарабынан бир жакшылык түшүшүн каалашпайт».*** **[2:105]**

{ إِنَّ ٱلَّذِينَ يَكۡفُرُونَ بِٱللَّهِ وَرُسُلِهِۦ وَيُرِيدُونَ أَن يُفَرِّقُواْ بَيۡنَ ٱللَّهِ وَرُسُلِهِۦ وَيَقُولُونَ نُؤۡمِنُ بِبَعۡضٖ وَنَكۡفُرُ بِبَعۡضٖ وَيُرِيدُونَ أَن يَتَّخِذُواْ بَيۡنَ ذَٰلِكَ سَبِيلًا + أُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡكَٰفِرُونَ حَقّٗاۚ وَأَعۡتَدۡنَا لِلۡكَٰفِرِينَ عَذَابٗا مُّهِينٗا }

***«Албетте, Алла менен пайгамбарына ишенбей турган, Алла менен пайгамбарларынын ортолорун жаракалашты каалай турган*** *(б.а. Аллага ишенип, пайгамбарларын тана турган)* ***жана «айрым пайгамбарларга ишенебиз, айрымдарына ишенбейбиз» - дей турган о.э. ара жолду тутууну каалай***

***турган адамдар – дал ошолор чыныгы кафирлер, алар үчүн кор кылуучу азапты даярдап койгонбуз».*** **[4:150-151]**

Ахли китептер Мухаммад ρдын пайгамбар экендигине ыйман келтиришпейт. Демек, алар кафирлер. Алла Таала айтат:

{ لَّقَدۡ كَفَرَ ٱلَّذِينَ قَالُوٓاْ إِنَّ ٱللَّهَ هُوَ ٱلۡمَسِيحُ ٱبۡنُ مَرۡيَمَۖ }

***«Алла – Масих бинни Мариям», - деген кишилердин кафир болгондуктары анык».*** **[5:17]**

{ لَّقَدۡ كَفَرَ ٱلَّذِينَ قَالُوٓاْ إِنَّ ٱللَّهَ ثَالِثُ ثَلَٰثَةٖۘ }

***«Алла - үчтүн** (Алла, Мариям, Ыйсанын) **бири, - деген кишилер да анык кафир болушат».*** **[5:73]**

{ لَمۡ يَكُنِ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ مِنۡ أَهۡلِ ٱلۡكِتَٰبِ وَٱلۡمُشۡرِكِينَ مُنفَكِّينَ حَتَّىٰ تَأۡتِيَهُمُ ٱلۡبَيِّنَةُ }

***«Ахли Китептен жана мушриктерден болгон кафир кимселер аларга ачык күбөлүк келгенге чейин** (куфрдан) **ажыроочу болушпады».*** **[98:1]**

{ إِنَّ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ مِنۡ أَهۡلِ ٱلۡكِتَٰبِ وَٱلۡمُشۡرِكِينَ }

***«Албетте ахли-китептен жана мушриктерден болгон кафирлер».*** **[98:6]**

{ هُوَ ٱلَّذِيٓ أَخۡرَجَ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ مِنۡ أَهۡلِ ٱلۡكِتَٰبِ مِن دِيَٰرِهِمۡ لِأَوَّلِ ٱلۡحَشۡرِۚ }

***«Ал ахли китептен болгон кафир кимселерди биринчи топтогондо эле өз мекендеринен айдап чыгарган зат».*** **[59:2]**

{ أَلَمۡ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ نَافَقُواْ يَقُولُونَ لِإِخۡوَٰنِهِمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ مِنۡ أَهۡلِ ٱلۡكِتَٰبِ }

***«**(Эй Мухаммад), **мунафык кимселер өздөрүнүн ахли китептен болгон кафир жолдошторуна: «Силерге жардам беребиз» деп жаткандыктарын көрбөдүңбү?».*** **[59:11]**

Курандын бул аяттарда ачык-айкын баян кылышына караганда, ахли китеп кафир болуп эсептелет. «Кафирлер» сөзү аларды да өз ичине алат. Ушуга караганда, Алла Тааланын төмөндөгү сөздөрү:

{ يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِذَا جَآءَكُمُ ٱلۡمُؤۡمِنَٰتُ مُهَٰجِرَٰتٖ فَٱمۡتَحِنُوهُنَّۖ ٱللَّهُ أَعۡلَمُ بِإِيمَٰنِهِنَّۖ

فَإِنۡ عَلِمۡتُمُوهُنَّ مُؤۡمِنَٰتٖ فَلَا تَرۡجِعُوهُنَّ إِلَى ٱلۡكُفَّارِۖ لَا هُنَّ حِلّٞ لَّهُمۡ وَلَا هُمۡ يَحِلُّونَ لَهُنَّۖ }

***«Эй момундар, качан силерге муминалар хижрат кылып келишсе, силер алар**(дын ыймандарын) **текшерип көргүлө. Алла алардын** (дилдериндеги) **ыймандарын** (да) **абдан жакшы билет.***

***Ошентип, эгер силер алардын*** *(чыныгы)* ***мумина экендиктерин билсеңер, ал учурда аларды кафирлерге кайтарбагыла! Ал муминалар*** *(кафирлер)* ***үчүн адал эмес жана алар муминалар үчүн адал эмес».*** **[60:10]**
мусулман аял ахли китептен болгон кишиге турмушка чыгышы таптакыр мүмкүн эместигин ачык баян кылып жатат. Себеби, ахли китеп анык кафир.

Отпарастар, бутпарастар, жылдыздарга сыйынуучулар жана ушул сыяктуу мушриктер болсо ахли китеп эмес, алар менен турмуш куруу таптакыр мүмкүн эмес. Ушуга караганда, мусулман эркек мушрик аялга үйлөнүшү жана муслима аял мушрик эркекке турмушка чыгышы таптакыр мүмкүн эмес. Курандын катъий нусустарында бул туурасында ачык айтылган. Алла Таала айтат:

{ وَلَا تَنكِحُواْ ٱلۡمُشۡرِكَٰتِ حَتَّىٰ يُؤۡمِنَّۚ وَلَأَمَةٞ مُّؤۡمِنَةٌ خَيۡرٞ مِّن مُّشۡرِكَةٖ وَلَوۡ أَعۡجَبَتۡكُمۡۗ وَلَا تُنكِحُواْ ٱلۡمُشۡرِكِينَ حَتَّىٰ يُؤۡمِنُواْۚ وَلَعَبۡدٞ مُّؤۡمِنٌ خَيۡرٞ مِّن مُّشۡرِكٖ وَلَوۡ أَعۡجَبَكُمۡۗ }

***«Тээ ыйман келтиргенге чейин мушрик аялдарга үйлөнбөгүлө! Шексиз, азат мушрик аялдан көрө ыймандуу күң жакшыраак, мейли, ал силерге жакса да. Тээ ыйман келтиргенге чейин мушрик эркектерди (кызыңдарыңарга) үйлөндүрбөгүлө! Шексиз, азат мушриктен көрө ыймандуу кул жакшыраак, мейли, ал силерге жакса да».*** **[2:221]**
Бул аяттан бир гана маани т.а. мусулман эркектин мушрик аялды өз никесине алышы о.э. мусулман аялдын мушрик эркекке никелениши бүтүндөй арам экендиги түшүнүлөт. Эгер ушуга окшогон нике жүзөгө келсе, мыйзамдык күчкө ээ болбогон батыл нике болот. Хасан ибн Мухаммаддан риваят кылынат:

**«كَتَبَ رَسُولُ اللهِ A إِلَى مَجُوسِ هَجَرَ يَدْعُوهُمْ إِلَى الإِسْلامَ فَمَنْ أَسْلَمَ قَبِلَ مِنْهُ، وَمَنْ لاَ ضُرِبَتْ عَلَيْهِ الْجِزْيَةُ فِي أَنْ لاَ تُؤْكَلَ لَهُ ذَبِيحَةٌ وَلا تُنْكَحَ لَهُ امْرَأَةٌ»**

**«Расулулла ρ Хажар отпарастарын Исламга даъват кылып, кат жазды. Алардан ким Исламга кирсе, андан Исламын кабыл алды. Кимде-ким Исламга кирбесе, ал жизя төлөй турган жана анын (сойгон жандыгы) желбей турган жана ага (мусулман) аял никеленбей турган болду»** (Байхакий риваяты).

Жогорудагылардан көрүнгөндөй, шарият үйлөнүүгө үндөө жана ага кызыктыруу менен чектелбеди, балким, мусулмандын кандай аялга үйлөнүүшү жайиздигин жана муслима аялдын кандай эркекке турмушка чыгышы жайиздигин о.э. экөөсүнө тең турмуш куруулары арам кылынган кишилерди баяндап берди. Ушуну менен бирге, үйлөнүүнү каалап жаткан кишилерге өз жубайындагы мактоого ылайыктуу болгон сыпаттарды да баян кылды. Бирок, ал аял башка кишинин аялы же идда сактап жаткан болбоосун шарт кылды. Себеби, никенин шарты аял бирөөнүн никесинде болбошун жана иддадан чыккан болушун талап кылат.

Ал эми, ал нике бүтүмү түзүлбөгөн, бирок, болуп коюлуп жаткан аял маселесине келсек, ага каралат. Эгер ал же анын валийи жуучу салган кишинин сунушун кабыл алган болсо; же өзүнүн валийине ачык түрдө же ишара менен сунушту кабыл алууга же ага турмушка берүүгө уруксат берген болсо, ага жуучу койгон адамдан башка адамдын бул аялга жуучу жибериши арам болот. Буга далил Укба ибн Амир Расулулла ρдан риваят кылган төмөндөгү хадис:

**«الْمُؤْمِنُ أَخُو الْمُؤْمِنِ فَلاَ يَحِلُّ لِلْمُؤْمِنِ أَنْ يَبْتَاعَ عَلَى بَيْعِ أَخِيهِ، وَلاَ يَخْطُبَ عَلَى خِطْبَةِ أَخِيهِ حَتَّى يَذَرَ»**

**«Момун – момундун боордошу. Момун өз боордошунун соодасынын үстүнөн соода кылышы же боордошу таштап кетмейинче, ал жуучу койгон жерге жуучу салышы адал эмес».** Абу Хурайра Пайгамбар ρдан риваят кылат:

**«لاَ يَخْطُبُ الرَّجُلُ عَلَى خِطْبَةِ أَخِيهِ حَتَّى يَنْكِحَ أَوْ يَتْرُكَ»**

**«Киши – өз боордошу жуучу салган аялды ал никелеп алмайынча же таштамайынча – ал аялга жуучу салбайт».** Эгер жуучу салынган аял жуучу салган кишини кайтарса же али ага жооп кайтарбаган болсо, же ал жөнүндө сүрүштүрө баштаса, мындай абалда башка киши ага жуучу коюшу жайиз болот жана ал аялга бирер киши жуучу койгон деп эсептелбейт. Буга далил Фатима бинти Кайс риваят кылган хадис: «Ал Пайгамбар ρдын алдына келип, өзүнө Муавия менен Абу Жахм жуучу салып жатканын айтты. Ошондо Расулулла ρ:

**«أَمَّا مُعَاوِيَةُ فَصُعْلُوكٌ لاَ مَالَ لَهُ، وَأَمَّا أَبُو جَهْمٍ فَلاَ يَضَعُ عَصَاهُ عَنْ عَاتِقِهِ، انْكِحِي أُسَامَةَ بْنَ زَيْدٍ»**

**«Муавия мал-мүлкү жок кембагал, Абу Жахм болсо таягын желкесинен түшүрбөйт (т.а. катуу кол). Сен Усама бин Зайдга турмушка чык»,** - деди» (Муслим риваяты). Пайгамбар ρ Муавия жана Абу Жахмдын сөз айттыргандыгынан кабардар болгондон кийин, Усама үчүн анын колун сурады.

Эгер аялга жуучу салынган болсо, аны кабыл алуу же кайтаруу анын гана акысы болуп, валийлеринен эч бир кишинин буга акысы жок. О.э. өзүнүн уруксатысыз эч бир киши аны турмушка бериши же аны никеден кайтарышы мүмкүн эмес. Ибн Аббас Расулулла ρдан риваят кылат:

«الثَّيِّبُ أَحَقُّ بِنَفْسِهَا مِنْ وَلِيِّهَا، وَالْبِكْرُ تُسْتَأْذَنُ فِي نَفْسِهَا وَإِذْنُهَا صُمَاتُهَا»

**«Жубан өзүнө валийинен көрө акылуураак. Бакирадан болсо уруксат суралат. Анын уруксаты – унчукпагандыгы».** (Муслим риваяты). Абу Хурайрадан риваят кылынат: Расулулла ρ айтты:

«لاَ تُنْكَحُ الأَيِّمُ حَتَّى تُسْتَأْمَرَ, وَلا الْبِكْرُ حَتَّى تُسْتَأْذَنَ. قَالُوا: يَا رَسُولَ اللَّهِ, وَكَيْفَ إِذْنُهَا قَالَ: أَنْ تَسْكُتَ»

**«Жесирден кеңеш суралмайынча, бакирадан болсо уруксат суралмайынча нике кылынбайт».** «Я Расулулла, анын ыраазылыгы кандай болот?» - деп сурашканда, **«унчукпай турушу»** деп жооп берди (муттафакун алайх). Ибн Аббастан риваят кылынат: «Бир кыз Расулулла ρга келди жана атасы аны мажбур турмушка берип жатканын айтты: Ошондо Пайгамбар ρ анын өзүнө ыктыяр берди». Хансо бинти Хаззом ал-Ансорийден риваят кылынат. «Атасы аны эрге берди. Ал болсо жубан эле. Ал бул ишти жактырбады. Кийин Расулулла ρдын алдына келгенде, анын никесин бекер кылды». Бул хадистер аял турмушка чыгууга ыраазы болмоюнча, никеси нике болбошуна ачык далил. Эгер ал бул никени кайтарса, же өзү мажбуран турмушка чыкса, келишим бекер болот. Эгер өз чечиминен кайтса же ыраазы болсо, никеси нике боло берет.

Куран жуучу келгенде аялды турмушка чыгаруудан тосууга тыюу салган. Алла Таала айтат:

{ فَلَا تَعۡضُلُوهُنَّ أَن يَنكِحۡنَ أَزۡوَٰجَهُنَّ إِذَا تَرَٰضَوۡاْ بَيۡنَهُم بِٱلۡمَعۡرُوفِۗ }

***«Анда** (эй ата-энелер) **алар өз ара жакшылык менен келишишкен болсо, эрлерине кайра никелешүүдөн тоспогула».*** **[2:232]** Маъкал ибн Ясордон риваят кылынган сахих хадиске караганда: «Мен карындашымды бир кишиге турмушка бердим. Кийин аны талак кылды. Иддасы бүткөн кезде дагы колун сурап келди. Ошондо мен ага айттым: «Карындашымды сага турмушка бердим. Сени пайдаландырдым, урмат кылдым. Кийин сен аны талак кылдың. Кайра келип анын колун сурап жатасың. Аллага ант ичип айтам, ал сага эч качан кайтпайт». Ал зыянсыз киши эле. Аял да ага кайтууну каалачу. Кийин Алла Таала ушул аятты түшүрдү: - ***«Эми аларды тоспогула»***. Мен: «Эми никелеп берем, я Расулулла?» - дедим жана ага никелеп бердим». Башка бир риваятта болсо: «Антыма каффарат бердим жана ага никелеп бердим»,

- деп айтылган. «Тосуунун» мааниси – аял турмушка узатуусун талап кылган кезде, аны турмушка чыгарбоо. Бул иш арам болуп, аны кылган киши фасык болот. Аялды турмушка чыгуудан кайтарган ар бир киши бул иши үчүн фасык болот. Фукахалар да тоскоолдук кылуу менен киши фасык болорун баян кылышкан. Качан аялга турмушка чыгуу сунуш кылынса, же турмушка чыгууну өзү талап кылса, кандай жол тутуу: ыраазы болуу же кайтаруу жалгыз анын ыктыярында болот.

Качан эркек менен аял турмуш курууга келишишсе, нике бүтүмүн түзүүлөрү керек. Анткени, нике шаръий бүтүм менен гана нике болот. Алар бири-биринен пайдалануулары адал болушу үчүн жана нике өкүмдөрү күчкө кириши үчүн нике шарият өкүмдөрүнө ылайык түзүлгөн шаръий бүтүм менен гана чыныгы нике болот. Эгер мындай келишим болбосо, эркек менен аял узак мөөнөт бирге жашаган болсо да, никелери нике болбойт. Мындан эки ашыктын эрди-катын кошулгандай кошулуулары нике болуп эсептелбеши белгилүү болот. Балким, ал зина болуп эсептелет. О.э. эки эркектин өз ара бирге жашоого келишип кошулушу да нике деп эсептелбейт. Балким, баччабаздык деп эсептелет.

Мадaний (жарандык) нике болсо, ал өз ара бирге жашоо, ажырашуу жана буга байланыштуу болгон: нафака, пайдалануу укугу, үйдөн чыгуу, аялдын эркекке, эркектин аялга баш ийиши ж.б.у.с. иштер тууралуу эркек менен аялдын ортосунда түзүлө турган өз ара келишим. Бул келишимде – перзентикке байланыштуу уул кимге, кыз кимге болушу сыяктуу иштерде же бирге жашоо же бирге жашабоого байланыштуу мурас, насаб сыяктуу иштерде өз ара келишип алышкан шарттарга жана өз моюндарына алган жоопкерчиликтерге негизделип, эркек менен аял келишип алышат. Ушуга караганда, маданий нике куруу нике келишими эмес, балким, ал никени жана ага байланыштуу насил-насаб, нафака, мурас жана башка иштерди о.э. эрди-катындын экөөсүнө тең же алардын бирине башкасын таштап кетиши жайиз боло турган абалдарды т.а. талак маселесин өз ичине алуучу келишим. Бул келишим ар бир эркекке ар кандай аялга үйлөнүүгө жана ар бир аялга ар кандай эркекке турмушка чыгууга, алар каалай турган ар бир иште өздөрү ыраазы болгон өз ара келишүүгө негизделип, толук эркиндик берет. Мына ушундан маалым болгондой, бул маданий нике шаръан мүмкүн эмес. Ага таптакыр нике келишими катарында каралбайт жана ал нике бүтүмү деп эсептелбейт. Себеби, анын шаръан эч кандай мааниси жок.

Нике шаръий сунуш кылуу жана кабыл алуу менен нике болот. Сунуш кылуу – жүзөгө келген бүтүм түзүүчүлөрдүн биринин биринчи болуп айткан сөзү. Кабыл алуу болсо – бүтүм түзүүчүлөрдүн башка биринин экинчи болуп айткан сөзү. Мисалы, никеленип жаткан аял аны өз никесине алып жаткан кишиге «Сизге турмуш жолдошу болдум» деп

айтат, никесине алуучу киши «Кабыл алдым» дейт, же тескерисинче болот. Нике кылынып жаткандардын ортосунда сунуш кылуу жана кабыл алуу түздөн-түз болгондой эле, алардын өкүлдөрүнүн ортосунда же алардын бири менен экинчисинин өкүлүнүн ортосунда да болушу мүмкүн. Сунушта үйлөнүү жана никеленүү сөзүнүн болушу шарт кылынат. Кабыл алууда болсо бул шарт эмес. Балким, экинчи тарап өз ыраазылыгын жана сунушту кабыл алгандыгын билдире турган ар кандай сөз менен бул сунушка ыраазы болушу шарт кылынат. Сунуш жана кабыл алуу «турмуш жолдошу болдум», «кабыл алдым» сыяктуу өткөн чактагы сөз менен, же алардын бири өткөн чактагы сөз менен, экинчиси болсо, келер чактагы сөз менен болушу зарыл. Анткени, нике бүтүм болуп, анда катъийлик т.а. өткөн чак формасындагы сөз иштетилиши керек. Никенин мыйзамдык күчкө кириши үчүн төрт шарт бар:

Биринчи шарт: сунуш да, кабыл алуу да бир жерде болушу т.а. сунуш садыр болгон межлисте кабылдын да садыр болушу. Эгер бүтүм түзүүчүлөр бир жерге келишсе, ошондой болот. Эгер алардын бири бир шаарда, экинчиси башка шаарда болсо жана алардын бири экинчисине никени сунуш кылып кат жазса, катты алган адам сунушту кабыл алса, нике мыйзамдык күчкө кирет. Бирок, мындай абалда – катты күбөлөргө окушу же окутушу жана анын сөздөрүн (текстин) аларга уктурушу же аларга «баланча менин колумду сурап мага кат жиберди» деп айтышы жана ошол отурумда өзүн ага тапшыргандыгына аларды күбө кылышы шарт кылынат.

Экинчи шарт: бүтүм түзүүчүлөрдүн ар бири башкасынын сөзүн угушу жана түшүнүшү о.э. бул сөздөрдөн нике бүтүмү көздө тутулуп жатканын билиши керек. Эгер укпаганы же түшүнбөгөнү себептүү, эмненин көздө тутулуп жатканын билбесе, нике мыйзамдык күчкө кирбейт. Мисалы, эркек киши аялга «сизге турмуш жолдош болдум» маанисин түшүндүрүүчү сөздү француз тилинде айтса, бул тилди билбеген аял өзү түшүнбөстөн туруп, ага үйрөтүлгөн сөздү айтса жана аял өзү айткан сөздөн көздөлгөн максат нике бүтүмү экендигин билбесе, эркек киши анын сунушун кабыл алса, нике мыйзамдык күчкө кирбейт. Эгер аял өзү айткан сөздөн максат нике бүтүмү экендигин билсе, нике мыйзамдык түстө болот.

Үчүнчү шарт: кабыл жана сунушка тескери келбеши керек. Бул абал сунуштун баарында болобу же кээ бир орундарындабы айырмасы жок.

Төртүнчү шарт: аял мусулман же китабий болушу, эркек болсо мусулман гана болушу сыяктуу бүтүм кылуучулардан бирinin башкасы менен турмуш курушуна шарият уруксат берген болушу керек.

Эгер бул төрт шарт бүтүмдө табылса, нике мыйзамдык күчкө кирет. Эгер бирер шарт табылбаса, нике мыйзамдык күчкө кирбейт жана негиз жагынан батыл болот. Эгер нике мыйзамдык күчкө кирсе, анын сахих

(туура) нике болушу үчүн анда сахихтик шарттары табылышы керек. Бул шарттар үчөө:

1) Аял нике бүтүмүнө жарактуу болушу.

2) Нике валий менен гана нике болот. Аял өзү турмушка чыгууга жана өзүнөн башкасын турмушка берүүгө о.э. турмушка чыгууда валийинен башка кишини өкүл кылууга акысы жок. Эгер мындай кылса никеси нике болбойт.

3) Сунуш жана кабыл алуу учурунда айтылган сөздөн көздөлгөн максат нике бүтүмү экендигин түшүнө турган, бүтүм түзүүчүлөрдүн сөзүн уга турган акылдуу, балагатка жеткен жана мусулман болгон эки күбөнүн болушу. Эгер бүтүмдө бул шарттар табылса, нике сахих болот. Эгер бирер шарт табылбаса, ал фасид (бузук) нике болот. Нике бүтүмү жазып коюлушу же тилкат түрүндө жазып коюлушу шарт эмес. Жазылабы же жазылбайбы, буга карабастан, эркек жана аял тарабынан нике бүтүмүн сахих бүтүмгө айландыра турган бардык шарттар толук табылган сунуш жана кабыл алуунун оозеки же жазма түрүндө болушунун өзү жетиштүү.

Нике эки адамдын ортосундагы бүтүм болгондугу үчүн, сунуш жана кабыл алуу менен чыныгы бүтүм болот. Бүтүмдүн вакиълиги мындай, ал сунуш жана кабыл алуу менен ишке ашат жана бүтүм болот. Ал эми, сунушта үйлөнүү жана никеленүү сөздөрүнүн шарт кылынышына келсек, бул тууралуу нусус бар. Алла Таала айтат:

{ زَوَّجۡنَـٰكَهَا }

***«Биз сени ага үйлөндүрдүк».*** **[33:37]**

{ وَلَا تَنكِحُواْ مَا نَكَحَ ءَابَآؤُكُم مِّنَ ٱلنِّسَآءِ }

***«Атаңар үйлөнгөн аялдарды никеңерге албагыла».*** **[4:22]**

Сахабалар да ушуга ижма кылышкен. Эми сунуш жана кабыл алуу бир жерде болушу керек экендигине келсек, жайдын өкүмү бүтүм абалынын өкүмү болуп эсептелет. Эгер эки тарап кабыл алуудан мурун ажырашып кетишсе, сунуш ишке ашпайт. Анткени, мындай абалда кабылдын мааниси келип чыкпайт. Ажырашуу себептүү ал тарабынан жүз үйрүү жүзөгө келет. Ушуга караганда, ал кабыл алуу болбойт. О.э. никени кесип коё турган бирер иш менен алек болуп калышса да кабыл алуу жүзөгө келбейт. Себеби, кабыл алуудан алек болуп калгандыгы себептүү, келишим түзүүдөн да баш тарткан болот. Ал эми, эки тарап бири-биринин сөздөрүн угушу жана аны түшүнүшү т.а. бул айтылып жаткан сөздөн нике бүтүмү көздө тутулуп жатканын билиши шартына келсек, бул шарт аткарылса гана сунушка жооп берилет. Себеби, сунуш кылуу – бул бүтүм түзүлүп жаткан тараптардын биринин экинчи тарап кабыл алышы үчүн кылган кайрылуусу. Эгер экинчи тарапка өз

максатын билдирбесе, ал кайрылбаган болот. Эгер кайрылуу болбосо, кабыл алуу да болбойт. Мындай абалда сунуш кылуу да, кабыл алуу да жүзөгө келбейт. Сунуш кылуу кабыл алууга тескери болбошу керек. Кабыл алуу сунуштун бардык талаптарына моюн сунганын түшүндүрсө гана кабыл алуу болот. Эгер мындай маанини түшүндүрбөсө, сунуштагы талаптарды кабыл албаган болот жана акыбетте кабыл алуу болбойт. Эми шарият бүтүм түзүп жаткан тараптардын бири-бири менен нике түзүүлөрүнө уруксат берген болушу шартына келсек, мында шарият бирер бир келишимге тыюу салган болсо, бул келишимди түзүү мүмкүн эмес.

Булар келишимдин мыйзамдык түскө киришине карата айтылган пикирлер. Эми бүтүмдүн сахих болушуна келсек, эгер шарият мындай бүтүмдү түзүүдөн кайтарбаган болсо, бүтүм түзүлгөн болот. Эгер бүтүмдүн кайсы бир тарабына тыюу салган болсо, бүтүм мына ушул тараптан фасид (бузулган) болот. Бирок, батыл болбойт. Аял нике бүтүмү үчүн жарактуу болушу керек. Себеби, шарият кээ бир аялдарды никеге алууга, мисалы эже-сиңдилерди бирге жамдап никеге алууга тыюу салган. Мындай никеси арам кылынган аялдар менен түзүлгөн нике бүтүмү сахих болбойт. Нике валийдин катышуусу менен сахих болот. Буга Абу Муса риваят кылган хадис далил болот. Расулулла ρ айтты:

**«لاَ نِكَاحَ إِلاَّ بِوَلِيٍّ»**

**«Нике валийдин катышуусу менен гана болот».** Аял өзүн турмушка узатууга жана башканы турмушка узатууга о.э. турмушка чыгышында өз валийинен башка адамды өкүл кылууга акылуу эмес. Буга Аиша I Пайгамбар ρдан риваят кылган хадис далил

**«أَيُّمَا امْرَأَةٍ نَكَحَتْ بِغَيْرِ إِذْنِ وَلِيِّهَا فَنِكَاحُهَا بَاطِلٌ، فَنِكَاحُهَا بَاطِلٌ، فَنِكَاحُهَا بَاطِلٌ»**

**«Өз валийинин уруксатысыз нике курган аялдын никеси батыл, никеси батыл, никеси батыл».** Абу Хурайра Пайгамбар ρдан риваят кылат:

**«لاَ تُزَوِّجُ الْمَرْأَةُ الْمَرْأَةَ، وَلاَ تُزَوِّجُ الْمَرْأَةُ نَفْسَهَا، فَإِنَّ الزَّانِيَةَ هِيَ الَّتِى تُزَوِّجُ نَفْسَهَا»**

**«Аял аялды турмушка узатпайт. Ал өзүн да турмушка узатпайт. Зинакер аял гана өзүн-өзү турмушка узатат».** Нике бүтүмүндө эки мусулман киши күбө болушу керек. Себеби, Куран ражъий талак кылынган аялды өз эрине катындыкка кайтарууда эки мусулман кишинин катышышын шарт кылган. Алла Таала айтат:

{ فَإِذَا بَلَغْنَ أَجَلَهُنَّ فَأَمْسِكُوهُنَّ بِمَعْرُوفٍ أَوْ فَارِقُوهُنَّ بِمَعْرُوفٍ وَأَشْهِدُوا۟ ذَوَىْ عَدْلٍ مِّنكُمْ }

***«Эми качан** (талак кылган аялдарыңардын идда)* ***мөөнөттөрү бүтүп калса, ошондо аларды жакшылык менен алып калгыла** (т.а. кайта никеңерге алгыла)* ***же жакшылык менен ажырашкыла. Жана** (жарашып алып калып жаткан же ажырашып кетип жатканда)* ***өзүңөрдөн болгон эки адилет ээсин күбө кылгыла».*** **[65:2]**

Хасан бул аят туурасында мындай дейт: «Т.а. эки мусулманды күбө кылгыла». Нике бүтүмүн улантуу эсептелген ражъада (т.а. эрине дагы кайтууда) эки мусулман күбөнүн катышышы шарт кылынган болсо, эрди-катындыктын башталышы болгон никеде эки күбөнүн катышышы албетте шарт. Мындан тышкары, нике бүтүмү жана нике бүтүмүнүн улантылышы бир чөйрөдөгү иш болуп, алардын өкүмү да бир.

## МАХРАМ АЯЛДАР

Махрам (никеси арам кылынган) аялдарга үйлөнүүнүн арамдыгы Куран жана Сүннөттө ачык-айкын айтып өтүлгөн. Алла Таала айтат:

{ وَلَا تَنكِحُوا۟ مَا نَكَحَ ءَابَآؤُكُم مِّنَ ٱلنِّسَآءِ إِلَّا مَا قَدْ سَلَفَ ۚ إِنَّهُۥ كَانَ فَٰحِشَةً وَمَقْتًا وَسَآءَ سَبِيلًا }

***«Аталарыңар үйлөнгөн аялды никеңерге албагыла! Бирок, илгери өткөн болсо*** *(үйлөнгөн болсоңор, Алла кечирет).* ***Албетте, бул куник жана жийиркеничтүү болгон жаман кылык».*** **[4:22]**

{ حُرِّمَتْ عَلَيْكُمْ أُمَّهَٰتُكُمْ وَبَنَاتُكُمْ وَأَخَوَٰتُكُمْ وَعَمَّٰتُكُمْ وَخَٰلَٰتُكُمْ وَبَنَاتُ ٱلْأَخِ وَبَنَاتُ ٱلْأُخْتِ وَأُمَّهَٰتُكُمُ ٱلَّٰتِىٓ أَرْضَعْنَكُمْ وَأَخَوَٰتُكُم مِّنَ ٱلرَّضَٰعَةِ وَأُمَّهَٰتُ نِسَآئِكُمْ وَرَبَٰٓئِبُكُمُ ٱلَّٰتِى فِى حُجُورِكُم مِّن نِّسَآئِكُمُ ٱلَّٰتِى دَخَلْتُم بِهِنَّ فَإِن لَّمْ تَكُونُوا۟ دَخَلْتُم بِهِنَّ فَلَا جُنَاحَ عَلَيْكُمْ وَحَلَٰٓئِلُ أَبْنَآئِكُمُ ٱلَّذِينَ مِنْ أَصْلَٰبِكُمْ وَأَن تَجْمَعُوا۟ بَيْنَ ٱلْأُخْتَيْنِ إِلَّا مَا قَدْ سَلَفَ ۗ إِنَّ ٱللَّهَ كَانَ غَفُورًا رَّحِيمًا + وَٱلْمُحْصَنَٰتُ مِنَ ٱلنِّسَآءِ إِلَّا مَا مَلَكَتْ أَيْمَٰنُكُمْ ۖ كِتَٰبَ ٱللَّهِ عَلَيْكُمْ ۚ وَأُحِلَّ لَكُم مَّا وَرَآءَ ذَٰلِكُمْ }

***«Силер үчүн энелериңер, кыздарыңар, эже-карындашыңар, аммаларыңар, таежелериңер, ага-инилериңердин кыздары, эже-карындаштарыңардын кыздары, эмизген энелериңер, эмчектеш эже-карындаштарыңар, кайненелериңер, жыныстык байланышта болгон аялдарыңардын силердин тарбияңарда болгон кыздары*** *(мына ушул санап өткөн аялдарга үйлөнүү)* ***арам кылынды, эгер аялдарыңар менен жыныстык байланышта болбогон болсоңор*** *(аларды талак кылгандан кийин мурунку эрлеринен төрөлгөн кыздарына үйлөнсөңөр),* ***силер үчүн күнөө жок. Дагы өз бел-кемериңерден болгон уулдарыңардын аялдарына*** *(үйлөнүшүңөр)* ***о.э. эже-сиңдилерди бириктирип үйлөнүүңөр*** *(т.а. бирин талак кылбай туруп, башкасына үйлөнүшүңөр арам кылынды).* ***Бирок, мурун өткөн болсо*** *(Алла кечирет).* ***Албетте, Алла кечиримдүү жана мээримдүү болгон Зат. Дагы эрлүү аялдар*** *(да арам кылынды).* ***Бирок*** *(согуштарда)* ***ээ болгон күңдөрүңөр адал.*** *(Бул өкүмдөрдү)* ***Алла мойнуңарга фарз кылып койду. Мына***

***ушулардан башка аялдарга зина кылуучу болбогон абалыңарда малыңарды махр кылып берүү менен үйлөнүүгө аракет кылуу силер үчүн адал кылынды».*** **[4:23-24]**
(Амма – атанын эже-карындаштары).
Абу Хурайра Γ Расулулла ρдан риваят кылат:

**«لاَ يَجْمَعُ الرَّجُلُ بَيْنَ الْمَرْأَةِ وَعَمَّتِهَا، وَلاَ بَيْنَهَا وَبَيْنَ خَالَتِهَا»**

**«Аял өз аммасы менен бир эркектин никесинде чогуу болбойт жана аял өз таежеси менен бир эркектин никесинде чогуу болбойт»** (муттафакун алайх). Имам Муслим Аиша Iдан риваят кылат: Расулулла ρ айтты:

**«إِنَّ الرَّضَاعَةَ تُحَرِّمُ مَا تُحَرِّمُ الْوِلاَدَةُ»**

**«Эмчектештик да бир туугандык арам кылган нерселерди арам кылат».**

Ушуга караганда, энелерге үйлөнүү бүтүндөй арам кылынган. Энелер дегенде – бала туулуш жагынан ошолорго караштуу болгон аялдар түшүнүлөт. Бул энелер төмөндөгүлөр: а) чыныгы мааниде эне аты менен атала турган, сизди төрөгөн аял, б) өтмө мааниде эне аты менен атала турган аялдар т.а. сизди төрөгөн энеңиздин энеси жана андан жогорудагылар. Энеңиз жана атаңыздын энеси болгон чоң эне, таенелериңиз; ата же энеңиздин чоң эне, таенелери; чоң эне жана чоң аталарыңыздын, таята жана таенелериңиздин чоң эне, таенелери ошолордун катарына кирет. Бул аялдар мураскорлорбу же жокпу, насилде канча жогору болушса да, бардыгы махрам аялдар болуп эсептелет.

Перзент болгон кыздарга үйлөнүү да бүтүндөй арам кылынган. Алар төрөлүш тарабынан сизге караштуу болгон сиздин бел-кемериңизден болгон кыздар, уул-кыздарыңыздын кыздары болуп, алардын насил даражасы канча төмөн түшсө да, мураскорлорбу же жокпу – баарысы махрам кыздар болот.

Үч тараптын бири аркылуу эже-сиңди болгон т.а. ата-энеси бир, же атасы бир энеси башка, же энеси бир атасы башка эже-сиңдилерге үйлөнүү бүтүндөй арам кылынган.

Аталарга үч тараптан эже-карындаш болгон аммаларга, ата-энесинин атасы болгон чоң ата-таяталардын эже-карындаштарына үйлөнүү арам кылынган жана мында чоң ата-таяталардын канча алыс же жакын болушунда жана мураскор болуш болбошунда айырма жок.

Энелерге үч тараптын бири аркылуу эже-сиңди болгон таежелерге, ата-энесинин энеси болгон чоң эне-таенелердин эже-сиңдилерине үйлөнүү арам кылынган. Анткени, бардык чоң эне-таенелер эне эсептелип, алардын эже-сиңдилери да махрам таеже болот.

Ага-инилердин кыздарына үйлөнүү жана ага-инилерге төрөлүш тарабынан байланыштуу бардык аялдарга үйлөнүү арам кылынган. Алар

үч тараптын кайсы тарабынан ага-ини болушса да о.э. эже-карындаштардын кыздарына үйлөнүү да арам кылынган.

Эмизген энелерге үйлөнүү да арам кылынган. Алар: сизди эмизген энелер, алардын энелери жана чоң эне-таенелери. Алар насилдеги даражалары канча жогоруга кеткен болсо да аларга үйлөнүү арам кылынган. Энеси сизди эмизген же энеңиз аны эмизген ар бир аял о.э. бир аялдын сүтүнөн сиз эмчектеш болгон аял, же бир эркектин аялдарынын сүтүнөн сиз жана ал эмген болсоңуз – эмизүүчү аялдар башка-башка болсо да, ал сиздин махрам эже-карындаштарыңыз болот.

Кайненеге үйлөнүү да арам кылынган. Кимде-ким бир аялга үйлөнсө, аны менен кошулган же кошулбагандыгына карабастан, нике бүтүмү түзүлгөндүгү себептүү, ал аялга насил же эмизүү аркылуу жакын же узак болгон ар кандай эненин никеси арам кылынган. Алла Таала айтат:

{ حُرِّمَتۡ عَلَيۡكُمۡ أُمَّهَٰتُكُمۡ وَبَنَاتُكُمۡ وَأَخَوَٰتُكُمۡ وَعَمَّٰتُكُمۡ وَخَٰلَٰتُكُمۡ وَبَنَاتُ ٱلۡأَخِ
وَبَنَاتُ ٱلۡأُخۡتِ وَأُمَّهَٰتُكُمُ ٱلَّٰتِيٓ أَرۡضَعۡنَكُمۡ وَأَخَوَٰتُكُم مِّنَ ٱلرَّضَٰعَةِ وَأُمَّهَٰتُ
نِسَآئِكُمۡ }

***«Силер үчүн энелериңер, кыздарыңар, эже-карындашыңар, аммаларыңар, таежелериңер, ага-инилериңердин кыздары, эже-карындаштарыңардын кыздары, эмизген энелериңер, эмчектеш эже-карындаштарыңар, кайненелериңер арам кылынды».*** **[4:23]**

Турмуш куруп кошулган аялдардын кыздарына үйлөнүү арам кылынган. Алар тарбия астындагы кыздар болуп, алардын энелерине кошулуу себептүү, алар махрам болуп калышат. Бул кыздар – аялга насил же эмизүү аркылуу байланышы болгон, алыс же жакын жана мураскор болгон же болбогон кыздар. Кыздын энесине кошулган болсо, бул кызга үйлөнүшү арам болот жана мында кыздын ушул эркектин карамагында болгон же болбогондугунун айырмасы жок. Аяттагы:

{ ٱلَّٰتِي فِي حُجُورِكُم }

***«Тарбияңарда болгон кыздары».*** **[4:23]**
зикиринде кыздын көбүрөөк убактагы абалы баяндалган болуп, анын жаңы атанын карамагында болушу шарт кылынбаган.

{ مِّن نِّسَآئِكُمُ ٱلَّٰتِي دَخَلۡتُم بِهِنَّ }

***«Жыныстык байланышта болгон аялдарыңардын».*** **[4:23]**
бул зикирде болсо, эркекке бул кыз махрам болушу үчүн, анын энесине кошулушу шарт кылынган. Анткени, кийинки зикирде айтылган:

{ فَإِن لَّمۡ تَكُونُواْ دَخَلۡتُم بِهِنَّ فَلَا جُنَاحَ عَلَيۡكُمۡ }

***«Эгер аялдарыңар менен жыныстык байланышта болбогон болсоңор*** *(аларды талак кылгандан кийин мурунку эрлеринен төрөлгөн кыздарына үйлөнсөңөр),* ***силер үчүн күнөө жок».*** **[4:23]** Ошондуктан, бир аялга үйлөнүп, бирок, али жакындашпаган болсо, (аны талак кылгандан кийин) анын кызына үйлөнүшү арам эмес.

Уулдарынын аялдарына үйлөнүү бүтүндөй арам кылынган. Т.а. киши насил же эмизүү жактан узак же жакын болгон уулдарынын аялдарына, небелеринин аялдарына үйлөнүшү нике бүтүмү түзүлгөндүгү себептүү – уул же небере өз аялы менен кошулган-кошулбаганынын айырмасы жок – арам болот.

Атанын аялдарына үйлөнүү арам кылынган. Демек, насил же эмизүү аркылуу мураскорбу же жокпу, узак-жакын болушуна карабастан, атанын аялдары махрам эсептелет. Баро ибн Аазибден Насоий риваят кылат:

**«لَقِيتُ خَالِي وَمَعَهُ الرَّايَةُ فَقُلْتُ: أَيْنَ تُرِيدُ؟ قَالَ: أَرْسَلَنِي رَسُولُ اللهِ ρ إِلَى رَجُلٍ تَزَوَّجَ امْرَأَةَ أَبِيهِ مِنْ بَعْدِهِ, أَنْ أَضْرِبَ عُنُقَهُ أَوْ أَقْتُلَهُ»**

**«Таякемдин колунда байрак менен кетип баратканын көрдүм да, каякка бара жатасыз» - деп сурадым. Ал «Расулулла ρ мени, өз атасынан кийин анын аялына үйлөнгөн кишини өлтүргөнү, же мойнун үзгөнү жиберди», - деди».**

Насил жана эмизүү менен бири-бирине байланыштуу болгон эже-сиңдини кошуп үйлөнүү арам кылынган. Мында ал эже-сиңдилердин ата-энелери бир болушу, же энелеш, же аталаш болушунун айырмасы жок. О.э. кошулуудан мурда же кийин болушунун да айырмасы жок. Эгер аларды бир нике бүтүмү менен никесине алса, нике фасид болот.

Аял менен анын аммасын жана таежесин кошуп никесине алуу да арам кылынган. Абу Хурайра риваят кылат: «Расулулла ρ айтты:

**«لاَ يَجْمَعُ الرَّجُلُ بَيْنَ الْمَرْأَةِ وَعَمَّتِهَا، وَلاَ بَيْنَ الْمَرْأَةِ وَخَالَتِهَا»**

**«Киши аял менен анын аммасын бир никеде кошуп албайт жана аял менен анын таежесин бир никеде кошуп албайт».** Абу Давуддун риваятында болсо төмөндөгүлөр келген:

**«لاَ تُنْكَحُ الْمَرْأَةُ عَلَى عَمَّتِهَا، وَلاَ الْعَمَّةُ عَلَى بِنْتِ أَخِيهَا، وَلاَ الْمَرْأَةُ عَلَى خَالَتِهَا، وَلاَ الْخَالَةُ عَلَى بِنْتِ أُخْتِهَا، لاَ تُنْكَحُ الْكُبْرَى عَلَى الصُّغْرَى، وَلاَ الصُّغْرَى عَلَى الْكُبْرَى»**

**«Аял анын аммасынын үстүнө, амма ага-инисинин кызынын үстүнө нике кылынбайт. Аял таежесинин үстүнө жана таеже өз эже-сиңдисинин кызынын үстүнө да никелеп берилбейт.**

**Чоңу кичинесинин үстүнө жана кичинеси чоңунун үстүнө нике кылынбайт».**

Эрлүү аялдарга үйлөнүү да арам кылынган. Алла Таала аларды «***өздөрүн арамдан сактаган таза аялдар***» деген. Анткени, алар нике аркылуу өздөрүн таза сакташкан.

Эмизүү менен да насил аркылуу махрам болгон адамдар махрам болот. Анткени, насил жактан махрам аялдар эмизүү аркылуу да махрам болот. Булар: Энелер, кыздар, эже-карындаштар, амма-таежелер, ага-инилердин кыздары жана эже-карындаштардын кыздары болуп, алар насил аркылуу никелери арам болгону сыяктуу, эмизүү аркылуу да никелери арам болот. Буга Расулулла ρдан риваят кылынган ушул хадис негиз болот:

«يَحْرُمُ مِنَ الرَّضَاعِ مَا يَحْرُمُ مِنَ النَّسَبِ»

**«Насил себептүү арам болгон нерселер эмизүү аркылуу да арам болот»** (муттафакун алайх). Муслимдин риваятында айтылат:

«الرَّضَاعُ يُحَرِّمُ مَا تُحَرِّمُ الْوِلاَدَةُ»

**«Төрөлүү жагынан махрам болгон адамдар бир көкүрөктөн эмиш жагынан да махрам болушат».** Аиша I риваят кылат:

«إِنَّ أَفْلَحَ أَخَا أَبِي الْقُعَيْسِ اسْتَأْذَنَ عَلَيَّ بَعْدَ مَا أُنْزِلَ الْحِجَابُ، فَقُلْتُ: وَاللَّهِ لاَ آذَنُ لَهُ حَتَّى أَسْتَأْذِنَ رَسُولَ اللَّهِ ρ، فَإِنَّ أَخَا أَبِي الْقُعَيْسِ لَيْسَ هُوَ أَرْضَعَنِي، وَلَكِنْ أَرْضَعَتْنِي امْرَأَةُ أَبِي الْقُعَيْسِ، فَدَخَلْتُ عَلَى رَسُولِ اللَّهِ ρ فَقُلْتُ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، إِنَّ الرَّجُلَ لَيْسَ هُوَ أَرْضَعَنِي، وَلَكِنْ أَرْضَعَتْنِي امْرَأَةُ أَخِيهِ. قَالَ: ائْذَنِي لَهُ فَإِنَّهُ عَمُّكِ تَرِبَتْ يَمِينُكِ»

Хижаб өкүмү түшкөндөн кийин Абул-Куайстын агасы Афлах менин алдыма кирүү үчүн уруксат сурады. Мен: «Аллага ант болсун, Расулулла ρ уруксат бермейинче ага уруксат бербеймин», - дедим. Анткени, мени Абул Куайстын агасынын аялы эмизген эмес, балким, Абул Куайстын аялы эмизген эле. Кийин Расулулла ρдын алдына кирдим. Мен ал кишиге: «Я Расулулла, балан киши менин алдыма кирүүгө уруксат сурап жатат, ал болсо (т.а. анын аялы) мени эмизген эмес, балким, инисинин аялы мени эмизген» - дедим. Ошондо Расулулла ρ: **«Береке тапкыр, ага уруксат бер, анткени, ал сенин амакиң болот», -** деди». Эмизүү аркылуу махрам кылып коюп жаткан нерсе – сүт. Демек, киши эмип жаткан сүттүн ээси аял же эркек болушуна карабастан, андан эмген эмизгенге махрам болот. Жана эмген киши ага уул болсо же болбосо да. Ушундан келип чыгып, киши өз эмчектеш агасынын эже-карындаштарына үйлөнүүсү адал болот, өзү бирге эмген эже-карындаштары болсо адал болбойт (т.а. бир киши сиздин энеңизди эмген болсо, бирок, анын бир туугандары сиздин энеңизди эмбеген

болсо. Анда ал эмчектешиңиздин эже-карындаштарына үйлөнсөңүз болот. Ал эми, ал эмчектешиңиздин сиздин бир туугандарыңызга үйлөнүшү мүмкүн эмес, анткени, ал сиздин бир туугандарыңыз эмген көкүрөктөн сүт эмген болуп, аларга да бир тууган болуп калган). Эгер киши бир аялды эмген болсо, ал аял ага эмизген эне болуп калат жана ал аялдын эри анын атасы, балдары болсо ага-ини, эже-карындашы болуп калат. Бирок, эмген адамдын бир туугандарына же эмчектеш болгон кишинин бир туугандарына ага-ини, эже-карындаш болбойт жана алар бири-бирине үйлөнүүлөрү мүмкүн болот (т.а. сиздин бир туугандарыңыз эмчектешиңиздин бир туугандарына үйлөнүшү мүмкүн). Демек, сүт адамдарды бири-бирине махрам кылып коюучу нерсе.

Жогоруда айтылган аялдарга үйлөнүү арам. Булардан башка аялдарга үйлөнүү адал. Алла Тааланын төмөндөгү сөзү буга далил:

{ وَأُحِلَّ لَكُم مَّا وَرَآءَ ذَٰلِكُمْ }

***«Мына ушулардан башка аялдар силер үчүн адал кылынды».*** **[4:24]** О.э. мурда айтып өткөнүбүздөй, мушрик аялдарга жана эри бар аялдарга үйлөнүү да арам.

## КӨП АЯЛДУУЛУК

Алла Таала өзүнүн ыйык Китебинде айтат:

﴿ فَٱنكِحُواْ مَا طَابَ لَكُم مِّنَ ٱلنِّسَآءِ مَثۡنَىٰ وَثُلَٰثَ وَرُبَٰعَۖ فَإِنۡ خِفۡتُمۡ أَلَّا تَعۡدِلُواْ فَوَٰحِدَةً أَوۡ مَا مَلَكَتۡ أَيۡمَٰنُكُمۡۚ ذَٰلِكَ أَدۡنَىٰٓ أَلَّا تَعُولُواْ ﴾

***«Силер үчүн никеси адал болгон аялдарга эки, үч, төрттөн үйлөнө бергиле. Эми эгер** (алардын арасында) **адилеттүүлүк кыла албастыктан корксоңор, бир аялга** (үйлөнгүлө), **же кол алдыңардагы күң менен** (чектелгиле!). **Мына ушул жабыр жана зулумга өтүп кетпешиңерге жакыныраак иш».*** **[4:3]**

Бул аят Расулулла ρга хижраттын сегизинчи жылында түшкөн. Анын түшүш себеби, жубай аялдардын санын төртөөгө чектөө эле. Андан мурда аялдыкка алына турган аялдардын саны чектелбеген эле. Бул аятты окуудан жана түшүнүүдөн – бул аят никеге алынып жаткан аялдардын санын төртөөгө чектөө үчүн түшкөндүгү анык болот. Анын мааниси: «Силерге адал болгон жана жактырган аялдарга эки, үч, төрткө чейин үйлөнгүлө». «Масна», «сулоса», «рубаъ» сөздөрү кайталанма сандардан келип чыккан т.а. өзүңөр жактырган аялдарга эки-экиден, үч-үчтөн жана төрт-төрттөн үйлөнгүлө» деген маанини түшүндүрөт. Бул хытаб баарына бирдей. Ошондуктан, бир нече аялга үйлөнүүнү каалаган ар бир киши үйлөнүп жаткан аялдар мына ушул сандан көп болбоо шарты менен каалаган аялга үйлөнүшү үчүн т.а. ага уруксат берилген сандагы аялдарга үйлөнө алышы үчүн, сандарды кайталоо важиб болгон. Муну төмөндөгүчө салыштырууга болот. Мисалы, миң динарды бир жамаатка берип, «Бул акчаны ар бир кишиге эки динар-эки динардан; же үч динар-үч динардан; же төрт динар-төрт динардан бөлүштүрүп алгыла» - дейбиз. Эгер бул сөз бирден, экиден деп айтылса, анда маани болбой калат. Демек, тексттен көздөлгөн сандан ар бир адам каалаганча алышы үчүн «масна, сулоса жана рубаъ» сөзүн иштетүү зарыл. Анткени, Алла «Силердин ар бириңер өзүңөргө адал болгон аялдарга эки-экиден, үч-үчтөн, жана төрт-төрттөн үйлөнгүлө» дейт. Бул болсо, «ар бириңер эки, үч же төртөөгө үйлөнгүлө» деген маанини түшүндүрөт. Ал эми:

﴿ فَإِنۡ خِفۡتُمۡ أَلَّا تَعۡدِلُواْ فَوَٰحِدَةً ﴾

***«Эми эгер** (алардын арасында) **адилеттүүлүк кыла албастыктан корксоңор, бир аялга** (үйлөнгүлө)**».*** **[4:3]**

- аятынын мааниси: «Эгер бул сандагы аялдардын ортосунда адилеттүүлүк кыла албоодон корксоңор, анда бир аялга үйлөнгүлө да, андан артыгына үйлөнбөй эле койгула», - дегени. Анткени, иш

адилеттүүлүккө байланыштуу. Демек, качан адилеттүү болсоңор, ошондо гана бирден көбүрөөгүнө үйлөнгүлө, бирин тандашыңар зулум кылбашыңарга жакыныраак. Аяттагы «أدنى أن لا تعولوا» сөзүнүн мааниси «зулум кылбашыңарга жакыныраак» дегени. Анткени, «авл»дын мааниси жабыр-зулум. Аиша I Пайгамбар ρдан риваят кылган:

«أَنْ لاَ تَعُولُوا: أَنْ لاَ تَجُورُوا»

**«Ал лаа таъуулуу – зулум кылбашыңар» - деген мааниде».**

Аят көп аял алууга уруксат берип, аны төртөөгө чектеп койгон. Бирок, алардын ортосунда адилеттүү болууга буйруйт жана адилетсиздик кылып коюудан корккон кезде, бирөөгө чектелүүгө чакырган. Анткени, адилетсиздиктен корккон кезде бирөөгө чектелүү зулум кылбоого жакыныраак жана бул мусулман киши өзүндө калыптандырышы зарыл болгон сыпаттардын бири.

Бирок, ушуну эсте тутуу керек, көп аял алууга уруксат берилишинде адилеттүүлүк шарт эмес, балким, адилеттүүлүк кылуу бир нече аялга үйлөнгөн кишинин абалынын жана ал мындай абалда кылышы зарыл болгон иштин өкүмү о.э. адилетсиздик кылып коюу коркунучу болгондо бир аялга чектелүүгө кылынган үгүт. Мунун себеби, мындай:

﴿ فَٱنكِحُواْ مَا طَابَ لَكُم مِّنَ ٱلنِّسَآءِ مَثۡنَىٰ وَثُلَٰثَ وَرُبَٰعَۖ ﴾

***«Силер үчүн никеси адал болгон аялдарга эки, үч, төрттөн үйлөнө бергиле».*** **[4:3]**

- деп айтылышы менен сүйлөм бүтөт. Мунун мааниси көп аял алуу бүтүндөй мүмкүн иш. Бул сүйлөм бүтүп, кийинки сүйлөм жаңыдан башталат: ***«Эми эгер корксоңор»***. Бул сүйлөм т.а. – ***«Эми эгер корксоңор»*** - деген сүйлөм шарт болушу мүмкүн эмес, анткени, ал алдыңкы сүйлөмгө шарт болуп байланышпаган, балким, ал жаңыдан башталган сүйлөм. Эгер Шариъ анын шарт болушун каалаганда: «Эгер адилеттүүлүк кылсаңар, силерге адал болгон аялдардан экиден, үчтөн жана төрттөн үйлөнгүлө» - деген болор эле. Аятта болсо мындай делбеген. Демек, адилеттүүлүк кылуу шарт эмес. Балким, адилеттүүлүк кылуу алдыңкы өкүмдөн башка, экинчи шаръий өкүм. Анткени, биринчи өкүм төртөөгө чейин үйлөнүүгө уруксат берет, кийин башка өкүмдү келтирип, киши «көп аялдуу болсом, алардын ортосунда адилеттик кыла албаймын» деп билсе, бирөөгө чектелиши жакшыраак экендигин баян кылат.

Мындан маалым болгон нерсе, Алла Таала көп аялдуулукка чектөөсүз, шартсыз жана иллет баян кылбастан уруксат берген. Ар бир мусулман ага адал болгон аялдардан эки, үч жана төрт аялга үйлөнүшү мүмкүн. Ошондуктан, Алла Таала: ***«Силер үчүн никеси адал болгон»*** - дегенин көрөбүз. Дагы маалым болгон нерсе, Алла Таала бизди аялдар ортосунда адилеттүүлүк кылууга буйруйт жана алардын

ортосунда зулум кылуудан корксо, бир аялга чектелүүгө үндөйт. Анткени, бирөө менен чектелүү зулум кылбоого жакыныраак.

Талап кылынып жаткан адилеттүүлүк – мутлак адилеттүүлүк кылуу эмес, балким, аялдар ортосунда адамдар аткара ала турган чөйрөдөгү адилеттүүлүктү кылуу. Анткени, Алла Таала адамды кудурети жете турган ишке гана буйруйт. Алла Таала айтат:

﴿ لَا يُكَلِّفُ ٱللَّهُ نَفۡسًا إِلَّا وُسۡعَهَاۚ ﴾

***«Алла эч бир жанды чамасынан тышкаркы нерсеге буйрубайт».*** **[2:286]**

Ооба, аяттагы «адилеттүүлүк» сөзү умумий келген: ***«Эми эгер*** *(алардын арасында)* ***адилеттүүлүк кыла албастыктан корксоңор».*** Бул болсо, бардык адилеттүүлүктү өз ичине алат. Бирок, бул умумийлик башка бир аят менен адам кудуреттүү болгон иштерге чектелген. Алла Таала айтат:

﴿ وَلَن تَسۡتَطِيعُوٓاْ أَن تَعۡدِلُواْ بَيۡنَ ٱلنِّسَآءِ وَلَوۡ حَرَصۡتُمۡۖ فَلَا تَمِيلُواْ كُلَّ ٱلۡمَيۡلِ فَتَذَرُوهَا كَٱلۡمُعَلَّقَةِۚ ﴾

***«Ар канча урунсаңар да аялдарыңардын ортосунда адилеттүүлүк кылууга кудуретиңер жетпейт. Анан, биротоло*** *(сүйгөн аялдарыңар тарапка)* ***ооп кетип,*** *(көңүлсүз болуп калган)* ***аялыңарды муаллака сымал таштап койбогула».*** **[4:129]**

Бул аятта Алла Таала аялдардын айрымдарына ооп кетпей турган жана алардын укуктарын көп же аз өтөбөй турган даражада аялдар ортосунда адилеттүүлүк кылууга кудуретибиз жетпесин баян кылат. Ошондуктан, силерден толук адилеттүүлүк кылуу талап кылынган жок, балким, силер өтөөсүнөн чыга турган, кудуретиңер жете турган адилеттик талап кылынды жана бул үчүн колдон келишинче аракет кылууңар шарт кылынды. Себеби, кудурети жетпей турган ишке буйруу зулумга кирет:

﴿ وَلَا يَظۡلِمُ رَبُّكَ أَحَدًا ﴾

***«Роббиң эч кимге зулумдук кылбайт».*** **[18:49]**

Алла Тааланын:

﴿ فَلَا تَمِيلُواْ كُلَّ ٱلۡمَيۡلِ ﴾

***«Анан, биротоло*** *(сүйгөн аялдарыңар тарапка)* ***ооп кетип,*** *(көңүлсүз болуп калган)* ***аялыңарды муаллака сымал таштап койбогула».*** **[4:129]**

- деген сөзү:

{ وَلَن تَسۡتَطِيعُوٓاْ أَن تَعۡدِلُواْ }

***«Адилеттүүлүк кылууга кудуретиңер жетпейт».*** **[4:129]**
- деген сөзүнө байланышып, андан кийин түздөн-түз келгендигинин мааниси: сүйүүдө адилеттүүлүк кылууга кудуретиңер жетпейт дегени жана сүйүүдөн башка нерселерде адилеттүү болуу мүмкүндүгүн түшүндүрүүгө далил болот. Мурунку келген аятта да дал ушул нерсе важиб кылынган. Демек, талап кылынып жаткан адилеттүүлүк кылуу махабаттан башка нерселерге чектелген. Сүйүү жана жыныстык алака бул адилеттүүлүк кылуудан тышкары. Анткени, бул эки нерседе адилеттүүлүк кылуу важиб эмес. Анткени, адам өз сүйүүсүндө адилеттүүлүк кыла алышы мүмкүн эмес. Аиша Iдан риваят кылынган бул хадис да ушул пикирди кубаттайт. Расулулла ρ нерселерди бөлүштүрүүдө адилеттүүлүк кылып ушундай дээр эле:

**«اللَّهُمَّ إِنَّ هَذَا قَسْمِي فِيمَا أَمْلِكُ، فَلا تَلُمْنِي فِي مَا تَمْلِكُ وَلا أَمْلِكُ»**

**«Роббим, бул менин колумдан келген бөлүштүрүүм, сен мени Өзүң кудуреттүү болгон жана менин кудуретим жетпеген нерседе айыптап жемелебе».** Т.а. «менин кудуретим жетпеген нерсе» - дегенде жүрөгүн-дилин назарда туткан эле. Ибн Аббас:

{ وَلَن تَسۡتَطِيعُوٓاْ أَن تَعۡدِلُواْ بَيۡنَ ٱلنِّسَآءِ }

***«Аялдарыңардын ортосунда адилеттүүлүк кылууга кудуретиңер жетпейт».*** **[4:129]**
аяты жөнүндө: «Сүйүүдө жана жыныстык кошулууда» - деген. Алла Таала аялдардын айрымдарына бүтүндөй берилип, ооп кетүүдөн сактанууга буйруган. Мунун мааниси: ооп кетүү мубах дегени. Анткени, бүтүндөй ооп кетүүдөн кайтаруунун мааниси ооп кетүү мубах дегени. Мисалы, Алла Тааланын бүтүндөй колу ачык болуудан кайтарган

{ وَلَا تَبۡسُطۡهَا كُلَّ ٱلۡبَسۡطِ }

***«Аны бүтүндөй жазып да жибербе».*** **[17:29]**
- аяты колу ачык болуу мубах экендигин билдирет. Ушуга караганда, эрдин айрым аялдарына ооп кетишине Алла Таала уруксат берген. Бирок, Алла Таала бул ооп кетүүнүн бардык нерсени камтып алуучу бүтүндөй ооп кетүү болушунан кайтарды. Балким, ооп кетүү «ооп кетүү» сөзүнө дал келе турган иштерде т.а. сүйүү жана жыныстык алаканы каалоодо болот. Демек, аяттын мааниси: «бүтүндөй ооп кетүүдөн сактангыла. Анткени, силер айрым аялдарыңарга бүтүндөй ооп кетесиңер, башка аялыңарды же эрсиз, же талак кылынбаган – муаллака (арасаттагы) аялга окшотуп коёсуңар». Абу Хурайра Γ риваят кылат: Пайгамбар ρ айтты:

**«مَنْ كَانَتْ لَهُ امْرَأَتَانِ يَمِيلُ لإِحْدَاهُمَا عَلَى الأُخْرَى جَاءَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ يَجُرُّ أَحَدَ شِقَّيْهِ سَاقِطاً أَوْ مَائِلاً»**

**«Кимдин эки аялы болуп, алардын биринен көрө башкасына ооп кетсе, кыямат күнү түшүп кеткен же кыйшайып калган абалдагы бир тарабын сүйрөп келет»** (Ахмад риваяты).

Ошондуктан, эрдин мойнуна важиб кылынган адилеттүүлүк, эр өз аялдары ортосунда тең бөлүштүрүүгө кудуреттүү иштерде: түнкүсүн бирге жатуу, азык-оокат, үй-жай, кийим-кече жана ушул сыяктуу иштерде болот. Ал эми, ооп кетүү маанисиндеги иштерде т.а. сүйүү жана жыныстык алаканы каалоодо адилеттүүлүк кылуу важиб эмес. Анткени, мындай ишке адамдын кудурети жетпейт жана мындай ооп кетүү Куран нусустарында бүтүндөй ооп кетүүдөн истисна кылынган.

Шаръий нусустарда келген көп аялдуулук темасы мына ушулар. Бул нусустарды жана алардын лугавий жана шаръий маанилерин үйрөнүү, алар түшүндүрүп жаткан маанилерди жана алардан истинбат кылынган өкүмдөрдү текшерүү аркылуу маалым болгон нерсе, Алла Таала эч кандай чектөө жана шартсыз көп аялдуулукка уруксат берген. Бул туурасындагы нусустар иллетти баян кылбастан келген. Алла Таала өз өкүмүн анда иллет жоктугун билдирүүчү сүйлөмдөр менен баяндаган:

{ مَا طَابَ لَكُم مِّنَ ٱلنِّسَآءِ }

***«Силер үчүн никеси адал болгон аялдарга».*** **[4:3]**

Ошондуктан, биз шаръий нусус жана андан истинбат кылынган шаръий өкүмдөр чегарасында токтошубуз зарыл. Бул өкүмдү адилеттүүлүк, муктаждык жана башка бирер иллет менен иллеттешибиз мүмкүн эмес. Себеби, нусус өкүмдү иллеттебеген жана эч бир шаръий нусуста бул өкүмгө иллет келген эмес. Өкүмдүн иллети шаръий иллет болушу важиб т.а. иллеттин жардамында иштелип чыккан өкүм шаръий өкүм болушу үчүн, ошол иллет шаръий нусуста келген болушу шарт. Эгер иллет аклый иллет болсо, же шаръий нусуста келбеген болсо, анын жардамында иштелип чыккан өкүм шаръий өкүм болбойт. Балким, адам түзгөн өкүм болуп, аны турмушта колдонуу арам. Анткени, шариятка негизделбеген өкүмдөрдүн бардыгы куфр өкүмдөрү болуп эсептелет. «Шариънин хытабы» деп аныктама берилген шаръий өкүм бардык өкүм Шариънин хытабынан алынышын талап кылат. Бул алуу же аят-хадистин лафзынан, же мафхумунан, же далалат кылуу тарабынан болот, же болбосо, ушул айтылган нусуста шаръий өкүм бар экендигин билдирүүчү ишара болот. Ушул ишара бар болгон ар бир өкүм шаръий өкүм болуп калат. Бул ишара – нусуста же ачык, же далалатан, же истинбатан, же кыясан келген шаръий иллет болот. Эгер бул ишара т.а. иллет нусуста келбеген болсо, андай иллет эсепке алынбайт. Мындан маалым болгондой, көп аялдуулукту бирер иллет менен иллеттеш

мүмкүн эмес. Анткени, Шариънин хытабында ага бир да иллет келген эмес. Өкүмдүн шаръий өкүм болушунда, Шариънин хытабында келген иллеттен башка ар кандай иллеттин эч кандай орду жок.

Бирок, шаръий өкүмдү иллеттеш мүмкүн эместиги, мына ушул айтылган шаръий өкүмдүн натыйжасынан пайда боло турган вакиъликке жана ал муалажа кыла турган проблемалар вакиълигине кеңири түшүндүрмө берүү мүмкүн эместигин түшүндүрбөйт. Анткени, бул иш өкүмдү иллеттеш эмес, балким, вакиъликке кеңири түшүндүрмө берүү болот. Вакиъликке кеңири түшүндүрмө берүү менен өкүмдү иллеттеш ортосундагы айырма ушул, өкүмдү иллет менен иллеттөө, анда иллеттин үзгүлтүксүз ар дайым болушу жана ал иллет бар болгон башка бардык нерселер ага кыясталышы зарыл. Ал эми, вакиъликке кеңири баяндама берүү болсо, вакиълик өз ичине алган бардык нерселерди – бул нерселер анда ар дайым болбошу да мүмкүн – ушул кеңири түшүндүрмө берүү учурунда баян кылуу болуп, буга башкасын салыштыруу мүмкүн эмес. Ушуга караганда, көп аялдуулуктун натыйжасынан маалым болгон нерсе, көп аялдуулукка уруксат берилген жамаатта ойнош күтүүлөр болбойт, ал эми, көп аялдуулукка уруксат берилбеген жамаатта болсо, ойнош арттыруу абалдары пайда болот. Буга кошумча кылуу мүмкүн болгон нерсе, инсаний жамаат деген сыпаты менен инсаний жамаатта пайда боло турган көп проблемаларды көп аялдуулук чечет, бул проблемаларды чечүү көп аялдуулукка уруксат берүүгө муктаж болот. Төмөндө мындай проблемалардан мисалдарды келтиребиз:

1. Кээ бир эркектерде бир аял менен чектелбей турган адаттан сырткары табияттар кезигип, алар же жалгыз аялды кыйнап, азар бере турган болушат; же экинчи, үчүнчү жана төртүнчү аялга үйлөнүү үчүн эшик ачык болбогон соң, башка аялдарга умтулуп калышат. Мындан болсо, адамдар ортосунда фахш (бузукулук) иштеринин жайылышы жана үй-бүлө мүчөлөрү ортосунда жаман ой жана орунсуз шек-күмөндөр пайда болушу сыяктуу зыяндар бар. Ошондуктан, мындай табияттагы кишилер өздөрүнүн жисманий талаптарын кандыруу үчүн Алла түзүп берген адал жолго эшикти ачык абалда табуулары зарыл.

2. Кээ бир аял киши төрөбөс болушу мүмкүн. Бирок, эрди-катындык турмушту улантууга аларды үндөп жаткан махабат эр менен аялдын жүрөктөрүндө болот. Эр болсо, перзент көрүүнү каалайт жана балдарды жакшы көрөт. Эгер бул эрге башка аялга үйлөнүүгө уруксат берилбесе анда ал же мурунку аялды талак кылышы керек, мындай учурда болсо үй-бүлөнүн бейпилдиги жана коломтосу бузулат жана жубайлык бейпил турмуш жокко чыгат. Же насил калтыруу жана перзент неъматынан кол жуушу керек, мында болсо, атанын нав гарыйзасынан пайдаланышына тосук коюлган болот. Ошондуктан, мындай эр талап кылып жаткан

перзенттерге ээ болушу үчүн, аялынын үстүнө башка аял алууга кеңири шарт болушу лазым.

3. Кээ бир аял өз эри менен жыныстык алакада болушуна тоскоолдук кыла турган, же эринин, үй-бүлөсүнүн же балдарынын жумуштарын аткарууга жол бербей турган бирер бир ооруга чалдыгып калат. Ушуну менен бирге, ал эри үчүн кадырлуу жана сүйүктүү болот. Эр аны талак кылууну каалабайт жана башка аялсыз анын турмушу турмуш болбойт дагы. Демек, ушундай абалдарда да бирден ашык аялга үйлөнүшү үчүн эрге эшиктерди кең ачып коюу лазым.

4. Кээде миңдеген, балким, миллиондогон эркектер кырылып кете турган согуштар, козголоңдор болот жана эркектер менен аялдар санынын ортосундагы тең салмактуулук бузулат. Мисалы, биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуш учурунда, бүткүл дүйнөдө, айрыкча, Европада ушундай абал болгон. Эгер эркек киши бирден ашык аялга үйлөнө албаса, калган көпчүлүк аялдар эмне кылат? Алар үй-бүлөлүк турмуштан, коломтодогу бейпилдиктен жана жубайлык лаззаттан кол жууп жашашат. Мындан тышкары, нав гарыйзасы козголгон кезде, адеп-ахлакка коркунучтуу болгон иштерди келтирип чыгарышы мүмкүн.

5. Кээде бир улутта, же бир калкта, же болбосо бир өлкөдө эркек менен аялдардын төрөлүшү тең болбойт. Кээде аялдардын саны эркектердикинен көбүрөөк болот жана ортодогу тең салмактуулук жоголот. Бул абал өтө көп улут жана калктарда учурайт. Мындай абалда көп аялдуулукка уруксат берүүдөн башка бирер бир чечим бул проблеманы чече албайт.

Булар улут жана калктардагы инсаний жамааттарда жүз берип жаткан проблемалар. Эгер көп аялдуулукка тыюу салынса, бул проблемалар чечимсиз калат. Себеби, аларды көп аялдуулукка уруксат берүү менен гана чечүү мүмкүн. Ошондуктан, адамда боло турган проблемаларды чечүү үчүн көп аялдуулукка уруксат берүү керек. Чындыгында, Ислам көп аялдуулукка уруксат берген, бирок, аны важиб кылбаган. Көп аялдуулукка уруксат берүү зарыл иш. Бирок, билип коюу зарыл болгон нерсе, жогоруда айтылган мисалдар адамда жана адамзат коомунда пайда болуучу проблемалар болуп, алар көп аялдуулук үчүн иллет да эмес, анын мүмкүндүгүнө шарт да эмес, балким, алар пайда боло турган вакеъий проблемалар гана. Эркек киши экинчисине, үчүнчүсүнө жана төртүнчүсүнө үйлөнүүгө толук акылуу жана мында көп аялдуулукка муктаж боло турган проблемалардын пайда болушунун же пайда болбошунун эч кандай мааниси жок. Анткени, Алла Таала айтат:

﴿ فَٱنكِحُواْ مَا طَابَ لَكُم مِّنَ ٱلنِّسَآءِ مَثۡنَىٰ وَثُلَٰثَ وَرُبَٰعَ ﴾

***«Силер үчүн никеси адал болгон аялдарга эки, үч, төрттөн үйлөнө бергиле».*** **[4:3]**

Бул аятта: ***«никеси адал болгон»*** деген жана аны эч кандай чектөө жана шартсыз умумий кылган. Эми, бир аял менен чектелүүгө келсек, чындыгында шарият буга бир гана абалда т.а. адилетсиздиктен коркуу абалында гана үндөгөн. Мындан башка абалда бирөө менен чектелүүгө үндөө (таргиб) бир да насста келген эмес. Көп аялдуулук Курани Карим далили менен ачык-айкын келген шаръий өкүм болсо да, капиталисттик сакофат жана бир гана Исламга (башка диндерге эмес!) каршы алып барылып жаткан батыш массалык маалымат каражаттары көп аялдуулукту өтө жаман-жагымсыз кылып көрсөтүштү жана аны динди кемсинтүүчү, кадырсыздандыруучу ишке айландырды. Аларды бул ишке үндөп жаткан нерсе – Алланын өкүмдөрүндө көрүнүп жаткан айып-кемчилик эмес, балким, Исламга сокку берүү. Аларды мындан башка нерсе үндөгөн эмес. Бул үгүттөр мусулмандарга, айрыкча, акимдерге, окуучу жаштарга таасир кылды. Жана Ислам туйгулары жүрөгүнөн түнөк тапкан кишилерди Исламды коргоого жана – Ислам душмандары күчөтүп жаткан туура эмес үгүттөөлөрдөн таасирленгендиктери үчүн – көп аялдуулукка тыюу салуучу туура эмес бурмалоолорду кылууга үндөдү. Ошондуктан, шарият жакшы деп белгилеген иш жакшы, жаман дегени жаман, ал адал кылган иш жакшы жана ал арам кылган иш жаман экендигине мусулмандардын этибарын каратыш керек. Көп аялдуулук жакшы натыйжа береби же жокпу жана пайда болгон проблемаларды чечеби же жокпу, буга карабастан, шарият ага уруксат берген жана Куранда бул туурасында нусус келген, демек, ал жакшы иш, ага тыюу салуу болсо жаман иш болот. Анткени, көп аялдуулукка тыюу салуу куфр өкүмү. Ушул нерсе ачык-айкын болушу керек: Ислам көп аялдуулукту фарз да, мандуб да кылган эмес, балким, мусулмандар аны макул көрүшсө аткаруулары мүмкүн болгон мубах иш деп белгилеген. Анын мубах кылынгандыгы – анын керек кезде адамдар пайдалануулары мүмкүн болгон мүмкүнчүлүк кылып берилгендигин түшүндүрөт. Эгер каалашса, өздөрү жактырган аялдардан кол жууп калбоолору үчүн Ислам уруксат берген мүмкүнчүлүктөн пайдаланышат. Көп аялдуулуктун важиб эмес, мубах кылынганы – аны коом жана жамааттар үчүн адамзаттагы эң пайдалуу чечим кылып коёт.

## РАСУЛУЛЛА ρДЫН ҮЙЛӨНҮҮЛӨРҮ

Алла Тааланын ушул аяты:

{ فَٱنكِحُواْ مَا طَابَ لَكُم مِّنَ ٱلنِّسَآءِ مَثۡنَىٰ وَثُلَٰثَ وَرُبَٰعَۖ فَإِنۡ خِفۡتُمۡ أَلَّا تَعۡدِلُواْ فَوَٰحِدَةً

أَوۡ مَا مَلَكَتۡ أَيۡمَٰنُكُمۡۚ }

***«Силер үчүн никеси адал болгон аялдарга эки, үч, төрттөн үйлөнө бергиле. Эми эгер** (алардын арасында) **адилеттүүлүк кыла албастыктан корксоңор, бир аялга** (үйлөнгүлө), **же кол алдыңардагы күң менен** (чектелгиле!)**».*** **[4:3]**

хижрий сегизинчи жылдын акырларында, Расулулла ρ бардык аялдарына үйлөнгөндөн кийин түштү. Бул аят түшкөн убакта Расулула ρ төрттөн көбүрөөк аялга үйлөнгөн эле. Алардын эч бирин таштабай, бардыгы менен жашай берди. Себеби, төрттөн ашык аялга үйлөнүү Расулулла ρдын өзүнө гана хос касиеттеринен, бул нерсе башка мусулмандарга тиешелүү эмес. Расулулла ρдын төрттөн ашык аялга үйлөнгөндүгү жана аялдарды төрткө чектеген аят түшкөндөн кийин да алар менен жашагандыгы, төрттөн ашык аялга үйлөнүү Расулулла ρдын өзүнө гана хос касиеттерден экендигин билдирет. Расулулла ρдын кылып жаткан амалдары айтып жаткан сөздөрүнө тескери болбойт. Эгер сөздөрү менен амалдарынын ортосунда карама-каршылык пайда болсо, анда анын бул амалдары өзүнө гана хос болот, ал эми, сөздөрү бүткүл үммөткө умумий болот. Себеби, усул илиминде: «Расулулла ρдын феълдери Үммөткө хос болгон сөздөрүнө зид болбойт, балким, өзүнө хос болот» деген коида бар (т.а. Расулулла ρдын кайсы бир иш-аракети Үммөткө тиешелүү болгон сөздөрүнө тескери келсе, бу феъл ал заттын өзүнө хос феъл болот). Себеби, Расулулла ρдын Үммөткө хос болгон буйруктары ал заттын сөздөрү жана амалдарына ээрчүүнү талап кылган далилдерге салыштырмалуу хос саналат. Демек, умумийлик хоско негизделет. Ошондуктан, Үммөткө буйрулган ишке тескери болгон бул иштен үлгү алуу мүмкүн эмес. Анткени, Расулулла ρдын төрттөн көп аялга үйлөнүшү жана өзүн тартуу кылган аялдан пайдалануусун Курани Карим аяттары айтып өткөн. Алла Таала айтат:

{ يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِيُّ إِنَّآ أَحۡلَلۡنَا لَكَ أَزۡوَٰجَكَ ٱلَّٰتِيٓ ءَاتَيۡتَ أُجُورَهُنَّ وَمَا مَلَكَتۡ يَمِينُكَ مِمَّآ

أَفَآءَ ٱللَّهُ عَلَيۡكَ وَبَنَاتِ عَمِّكَ وَبَنَاتِ عَمَّٰتِكَ وَبَنَاتِ خَالِكَ وَبَنَاتِ خَٰلَٰتِكَ ٱلَّٰتِي هَاجَرۡنَ

مَعَكَ وَٱمۡرَأَةٗ مُّؤۡمِنَةً إِن وَهَبَتۡ نَفۡسَهَا لِلنَّبِيِّ إِنۡ أَرَادَ ٱلنَّبِيُّ أَن يَسۡتَنكِحَهَا خَالِصَةٗ لَّكَ مِن

دُونِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَۗ قَدۡ عَلِمۡنَا مَا فَرَضۡنَا عَلَيۡهِمۡ فِيٓ أَزۡوَٰجِهِمۡ وَمَا مَلَكَتۡ أَيۡمَٰنُهُمۡ لِكَيۡلَا يَكُونَ عَلَيۡكَ حَرَجٞۗ }

***«Эй Пайгамбар, албетте, Биз сен үчүн махрларын берген жубайларыңды, Алла сага олжо кылып берген кол алдыңдагы күңдөрдү, сени менен бирге хижрат кылган абаңдын кыздарын жана аммаңдын кыздарын, таякеңдин кыздарын жана таежеңдин кыздарын, дагы*** *(ар кандай)* ***момун аялды – эгер ал өзүн пайгамбарга тартуу кылса жана пайгамбар аны өз никесине алууну кааласа*** *(жогорудагы аталган аялдардын бардыгын Биз сен үчүн)* ***адал кылдык.*** *(Бул өкүмдөр)* ***момундар үчүн эмес, калыс сен үчүн. Биз*** *(момундарга)* ***жубайлары жана кол алдындагы күңдөрү жөнүндө фарз кылган өкүмдөрүбүз болсо анык белгилүү. Тээ сага таңдык-машакат болбошу үчүн*** *(Биз сага аталган айырма-артыкчылыктарды бердик)****».*** **[33:50]** Бул аят: *«(Бул өкүмдөр) момундар үчүн эмес, калыс сен үчүн»* деп жатат. Аяттагы «калыс» сөзү өзүнөн алдыңкы сүйлөмдүн маанисин тастыктоо үчүн келген масдар. Т.а. мааниси: «Сага уруксат берилген ушул иш бир гана өзүң үчүн калыс кылынды». Мунун өзүнөн мурда келген бардык иштерди Расулулла ρга хос кылып, өз ичине алгандыгынын далили мындайча, ал төрт адал кылынган нерседен кийин келгендиги т.а. бул төрт адал кылынгандар: аялдардын адал болушу, түздөн-түз олжодон түшкөн күңдөр, ал зат менен бирге хижрат кылган туугандарынын кыздары жана аялдын өзүн-өзү тартуу кылышы о.э. бул таъкид жолу менен келген. Бул сөздүн ушул маани бүткөндөн кийин жана: ***«момундар үчүн эмес»*** сөзүнөн кийин: ***«Биз*** *(момундарга)* ***жубайлары жана кол алдындагы күңдөрү жөнүндө фарз кылган өкүмдөрүбүз болсо анык белгилүү»*** сөзүнүн келгендиги пикирибизди дагы да кубаттайт. Мунун мааниси: «Бул аларга фарз кылган иштерибизден башка». Ошондуктан, булардын баарынан кийин ушул: ***«Тээ сага таңдык-машакат болбошу үчүн*** *(Биз сага аталган айырма-артыкчылыктарды бердик)****»*** сөздөрү келген т.а. сага кыйын болбошу үчүн.

Ошондуктан, Расулулла ρдын үйлөнүшү иш жүзүндө өрнөк кылып алынбайт жана мыйзам иштеп чыгууда талкуу темасы кылынбайт. Себеби, бул иш Расулулла ρдын өзүнө хос иштерден. Мунун үстүнө, Расулулла ρдын үйлөнүшү ушуну көрсөтөт: Ал эркек-аялдык алакасы жагынан өзүнүн жыныстык талабын кандыруу максатында жыныстык кошулуу үчүн үйлөнгөн кишинин үйлөнүшү эмес, балким, пайгамбардын үйлөнүшү болгон эле. Тарыхый чындыкка кайрылуу менен биз муну

билебиз, Пайгамбар ρ жыйырма үч жашында Хадижа Iга үйлөнгөн жана Хадижа өзү жалгыз Расулулла ρга жыйырма сегиз жыл аял болду. Хадижа энебиз пайгамбарлыктын он биринчи жылында т.а. хижраттан эки жыл мурда, сахифа бекер болгондон бир нече ай кийин жана Тоифке чыгууларынан азыраак мурда дүйнөдөн кайткан. Бул 620-миладий жылы болгон жана анда Расулулла ρ 50 жашта эле. Ошол кезде көп аялдуулук арабдарда канчалык кең жайылган болушуна карабастан, Расулулла ρ Хадижа энебизге үйлөнгөндөн кийин, ал дүйнөдөн кайтканга чейин үстүнө аял алууну ойлобогон. Хадижа менен бирге пайгамбарлыктан мурда он жети жыл тынч-бейпил турмуш өткөрдү, пайгамбарлык келгенден кийин да аны менен даъват жана куфр пикирлерине каршы күрөш учурунда он бир жылдай бирге жашады жана ушуну менен бирге үйлөнүү жөнүндө ойлоп да койбоду. Хадижа Iга үйлөнгөндө да жана андан мурда да Расулулла ρдын аялдардын сулуулугуна кызыкканы күзөтүлбөгөн. Арийне, жахилият аялдарынын ачык-чачык жүрүүлөрү адамдарды өзүнө тартар эле. Жашы элүүдөн өткөндөн кийин болсо, бир аялга канааттанбай турган түстө кескин өзгөрүш болуп, үстү-үстүнө үйлөнгөндүгүн жана он бир аялды никесине алгандыгынын күбөсү болушубуз табигый болбогон абал. Элүү беш жашында жети аялды өз никесине жыйган. Элүү беш жаштан өтүп, өмүрүнүн акыркы жети жылында болсо, тогуз аялды никесинде сактап турган. Ушул жашка жетип калган кишиде бул иштердин болушу аялдарга болгон кызыгуудан болушу мүмкүнбү? Же жыныстык алака көрүнүшүндөгү нав гарыйзасын кандырууга умтулуу аркылуу пайда болобу? Же бул иштерге Расулулла ρ киришип кеткен турмуш т.а. адамдарга жеткизүүгө буйрулган пайгамбарлык турмушунун вакиълиги талап кылган башка түрткүлөр үндөгөнбү? Муну түшүнүү үчүн Пайгамбар ρдын үйлөнүүлөрүн карап чыгабыз.

Пайгамбарлыктын он биринчи жылында т.а. Хадижа I дүйнөдөн кайткан жылы Расулулла ρ үйлөнүү жөнүндө ойлоду. Бул мезгилде анын жашы элүүдө эле. Ошондон кийин досу жана биринчи болуп ыйман келтирген Абу Бакрдын кызы Аишага жуучу салды. Айша алты жашар кыз болгондугу себептүү никесине алды, бирок, кошулуулары үч жыл кийин, Мединага хижрат кылынып, Аиша тогуз жашка толгондон кийин болду. Бирок, Расулулла ρ Аишага никеленген кезинде Замъа кызы Савдага да үйлөнгөн эле. Савда Хабашистанга хижрат кылып, кийин Меккеге кайткан соң, өтүп кеткен мусулмандардын бири Сакрон ибн Амр ибн Абдушамстын жесири эле. Савда да Сакрон менен бирге Исламга кирген, бирге хижрат кылган жана аны менен машакат жана азаптарды бирге тарткан эле. Эринин өлүмүнөн кийин, Расулулла ρ ага үйлөндү. Савдада ага үйлөнүүгө кызыктыра турган дүйнө кызыктарынын бирди-жарымы: сулуу жамалы, же байлыгы, же мартабасы бар экендиги риваят кылынбаган. Расулулла ρдын ал аялга эринин өлүмүнөн кийин

үйлөнгөндүгүнөн – аны өз карамагына алуу жана анын мартабасын «момундар энеси» даражасына көтөрүү болгондугу түшүнүлөт. Расулулла ρ хижраттан кийин Савда үчүн мечиттин жанына үй курду жана бул үй ал заттын аялдары үчүн курулган эң биринчи үй эле.

Кийин, хижраттын биринчи жылында ансарлер менен мухажирлердин арасын боордоштуруу иштерин бүтүргөндөн кийин, Пайгамбар ρ мечит жанындагы Савданын үйүнө коңшу кылып Аишага үй куруп жайгаштырды жана аны менен кошулду. Досу жана вазири Абу Бакр Γга да кызын көргөнү үйүнө келүүгө уруксат берди.

Кийин хижраттын экинчи жылында, Бадр казатынан кийин жана Ухуд казатынан мурда, Умар ибн Хаттабдын кызы Хафсага үйлөндү. Хафса мындан мурда, Исламга биринчилерден болуп кирген Хаништин аялы эле жана Хаништин өлгөнүнө жети ай болгон эле. Расулулла ρ Хафса энебизге үйлөнүшү менен экинчи вазири жана досу Умар ибн Хаттабга да үйүнө кызын келип көрүүгө уруксат берди. Аиша жана Хафсага үйлөнүүсү – эки вазири жана жардамчылары болгон, даъват, бийлик, согуш жана мындан башкаларда жанында тура турган эки кызматкерлеринин кыздарына үйлөнүү болуп, бул аял алуу эмес болчу. Аиша Расулулла ρ үчүн сүйүктүү жана сулуу болсо, Хафса энебиз мындай эмес эле. Бул, алардын экөөсүнө тең үйлөнүшү жыныстык муктаждыкты кандыруудан башка максат болгондугун көрсөтөт.

Кийин хижраттын бешинчи жылында «Бану Мусталак» казатында Хорис ибн Абу Зирордун кызы Жувайрияга үйлөндү. Бул аялга үйлөнүшүнүн себеби, анын атасын өзүнө жакын кылуу жана аялдын мартабасын көтөрүү эле. Себеби, бул аял Бану Мусталактан туткундалгандардын ичинде болуп, бир ансарийдин үлүшүнө тийген эле. Бану Мусталак уруусунун башчысынын кызы болгон Жувайрия ага кожоюн болуп калган кишиден өзүн сатып алууну каалады. Ансарий болсо, анын Бану Мусталак башчысынын кызы экендигин билгендиги себептүү фидянын баасын кымбат айтты. Атасы кызын азат кылуу үчүн фидяны Расулулла ρга алып келип аны азат кылды жана Расулулла ρдын пайгамбар экендигине ишенгенден кийин Исламга кирди. Кийин кызы Жувайрияны да Пайгамбар ρга алып келди жана кыз да атасы сыяктуу Исламга кирди. Кийин Расулулла ρ анын атасынан кызынын колун сурады жана атасы Расулулла ρга берди. Расулулла ρдын Жувайрияга үйлөнүшү баш ийген уруу башчысынын кызына үйлөнүү эле жана муну менен уруу башчысынын достук ишенимине ээ болууну көздөгөн эле.

Хижраттын жетинчи жылында, Хайбар үстүнөн жеңишке жетишилгенден кийин, яхудий башчыларынын бири Хуяй ибн Ахтабдын кызы Сафияга үйлөндү. Үйлөнүшүнүн икаясы мындайча болгон: Сафия Хайбар чебинен туткунга алынгандардын ичинде эле. мусулмандардардын кээ бирлери Расулулла ρга: «Сафия Бану Курайза

жана Бану Назир урууларынын улуу аялы жана ал сизге гана ылайыктуу», - дешти. Расулулла ρ аны азат кылып, кийин ага үйлөндү. Муну менен аны күндүктөн азат кылды жана анын аброюн сактап калды, мартабасын көтөрдү. Риваят кылынышынча, Абу Айюб Холид ал-Ансарий – Расулулла ρ тарабынан өлтүрүлгөн атасы, агасы жана элинин күйүтүнөн ал кишиге каршы душманчылык – Сафиянын жүрөгүндө козголуп калышынан коркту. Ошондуктан, Расулулла ρ Хайбардан кайтканда, Сафияга үйлөнгөн чатырдын тегерегинде куралданган абалда түнү менен сакчылык кылды. Расулулла ρ эртең менен аны көрүп калып: **«Бул жерде эмне кылып жатасың?»** - деди. Абу Айюб: «Бул аялдан сизге зыян жетип калышынан корктум, себеби, сиз анын атасын, агасын жана элин өлтүргөнсүз. Өзү болсо куфрдан эми арылган», - деди. Пайгамбар ρ аны тынчтандырды. Сафия болсо Расулулла ρдын өлүмүнө чейин ишенимдүү болуп жана бапаа кылып бирге жашады.

Кийин хижраттын сегизинчи жылы амакиси Аббас ибн Абдул Мутталибдин аялы Уммул Фазлдын сиңдиси Маймунага үйлөндү. Бул окуя «Умратул-Казо»нун акырында болгон эле. Үйлөнүшүнүн икаясы: «Маймуна жыйырма алты жашта болуп, турмушка чыгарууда эжеси Уммул Фазлды өкүл кылган эле. Маймуна «Умратул-Казо»до мусулмандардын абалын көргөндөн кийин Исламга сүйүүсү артты жана Аббасты иниси саййидибиз Мухаммад ρга ортого салды жана өзүн ал зат никеге алышын сунуш кылды. Пайгамбар ρ бул сунушту кабыл алды. Худайбия келишиминде көрсөтүлгөн үч күн бүткөн эле. Бирок, Расулулла ρ Маймунага үйлөнүшүнөн өзү менен Курайштын ортосундагы түшүнбөөчүлүктү жумшартуу үчүн пайдаланмакчы болду. Сухайл ибн Амр менен Хувайтиб ибн Абдул Уззо Курайш тарабынан элчи болуп келип: «Бул жерде туруу мөөнөтүңүз бүттү, эми чыгып кетиңиз», - дешти. Аларга Расулулла ρ: **«Силердин алдыңарда той кылып үйлөнсөм жана силерге конок берсек эмне дейсиңер?»** - деди. Алар болсо: «Сиздин коногуңуздун бизге кереги жок, чыгып кетиңиз», - деп жооп беришти. Расулулла ρ эч экиленбей чыгып кетти жана аркасынан мусулмандар да ээрчишти.

Зайнаб бинти Хузайма жана Умму Саламаларга үйлөнүшү болсо, согуш майдандарында шейит болгон эки сахабаларынын жесирлерине үйлөнүү эле. Зайнаб Бадр казатында шейит болгон Убайда ибн Хорис ибн Мутталибдин аялы болуп, чырайлуу аял эмес эле. Ал өзүнүн тазалыгы, аруулугу жана колу ачыктыгы менен «уммул Масокин» (мискиндердин энеси) деп наам алган. Анын жашы өтүп калган эле. Пайгамбарыбыз аны хижраттын экинчи жылында, анын эри Бадр согушунда шейит болгондон кийин никесине алды. Турмуштарына эки жыл болбостон Зайнаб бинти Хузайма дүйнөдөн кайтты. Расулулла ρдын өзүнөн мурда дүйнөдөн өткөн Хадижа энебизден кийинки аялы болду.

(Башкалары Расулулла ρ дүйнөдөн кайткан кезде тирүү болушкан). Умму Салама болсо Абу Саламанын аялы эле жана андан бир нече уулу бар эле. Ухуд казатында Абу Салама жараланды жана бул жараат айыгып кеткенден кийин Расулулла ρ аны Бану Асад уруусуна каршы урушта туу алып жүрүүчү кылып жөнөттү. Аларды жеңип, олжо менен кайтты. Ошондон кийин, анын Ухудда алган жарааты шишип кетти жана ушул жараат менен дүйнөдөн өттү. Абу Салама өлүм төшөгүндө жатканда, Расулулла ρ аны көргөнү кирди жана анын жанында жакшы дубаларын кылып, жан бергенге чейин отурду жана көзүн жаап койду. Абу Саламанын өлүмүнөн төрт ай өткөндөн кийин, Расулулла ρ Умму Саламага жуучу салды. Ал болсо балдарынын көптүгүн жана жашынын өтүп калгандыгын айтып үзүр сурады. Бирок, Расулулла ρ бул талабында катуу турду жана ага үйлөндү о.э. балдарын тарбиялоого көңүл бурду. Демек, бул эки аялга Расулулла ρ согушта шейит болгон эки боордошунун үй-бүлөсүнө камкордук кылуу үчүн гана үйлөнгөн.

Умму Хабиба бинти Абу Суфянга үйлөнүшү болсо, Хабашистанга хижрат кылган, эри Исламдан кайтып муртад болуп кеткенде да дин жолунда кыйынчылыктарга сабыр кылган аялга үйлөнүү эле. Умму Хабибанын аты Рамла болуп, ал Мекке башчысы жана мушриктердин жетекчиси Абу Суфяндын кызы эле. Ал Расулулла ρдын аммасынын уулу Убайдулла ибн Жахш Асадийдин аялы эле. Умму Хабиба атасынын кафирлик убагында, эри Убайдулла Исламга киргенден кийин, Исламды кабыл алган жана атасынын кыйнашынан коркуп, кош бойлуу болушуна карабастан, эри менен Хабашистанга хижрат кылган эле. Хижратта кыз төрөдү жана ага Хабиба деп ат коюшту. Рамланын Умму Хабиба (Хабибанын энеси) деп аталышы да ушул кыздан эле. Бирок, Убайдулла ибн Жахш көп өтпөй, Исламдан кайтты жана хабаштардын дини болгон христиандыкты кабыл алды. Аялы Рамланы да Исламдан кайтарууга урунду, Рамла сабыр кылып өз дининен кайтпады. Кийин, Расулулла ρ Нажашийге элчи жиберип, андан Умму Хабибага жуучу болууну сурады. Нажаший бул кабарды Умму Хабибага жеткизди. Умму Хабиба да өзү тарабынан Холид ибн Саид ибн Аасты нике келишимине өкүл кылды. Ошентип, алардын никеси ишке ашты. Никеде Холид Умму Хабиба тарабынан, Нажаший Расулулла ρ тарабынан өкүл болушту. Хайбар согушунан кийин Хабашистан мухажирлери Мединага кайткандан кийин, алар менен бирге Умму Хабиба да кайтты жана Расулулла ρдын үйүнө кирди. Медина Расулулла ρдын тоюн өткөрдү жана Умму Хабиба Расулулла ρдын үйүндө жашай баштады.

Ал эми, Зайнаб бинти Жахшка үйлөнүшү бир нече өкүмдөрдү мыйзамдаштыруу болгон эле. Аммасынын кызы Зайнабды, Курайш иттифакчыларынын бири болгон Бану Асад уруусунан болушуна карабай, азат кылынган кул болгон Зайдга берүү менен, адамдардагы «турмуш куруууда эр жана аял тең болушу керек» деген адатты жокко

чыгарууну мыйзамдаштыруу эле. Дагы ошол кездерде уул кылып багып алынган бала багып алган кишиге өз перзентиндей болуп, анын аялына үйлөнүшү мүмкүн эмес эле. Расулулла ρ бул адаттарды бекер кылуу үчүн азат кылынган кулу Зайд өз аялын талак кылгандан кийин, ал аялды никесине алды. Бул окуя мындайча болгон эле. Зайнаб бинти Жахш Абдулмутталибдин кызы Умайманын т.а. Расулулла ρдын аммасынын кызы болуп, Расулулла ρдын көз алдында жана көзөмөлүндө чоңойгон эле. Ошондуктан, ал Расулулла ρга кызы же карындашы сыяктуу эле болчу. Анын Зайдга турмушка чыгышынан мурда да өзүнө тарта турган сулуу же сулуу эместигин билер эле. Зайнабды наристелигинен билер эле жана ал затка Зайнаб абдан жакшы белгилүү эле. Ал кудум өз кызындай эле. Пайгамбар ρ аны Зайдга турмушка берүүлөрүн сурап жуучу болгон. Бирок, агасы Абдулла ибн Жахш Бану Асад уруусунан болгон, дагы мунун үстүнө, Расулулла ρдын аммасынын кызы болгон карындашын – Хадижа сатып алган, кийин Мухаммад ρ азат кылган – кулга аял болушуна макул болбоду жана муну Зайнаб үчүн уят деп билди. Чындыгында да, бул нерсе ошол кездеги арабдарда өтө уят иш деп саналар эле. Алар ак сөөк үй-бүлөгө таандык кыздарын азат болгон кулдарга беришчү эмес. Мухаммад ρ текчилдикке негизделген бул бузук адатты жоготууну жана арабдар башкалардан таква менен гана үстөм болуулары мүмкүндүгүн жана бул:

{ إِنَّ أَكْرَمَكُمْ عِنْدَ اللَّهِ أَتْقَاكُمْ }

***«Албетте, силердин Алла алдындагы эң урматтууңар – эң такваадарларыңар».*** **[49:13]**

аятынын маанисин мусулмандар түшүнүүлөрүн каалады. Бул ишке жат аялдарды мажбур кылууну каалабады. Мейли, арабдардын бул үрп-адаттарын талкалоочу адатты аммасынын кызы Зайнаб көтөрүп чыксын жана адамдардан угуу оор болгон кеп-сөздөргө көңүл бурбасын. Расулулла ρ уул кылып алган кулу жана арабдардын адатына ылайык башка уулдары катары мурас алуу укугуна ээ болгон Зайд Зайнабга үйлөнсүн. Муну менен Зайд багып алынган уулдар үчүн улуу Шариънин даярдап койгон курмандыгы болууга даяр турсун. Расулулла ρ Зайнаб Зайддын аялы болушун жана анын агасы буга ыраазы болушун талап кылып катуу туруп алды. Зайнаб менен агасы Абдулла муну кайтарууга бекем турушту. Ошондо Алла Таала бул аятты түшүрдү:

{ وَمَا كَانَ لِمُؤْمِنٍ وَلَا مُؤْمِنَةٍ إِذَا قَضَى ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥٓ أَمْرًا أَن يَكُونَ لَهُمُ ٱلْخِيَرَةُ مِنْ أَمْرِهِمْ ۗ وَمَن يَعْصِ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ فَقَدْ ضَلَّ ضَلَٰلًا مُّبِينًا }

***«Алла жана Анын пайгамбары бир ишти өкүм кылган убакта бир да момун жана мумина үчүн*** *(Алланын өкүмүн коюп)* ***өз***

***иштеринен ыктыяр кылуу уруксат эмес. Ким Алла жана Анын пайгамбарына күнөөкөр болсо, демек, ал ачык жолдон адашуу менен жолдон адашыптыр».*** **[33:36]**

Ошондон кийин ага-карындаштын моюн сунуудан башка аргасы калбады жана «Я Расулулла, биз ыраазыбыз» дешти. Расулулла ρ Зайнабдын махрын бергенден кийин Зайд ага үйлөндү. Бирок, Зайд менен Зайнабдын ортосундагы турмуш көңүлдөгүдөй болбоду. Балким, кандай супсак жана кандай түйшүктүү башталган болсо, кийин да ошондой супсак жана түйшүктүү уланды. Бул иш Алла жана Расулу ρдын буйругу экендигине карабай, Зайнабдын бул ишке көңүлү толбоду жана эрине моюн сунбады, жүрөгү ага ыктабады. Балким, Зайдга өзүнүн теги кул болбогондугун айтып сыймыктанууну жана анын турмушун ачуу кылууну уланта берди. Зайд бул тууралуу бир нече жолу Расулулла ρга арызданды жана аялынын жаман мамилесин айтты. Аны талак кылууга көп ирет уруксат сурады. Расулулла ρ: **«Аялыңды бекем карма»** деген мазмунда жооп берер эле. Алла Таала өз пайгамбарына Зайнаб келечекте анын аялы болушу жөнүндө вахий жиберди. Бул иш Расулулла ρга оор болду, себеби, адамдардын «Мухаммад уулунун аялына үйлөнүп алды» деп айыптоолорунан коркту. Ошондуктан, Зайддын аялын талак кылышын каалабады. Бирок, Зайд да талак кылууга уруксат сурап катуу туруп алды. Расулулла ρ вахий жолу менен жакында Зайнаб өзүнө аял болушун билген болсо да, Зайдга:

{ أَمۡسِكۡ عَلَيۡكَ زَوۡجَكَ وَٱتَّقِ ٱللَّهَ }

***«Жубайыңды жаныңда кармагын*** *(т.а. талак кылууга шашпагын),* ***Алладан корккун»,*** **[33:37]**

- деп жооп берди. Ошондо Алла пайгамбарын жемеледи т.а. «Мен сени Зайнабга үйлөндүрүүчүмүн деп кабар бердим, сен болсо Алла ашкере кылган нерсени жашырмакчысың», - деди. Бул төмөндөгү аяттын мааниси болот:

{ وَتُخۡفِى فِى نَفۡسِكَ مَا ٱللَّهُ مُبۡدِيهِ }

***«Алла ашкере кылуучу болгон нерсени ичиңе жашырган элең».*** **[33:37]**

Расулулла ρ жашырган нерсе – багып алган уулунун аялы болушуна карабай, жакында Зайнаб өзүнүн аялы болушун билиши эле. Бул иш Алла ашкере кылган нерсе т.а. багып алган уулунун талак кылган аялына үйлөнүшү эле. Алла ашкере кылган ушул үйлөнүүнү жашырышынын себеби, ошол доордогу арабдардын адаты боюнча багып алган уулдары алардын үйлөрүнө кирип-чыгып жүрүшчү, насаб-тегине кошулчу жана багып алган уулга чыныгы уулдарга бериле турган бардык укуктарды беришчү. Аларга уул өкүмүн бардык иштерде, ал

тургай, мурас жана насабда да колдонушар эле. Алла Таала багып алган уулдун аялы Зайнаб жакынкы күндөрдө ал затка аял болушун билдиргенден кийин, Расулулла ρ бул кабарды жашыруун сактады жана Зайддын арты-артынан арызданышына карабастан, алардын ортосундагы турмуш башынан бери сүйүү жана эрди-катындык турмушу изине түшпөгөндүгүнө карабастан, Расулулла ρ Зайддын талак кылбашына жана аны бекем кармашына катуу турду. Бирок, Зайд талабында бекем туруп алды. Акыры Расулулла ρ ага уруксат берди. Андан кийин Зайд Зайнабды талак кылды. Бирок, бул убакытта Зайд да, Зайнаб да Расулулла ρдын Зайнабга үйлөнүшүн билишчү эмес. Имам Ахмад, Муслим жана Насоийлер Сулайман ибн Мугийра аркылуу Собиттен, ал Анастан риваят кылат: «Зайнабдын идда мөөнөтү бүткөндөн кийин, Расулулла ρ Зайдга: **«Ага мени эстетип кой»,** - деди. Зайд барып: «Эй Зайнаб, куш кабарды кабыл ал. Расулулла ρ сага өзүн эстетип коюшумду айтты», - деди. Зайнаб: «Роббиме истихара намазын окубай туруп, мен эч нерсе кылбаймын», - деди жана жайнамазына карай басты. Кийин Куран аяты түштү. Алла Таала төмөндөгү аятты түшүргөндөн кийин Расулулла ρ Зайнабдын алдына уруксатсыз кирди:

﴿ فَلَمَّا قَضَىٰ زَيْدٌ مِّنْهَا وَطَرًا زَوَّجْنَٰكَهَا لِكَىْ لَا يَكُونَ عَلَى ٱلْمُؤْمِنِينَ حَرَجٌ فِىٓ أَزْوَٰجِ أَدْعِيَآئِهِمْ ﴾

***«Анан качан Зайд андан*** *(Зайнабдан)* ***муктаждыгын бүтүргөн соң*** *(талак кылган соң),* ***Биз сени ага үйлөндүрдүк. Тээ момундарга, асыранды балдарынын аялдарында*** *(т.а. аларга үйлөнүүлөрүндө)* ***таңдык-машакат болбошу үчүн*** *(ошондой)* ***кылдык».*** **[33:37]**

Эгер бул ишти Зайнаб жана Зайд мурдатан билишкенде, Зайд ага: «Куш кабарды кабыл ал» дебеген жана Зайнаб да: «Роббиме истихара намазын окумайынча…» - дебеген болор эле. Расулулла ρдын Зайнабга үйлөнүшүнүн иллети: «Багып алган уулдарынын аялдарына үйлөнүүдө мусулмандарга тоскоолдуктун болбошу».

Жогоруда Расулулла ρдын өз аялдарына үйлөнүшү жөнүндө икая кылынды. Андан бул үйлөнүүлөр бир гана үйлөнүү максатында болбостон, балким, аларда башка иштер да көздө тутулганын көрөбүз. Муну менен Расулулла ρдын төрттөн ашык аялды өз никесине алгандыгынын мааниси жана үммөттөн айырмалуу түстө, бул иште ал заттын өзгөчөлөнгөндүгүнүн мааниси түшүнүлөт. Бул маанинин – жашы элүүдөн ашкан; даъват жана мамлекет менен алек болгон; Роббисинин бүткүл дүйнөгө жиберген рисалаты менен алек болгон; муну менен калкты бир бүтүн үммөт кылып, бутка тургузууну максат кылган;

жашоодон максаты Алланын рисалатын бүткүл дүйнөгө жеткизүү, эски-чирик түзүмдү бузуп, ордуна жаңы коомду куруу болгон жана адамдарга исламий даъватты жеткизүү үчүн каршысындагы дүйнөгө каршы туруу болгон – кишинин денесиндеги жыныстык гарыйзанын козголушу эместиги түшүнүлдү. Себеби, бүткүл пикири үммөттү ойготуу жана мамлекетти куруу, коомду калыптандыруу жана бүткүл дүйнөгө рисалатты жеткизүү болгон кишинин оюн аялдар ээлеши жана аларга ыктап кетиши жана ар жылы бирден аял алышы мүмкүн эмес. Балким, ал даъват ташбиштерин көтөрүп, эрди-катындык турмушунан ар бир адам сыяктуу адаттагыдай эле пайдаланат.

## ЭРДИ-КАТЫНДЫК ТУРМУШ

Аял эрдин турмуштагы шериги эмес, балким, ал анын досу. Алардын ортосундагы турмуш шериктик турмуш эмес жана алар өмүр бою шериктик кылууга мажбур эмес. Балким, алардын ортосундагы турмуш достук турмушу болуп, бири-бирине бардык жактан толук дос болушат, бири-бири менен дили кадыржам жашашат. Анткени, Алла эрди-катындыкты эр үчүн да, аял үчүн да кадыржамдык орду кылган. Алла Таала айтат:

﴿ هُوَ ٱلَّذِى خَلَقَكُم مِّن نَّفْسٍ وَٰحِدَةٍ وَجَعَلَ مِنْهَا زَوْجَهَا لِيَسْكُنَ إِلَيْهَا ۖ ﴾

***«Ал** (Алла) **силерди бир жандан** (Адамдан) **жараткан жана ал кадыржамдык тапсын деп анын өзүнөн жубайын** (Хаваны) **жараткан».*** **[7:189]**

﴿ وَمِنْ ءَايَٰتِهِۦٓ أَنْ خَلَقَ لَكُم مِّنْ أَنفُسِكُمْ أَزْوَٰجًا لِّتَسْكُنُوٓا۟ إِلَيْهَا وَجَعَلَ بَيْنَكُم مَّوَدَّةً وَرَحْمَةً ۚ ﴾

***«Анын аяттарынын** (дагы бири) **– Ал Зат силер сакин болушуңар үчүн өзүңөрдөн жуптарды жаратышы жана ортоңордо мээрим, сүйүү пайда кылышы».*** **[30:21]**

Бул жердеги «сакин»ден көздөлүп жаткан максат – кадыржамдык б.а. көңүлдүн жай алышы т.а. эрдин аялы аркылуу, аялдын эри аркылуу көңүлүнүн жай табышы, бири-экинчисине ыктап, аны жек көрбөөсү. Үйлөнүүнүн асл негизи – көңүлдүн жай алышы жана үй-бүлөлүк турмуштун да түп негизи – көңүлдүн жай табышы. Аял менен эр ортосундагы достук – бейпилдик жана кадыржамдык болушу үчүн шарият аялдын эр үстүндөгү укуктарын жана эрдин аял үстүндөгү укуктарын баян кылды. Бул туурасында ачык аят-хадистер келген. Алла Таала айтат:

﴿ وَلَهُنَّ مِثْلُ ٱلَّذِى عَلَيْهِنَّ بِٱلْمَعْرُوفِ ۚ ﴾

***«Жана жакшы иштерде алар үчүн эрлеринин алдында милдеттери бар сыяктуу эле, укуктары да бар».*** **[2:228]**

т.а. аялдардын эрлеринин үстүндө да, эрлердин аялдарынын үстүндө болгону сыяктуу эрди-катындык укуктары бар. Ошондуктан, Ибн Аббас Г: «Аялым мага жасанып-түзөнгөнү сыяктуу мен да ага жасанып түзөнүүнү каалайм. Менин мойнумдагы бардык акыларын толук талап кылбашы үчүн, мен да анын мойнундагы акыларымды толук талап кылбаймын. Анткени, Алла Таала айтат: ***«Жана жакшы иштерде алар үчүн эрлеринин алдында милдеттери бар сыяктуу эле, укуктары да бар»*** т.а. күнөөкөр болбой турган зыйнат», - деди. Дагы

Ибн Аббастан риваят кылынат: «Аялдар эрлерине баш ийүүлөрү важиб кылынганы сыяктуу, эрлери да аларга жакшылык менен достук мамиле кылуулары важиб».

Чындыгында, Алла Таала жубайларга жакшы жашоону насаат кылып буйруйт. Алла Таала айтат:

{ وَعَاشِرُوهُنَّ بِٱلۡمَعۡرُوفِۚ }

***«Алар менен жакшы жашагыла».*** **[4:19]**

{ فَإِمۡسَاكُۢ بِمَعۡرُوفٍ }

***«Андан соң*** *(үй-бүлөнү)* ***жакшылык менен сактоо».*** **[2:229]**
Ишраттын мааниси – мамиле кылуу, аралашуу дегени. Алла Таала эрлерге өз никелерине алган аялдарына карата жакшы мамиледе болууну буйруйт. Анткени, алардын ортосундагы өз ара аралашуу жана достук эң жогорку деңгээлге жетсин. Себеби, бул нерсе көңүлдүн жай алышын жана турмуштун бейпилдигин ашырат. Эркек кишинин аялына жакшы мамиледе болушу – ага махр берүү, багуу сыяктуу укуктарын өтөөдөн тышкары, аялдан айып өтпөгөн убакта ага кабагын салбоо, ачык маанай менен сүйлөшүү, катуу-корс мамиледе болбоо жана башка аялга ыктагандыгын ашкере кылбоо.

Чындыгында, Расулулла ρ эркектерди өз аялдарына жакшылык кылууга насаат кылган. Имам Муслим «Сахих»инде Жабир Гдан риваят кылат: «Расулулла ρ коштошуу ажылыгындагы хутбасында мындай деген:

**«فَاتَّقُوا اللَّهَ فِي النِّسَاءِ فَإِنَّكُمْ أَخَذْتُمُوهُنَّ بِأَمَانَةِ اللَّهِ، وَاسْتَحْلَلْتُمْ فُرُوجَهُنَّ بِكَلِمَةِ اللَّهِ، وَلَكُمْ عَلَيْهِنَّ أَنْ لاَ يُوطِئْنَ فُرُشَكُمْ أَحَدًا تَكْرَهُونَهُ، فَإِنْ فَعَلْنَ ذَلِكَ فَاضْرِبُوهُنَّ ضَرْبًا غَيْرَ مُبَرِّحٍ، وَلَهُنَّ رِزْقُهُنَّ وَكِسْوَتُهُنَّ بِالْمَعْرُوفِ»**

**«Аялдарыңар жаатында Алладан корккула, анткени, силер аялдарды Алладан аманат алгансыңар. Алланын келмеси менен аларды өзүңөргө адал кылгансыңар. Силердин алар үстүндөгү акыңар: силер жаман көрө турган бирер кишини үйүңөргө киргизбөөлөрү, эгер ушундай кылышса, аларды оорутпастан ургула. Алардын силердин үстүңөрдөгү акылары болсо: жакшылык менен жедирип-ичирүү жана кийиндирүү».** Дагы риваят кылынат, Пайгамбар ρ айтты:

**«خَيْرُكُمْ خَيْرُكُمْ لأَهْلِهِ، وَأَنَا خَيْرُكُمْ لأَهْلِي»**

**«Силердин жакшыраагыңар – аялына жакшы (мамиледе) болгонуңар. Мен силердин ичиңерден аялына эң жакшыраагыңармын»** (Хаким жана Ибн Хиббан Аиша Iдан риваят кылышкан). Дагы риваят кылынат, Расулулла ρ аялдары менен жакшы

турмуш кечирчү, ойноп, жумшак мамиледе болуп, күлүшүп турар эле. Ал тургай, момундардын энеси Аишанын көңүлүн алуу үчүн аны менен чуркап жарышар эле. Аиша I айтат: «Расулулла ρ менен чуркап жарыштык да, мен ашып кеттим. Бул окуя толуп кете элегимден мурун болгон эле. Кийин дагы жарыштык жана менден ашып кетти да: «**Эми тең болду**», - деди». Расулулла ρ куптан намазын окугандан кийин, жатардан мурда үйүнө кирип, аялдары менен алардын көңүлүн алуу үчүн сүйлөшүп отурар эле. Ибн Маажа Расулулла ρдан риваят кылат:

**«خِيَارُكُمْ خِيَارُكُمْ لِنِسَائِهِمْ»**

**«Силердин эң жакшыңар – аялдарына эң жакшы мамиледе болгонуңар».**

Булардын баары эрлер аялдарына жакшы мамиледе болушу зарылдыгын көрсөтөт. Үй-бүлөлүк турмуштун тазалыгын булгоочу окуялар болуп турганы себептүү, Алла Таала үй-бүлө жетекчилигин эркектин мойнуна жүктөдү жана аны аялга жетекчи кылды. Алла Таала айтат:

{ ٱلرِّجَالُ قَوَّٰمُونَ عَلَى ٱلنِّسَآءِ }

***«Эркектер аялдары үстүндө жетекчи».*** **[4:34]**

{ وَلَهُنَّ مِثْلُ ٱلَّذِى عَلَيْهِنَّ بِٱلْمَعْرُوفِ ۚ وَلِلرِّجَالِ عَلَيْهِنَّ دَرَجَةٌ ۗ }

***«Жана жакшы иштерде алар үчүн эрлеринин алдында милдеттери бар сыяктуу эле, укуктары да бар. Дагы эркектер үчүн*** *(аялдар)* ***үстүндө бир даража*** *(айырма)* ***бар».*** **[2:228]**

Эрине баш ийүүнү аялга сунуштады. Расулулла ρ айтты:

**«إِذَا بَاتَتِ الْمَرْأَةُ هَاجِرَةً فِرَاشَ زَوْجِهَا لَعَنَتْهَا الْمَلائِكَةُ حَتَّى تَرْجِعَ»**

**«Эгер аял киши эринин төшөгүнөн башка жайда жатса, ал кайтмайынча, периштелер аны наалаттайт»** (муттафакун алайх). Расулулла ρ бир аялга:

**« أَذَاتُ زَوْجٍ أَنْتِ؟ قَالَتْ: نَعَمْ، قَالَ: فَإِنَّهُ جَنَّتُكِ وَنَارُكِ»**

**«Сенин эриң барбы?»** деди. Аял «Ооба» деди. Ошондо: **«Сенин бейишиң да, тозогуң да ошол»**, - деди. Имам Бухарий Пайгамбар ρдан риваят кылат:

**«لاَ يَحِلُّ لاِمْرَأَةٍ أَنْ تَصُومَ وَزَوْجُهَا شَاهِدٌ إِلاَّ بِإِذْنِهِ، وَلاَ تَأْذَنَ فِي بَيْتِهِ إِلاَّ بِإِذْنِهِ، وَمَا أَنْفَقَتْ مِنْ نَفَقَةٍ مِنْ غَيْرِ إِذْنِهِ فَإِنَّهُ يُرَدُّ إِلَيْهِ شَطْرُهُ»**

**«Аял өз эринин уруксатысыз, ал үйдө болгон убагында нафл орозо тутушу мүмкүн эмес, анын уруксатысыз үйүнө бирөөнү киргизиши да мүмкүн эмес жана эринин уруксатысыз бирер нафака кылса (т.а. эринин малы-дүйнөсүнөн садага кылса),**

**жарым ажры (сообу) эрине болот».** Ибн Батта «аялдар өкүмдөрү» туурасында Анас Гдан риваят кылат: Бир киши аялынын көчөгө чыгышына тыюу салып, сапарга кетти. Аялдын атасы кесел болуп калганда, атасын көрүп келгени Расулулла ρдан уруксат сурады. Расулулла ρ айтты:

**«اِتَّقِي اللَّهَ وَلاَ تُخَالِفِي زَوْجَكِ»**

**«Алладан корк, эриңе каршы чыкпа».** Кийин анын атасы өлдү. Анын жаназасына баруу үчүн Расулулла ρдан уруксат сурады. Ага жооп берди:

**«اِتَّقِي اللَّهَ وَلاَ تُخَالِفِي زَوْجَكِ»**

**«Алладан корк, эриңе каршы чыкпа».** Ошондо Алла Пайгамбар ρга вахий кылды:

**«إِنِّي قَدْ غَفَرْتُ لَهَا بِطَاعَةِ زَوْجِهَا»**

**«Эрине итааты үчүн анын күнөөлөрүн кечирдим».** Шарият эрге аялдын үйдөн чыгышына тыюу салуу укугун берди, бул чыгуу ата-энесин зыярат кылуу (барып көрүү) же эң зарыл иштерди аткаруу, же сейилдеп келүү болушуна карабастан, үйдөн эринин уруксатысыз чыгышы мүмкүн эмес. Бирок, эри ата-энесин барып көрүшүнө тыюу салышы мүмкүн эмес. Себеби, бул ата-эне менен алаканы үзүү болуп, аялды эрине итаат кылбоого үндөйт. Алла аларга жакшы мамиледе болууга буйруган. Негизи, аялдын ата-энесин көргөнү баруусуна, зыярат кылуусуна тыюу салуу – жакшы мамиледен эмес о.э. эр аялынын мечитке чыгуусуна тыюу салууга да акысы жок. Анткени, Пайгамбар ρдан риваят кылынат:

**«لاَ تَمْنَعُوا إِمَاءَ اللَّهِ مَسَاجِدَ اللَّهِ»**

**«Алланын күңдөрүн Алланын мечиттеринен кайтарбагыла!»** (муттафакун алайх). Эгер аял эрине каршы чыкса жана моюн сунбаса, Алла Таала эрге ага адеп берүү укугун берген. Алла Таала айтат:

{ وَٱلَّٰتِي تَخَافُونَ نُشُوزَهُنَّ فَعِظُوهُنَّ وَٱهۡجُرُوهُنَّ فِي ٱلۡمَضَاجِعِ وَٱضۡرِبُوهُنَّۖ فَإِنۡ أَطَعۡنَكُمۡ فَلَا تَبۡغُواْ عَلَيۡهِنَّ سَبِيلًاۗ }

***«Аялдарыңардын моюн сунбастыгынан корксоңор, оболу аларга насаат кылгыла, кийин*** *(эгер насаатыңар таасир бербесе)* ***аларды төшөктөрүнө таштап койгула*** *(т.а. алар менен бир төшөктө жатпагыла, жакындашпагыла)* ***кийин*** *(т.а. ошондо да силерге моюн сунушпаса)* ***ургула. Ал эми силерге моюн сунушса, аларга каршы башка жол издебегиле».*** **[4:34]**
Бул жердеги «уруу» - жеңил уруу болушу керек. Анткени, Расулулла ρ коштошуу ажылыгындагы хутбасында:

«فَإِنْ فَعَلْنَ ذَلِكَ فَاضْرِبُوهُنَّ ضَرْبًا غَيْرَ مُبَرِّحٍ»

**«Эгер ошентишсе (т.а. силер жаман көргөн бирер кишини үйүңө киргизсе), аларды оорутпастан ургула»**, - деген. Эгер аял баш ийбесе, эрге аны жазалоо укугу берилген. Себеби, эр үй-бүлө иштерин башкарууга жоопкер. Шарият аялга аткарууну буйруган иштерде баш ийбегенден башка абалдарда аялын урушу, сыгышы мүмкүн эмес.

﴿ فَإِنۡ أَطَعۡنَكُمۡ فَلَا تَبۡغُواْ عَلَيۡهِنَّ سَبِيلًاۗ ﴾

***«Ал эми силерге моюн сунушса, аларга каршы башка жол издебегиле».*** **[4:34]**

Эр өз аялына мээримдүү болушу жана бирер нерсени сураганда ачык маанайда жакшы мамиледе болушу, ал тургай, аны менен кошулууну кааласа, аялга ылайыктуу жакшы шарттарды түзүп бериши лазым. Расулулла ρ айтты:

«لاَ تَطْرُقُوا النِّسَاءَ لَيْلاً حَتَّى تَمْتَشِطَ الشَّعِثَةُ، وَتَسْتَحِدَّ الْمُغِيبَةُ»

**«Аялдар тозгон чачтарын тарап, тазалай турган жерлерин тазаламайынча, түндө алдыларына кирбегиле (т.а. сапардан кайтканыңарда үйүңөргө кокустан кирип барбагыла)»** (муттафакун алайх). Эрдин аялга жана үй-бүлөгө жетекчи экендигинин мааниси – ал жалгыз өкүмдар жана буйругу кайтарылбай турган аким дегени эмес, балким, эр үй-бүлө башы болушунун мааниси – үй-бүлө иштерин тартипке салуучу жана ага камкордук кылуучу экендиги. Ошондуктан, аял эринин сөзүнө сөз кайтарышы жана аны менен талкуулашып-тартышышы, сүйлөгөн сөздөрүндө ага кайрылышы мүмкүн. Анткени, алардын экөөсү тең өз ара дос болуп, бири аким, экинчиси махкум эмес, бири амир экинчиси жаран эмес, балким, алар эки дос болуп, иштерин башкарууда жана үй-бүлөгө камкордук кылууда бири экинчисине башчы кылынган. Пайгамбар ρ да үй-бүлөсүндө аялдарына дос болгон, мамлекет башчысы жана Пайгамбар болушуна карабастан, үй-бүлөдө аким жана өкүмдар эмес эле. Умар ибн Хаттаб Γ хадисинде мындай деген: «Аллага ант болсун, биз жахилиятта Алла Таала аялдар жөнүндө аят түшүрүп, аларга Өзү бөлүштүргөн укуктарды бөлүштүрүп бергенге чейин, аларды кемсинтер элек. Бир күнү мен бир иш тууралуу ойлонуп турганымда, аялым «мындай-мындай кылсаңыз болбойбу?» деп, акыл үйрөтө баштады. Мен ага: «Сенин бул ишке эмне тиешең бар, мен кылмакчы болгон ишке эмне аралашасың?», - дедим. Аялым: «Ой-бой, эй Хаттабдын уулу, сизге эч сөз кайтарып болбойт, негизи, кызыңыз Расулулла ρ менен тартышат, ал тургай, ал киши кечке чейин ачууланып жүрөт», - деди». Умар айтат: «Чепкенимди алып үйдөн чыктым да, Хафсанын үйүнө бардым, анан ага: «Эй кызым, сен

Расулулла ρ менен айтышып, а түгүл ал киши күн бою ачууланып жүрөбү?», - дедим. Хафса: «Аллага ант болсун, биз баарыбыз тең ал кишиге сөз кайтарабыз», - деди. Мен айттым: «Билесиңби кызым, мен сени Алланын азабынан жана Расулунун казабынан эскертемин. Эй кызалагым, сулуулугу менен Расулулла ρдын махабатына жетишкен тиги (Аиша I) сени манчыркатып койбосун!» Кийин анын алдынан чыгып, тууганчылыгыбыз болгондугу себептүү Умму Саламанын алдына кирдим жана аны менен сүйлөштүм. Умму Салама мага: «Таң калычтуу, эй Хаттабдын уулу, сиз бардык ишке аралаша бересиз, ал тургай, Расулулла ρ менен анын аялдарынын ортосуна да түшмөкчү болуп жатасыз», - деди. Умар айтат: «Умму Саламанын бул сөздөрү ачуумду басты жана анын алдынан чыгып кеттим». Муслимдин риваятына караганда, Абу Бакр Г Расулулла ρдын алдына кирүүгө уруксат сурады жана уруксат бергенден кийин кирди. Кийин Умар Г уруксат сурады жана уруксат болгондон кийин кирди. Расулулла ρ аялдарынын ичинде унчукпай отурган эле. Ошондо Умар айтты: «Бир сөз айтып Расулулла ρды күлдүрөмүн дедим да: «Я Расулулла ρ, мен бинти Хорижа (т.а. Умардын аялы) нафака сураганын көрсөм да, ордуман туруп желкесине бир урсам деймин», - деди. Расулулла ρ күлүп жиберди да:

«هُنَّ حَوْلِي يَسْأَلْنَنِي النَّفَقَةَ»

**«Мына булар да тегерегимде нафака сурап отурушат»**, - деди». Мындан маалым болгондой, эрдин аял үстүнөн жетекчилиги иштерге жетекчилик кылуу болуп, бул жетекчилик өкүмдарлык жана акимдик эмес, балким, достук жетекчилиги болуп эсептелет. Ошондуктан, аял да сөз кайтарышы жана талкуулашып-тартышышы мүмкүн.

Бирге жашоо тарабынан боло турган мамиле ушундай болот. Ал эми, үй иштерин аткаруу тарабынан болсо, бул тараптан аял эрине камыр жууруу, нан жана тамак бышыруу, коргонду тазалоо жана таза тутуу жаатында кызмат кылышы важиб. Эгер эр суу сураса, ага суу бериши, тамак жешти кааласа, тамак даярдап бериши жана үй ичинде зарыл болгон бардык иштерде эрге кызмат көрсөтүшү керек. О.э. үй ичинде жашаш үчүн керектүү болгон бардык иштерди жетиштүү даражада камсыздашы зарыл. Эркек болсо, үй-бүлө үчүн зарыл болгон суу алып келүү, таштандыларды чыгарып таштоо сыяктуу иштерди кылышы, тырмак алуу, жасанып-түзөнүүгө зарыл боло турган нерселер жана ушуга окшогон башка нерселерди сырттан үйгө алып келиши зарыл.

Тыянактап айтканда, үй ичинде кылына турган бардык иштерди кылуу аялдын мойнуна, тышкарыда боло турган иштердин бардыгы, кандай иш болушуна карабастан, эрдин мойнуна жүктөлгөн. Али жана Фатима H жөнүндө Расулулла ρдан риваят кылынган хадиске караганда, Пайгамбар ρ кызы Фатимага үй ичиндеги иштерди аткарууну, Алиге

болсо, тышкарыда аткарыла турган иштерди аткарууну жүктөгөн. Пайгамбар ρ үйүндө аялдарына да үй жумуштарын буйрур эле жана: **«Эй Аиша, мага суу бер, эй Аиша мага тамак бер, эй Аиша бычакты алып кел. Аны ташка кайрап курчут»** дээр эле. риваят кылынат: «Фатима энебиз атасы Расулулла ρга келип, кол тегирменден колунун кабаргандыгын айтып даттанып, муну аткара турган кызматчы сурады». Бул далилдер ушуну көрсөтөт: Үй ичинде эрдин кызматын жана үй-бүлөнүн кызматын кылуу – аял аткарышы керек болгон милдеттердин катарына кирет. Бирок, буларды аткаруу анын күч-кудурети жете турган даражада болушу керек. Эгер бул иштер аялга кыйынчылык туудура турган даражада көп болсо, эр бул иштерди аткарууга кызматчы жалдашы зарыл. Муну аял да талап кылышы мүмкүн. Эгер иштер көп болбосо жана аялдын күчү жете турган болсо, эр кызматчы жалдоого мажбур эмес. Балким, бул иштерди аял өзү аткарышы шарт. Анткени, Расулулла ρ кызы Фатимага үй-иштерин аткарууну жүктөгөн. Ошентип, эрлер аялдарына жакшы мамиледе болушу зарыл жана аялдар да эрлерине жакшы кызмат кылуу менен мамиле кылуулары важиб. Анткени, алардын ортосундагы үй-бүлөлүк турмуш Алланын ушул сөзү ишке аша турган даражада бейпил турмуш болсун.

{ وَمِنْ ءَايَٰتِهِۦٓ أَنْ خَلَقَ لَكُم مِّنْ أَنفُسِكُمْ أَزْوَٰجًا لِّتَسْكُنُوٓا۟ إِلَيْهَا وَجَعَلَ بَيْنَكُم مَّوَدَّةً وَرَحْمَةً ۚ }

***«Анын аяттарынын** (дагы бири) **– Ал Зат силер бирге турушуңар үчүн өзүңөрдөн жуптарды жаратышы жана ортоңордо мээрим, сүйүү пайда кылышы».*** **[30:21]**

## АЗЛ

Азл – жыныстык кошулуу учурунда, бел суусунун бөлүнүп чыгышы жакындашканда, эркек жыныстык мүчөсүн аялдын кынынан чыгарып, аны сыртка төгүшү. Азл кылуу шариятта мүмкүн. Демек, эр өз аялы менен жыныстык жактан кошулганда, бел суусу чыгар учурда, аны тышкарыга төгүшү мүмкүн. Бухарий Атодон, Ато Жабирден риваят кылат: «Расулулла ρдын заманында биз азл кылчу элек жана Куран түшүп турар эле». Атодон Жабирдин мындай дегени риваят кылынат: «Биз азл кылчу элек, ошол убакта Куран түшүп турар эле». Имам Муслим риваят кылган хадисте: «Расулулла ρдын заманында азл кылчу элек, мунун кабары Расулулла ρга жетип барды жана бизди азлдан кайтарган жок». Бул болсо, Расулулла ρдын азлды тастыктаганы болуп, анын мүмкүндүгүн көрсөтөт. Анткени, азл арам иш болгондо Расулулла ρ жөн турбас эле. Мындан тышкары, азлдын бул өкүмү сахаба тарабынан Расулулла ρдын заманына уланган. Эгер сахаба бирер өкүмдү Расулулла ρдын заманына уласа, ал марфуъ хадис өкүмүндө болот. Анткени, сахабалардын өкүмдөр тууралуу суроого толук негиздери болгону себептүү, Расулулла ρ мындан кабардар болгон жана аны тастыктаган. Азлдын мүмкүндүгү жөнүндө бир нече сахих хадистер келген. Имам Ахмад, Муслим жана Абу Давуд Жабирден риваят кылган: Бир киши Расулулла ρга келип: «Менде кызмат кыла турган жана курмаларымды карап өстүрүп бере турган күңүм бар. Мен ага кирип турам жана анын кош бойлуу болуп калышын каалабайм», - деди. Ошондо Расулулла ρ айтты:

**«اِعْزِلْ عَنْهَا إِنْ شِئْتَ فَإِنَّهُ سَيَأْتِيهَا مَا قُدِّرَ لَهَا»**

**«Кааласаң азл кыл, анткени, ага тагдыр кылынган нерсени төрөй берет».** Имам Муслим Абу Саидден риваят кылат: «Расулулла ρ менен Бану Мусталак казатына чыктык жана арабдардан туткундар алдык. Аялдар менен бирге болууну каалап калдык. Бизди бойдоктук катуу кыйначу. Биз азл кылууну каалаадык жана бул туурасында Расулулла ρдан сурадык. Ал зат айтты:

**«مَا عَلَيْكُمْ أَنْ لاَ تَفْعَلُوا فَإِنَّ اللَّهَ عَزَّ وَجَلَّ قَدْ كَتَبَ مَا هُوَ خَالِقٌ إِلَى يَوْمِ الْقِيَامَةِ»**

**«Мындай кылышыңарда силерге күнөө жок. Анткени, Алла Таала кыяматка чейин жарата турган нерселеринин баарын жазып койгон».** Имам Абу Давуд Жабирден риваят кылат: «Ансорийлерден бир киши Расулулла ρга келип айтты: «Менин бир күңүм бар. Мен ага кирип турам жана анын боюнда болуп калышын каалабайм», - деди. Ошондо Расулулла ρ айтты:

**«اِعْزِلْ عَنْهَا إِنْ شِئْتَ فَإِنَّهُ سَيَأْتِيهَا مَا قُدِّرَ لَهَا»**

**«Эгер кааласаң азл кыл, анткени, ага тагдыр кылган нерсени төрөй берет».** Азл кылуучунун максаты кандай болушуна карабастан, максат бала көрбөө же азыраак балалуу болуу, же аялдын алсыз болгону себептүү кош бойлуулуктан кыйналбоосу үчүн, же турмушта ар дайым тал чыбыктай болуп жүрүшү үчүн, же мындан башка кандай максат кылынышына карабастан, эркек киши азл кылышы мүмкүн. Анткени, бул туурасындагы далилдер мутлак келген жана эч бир абал менен кайд кылынбаган. О.э. эч кандай хос кылынбастан умумий болуп келген. Демек, өкүм умумийлигинде жана мутлак экендигинде кала берет. «Азл кылуу – туулбаган баланы өлтүрүү» делбейт, анткени, муну жокко чыгаруучу ачык хадистер келген. Имам Абу Давуд Абу Саидден риваят кылат: Бир киши: «Я Расулулла, менин бир күңүм бар, ага азл кылам, анын кош бойлуу болушун каалабайм. Мен да эркектер каалай турган нерсени каалайм. Ушуну яхудийлер «азл – баланы тирүүлөй көмүүнүн кичинерээги» дешет, - деди. Ошондо Расулулла ρ айтты:

«كَذَبَتْ يَهُودُ لَوْ أَرَادَ اللَّهُ أَنْ يَخْلُقَهُ مَا اسْتَطَعْتَ أَنْ تَصْرِفَهُ»

**«Яхудийлер жалган айтышат, анткени, эгер Алла жаратууну каалаган болсо, сен кайтара албайсың».** Бала болтурбоо максатында азл кылуу мүмкүндүгү хадисте келген. Имам Ахмад менен Муслим Усама ибн Зайддан риваят кылат:

«أَنَّ رَجُلاً جَاءَ إِلَى النَّبِيِّ ρ فَقَالَ إِنِّي أَعْزِلُ عَنِ امْرَأَتِي. فَقَالَ لَهُ: لِمَ تَفْعَلُ ذَلِكَ؟ فَقَالَ لَهُ الرَّجُلُ: أُشْفِقُ عَلَى وَلَدِهَا، أَوْ عَلَى أَوْلاَدِهَا فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ρ: لَوْ كَانَ ضَارًّا ضَرَّ فَارِسَ وَالرُّومَ»

«Бир киши Расулулла ρга келип айтты: «Мен аялыма азл кыламын». Расулулла ρ: **«Эмнеге мындай кыласың?»** - деди. «Төрөлө турган баласына же мурунку балдарына боорум ооруйт», - деди. Расулулла ρ: **«Эгер бул нерсе зыяндуу болгондо, перстерге жана византиялыктарга зыян кылган болор эле»**, - деди». Бул жерде Расулулла ρ **«эмнеге мындай кыласың»** деди, бирок, «мындай кылба» деген жок. Бул хадистен маалым болгондой, Расулулла ρ азлга уруксат берген, бирок, балдардын көп төрөлүшү зыяндуу эместиги жөнүндө да кабар берген. Имам Муслим Усама ибн Зайддан риваят кылган хадис да буга далил болот: «Бир киши Расулулла ρга келип айтты: «Мен балама боорум ооруп аялыма азл кыламын. Расулулла ρ ага:

«إِنْ كَانَ كَذَلِكَ فَلاَ، مَا ضَرَّ ذَلِكَ فَارِسَ وَلاَ الرُّومَ»

**«Эгер максатың ушул болсо, мындай кылба, анткени, көп төрөө перс жана византиялыктарга зыян кылбаган».** Имам Муслим Абдурахман ибн Бишр аркылуу Абу Саидден риваят кылган хадисте төмөндөгү сөздөр келген: «Эмип жаткан балага курсактагы бала зыян кылышынан корктум». Расулулла ρ эмип жаткан балага зыян кыл-

боо үчүн, кош бойлуулуктун алдын алуу максатындагы азлды тастыктаган болсо, демек, бала көбөйтпөө, же таптакыр бала көрбөө же андан башка кандайдыр бир максат менен азл кылууну да тастыктаган болот. Анткени, Алла Таала баланын төрөлүшүн каалаган болсо, азл кылууга же кылбоого карабастан, бала төрөлөт, мындан качып кутулуп болбойт. Ошондуктан, Ибн Хаббан Анас Гдан риваят кылат: «Бир киши Расулулла ρдан азл кылуу жөнүндө сурады. Ал киши айтты:

«لَوْ أَنَّ الْمَاءَ الَّذِي يَكُونُ مِنْهُ الْوَلَدُ أَهْرَقْتَهُ عَلَى صَخْرَةٍ لأَخْرَجَ اللهُ مِنْهَا وَلَدًا»

**«Эгер бала төрөлүшү тагдыр кылынган сууну бир таш үстүнө төккөн болсоң да, Алла Таала андан бала чыгарышы анык».** Насилди кемитүү Расулулла ρ көп балалуу болууга үндөгөн төмөндөгү:

«تَنَاكَحُوا تَنَاسَلُوا تَكَثَّرُوا»

**«Никелеңгиле, насил калтыргыла, көбөйгүлө»,** деген хадисине тескери келет деп айтылбайт, мындай дебеш керек. Анткени, азлга уруксат берүү насилди көбөйтүүгө кылынган үндөөгө тескери эмес. Булар башка өкүмдөр болуп, бири насилди көбөйтүүгө каратылган үгүт, экинчиси азлдын мубах экендиги. Ал эми, Ахмад Жузама бинт Вахб ал-Ансорийден риваят кылган хадиске келсек: «Расулулла ρдын алдына бир нече кишилер турган чагында бардым. Ал киши айтты:

«لَقَدْ هَمَمْتُ أَنْ أَنْهَى عَنِ الْغِيلَةِ فَنَظَرْتُ فِي الرُّومِ وَفَارِسَ فَإِذَا هُمْ يُغِيلُونَ أَوْلاَدَهُمْ فَلاَ يَضُرُّ أَوْلاَدَهُمْ شَيْئاً، ثُمَّ سَأَلُوهُ عَنِ الْعَزْلِ. فَقَالَ رَسُولُ اللهِ ρ: ذَلِكَ الْوَأْدُ الْخَفِيُّ وَهِيَ: { وَإِذَا ٱلْمَوْءُۥدَةُ سُئِلَتْ }»

**«Мен сүт үстүнө перзенттүү болуудан кайтарууну максат кылдым. Перс жана византиялыктарга карадым жана алардын сүт үстүнө перзенттүү болуп жаткандарын жана мунун алардын балдарына зыян кылбаганын көрдүм».** Кийин ал кишиден азл жөнүндө суралды. Пайгамбар ρ айтты: **«Ал балдарды тирүүлөй көмүүнүн жашыруун түрү» жана: *«Тирүүлөй көмүлгөн* (ар бир) *кыздан суралганында».* [81:8]** - аятын окуду». Бул хадис азлдын мүмкүндүгү жөнүндөгү бир канча сахих хадистерге тескери келет. Эгер бир хадистин мааниси өтө көп жолдор менен риваят кылынган башка хадистерге тескери келсе, көп жолдор менен риваят кылынган хадистер алынат. Ушуга караганда, жогорудагы хадис өзүнөн мурда келтирилген күчтүү жана көп жолдор менен риваят кылынган хадистердин маанисине тескери болгону үчүн, кайтарылат (ташталат).

Бул хадис менен азлдын мүмкүндүгүн көрсөтүүчү башка хадистердин ортосун салыштыруу аркылуу бул хадис азлдын макрух экендигине жоюлат – деп айтылбайт. Эгер бул хадисте келген маанини Пайгамбар ρ

кайтарбаганда, ушундай болушу мүмкүн эле. Имам Ахмад менен Абу Давуд Абу Саидден риваят кылган: «Яхудийлер азлды баланы тирүүлөй көмүүнүн кичинерээк көрүнүшү дешет» - делгенде, Расулулла ρ **«Яхудийлер жалган айтыптыр»** - деген хадис менен Жузаманын: **«Ал балдарды тирүүлөй көмүүнүн жашыруун түрү» жана:** ***«Тирүүлөй көмүлгөн кыздан суралганында».*** **[81:8]** - аятын окуду» деген хадисин бириктирүү мүмкүн эмес. Же алардын бири мансух (бекер кылынган) болушу керек, же болбосо алардын бири экинчисинен күчтүүрөк болуп, күчсүзүрөөгү кайтарылышы керек. Жогоруда келтирилген эки хадистин тарыхы маалым болбогону жана Абу Саиддин хадиси башка бир нече хадистер менен кубатталганы жана ар түрдүү жолдор менен келгени о.э. Жузаманын хадиси жалгыз абалда келгени жана бирер нерсе менен кубатталбаганы себептүү, кийинки хадис кайтарылат жана андан күчтүүрөгү алынат. Ушуга караганда, азл кылуу бүтүндөй мүмкүн болуп, ал макрух эмес жана далилдер умумий болуп келгени үчүн, азл кылуучунун мындан көздөп жаткан максатынын эч кандай мааниси жок. Киши азл кылууда аялдын уруксатына муктаж эмес. Себеби, бул эрге байланыштуу, аялга байланыштуу эмес. «Кошулуу аялдын акысы, суу да анын акысы болуп калат. Демек, сууну аялдын кынынан тышкарыга төгүү да анын уруксаты менен болушу шарт» делбейт. Анткени, бул шаръий иллет эмес, балким, аклий иллет болуп, анын мааниси жок. Мындан тышкары, бул сөз аялдын акысы «суунун түшүшү» эмес, жимаъ (кошулуу) экендиги менен да бекер болот. Буга далил, жыныстык жактан күчсүз киши аялына жакындык кылса да суу төкпөсө, мындай абалда да ушул кошулуу менен аялдын акысы ишке ашырылды деп эсептелет жана ушунун негизинде аялга ал кишинин жыныстык жактан күчсүз деген айып менен никесин бузуу укугу берилбейт. Ал эми, Ибн Маажа Умар ибн Хаттабдан риваят кылган:

«نَهَى رَسُولُ اللَّهِ ρ أَنْ يُعْزَلَ عَنِ الْحُرَّةِ إِلاَّ بِإِذْنِهَا»

**«Расулулла ρ азат аялдан анын уруксатысыз азл кылуудан кайтарды»,** - деген хадисине келсек, бул хадис заиф. Анын иснадында Ибн Лахиъа болуп, ал тууралуу ар кыл сөз бар. Ушул себептен улам, азлдын мүмкүндүгү жөнүндөгү хадистер мутлак бойдон калат.

Азл туурасындагы бул өкүм кош бойлуулуктун алдын алуу үчүн дарыларды колдонуу, презерватив же спиралдан пайдаланууга да туура келет, анткени, алардын баары бир түркүмгө кирет. Азлдын мүмкүндүгү жөнүндөгү өкүм аларга да толук туура келет. Анткени, өкүм – азл болушу же болбошуна карабастан, эркек кишинин кош бойлуулуктун алдын алуу үчүн кыла турган ишинин мүмкүндүгү. Эркекке мүмкүн болгон иш аялга да мүмкүн. Анткени, өкүм – кайсы жол менен болбосун, кош бойлуулуктун алдын алуунун мүмкүндүгү.

Кош бойлуулукка жол койбоонун мүмкүндүгү кош бойлуулукту убактылуу токтотууга чектелген. Бирок, ар дайым кош бойлуулуктун алдын алуу жана төрөбөстүктү жүзөгө келтирүү болсо арам. Кош бойлуулуктун бүтүндөй алдын ала турган жана насилди кырка турган дарыларды ичүү жана хирургиялык иштерди кылдыруу арам жана мындай иштерди кылуу таптакыр мүмкүн эмес. Себеби, бул бычуунун бир түрү болуп, анын өкүмүн алат. Анткени, бул нерселер да кудум эле бычуу сыңары насилди бүтүндөй кыркат. Бычуудан кайтарган хадистер ачык келген. Саъд ибн Абу Ваккастан риваят кылынат:

«رَدَّ رَسُولُ اللَّهِ ρ عَلَى عُثْمَانَ بْنِ مَظْعُونٍ التَّبَتُّلَ، وَلَوْ أَذِنَ لَهُ لاَخْتَصَيْنَا»

**«Расулулла ρ Усман ибн Мазъунду табаттулдан (тарки дүйнө кылуудан) кайтарды».** Саъд: «Эгер ага уруксат бергенде, биз өзүбүздү бычтырар элек», - деди. Усман ибн Мазъун Пайгамбар ρга келди да: «Я Расулулла ρ, бойдоктукка чыдоо мен үчүн кыйын болууда, мага бычтырууга уруксат бериңиз», - деди. Ал киши болсо:

«لاَ، وَلَكِنْ عَلَيْكَ بِالصِّيَامِ»

**«Жок, сен орозо карма»**, - деди. Башка сөздө болсо: «Я Расулулла, сиз мага бычтырууга уруксат бересизби?» - дегенде, Расулулла ρ:

«إِنَّ اللَّهَ أَبْدَلَنَا بِالرَّهْبَانِيَّةِ الْحَنِيفِيَّةَ السَّمْحَةَ»

**«Алла бизге рохибдик (тарки дүйнөчүлүк) ордуна ханифийликти т.а. акыйкатка ыктаган кең жолду берди»**, - деди. Анас Γ айтты: «Пайгамбар ρ бизди үйлөнүүгө буйручу, тарки дүйнөчүлүктөн катуу кайтарчу жана:

«تَزَوَّجُوا الْوَدُودَ الْوَلُودَ فَإِنِّي مُكَاثِرٌ بِكُمُ الأُمَمَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ»

**«Көп бала төрөй турган, мээримдүү аялдарга үйлөнгүлө, анткени, мен кыямат күнү үммөттөр ичинде силердин көптүгүңөр менен сыймыктанам»**, - дечү».

О.э. насилди бүтүндөй кыйып коюу, Шариънин насил калтыруу жана бала көрүүнү үй-бүлө куруунун негизи кылгандыгына тескери келет. Ошондуктан, Алла Таала адамдарга милдет кылып айтат:

{ وَجَعَلَ لَكُمْ مِنْ أَزْوَاجِكُمْ بَنِينَ وَحَفَدَةً }

***«(Алла) жуптарыңардан силер үчүн балдар, неберелер пайда кылды».*** **[16:72]**

Чындыгында эле, Шариъ көп бала көрүүнү мандуб кылган, буга кызыктырган жана көп балалуу кишини мактаган. Анас Γ Пайгамбар ρдан риваят кылат:

«تَزَوَّجُوا الْوَدُودَ الْوَلُودَ فَإِنِّي مُكَاثِرٌ بِكُمُ الأَنْبِيَاءَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ»

**«Көп бала төрөй турган, мээримдүү аялдарга үйлөнгүлө, анткени, мен кыямат күнү пайгамбарлар арасында силердин**

**көптүгүңөр менен сыймыктанам»** (Ахмад риваяты). Абдулла ибн Умар Гдан риваят кылынат: Расулулла ρ айтты:

**«اِنْكِحُوا أُمَّهَاتِ الأَوْلاَدِ فَإِنِّي أُبَاهِي بِكُمْ يَوْمَ الْقِيَامَةِ»**

**«Көп бала төрөй турган энелерге үйлөнгүлө, себеби, мен силер менен кыямат күнү сыймыктанам»** (Ахмад риваяты). Маъкал ибн Ясордон риваят кылынат:

**«جَاءَ رَجُلٌ إِلَى رَسُولِ اللَّهِ ρ فَقَالَ: إِنِّي أَصَبْتُ امْرَأَةً ذَاتَ حَسَبٍ وَجَمَالٍ وَإِنَّهَا لاَ تَلِدُ أَفَأَتَزَوَّجُهَا؟ قَالَ: لاَ، ثُمَّ أَتَاهُ الثَّانِيَةَ فَنَهَاهُ، ثُمَّ أَتَاهُ الثَّالِثَةَ فَقَالَ: تَزَوَّجُوا الْوَدُودَ الْوَلُودَ فَإِنِّي مُكَاثِرٌ بِكُمْ»**

«Расулулла ρга бир киши келип айтты: «Мен тектүү жана сулуу, туубай турган бир аялды жакшы көрдүм, ошого үйлөнөйүнбү?» Расулулла ρ «**Жок**» деди. Кийин экинчи жолу келди, Расулулла ρ кайтарды. Үчүнчү жолу келди. Ошондо айтты: **«Көп төрөй турган, мээримдүү аялдарга үйлөнгүлө, анткени, мен силердин көптүгүңөр менен мактанам»** (Абу Давуд риваяты).

Бойго бүтүүнү азл кылуу же башка жолдор менен убактылуу токтотуп туруунун мүмкүндүгү хомиланы түшүрүүнүн мүмкүндүгүн билдирбейт. (Хомила – түйүлдүк, бойдогу бала) Кайсы жол менен болбосун, дары ичүү, оор иштер кылуу, медициналык жолдор менен эне тарабынан, же ата же врач тарабынан кылынышына карабастан, хомиланы түшүрүү, эгер ага жан кирген болсо арам. Анткени, ал күнөөсүз адамды өлтүрүү болуп эсептелет. Ал дия (кун) төлөнүшү талап кылына турган кылмыш болуп, өлчөмү бир кул же бир күңдү азат кылуу болот жана баасы толук бир бүтүн адамдын кунунун ондон бирине туура келет. Алла Таала айтат:

{ وَلَا تَقۡتُلُواْ ٱلنَّفۡسَ ٱلَّتِي حَرَّمَ ٱللَّهُ إِلَّا بِٱلۡحَقِّۚ }

***«Алла** (өлтүрүүнү) **арам кылган жандарды өлтүрбөгүлө, бирок, акыйкат менен** (өлтүрүшүңөр мүмкүн)**».*** **[6:151]**

Имам Бухарий менен Муслим Абу Хурайрадан риваят кылышат:

**«قَضَى رَسُولُ اللَّهِ ρ فِي جَنِينِ امْرَأَةٍ مِنْ بَنِي لِحْيَانَ سَقَطَ مَيِّتًا بِغُرَّةٍ عَبْدٍ أَوْ أَمَةٍ»**

**«Расулулла ρ Бану Лихян уруусунан болгон бир аялдын түшүрүлгөн баласы тууралында бир кул же бир күңдү азат кылууга өкүм кылды».** Кун төлөө важиб боло турган хомилада адам денесинин мүчөлөрүнүн кээ бири т.а. бармак, кол, бут, баш-көз же тырмак сыяктуу мүчөлөрдүн бири пайда болуп калгандыгы көрүнүшү шарт.

Ал эми, түйүлдүккө рух (жан) киришинен мурда түшүрүүгө келсек, эгер түшүрүү түйүлдүк пайда болгондон кырк күн өткөндөн кийин ишке ашырылса жана түйүлдүк калыптанып жаткан учурда болсо, андай абалда да түйүлдүктү түшүрүү арам болот. Муслим Абдулла ибн Масъуддан риваят кылат, ал киши мен Расулулла ρдан мындай дегенин укканмын дейт:

**«إِذَا مَرَّ بِالنُّطْفَةِ ثِنْتَانِ وَأَرْبَعُونَ لَيْلَةً بَعَثَ اللَّهُ إِلَيْهَا مَلَكًا فَصَوَّرَهَا وَخَلَقَ سَمْعَهَا وَبَصَرَهَا وَجِلْدَهَا وَلَحْمَهَا وَعِظَامَهَا ثُمَّ قَالَ: يَا رَبِّ أَذَكَرٌ أَمْ أُنْثَى فَيَقْضِي...»**

**«Эгер нутфанын (эне жатынына түшкөнүнөн) кырк эки түн өтсө, Алла ага бир периште жиберет. Ошондо ал периште анын сүрөтүн чиет, кулагы, көзү, териси, эти жана сөөктөрүн жаратат. Андан соң айтат: «Я Роббим, эркекпи же аялбы?» Кийин (Алла каалагандай) өкүм кылат...»** (башка бир риваятта кырк түн делген). Жан киргенден кийин түйүлдүктү түшүрүү арам о.э. кул же күңдү азат кылуу сыяктуу кун төлөө важиб. Мунун себеби, эгер түйүлдүккө жан кирсе, жана анын мүчөлөрү калыптана баштаса, ал толук кандуу адам болууну баштаган тирүү хомила экендиги анык болот. Ушул себептен, ага кол салуу да күнөөсүз адамдын жанына кол салуу сыяктуу болот жана Алла арам кылган «баланы тирүүлөй көмүү» эсептелет. Алла Таала айтат:

{ وَإِذَا ٱلۡمَوۡءُۥدَةُ سُئِلَتۡ + بِأَيِّ ذَنۢبٖ قُتِلَتۡ }

***«Тирүүлөй көмүлгөн** (ар бир) **кыздан кандай күнөө себептүү өлтүрүлгөнү суралганында».*** **[81:8-9]**

Ошондуктан, ата, эне жана дарыгерге түйүлдүктүн пайда болгонунан кырк күн өткөндөн кийин, аны түшүрүү арам болот жана бул ишти кылган киши кылмыш жана күнөө ишти кылган болот. Бухарий менен Муслимдин хадистеринде келгендей, бир кул же күңдү азат кылуу менен кун төлөшү важиб болот.

Калыптануунун алгачкы күндөрүндө же жан киргенден кийин болушуна карабастан, хомиланы түшүрүүгө уруксат берилбейт. Бирок, жогорудагыдан өзгөчө абалда, хомиланын эне курсагында калышы эненин жана хомиланын өлүмүнө алып келиши жөнүндө адилеттүү дарыгерлер чечим кылса, анда эненин өмүрүн сактап калуу үчүн хомиланы түшүрүүгө уруксат берилет.

## ТАЛАК

Алла никени мыйзамдаштырганы (шаръий өкүм кылганы) сыяктуу эле, талакты да мыйзамдаштырды. Анын шаръий өкүмдүгүнө Куран, Сүннөт жана сахабалар ижмасы негиз болот. Куранда Алла Таала айтты:

{ ٱلطَّلَٰقُ مَرَّتَانِ ۖ فَإِمۡسَاكُۢ بِمَعۡرُوفٍ أَوۡ تَسۡرِيحُۢ بِإِحۡسَٰنٖ ۗ }

***«Талак эки мертебе. Андан соң,*** *(үй-бүлөнү)* ***жакшылык менен сактоо же жакшы жол менен ажырашуу*** *(зарыл)**»***. **[2:229]**

{ يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِيُّ إِذَا طَلَّقۡتُمُ ٱلنِّسَآءَ فَطَلِّقُوهُنَّ لِعِدَّتِهِنَّ وَأَحۡصُواْ ٱلۡعِدَّةَ ۖ }

***«Эй пайгамбар υ качан силер аялдарыңарды талак кылсаңар, алардын иддаларында*** *(т.а. тазалык учурларында)* ***талак кылгыла».*** **[65:1]**

Умар ибн Хаттабдан риваят кылынат:

**«أَنَّ النَّبِيَّ ρ طَلَّقَ حَفْصَةَ ثُمَّ رَاجَعَهَا»**

**«Пайгамбар ρ Хафсаны талак кылды жана кайра никесине алды»** (Хаким жана Ибн Хиббан риваяты). Дагы Абдулла ибн Умардан риваят кылынат: «Менин жакшы көргөн бир аялым бар эле, атам аны жаман көрчү эле. Атам мага аны талак кылышымды буюрду, мен көнбөдүм. Кийин муну атам Расулулла ρга айтты, ал зат мага:

**«يَا عَبْدَ اللهِ بْنِ عُمَرَ، طَلِّقِ امْرَأَتَكَ»**

**«Эй Абдулла ибн Умар, аялыңы талак кыл»**, - деди». Сахабалар да талактын шарият тарабынан белгиленгендигине ижма кылышкан.

Талак – бул нике алакасын үзүү жана нике бүтүмүн бекер кылуу дегени. Талактын мүмкүндүгүнө эч кандай шаръий иллет жок. Себеби, бул туурасында келген далилдердин эч бири: Куран далилдери да, Сүннөт далилдери да бирер иллетти өз ичине алган эмес. Анын адалдыгы бирер себептин негизинде эмес, балким, шарият адал кылгандыгы үчүн. Шаръий талак кылуу үч жолу талак кылуу болуп, булар арты-артынан болот. Эгер бир жолу талак кылса, бир талак түшөт жана эр аялын идда мөөнөтү өтпөй туруп, жаңыдан нике окутпастан кайтып алышы мүмкүн. Эгер экинчи жолу талак кылса, эки талак түшөт жана идда мөөнөтү өтпөй туруп, жаңыдан нике окутпастан кайра никесине алышы мүмкүн. Эгер бул эки абалда идда мөөнөтү өтүп кетсе, талак ражъий (кайтуу мүмкүн болгон талактан) кичи баъин (ажыратуучу) талакка айланат жана эми эр жаңы нике окутпай жана махр бербей туруп аялын кайра никесине ала албайт. Эгер үчүнчү жолу талак кылса, чоң баъин талак түшөт, эми эр өз аялын кайра никесине алышы мүмкүн болбойт. Бирок, аялы башка эрге тийип, аны менен

кошулуп, кийин ал эр аны талак кылса жана идда мөөнөтү бүтсө, аны кайра никесине алышы мүмкүн. Алла Таала айтат:

{ ٱلطَّلَٰقُ مَرَّتَانِ ۖ فَإِمۡسَاكُۢ بِمَعۡرُوفٍ أَوۡ تَسۡرِيحُۢ بِإِحۡسَٰنٖ ۗ وَلَا يَحِلُّ لَكُمۡ أَن تَأۡخُذُواْ مِمَّآ
ءَاتَيۡتُمُوهُنَّ شَيۡـًٔا إِلَّآ أَن يَخَافَآ أَلَّا يُقِيمَا حُدُودَ ٱللَّهِ ۖ فَإِنۡ خِفۡتُمۡ أَلَّا يُقِيمَا حُدُودَ ٱللَّهِ فَلَا
جُنَاحَ عَلَيۡهِمَا فِيمَا ٱفۡتَدَتۡ بِهِۦ ۗ تِلۡكَ حُدُودُ ٱللَّهِ فَلَا تَعۡتَدُوهَا ۚ وَمَن يَتَعَدَّ حُدُودَ ٱللَّهِ
فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلظَّٰلِمُونَ + فَإِن طَلَّقَهَا فَلَا تَحِلُّ لَهُۥ مِنۢ بَعۡدُ حَتَّىٰ تَنكِحَ زَوۡجًا غَيۡرَهُۥ ۗ فَإِن
طَلَّقَهَا فَلَا جُنَاحَ عَلَيۡهِمَآ أَن يَتَرَاجَعَآ إِن ظَنَّآ أَن يُقِيمَا حُدُودَ ٱللَّهِ ۗ وَتِلۡكَ حُدُودُ ٱللَّهِ
يُبَيِّنُهَا لِقَوۡمٖ يَعۡلَمُونَ }

***«Талак эки мертебе. Андан соң,*** *(үй-бүлөнү)* ***жакшылык менен сактоо же жакшы жол менен ажырашуу*** *(зарыл).* ***Дагы силер үчүн аларга*** *(аялдарыңарга)* ***берген нерселериңерден*** *(алардын махрынан)* ***бир нерсе кайтарып алууңар дурус болбойт. Бирок, аял-эркек Алла буюрган*** *(үй-бүлө турмушу туурасындагы)* ***мыйзамдарды аткара албоодон коркушса гана*** *(дурус).* ***Анан, силер эгер*** *(аял-эркек)* ***Алла буйруган мыйзамдарын аткара албастыгыңардан корксоңор, анда аял*** *(эринен ажырашуу үчүн)* ***- акы кылып берген нерседе*** *(аялдын акы беришинде, эркектин аны алышында)* ***алар үчүн күнөө жок. Бул Алланын мыйзам-чегаралары. Демек, алардан чектен чыгуучулук кылып өтпөгүлө! Ким Алланын чегараларынан өтүп кетсе дал ошолор залимдер! Эми эгер аны*** *(үчүнчү мертебе)* ***талак кылса, ал аял качан башка эр менен турмуш курмайынча мурунку эрине адал болбойт. Эгер*** *(кийинки эри да)* ***талак кылса, анда*** *(алар)* ***Алла буйруган мыйзамдарды аткара алууларына ишенишсе*** *(ал аял мурунку эри менен)* ***бири-бирине кайтууларынын*** *(кайра турмуш курууларынын)* ***күнөөсү жок. Булар Алланын чегаралары болуп, буларды биле турган коом үчүн баян кылат».*** **[2:229-230]**

Анткени, Алла Таала мусулмандарга талак кылууну аятта үйрөттү:

{ ٱلطَّلَٰقُ مَرَّتَانِ ۖ }

***«Талак эки мертебе».*** **[2:229]**

Жана кийин аларга аялдарын жакшы мамиле менен, акыларын өтөө менен кармап калуу же жакшылык менен ажырашуу ыктыярын берди. Андан кийин айтты:

{ فَإِن طَلَّقَهَا فَلَا تَحِلُّ لَهُۥ مِنۢ بَعۡدُ حَتَّىٰ تَنكِحَ زَوۡجًا غَيۡرَهُۥۗ }

***«Эми эгер аны*** *(үчүнчү мертебе)* ***талак кылса, ал аял качан башка эр менен турмуш курмайынча мурунку эрине адал болбойт».*** **[2:230]**

т.а. Өткөн эки талактан кийин, үчүнчү жолу талак кылса, башкага турмушка чыкмайынча, кайра алуу адал болбошун уктурду. Андан соң айтты:

{ فَإِن طَلَّقَهَا فَلَا جُنَاحَ عَلَيۡهِمَآ أَن يَتَرَاجَعَآ }

***«Эгер*** *(кийинки эри да)* ***талак кылса, анда*** *(ал аял мурунку эри менен)* ***бири-бирине кайтууларынын*** *(кайра турмуш куруулорынын)* ***күнөөсү жок».*** **[2:230]**

т.а. кийинки эр аны талак кылса, мурункусу жаңы нике жана жаңы махр менен кайра никесине алышы мүмкүн. «Эгер талак кылса» феълинин фоили өзүнө эң жакын турган сөзгө т.а. экинчи эрге кайтат жана «эр жана аял кайтуулары» феълинин фоили мурунку эрге кайтат т.а. мурунку эр жана аял, эгер каалашса, кайра турмуш куруупарына тоскоолдук кылуучу эч нерсе жок. Буга караганда, эр аялын үч жолу талак кылышы мүмкүн. Булардын экөөсүндө ал аялын кайра никесине алышы мүмкүн. Үчүнчүсүнөн кийин болсо, ал башка эрге тиймейинче, кайра никесине алуусу мүмкүн эмес.

Талак эрдин колунда болуп, аялдын колунда болбойт. Талак эмнеге эрдин колуна берилгендигине келсек, Алла Таала ушундай өкүм кылган жана шариятта буга иллет келбегендиги үчүн иллеттенбейт. Нике менен талактын вакиълигин терең текшерүү ушуну көрсөтөт, турмуш куруу жаңы жубайлык турмуштун башталышы болгону себептүү, эр менен аял өзү каалаган жубайын тандоодо ыктыярдуу жана алардын ар бири каалаган киши менен турмуш курууну тандашы же кайтарышы мүмкүн. Бирок, иш жүзүндө турмуш курушкандан кийин жана үй-бүлө жетекчилиги жана аялга жетекчилик кылуу эрдин мойнуна жүктөлгөндөн кийин, талак кылуу укугу эрге берилиши керек. Анткени, ал үй-бүлө башчысы жана тарбиячысы. Үй-бүлөнүн проблемалары жана жоопкерчилиги бүтүндөй ага жүктөлгөндөн кийин, үй-бүлө бүтүмүн бекер кылуу укугу да ага берилиши зарыл. Себеби, укук да жоопкерчиликтин өлчөмүндө болот. Эрди катын ортосун ажыратуу да алардын жетекчи болгонуна берилди. Бирок, бул шаръий өкүмдү иллеттөө эмес, балким, бар болгон вакиъликти сыпаттоо. Себеби,

шаръий өкүмдүн иллети шаръий далилде келген шаръий иллет болушу керек.

Мындан тышкары, талактын эрдин колунда экендиги жана талак кылуу анын укугу экендигинин мааниси – аял өзүн талак кылышы жана эри менен араны ачык кылышы мүмкүн эмес дегени эмес. Балким, бул укук негизинен эч кандай абалга чектелбей, бүтүндөй эрдин колунда жана эр эч бир себепсиз деле аялын талак кылышы мүмкүн. Бирок, аял да шарият көрсөткөн белгилүү бир абалдарда өзүн талак кылышы жана эри менен өзүнүн ортосундагы нике бүтүмүн бекер кылышы мүмкүн. Шарият аялга төмөндө келтирилген абалдарда нике бүтүмүн бекер кылуу укугун берет.

1. Эгер эр талак кылуу ишин аялга тапшырган болсо. Бул мүмкүнчүлүккө негизделип, ал өзүн талак кылышы мүмкүн. Ал: «Мен өзүмдү эрим баланчадан талак кылдым» же «сенден өзүмдү талак кылдым» - деп айтышы мүмкүн. Бирок, эрине «сени талак кылдым» же «сен талаксың» деши мүмкүн эмес. Себеби, талак аял тараптан кылынса да, эрдин үстүнө эмес, аялдын үстүнө түшөт. Расулулла ρ аялдарына ыктыяр бергенине жана сахабалар да ушуга ижма кылышкандыктарына негизделип, эр талак ишин аялдын колуна тапшырышы мүмкүн.

2. Эгер аял эринде жыныстык чабалдык, бычмалык сыяктуу жыныстык кошулууга тоскоолдук кылуучу илдет бар экендигин билсе жана өзү жыныстык кошулууга тоскоолдук кылуучу илдеттерден таза болсо, буга окшогон абалдарда, ал никесин бекер кылууну эринен талап кылышы мүмкүн. Эгер аким бул айыптын бар экендигин аныктаса, бир жыл мөөнөт коёт. Бул мөөнөт ичинде эр аялына кошула албаса, аялдын талабы канааттандырылат да, нике бекер болот. Риваят кылынат, Ибн Мунзир бычылган боло туруп, бир аялга үйлөндү. Умар Γ ага: «Аялыңа муну айттыңбы?» - деди. «Жок» деди ибн Мунзир. Ошондо Умар Γ: «Ага айт, ыктыяр бер», - деди». Эгер аял эринин жыныстык мүчөсү кесилип ташталганын же шал болгонун билсе, билген мезгилден тартып ыктыяры өзүндө болот. Бул аялга мөөнөт коюлбайт. Себеби, мындай абалда жыныстык алакага үмүт жок жана аны күтүүнүн да мааниси жок.

3. Эгер эр менен аял кошулушунан мурда же кийин, эр менен бирге ойдогудай жашоо мүмкүн болбой турган кандайдыр бир кооптуу кеселдик, мисалы, котур (чесотка), макоо (проказа), захм (сифилис), кургак учук (туберкулёз) сыяктуу кеселдиктер эринде бар экендиги, же жуккандыгы маалым болсо, аял казыга кайрылып, эри менен ортосун ажыратууну талап кылышы мүмкүн. Эгер жогорудагы кеселдик бар экендиги жана андан маалым мөөнөт ичинде дарылануунун аргасы жок экендиги аныкталса, аялдын талабы канааттандырылат. Анын ыктыяры дайымий болуп, белгилүү бир убакытка чектелген эмес. Мунун далили, зарар коидасы жана имам Малик «Муватто» китебинде риваят кылат, ага Саид ибн Мусайябдан ушул сөздөр жеткендигин айтат: «Кайсы бир

киши бир аялга үйлөнсө жана анда жиндилик же кандайдыр бир зыяндуу кеселдик болсо, бул аялга ыктыяр берилет, эгер кааласа бирге жашайт, кааласа ажырашат».

4. Эгер никеден кийин эр жинди болуп калса, аял казыга кайрылып, эринен ажырашууну талап кылышы мүмкүн. Казы ажырашууну бир жыл мөөнөткө кечиктирет. Эгер бул мөөнөт ичинде эр жиндиликтен айыкпаса жана аял ажырашуу пикиринен кайтпаса, казы ажырашууга өкүм кылат. Буга да оболку беренеде келген нерселер далил болот.

5. Эгер эр узак же жакын сапарга чыгып, дым-дарексиз кетсе жана ал жөнүндө эч кандай кабар болбосо о.э. аялдын нафака алуу мүмкүнчүлүгү болбой калса, андай абалда эрди издөөгө жана табууга бар болгон мүмкүнчүлүгүн жумшагандан кийин, аял ажырашууну талап кылышы мүмкүн. Мунун далили Пайгамбар ρдын

**«أَطْعِمْنِي وَإِلاَّ فَارِقْنِي»**

**«Мени жедирип-ичир, эгер жедирип-ичирбесең коюп жибер»** деп, аялдын өз эрине айтышы мүмкүндүгү жөнүндөгү хадиси далил болот. Ажырашууга жедирип-ичирбөө иллет болуп жатат.

6. Эгер бай-дөөлөттүү болуп туруп, аялын багуудан баш тартса жана аял тиричилиги үчүн зарыл болгон нафаканы эринин байлыгынан таптакыр ала албаса, андан да аял талакты талап кылышы мүмкүн. Казы эч кандай мөөнөт койбой, ошол замат никени бекер кылышы лазым. Анткени, Расулулла ρ айтты:

**«اِمْرَأَتُكَ مِمَّنْ تَعُولُ تَقُولُ أَطْعِمْنِي وَإِلاَّ فَارِقْنِي»**

**«Аялың сен бага турган үй-бүлөңдүн мүчөлөрүнөн. Ал айтышы мүмкүн: «Мени жедирип-ичир, эгер жедирип-ичирбесең, коё бер».** Умар Γ аялдарынын алдына таптакыр келбей койгон кишилерге «же нафака бергиле же талак кылгыла» деп кат жазган. Сахабалар муну билишкен жана инкар кылышпаган. Демек, бул алардын ижмасы болгон.

7. Эгер эр менен аял ортосунда жаңжал жана келишпөөчүлүк чыгып калса, аял ажырашууну талап кылышы мүмкүн. Казы эрдин тууганДарынан бир хакам, аялдын туугандарынан бир хакам дайындашы лазым. Үй-бүлөлүк межлис алардын ар биринин арыз доосун угат жана алардын ортосун оңдоого урунуп көрөт. Эгер оңдоонун ылажысы болбосо, ушул межлистин өзү аларды өзү лазым көргөнү боюнча ажыратып жибере берет. Алла Таала айтат:

﴿ وَإِنْ خِفْتُمْ شِقَاقَ بَيْنِهِمَا فَٱبْعَثُواْ حَكَمًا مِّنْ أَهْلِهِۦ وَحَكَمًا مِّنْ أَهْلِهَآ إِن يُرِيدَآ إِصْلَٰحًا يُوَفِّقِ ٱللَّهُ بَيْنَهُمَآ ﴾

***«Эгер эрди-катындын аралары бузулуп кетишинен корксоңор, эр тараптан бир хакам, аял тараптан бир хакам чакыргыла. Эгер алар жарашууну каалашса, Алла эрди-катындын ортосуна ынтымактык салып коёт».*** **[4:35]**

Жогорудагы санап өтүлгөн абалдардын биринчисинде шарият аялга өзүн талак кылуу укугун берди жана кийинкилеринде талакты талап кылуу укугун берди. Бул абалдардын вакиълиги ушуну көрсөтөт, Шариъ үй-бүлөлүк турмушта аял эрдин жолдошу деп жана үйдө пайда болгон ар кандай көңүлсүздүктүн эрге зыяны тийгени сыяктуу, аялга да зыяны тиет деп караган. Демек, үй-бүлө башына түшкөн бактысыздыктан кутулуу үчүн аял тарабынан никени бекер кылуу укугун кепилдөө зарыл. Ошондуктан, Шариъ үй-бүлөлүк кадыржамдык жоголгон убакта аялды эр менен бирге калууга мажбур кылган жок жана жашоо мүмкүнчүлүгү жоктугу, же үй-бүлөлүк кадыржамдык жоктугу анык болгон абалдарда ага никени бекер кылууну талап кылуу укугун берди.

Мындан белгилүү болгондой, Алла Таала талак кылуу укугун эркекке берди. Себеби, ал аялынын үстүнөн жетекчи жана үй-бүлө үчүн жоопкер. Аялга болсо өз турмушунда бактысыз болбошу, кадыржамдык жана бейпилдик орду болгон үй-бүлө бактысыздык жана тынчсыздык орду болуп калбашы үчүн никени бекер кылууну талап кылуу укугун берди.

Талакты мыйзамдаштыруудагы иллетке келсек, мурда айтып өткөнүбүздөй, шаръий нусустар талакты иллеттебеген жана анын иллети жок. Бирок, талакты мыйзамдаштыруунун вакиълигин жана үйлөнүүгө карата анын мыйзамдаштыруу жолун жана мындан келип чыга турган иштерди баян кылып өтүү мүмкүн. Никенин вакиълиги ушуну көрсөтөт, нике үй-бүлөнү куруу жана анда бейпилдикти камсыздоо үчүн жүзөгө келген. Анткени, эгер үй-бүлө бейпилдигине коркунуч туудура турган кандайдыр бир иш пайда болсо жана абал бирге жашоо мүмкүн болбой турган даражага жетип барса, анда эр менен аялдын ортосун ажыратуу үчүн иштетиле турган нерсеге ээ болуулары зарыл. Алардан бири же экөөсү мындай абалда жашоого мажбур кылынышы мүмкүн эмес. Алла Таала талакты мыйзамдаштырып айтты:

﴿ ٱلطَّلَٰقُ مَرَّتَانِۖ فَإِمۡسَاكُۢ بِمَعۡرُوفٍ أَوۡ تَسۡرِيحُۢ بِإِحۡسَٰنٖۗ ﴾

***«Талак эки мертебе. Андан соң,*** *(үй-бүлөнү)* ***жакшылык менен сактоо же жакшы жол менен ажырашуу*** *(зарыл)****».*** **[2:229]**

Анткени, үй-бүлөдөгү бактысыздык дайымий болбосун жана адамдар ортосундагы үй-бүлөлүк бейпилдик үзгүлтүксүз болсун. Эгер эр менен аялдын табияттары бири-бирине дал келбегендиги, же алардын турмушун бузуп жибере турган окуя болгондугу себептүү үй-бүлөдө бейпилдик жоголсо, анда аларга бул үй-бүлөлүк бейпилдикти башка

бир адам менен пайда кылуулары үчүн мүмкүндүк берилиши мүмкүн. Бирок, Ислам жаман көрүү жана жактырбоону талак үчүн себеп кылган жок, балким, эр менен аялды жакшылык менен бирге жашоого буйруду жана жаман көрсө да сабыр кылып бирге жашоого кызыктырды. Ажеп эмес, мында жакшылык болсо деп, Алла Таала айтат:

{ وَعَاشِرُوهُنَّ بِٱلۡمَعۡرُوفِۚ فَإِن كَرِهۡتُمُوهُنَّ فَعَسَىٰٓ أَن تَكۡرَهُواْ شَيۡـٔٗا وَيَجۡعَلَ ٱللَّهُ فِيهِ خَيۡرٗا كَثِيرٗا }

***«Алар менен жакшы-ынтымак жашагыла. Эгер аларды жаман көрсөңөр да*** *(сабыр кылып, ынак болуп жашай бергиле).* ***Анткени, силер жаман көргөн нерседе да, Алла көп жакшылыктарды кылып койгон болушу мүмкүн».*** **[4:19]**

Эркектерге аялдарды кежирдиктен кайтаруу ыкмаларын колдонууга буюрду. Алла Таала айтат:

{ وَٱلَّٰتِي تَخَافُونَ نُشُوزَهُنَّ فَعِظُوهُنَّ وَٱهۡجُرُوهُنَّ فِي ٱلۡمَضَاجِعِ وَٱضۡرِبُوهُنَّۖ }

***«Аялдарыңардын моюн сунбастыгынан корксоңор, оболу аларга насаат кылгыла, кийин*** *(эгер насаатыңар таасир бербесе)* ***аларды төшөктөрүнө таштап койгула*** *(т.а. алар менен бир төшөктө жатпагыла, жакындашпагыла)* ***кийин*** *(т.а. ошондо да силерге моюн сунушпаса)* ***ургула».*** **[4:34]**

Ошентип жубайлар ортосунда пайда боло турган проблемаларды алар менен талактын ортосун тосо турган кылып чечүү үчүн, жумшак болгон жана жумшак болбогон ыкмалардын бардыгын иштетүүгө буюрду. Эгер жакшы мамиле кылуу пайда бербесе жана катуураак ыкмалар да пайда бербесе, иш күчөп, жаман көрүү, жактырбоо жана кежирдиктен уруш-жаңжал даражасына жетсе да, Ислам экинчи кадам кылып талакты белгилебеди. Балким, алардын ортосундагы мүшкүл күчтүү болушуна карабастан, жубайлардын ортосун оңдоо үчүн жана жараштыруу үчүн эки тараптын тең туугандарынан хакам дайындоону буюрду. Алла Таала айтат:

{ وَإِنۡ خِفۡتُمۡ شِقَاقَ بَيۡنِهِمَا فَٱبۡعَثُواْ حَكَمٗا مِّنۡ أَهۡلِهِۦ وَحَكَمٗا مِّنۡ أَهۡلِهَآ إِن يُرِيدَآ إِصۡلَٰحٗا يُوَفِّقِ ٱللَّهُ بَيۡنَهُمَآۗ إِنَّ ٱللَّهَ كَانَ عَلِيمًا خَبِيرٗا }

***«Эгер эрди-катындын аралары бузулуп кетишинен корксоңор эр тараптан бир хакам, аял тараптан бир хакам чакыргыла. Эгер алар жарашууну каалашса, Алла эрди-катындын ортосуна ынтымактык салып коёт. Албетте, Алла билүүчү жана кабардар болгон зат».*** **[4:35]**

Эгер бул эки өкүлдүн да алардын ортосун оңдоп, жараштырууга кудурети жетпесе, бул аракеттерден кийин, алардын ортосун келиштирүүнүн аргасы калбайт. Себеби, алардагы ички сезимдер ортолорун ажыратуудан башка нерсени кабыл албайт. Эми, талактан башка чара калбады. Ажеп эмес, алар үй-бүлөлүк бейпилдикти табышса жана талак менен мындай проблемалар чечилсе. Алла Таала айтат:

{ وَإِن يَتَفَرَّقَا يُغْنِ ٱللَّهُ كُلًّا مِّن سَعَتِهِۦ ۚ وَكَانَ ٱللَّهُ وَٰسِعًا حَكِيمًا }

***«Эрди-катын ажырашып кетишсе, Алла экөөсүн тең Өзүнүн кеңдик-берешендиги менен кажетсиз кылып коёр*** *(б.а. экөөнө тең мурунку турмушунан жакшыраак күйөө же аял насип этиши мүмкүн).* ***Алла берешен-жоомарттыгы кең жана хикмат ээси болгон Зат».*** **[4:130]**

Бирок, бул талак да жубайлар ортосунда мүмкүнчүлүк калтырды жана алардын ортосун бүтүндөй ажыратпады. Балким, биринчи жана экинчи талактан кийин, аларга кайра никеленүү укугун берди. Себеби, биринчи жана экинчи талак кээде жубайлар жүрөгүндө биринчи талактан кийин экинчи жолу жана экинчи талактан кийин үчүнчү жолу үй-бүлөлүк турмушту кайра баштоого кызыгууну ойготот. Мына ушундан улам шарият талакты үч жолу талак кылуу деп белгиледи. Алла Таала айтат:

{ ٱلطَّلَٰقُ مَرَّتَانِ ۖ فَإِمْسَاكٌۢ بِمَعْرُوفٍ أَوْ تَسْرِيحٌۢ بِإِحْسَٰنٍ ۗ }

***«Талак эки мертебе. Андан соң,*** *(үй-бүлөнү)* ***жакшылык менен сактоо же жакшы жол менен ажырашуу*** *(зарыл)****».*** **[2:229]**

Эрди-катын өз дилдерине кулак салууга жана жүрөктөрүндө жайгашкан Алладан коркууга кайтууларынын натыйжасында, үй-бүлөлүк турмушту кайрадан баштап, мурда таппаган ырахат жана кадыржамдыкты, үй-бүлөлүк бейпилдикти табууга умтулушса, ажеп эмес. Ошондуктан, Ислам эрге биринчи жана экинчи талактан кийин дагы аялын никесине алууга уруксат берген. О.э. Ислам жубайларга өз дилдерине кулак салуулары, ажырашуу жөнүндө кайра ойлоп көрүүлөрү жана ага мурда болгондон олуттуураак кароолору үчүн мүмкүнчүлүк бере турган ыкманы берди. Анткени, талактан кийинки идда мөөнөтүн үч хайз мөөнөтү менен белгиледи. Бул үч айга жакын убакыт болот. Же кош бойлуу болсо, идда мөөнөтүн бала туулганга чейин кылып белгиледи. Бул мөөнөт ичинде аялына үйүнөн жай берүү жана багуу милдетин эркекке жүктөдү жана идда сактап жаткан аялын бул мөөнөт бүткөнгө чейин үйдөн чыгарып жиберүүдөн кайтарды. Бул болсо, өз ара жүрөктөрдү жакындаштыруу жана дилдерди тазартуу үчүн жана эки тарап бири-бирине кайтуулары үчүн жолду кеңейтүү жана кайра бирге

жашоолору үчүн шарт түзүү эле. Бул жактан Ислам Куранда сунуштар берет. Алла Таала айтат:

{ وَإِذَا طَلَّقْتُمُ ٱلنِّسَآءَ فَبَلَغْنَ أَجَلَهُنَّ فَأَمْسِكُوهُنَّ بِمَعْرُوفٍ أَوْ سَرِّحُوهُنَّ بِمَعْرُوفٍ ۚ وَلَا تُمْسِكُوهُنَّ ضِرَارًا لِّتَعْتَدُوا۟ ۚ وَمَن يَفْعَلْ ذَٰلِكَ فَقَدْ ظَلَمَ نَفْسَهُۥ ۚ }

***«Эгер аялдарыңарга талак берсеңер жана алардын идда мөөнөтү бүтүп калса, анда аларды жакшылык менен алып калгыла же жакшылык менен узатып койгула. Аларга зулумдук кылуу менен зыян жеткирүү үчүн кармап турбагыла. Ким ошондой кылса, өзүнө зулумдук кылат».*** **[2:231]**

Эгер бул мамилелер пайда бербесе, же биринчи жана экинчи талактан кийин таасир этсе да, кийин баары бир үчүнчүсү болсо, анда иштин тамыры тереңирээк, чиеси көбүрөөк жана чыр-чатак чоңураак болгон болот. Үй-бүлөнү сактап калуу биякта турсун никени кайтарууга кайрылуунун да такыр пайдасы жок. Башка турмуш курбай туруп, бул турмуштун өзүндө жемишсиз тажрыйбаны дагы кайра өткөзүүдөн көрө, алардын ортосун ажыратуу жана башка турмуш куруудан өзгө чара жок. Ошондуктан, үчүнчү талакты кескин чечүүчү чара кылып белгиледи. Алла Таала айтат:

{ فَإِن طَلَّقَهَا فَلَا تَحِلُّ لَهُۥ مِنۢ بَعْدُ حَتَّىٰ تَنكِحَ زَوْجًا غَيْرَهُۥ ۗ }

***«Эми эгер аны*** *(үчүнчү мертебе)* ***талак кылса, ал аял качан башка эр менен турмуш курмайынча мурунку эрине адал болбойт».*** **[2:230]**

Үчүнчү талактан кийин аялы башка эрге тийип, алар кошулбастан жана жубайлыкты толук сезүү үчүн «**анын ырахатын бул жана мунун ырахатын ал татып көрмөйүнчө**» мурунку эр аялын никесине алышы мүмкүн эмес. Аял эгер экинчи турмушту да тажрыйбадан өткөрсө, кийинки турмушта да ырахат жана кадыржамдыкты таппаса, кийин экинчи эринен ажырашса, мына ушул убакта аял өзүнүн мурунку эри менен бирге жашоого кайтуусу мүмкүн. Анткени, ал экинчи эр менен да эрди-катындык турмушта жашап, турмушту экинчи жолу тажрыйбадан өткөрдү жана алардын арасын салыштырып көрдү. Эми, эгер кайра жашоону ыктыяр кылса, билип-көрүп туруп ыктыяр кылган болот. Ошондуктан, Шариъ аялга башка эрге тийип, аны менен жашап ажырашкандан кийин, мурунку үч жолу талак кылган эрине кайтышын адал кылды. Алла Таала айтат:

{ فَإِن طَلَّقَهَا فَلَا تَحِلُّ لَهُۥ مِنۢ بَعْدُ حَتَّىٰ تَنكِحَ زَوْجًا غَيْرَهُۥ ۗ }

***«Эми эгер аны*** *(үчүнчү мертебе)* ***талак кылса, ал аял качан башка эр менен турмуш курмайынча мурунку эрине адал болбойт».*** **[2:230]**
жана кийин ушул аяттын өзүндө:

{ فَإِن طَلَّقَهَا }

***«Эгер аны талак кылса».*** **[2:230]**
т.а. экинчи эр аны талак кылса,

{ فَلَا جُنَاحَ عَلَيْهِمَآ }

***«Экөөсүнө күнөө жок».*** **[2:230]**
т.а. экинчи эрден талак кылынган аял жана мурунку эр

{ أَن يَتَرَاجَعَآ }

***«Бири-бирине кайтууларынын».*** **[2:230]**
т.а. алардын ар бири өз жубайына нике себептүү кайтышынын күнөөсү жок.

Талактын мыйзамдаштырылуу абалы жол көрсөткөн иштер мына ушулар. Муну менен талакты мыйзамдаштыруудагы жана мыйзамдаштыруунун тарыйкатындагы жана кандай талак кылуу абалындагы о.э. ижтимаий турмушка бейпил турмушту кепилдөө үчүн көңүл коюп кароодогу жетик хикматтар айкындашат. Эгер бул бейпилдик жоголсо жана аны кайтаруудан үмүт үзүлсө, анда бул жубайларды ажыратып жиберүү зарыл. Ошондуктан, Алла Таала талакты мыйзамдаштырды. Биз анын жагдайларын баян кылдык.

## НАСАБ

Илахий хикмат аялды кош бойлуу болуу жана бала төрөө орду болушун талап кылган. Ошондуктан, аял бир эркек менен гана турмуш курушу керек. Анын бирден ашык эркек менен турмуш курушуна тыюу салынган. Ар бир адам өз насил-насабын (өз канынан жаралган перзент экендигин) билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу үчүн аялдын бир нече эркек менен турмуш курушу арам кылынган. Шарият насил-насабды бекемдөөгө катуу көңүл буруп, анын өкүмүн толук баян кылып берген.

Хомиладар (кош бойлуу) болуунун эң аз мөөнөтү алты ай, адаттагы мөөнөтү – тогуз ай. Эр өз аялы менен турмуш курган убакыттан алты ай жана андан көбүрөөк убакыт өтүп, аялы төрөсө, бала анын баласы болот. Бул туурасында Пайгамбар ρ айткан:

«الْوَلَدُ لِلْفِرَاشِ»

**«Бала – төшөк ээсиники»** (муттафакун алайх). Тыянактап айтканда, аял өз эрине аял болуп турган убакытта жана никесине алты айдан көбүрөөк убакыт өтүп төрөсө, бул бала эрдин баласы болот.

Бирок, аялы алты ай же андан көбүрөөк убакыт өтүп бала төрөсө жана бул бала эринен болбогондугу аныкталса, табылышы зарыл болгон бир канча шарттар менен эри бул баланы «меники эмес» деп рад кылышы мүмкүн, эгер айтылган шарттар табылбаса, анын рад кылышынын мааниси болбойт. Каалайбы же баш тартабы, бала баары бир аныкы болуп кала берет. Бул шарттар төмөндөгүлөр:

Биринчиси: Наристе тирүү төрөлгөн болушу керек. Анткени, өлүк туулган наристенин насабынан баш тартылбайт. «Бул менин балам эмес» делбейт. Себеби, шаръий өкүм өлүк туулган баланы инкар кылууга жарий кылынбайт.

Экинчиси: Ата ачыктан-ачык же бирер ишара менен бул бала анын баласы экендигин тан албаган болушу керек. Эгер ачыктан-ачык же бирер ишара менен бул бала анын баласы экендигин тан алган болсо, мындан кийин баланын насабын инкар кылышы мүмкүн эмес.

Үчүнчүсү: Баланы инкар кылуу белгилүү бир убакыт жана белгилүү бир абалдарда болушу керек т.а. төрөлүш убактысы, төрөө үчүн керектүү нерселерди сатып алуу убактысы, эр үйдө болбогон убакта аял төрөгөндүгүнөн кабар тапкан убактысы. Бул айтып өтүлгөн убакыттардан же абалдардан башка убакта баланын насабын инкар кылуу этибарга алынбайт. Ушуга караганда, аялы төрөп, эри аны инкар кылууга мүмкүнчүлүгү болуп туруп инкар кылбаса, бала анын насабынан эсептелет жана мындан кийин баланы инкар кылууга атанын укугу болбойт. Баланын туулгандыгын билген жана аны тануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон абалда атага ыктыяр берилет. Бала төрөлгөнүн билип, аны инкар кылууга мүмкүнчүлүгү болуп туруп, аны инкар кылбаса, бала анын насабынан болду деп эсептелет. Себеби, Расулулла ρ айткан:

«الْوَلَدُ لِلْفِرَاشِ»

**«Бала – төшөк ээсиники».** Эгер ата баланын туулгандыгын билбегендиги жөнүндө дааба кылса жана ал бейкабар калуу ыктымалы болгон жерде, мисалы, башка айылда, же башка шаарда болгону үчүн аны тастыктоо мүмкүн болсо, ал өз сөзүн ант ичип тастыктайт. Себеби, асл – билбегендик. Эгер анын сөзүн тастыктоо мүмкүн болбосо, мисалы, эр аялы менен бир үйдө болгон болсо, анын даабасы кабыл алынбайт. Себеби, мындай абалда билбей калышы мүмкүн эмес. Эгер эр: «Бала туулганын билген элем, бирок, аны инкар кылууга акылуу экенимди билбеген элем» десе, же «муну да билчү элем, бирок, ошол замат инкар кылуум керектигин билбеген экенмин» десе, жана ал жалпы элдин көпчүлүгү сыяктуу эле муну билбей тургандардан болсо, анын бул даабасы кабыл алынат. Себеби, бул өкүмдү жалпы элдин көпчүлүгү билбейт жана бул жатта Исламды жакында кабыл алган кишиге окшойт. О.э. ал сыяктуу кишилер билбей турган ар кандай өкүмдү билбеши үзүр деп кабыл алынат. Эгер билбей калышы мүмкүн болбогон иш болсо, анын билбеши үзүр деп кабыл алынбайт.

Төртүнчүсү: баланы инкар кылуунун артынан наалатташуусу керек же наалатташуу аркылуу баланы инкар кылышы керек. Толук түстө наалатташуу менен баланы инкар кылса гана бала анын насабынан деп эсептелбейт.

Мына ушул төрт шарт табылса, бала атанын насабынан болбогон деп эсептелип – энесине нисбат берилет. Ибн Умар риваятына караганда:

«أَنَّ رَجُلاً لاَعَنَ امْرَأَتَهُ فِي زَمَنِ رَسُولِ اللَّهِ ρ وَانْتَفَى مِنْ وَلَدِهَا فَفَرَّقَ رَسُولُ اللَّهِ ρ بَيْنَهُمَا، وَأَلْحَقَ الْوَلَدَ بِالْمَرْأَةِ»

**«Расулулла ρ заманында бир киши аялы менен наалатташты жана ал төрөгөн баланы инкар кылды. Расулулла ρ жубайларды ажыратып жиберип, баланы энесине нисбат берди».** Эгер баланы тануу шарттары табылбаса, бала танылбайт жана эрдин насилинен деп эсептелет. Бул бала перзенттиктин бардык укуктарына ээ болот. Жогоруда төрөлгөн бала эрден болгон же болбогондугу жөнүндө кайчы пикир туулгандагы абал жөнүндө айтылды. Эми аял бала төрөгөндүгү жөнүндө эр менен аял ортосунда жаңжал болуп калса т.а. аял жубай болуп жашап жаткан учурда эринен бала төрөгөндүгүн дааба кылса, эри болсо аялынын бала төрөгөндүгүн жокко чыгарса, аял өз даабасын бир мусулман аялдын күбөлүгү менен далилдейт. Мындай абалда бир аялдын күбөлүгү жетиштүү болот. Себеби, насил-насаб төшөктүн болушу менен анык болот. Күбөлүк шарттары табылган бир аялдын күбөлүк бериши менен баланын төрөлгөндүгү далилдениши мүмкүн.

## НААЛАТТАШУУ

Наалатташуу «лаънат» сөзүнөн алынган. Анткени, эр менен аялдын ар бири өзүнүн бешинчи күбөлүгүндө, эгер жалганчы болсо, өзүнө наалат болушун айтат. Алла Тааланын төмөндөгү аяты буга негиз болот. Алла Таала айтат:

﴿ وَٱلَّذِينَ يَرۡمُونَ أَزۡوَٰجَهُمۡ وَلَمۡ يَكُن لَّهُمۡ شُهَدَآءُ إِلَّآ أَنفُسُهُمۡ فَشَهَٰدَةُ أَحَدِهِمۡ أَرۡبَعُ
شَهَٰدَٰتِۭ بِٱللَّهِ إِنَّهُۥ لَمِنَ ٱلصَّٰدِقِينَ + وَٱلۡخَٰمِسَةُ أَنَّ لَعۡنَتَ ٱللَّهِ عَلَيۡهِ إِن كَانَ مِنَ
ٱلۡكَٰذِبِينَ + وَيَدۡرَؤُاْ عَنۡهَا ٱلۡعَذَابَ أَن تَشۡهَدَ أَرۡبَعَ شَهَٰدَٰتِۭ بِٱللَّهِ إِنَّهُۥ لَمِنَ ٱلۡكَٰذِبِينَ
+ وَٱلۡخَٰمِسَةَ أَنَّ غَضَبَ ٱللَّهِ عَلَيۡهَآ إِن كَانَ مِنَ ٱلصَّٰدِقِينَ ﴾

***«Өздөрүнөн башка күбөлөрү болбогон абалда аялдарын** (бузук деп) **жаманатты кыла турган адамдар – алардын ар бири өзүн күдүк-күмөнсүз ыраскөйлөрдөн деп Алланын атына төрт жолу күбөлүк бериүсү** (зарыл). (Ал эринин) **бешинчи** (күбөлүгү болсо), **эгер жалганчылардан болсо үстүнө Алланын наалаты** (түшүшүн сурашы). **Ал** (аялдан) **азап-жазаны «Ал** (эри) **күдүк-күмөнсүз жалганчылардан», деп Алланын атына төрт жолу күбөлүк бериши кайтарат.** (Ал аялдын) **бешинчи** (күбөлүгү болсо) **эгер ал** (эри) **ыраскөйлөрдөн болсо өзүнүн үстүнө Алланын каары** (түшүшүн сурашы)**».*** **[24:6-9]**

Ибн Аббастан Абу Давуд риваят кылат: «Алла тообаларын кабыл алган үч сахабанын бири болгон Хилал ибн Умайя кечкурун эгинзардан кайтканда аялынын алдында бир эркек бар экендигин сезди. Алар кылып жаткан ишти өз көзү менен көрүп, кулагы менен укту. Таң атканга чейин аны (эркекти) козгогон жок. Кийин Расулулла ρга барып айтты: «Я Расулулла, үй-бүлөмө келип, анын алдында бир эркекти таптым. Өз көзүм менен көрүп, кулагым менен уктум». Расулулла ρ ал алып келген кабарды жактырбады. Ал (Хилал) кыйын абалга түшүп калды. Ошондо аят түштү. Алла Таала айтат: ***«Өздөрүнөн башка күбөлөрү болбогон абалда аялдарын** (бузук деп) **жаманатты кыла турган адамдар – алардын ар бири өзүн күдүк-күмөнсүз ыраскөйлөрдөн деп Алланын атына төрт жолу күбөлүк бериүсү** (зарыл)**».*** **[24:6]** Вахий бүткөндөн кийин Расулулла ρ айтты:

**«أَبْشِرْ يَا هِلاَلُ قَدْ جَعَلَ اللَّهُ لَكَ فَرَجًا وَمَخْرَجًا. قَالَ هِلاَلٌ: قَدْ كُنْتُ أَرْجُو ذَلِكَ مِنْ رَبِّي تَبَارَكَ وَتَعَالَى. فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ρ أَرْسِلُوا إِلَيْهَا. فَأَرْسَلُوا إِلَيْهَا. فَتَلاَهَا عَلَيْهَا رَسُولُ اللهِ ρ وَذَكَّرَهُمَا وَأَخْبَرَهُمَا أَنَّ عَذَابَ الآخِرَةِ**

أَشَدُّ مِنْ عَذَابِ الدُّنْيَا. فَقَالَ هِلاَلٌ وَاللَّهِ لَقَدْ صَدَقْتُ عَلَيْهَا. فَقَالَتْ كَذَبَ. فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ρ: لاَعِنُوا بَيْنَهُمَا»

**«Эй Хилал, кубангын! Алла сага шаттык жана жеңилдик берди».** Хилал айтты: «Роббим Табарока ва Тааладан чындыгында ушуну үмүт кылган элем». Расулулла ρ айтты: **«Аны (Хилалдын аялын) менин алдыма жибергиле».** Аны алып келишти. Расулулла ρ ага аяттарды тилават кылды. Аларды кулактандырды жана акырет азабы дүйнө азабынан оор экендигин эстетти. Хилал айтты: «Кудай акы, мен чын айттым». Аял айтты: «Жалган айтты». Расулулла ρ айтты: **«Аларды бири-бирине наалат айттыргыла».** Хилалга «күбөлүк бер» делди. Ал өзүн чынчылдардан экендиги жөнүндө Алланын атына төрт жолу күбөлүк берди. Бешинчисине келгенде, Хилалга айтылды: «Эй Хилал, Алладан корк. Дүйнө азабы акырет азабынан жеңил. Бул иш сага азапты важиб кылып коёт». Ал айтты: «Алла бул иш себептүү дарра урдурбаганы сыяктуу, бул иш үчүн мени азаптабайт дагы». Андан соң, бешинчи күбөлүгүндө, эгер жалганчылардан болсо, өзүнө Алланын наалаты болушун айтып, күбөлүк берди. Андан кийин, анын аялына «күбөлүк бер» делди. Ал эрин жалганчылардан деп, Алланын атына төрт жолу күбөлүк берди. Бешинчисинде ага айтылды: «Алладан корк. Дүйнө азабы акырет азабынан жеңил. Бул иш сага азапты важиб кылып коёт». Ал бир саамга унчукпай калды. Кийин «Кудай акы, элимди шерменде кылбаймын» деп, бешинчи күбөлүгүндө, эгер эри чынчылдардан болсо, өзүнө Алланын каары болушун айтып күбөлүк берди. Ошондон кийин Расулулла ρ аларды бирин-биринен ажыратты жана эр бул аялга үй жана оокат-азык бербейт деп өкүм чыгарды».

Эгер киши өз аялын «зына кылдың» деп, же «эй зинакер» же «зина кылып жатканыңды көрдүм» деп жаманатты кылып, бул доосуна далил келтире албаган абалда өзүнө наалат айтпаса, ага хад лазым болот. Эгер ал өзүнө наалат айтса, бирок, аялы айтпаса, аялына хад колдонулат. Анткени, Алла Таала айтат:

{ وَيَدۡرَؤُاْ عَنۡهَا ٱلۡعَذَابَ أَن تَشۡهَدَ أَرۡبَعَ شَهَٰدَٰتِۭ }

***«Ал (аялдан) азап-жазаны… төрт жолу күбөлүк бериши кайтарат».*** **[24:8]**

Бул аялдан кайтарыла турган азап турмуш курган зинакердин хады. Анткени, Хилал ибн Умайя аялын жаманатты кылып Пайгамбар ρга келип кабар бергенде, аялы алып келинди. Алар бирин-бирине наалат айтышты. Бул зина далилдене турган өзгөчө абалдардын бири. Бул ушундай бир абал болуп, эри аялын зинакер деп жаманатты кылат. Эри наалат айтса, бирок, аялы наалат айтпаса, доо далилденет. Эгер аял да наалат айтса, доо далилденбейт. Наалат айтуудан аял баш тартса, зина

кылгандыгы далилденет жана эри өзүнө наалат айткандыгы себептүү бул аялга хад колдонуу важиб болот.

Эгер экөө тең наалат айтса жана аким аларды ажыратып жиберсе, анда алар эч качан бирге боло албайт. Бул аял ошол эркекке түбөлүк арам болот. Себеби, Пайгамбар ρ наалат айткандардын экөөсүн ажыратып жиберген. Малик Нафиъден, Нафиъ Ибн Умардан риваят кылат:

**«أَنَّ رَجُلاً لاَعَنَ امْرَأَتَهُ فِي زَمَنِ رَسُولِ اللَّهِ ρ وَانْتَفَى مِنْ وَلَدِهَا فَفَرَّقَ الرَّسُولُ بَيْنَهُمَا فَأَلْحَقَ الْوَلَدَ بِالْمَرْأَةِ»**

**«Расулулла ρ заманында бир киши аялы менен наалатташты жана ал төрөгөн баланы инкар кылды. Расулулла ρ жубайларды ажыратып жиберип, баланы энесине нисбат берди».** Сахл ибн Саъд риваят кылат: «Наалат айткан экөөсүн ажыратып жибериши жана эч качан бирге болбоолору сүннөт». Наалат айтуу себептүү ажыратуу никенин түбөлүк арам кылынышын талап кылуучу ажырашуу болуп эсептелет. Эр өзүн жалганчыга чыгарса да, бул аял эми ага адал болбойт. Бирок, эр өз доосунан кайтып, өзүн жалганчы кылса, ага хад колдонулат жана наалат айтуудан мурда өзүн жалганчы кылабы же кийинби, баары бир бала анын насил-насабынан деп эсептелет.

Аял наалат айтуудан баш тартканда, аялга хад колдонууну важиб кыла турган жана хад колдонулушунан эрди сактап калуучу наалатташуу төмөндөгүчө болот. Эр акимдин алдында «Алланын аты менен күбөлүк беремин, бул (аял) зина кылды» деп аялына ишара кылат, эгер аял ал жерде болбосо, эри анын атын жана насил-насабын айтып, төрт жолу күбөлүк берет. Бешинчи жолу күбөлүк берүүдөн мурда токтотулуп, ага айтылат: «Алладан корккун. Бул иш сага азапты важиб кылып коёт. Дүйнөнүн азабы акырет азабынан жеңил». Ал бешинчи жолу дагы күбөлүк бермекчи болсо айтат: «Эгер аялымды зина кылды деп жаманатты кылышымда жалганчылардан болсом, мага Алланын наалаты болсун». Аялы төрт жолу «ал жалган айтып жатат – деп – Алланын аты менен күбөлүк берем» - деп күбөлүк берет. Бешинчи жолу күбөлүк беришинен мурда токтотулуп, эркек кандай коркутулган болсо, ал да ошондой коркутулат. Бешинчи жолу да күбөлүк бермекчи болсо, айтат: «Мени зинакер деп жаманатты кылышында эрим чынчылдардан болсо, мага Алланын каары болсун». Эгер ортолорунда бала болсо, наалатташууда бала да тилге алынат. Эгер эри «Алланын аты менен күбөлүк берем, ал зина кылды жана бала менин балам эмес» десе, аялы айтат: «Алланын аты менен күбөлүк берем, ал жалган айтты жана бул бала анын баласы».

Наалатташуунун жол-жобосу жана анын сөздөрү ушундай болот. Ушуга караганда, аялы бала төрөгөндө, эри «бул бала менден эмес» же

«бул менин балам эмес» десе, ага хад колдонулбайт. Себеби, бул жаманатты кылуу эмес. Эгер эрден суралганда «Ал (аял) зина кылды жана бул баланы зина менен төрөдү» десе, бул жаманатты кылуу болот жана наалатташуу менен далилденет. Эгер эр «бул бала мага окшобой жатат демекчи элем» десе, же «шектенүү менен баскан элем, бала баскандыкы» же ушуга окшогон сөз айтса, ага хад колдонулбайт. Бала анын насабынан деп эсептелет. Себеби, ал аялын жаманатты кылган жок. Мындай орундарда наалатташуу болбойт. Анткени, наалат айтуунун шарты жаманатты кылуу.

## АТАНЫН ВАЛИЙЛИГИ

Ата үй-бүлөнүн башчысы, жетекчиси, көзөмөлдөөчүсү болгондугу үчүн, үй-бүлөгө валий да болушу зарыл. Ошондуктан, перзенттерге ал валий болот. Ал өзүнүн мукаллаф болбогон чоң-кичине уул-кыздарына жан жана мал жактан валий болуп эсептелет, мейли, кичинекей балдар эненин же анын туугандарынын карамагында болушса да.

Адам кичине же чоң жашта болот. Чоң жаштагы адам: же эс-акылы жайында акылдуу, же эс-акылы жайында болбогон делбе болот. Эгер чоң жаштагы киши эс-акылы жайында болсо, жан жана мал жагынан эч бир киши ага валий болбойт. Ал өзүнүн иштерине өзү валий болот. Бирок, валийлик укугу атасында сакталып калат. Эгер адам кичине жашта болсо, же чоң жашта болсо да, эс-акылы жайында болбосо т.а. делбе же жинди болсо, өзүн-өзү башкаруудан алсыз болгондугу үчүн, өзүнө валийлик кыла албайт. Балким, атасы ага валийлик кылат. Бул адам кичине жашта болсо, же акыл-эси жайында болбосо, ушул валийлик улантыла берет. Эгер кичине жаштагы бала балагатка жетсе, же чоң жаштагы адам жиндиликтен же делбеликтен айыкса, ага валийлик кылуу бүтөт. Ал өз ишине өзү валий болуп калат. Атанын валийлик кылууга ар дайым акысы болгону үчүн мындай перзенттерге да ата валий болуп калышы мандуб жана мустахаб.

## ЖАШ БАЛАНЫ КЕПИЛДИККЕ АЛУУ

Жаш баланы кепилдикке алуу фарз. Себеби, ал өз абалына таштап коюлса, набыт болот. Бул иш Алла важиб кылган *«жанды сактап калуу»*нун катарына кирет. Ушуга караганда, баланы өлүмгө дуушар болуудан сактап калуу жана аны өлүмгө дуушар кылуучу абалдардан асырап калуу зарыл. Баланы кепилдикке алуу фарз болушу менен бирге, буга баланын тууганчылык укугу да кошулган. Анткени, бала ушуга акылуу. Бул ишке важиб кандай тиешелүү болсо, укук да ушундай тиешелүү. Кепилдик – ар бир баланын жана ага кепил болууларын Алла важиб кылган ар бир адамдын укугу. Кепилдик баланы кароого дайындалган багуучуга фарз. Кепилдикти Алла важиб кылган адамдын кепилдикке киришүүдөгү укугу ушул ишке жарактуу адамга тиешелүү болуп, бардыгына жалпы эмес. Ушуга караганда, баланы жок кыла турган, аны сөзсүз өлүмгө дуушар кыла турган адамдардын балага кепил болууга укугу жок. Жаш бала жана делбе кишилер да баланы багууга кудуреттүү болбогондуктары үчүн, алардын да кепил болууга акылары жок. Себеби, алардын өздөрү кепилдикке муктаж болгон соң, кантип, башкага кепил боло алмак эле. О.э. баланы көңүл бурбай таштап коюшу, же аны багууга мүмкүнчүлүк бербей турган иштер менен алек болуулары себептүү баланы текке кетире турган адамдардын да, фасыктык менен сыпатталган жана баланы бузук тарбия менен өстүрүп коё турган адамдардын да кепил болууга акылары жок. Анткени, тарбиянын бузулушу да өлүм болуп эсептелет. Кафирдин да кепил болууга акысы жок, болгону эненин жаш баланы багышы мындан мустасна.

Жаш балага кепил болуу абалында каралат. Эгер бала нерселерди ажырата ала турган, эненин мамилесин атанын масилесинен ажырата ала турган болсо, эмизүү жашынан чоң болсо, балага ыктыяр берилет. Ата-энеден кимисин тандаса, ага берилет. Ахмад жана Абу Давуд Абдулхамид ибн Жаъфардан, ал атасынан, атасы чоң атасы Рофиъ ибн Синандан риваят кылат:

**«أَنَّهُ أَسْلَمَ وَأَبَتِ امْرَأَتُهُ أَنْ تُسْلِمَ فَأَتَتِ النَّبِيَّ ρ فقَالَتْ: اِبْنَتِي وَهِيَ فَطِيمٌ أَوْ شِبْهُهُ. وَقَالَ رَافِعٌ ابْنَتِي. فَقَالَ النَّبِيُّ ρ: اقْعُدْ نَاحِيَةً. وَقَالَ لَهَا: اقْعُدِي نَاحِيَةً. وَقَالَ: اُدْعُوَاهَا. فَمَالَتِ الصَّبِيَّةُ إِلَى أُمِّهَا. فَقَالَ النَّبِيُّ ρ: اللَّهُمَّ اهْدِهَا. فَمَالَتْ إِلَى أَبِيهَا فَأَخَذَهَا»**

«Рофиъ Исламды кабыл алганда, аялы Исламга кирбеди. Аялы Пайгамбар ρдын алдына келип, «бул менин кызым, ал эми гана сүттөн чыкты» деди. Рофиъ да «бул менин кызым» деди. Пайгамбар ρ ага **«Сен бул тарапка отур»**, аялына болсо **«сен бул тарапка отур»** деди. Кийин **«Аны чакыргыла»** деди. Кыз энеси тарапка багыт алды. Пайгамбар ρ **«Роббим, аны хидаяттагын»**, - деди. Ошондо кыз

атасы тарапка багыт алды. Ошондо аны Рофиъ алды». Ахмад менен Насоий бул хадисти ар түрдүү сөздөр менен, бирок, ушул риваятта келген мааниде риваят кылышкан.

Эгер бала кичине жашта болуп, нерселерди ажырата албай турган, эненин мамилеси менен атанын мамилесинин айырмасын билбей турган, же эме турган жашта, же андан чоңураак, бирок, ушуга жакын болсо, ага ыктыяр берилбейт. Балким, жогоруда өткөн хадистен түшүнүлгөнүнө карап, энесине берилет. Себеби, баланы багууга эне акылуураак. Аны багуудан энени тосуу жөнүндө нусус келбеген. Бул жерде «кепилдик – валийлик болуп, мусулмандын үстүнөн кафир валий болбошу керек» делбейт. Себеби, вакиълигине каралса, кепилдик – багуу жана кызмат кылуу болуп, эч кандай валийлик эмес, демек, ага валийлик өкүмдөрү түшпөйт.

Талак кылынганда, балага жана майыпка эне кепилдик кылууга акылуу. Абу Давуд Абдулла ибн Амр ибн Аастан риваят кылат: Бир аял Расулулла ρга айтты: «Я Расулулла, бул мени балам. Аны курсагымда сактаганмын, көкүрөгүмдөн эмизгенмин, кучагымда асыраганмын. Анын атасы мага талак коюп, аны менден тартып алмакчы». Расулулла ρ айтты:

«أَنْتِ أَحَقُّ بِهِ مَا لَمْ تَنْكِحِي»

**«Турмушка чыкпасаң эле, ага сен акылуурааксың».** Ибн Абу Шайба Умардан риваят кылат: «Умар Умму Аасимди талак кылып, анын алдына келди. Аасим энесинин карамагында эле. Умар баланы андан алмакчы болду. Алар өз ара баланы тарткылашты, акыры бала ыйлап жиберди. Кийин экөөсү Абу Бакр Сыддыкка барышты. Ал айтты: «Бала чоңоюп, өзү тандап ала турган болгонго чейин, энесинин жууп-тарашы, кучагы жана жыты ага сенден көрө жакшыраак». Эгер эне турмушка чыккан болсо, же майып болуп, багуучулук шарттары табылбай, багууга жарактуу болбосо, ал жок сыңары эсептелет. Багуу укугу андан кийинки адамга өтөт. Эгер ата-эне багууга жарактуу болушпаса, багуу алардан кийинкилерге өтөт. Мындай абалда алар (т.а. ата-эне) жок сыңары эсептелишет. Багууга баарынан көрө эне акылуу. Андан кийин, эненин энеси, кийин анын энеси жана ушундай улантыла берет. Себеби, алар төрөгөндүктөрү анык болгон аялдар. Демек, алар эне ордунда. Кийин ата, кийин анын энелери. Кийин чоң ата, кийин анын энелери. Кийин атанын чоң атасы, кийин анын энелери, мейли мураскорлор болушпаса да. Себеби, алар тууганчылык себептүү багууга жарактуу болгон кишилердин катарына киришет. Аталар жана энелер бүтсө, багуу эже-сиңдилерге өтөт. (Эскертүү: биерде эже-сиңди сөзүнө эже-карындаш сөзү да киргизилип айтылууда) Бир ата-энеден болгон эже-сиңди мурда коюлат. Кийин аталаш эже-сиңди, кийин энелеш эже-сиңди турат. Багуучулардан эсептелгени үчүн эже-сиңди ага-иниден мурда коюлат.

Эгер эже-сиңди жок болсо, бир ата-энеден болгон ага-иниси ылайыктуураак. Кийин аталаш болгон ага-ини. Кийин алардын уулдары. Энелеш болгон ага-ини болсо, багууга акылуу эмес. Эгер бул адамдар жок болсо, багуу таежелерге өтөт. Эгер таежелер жок болсо, аммаларга өтөт. Кийин бир тууган амакиси баланы багат. Кийин аталаш амакиси. Энелеш амакиси багууга акылуу эмес. Эгер алар жок болушса, бала эненин таежелеринин карамагында болот. Кийин, атанын таежелери, кийин атанын аммалары. Эненин аммалары баланы өз карамагына алышпайт. Себеби, эненин аммалары тууганчылык жагынан эненин атасына байланышат. Эненин атасы баланы багууга акысы жок.

Кепилдикке алууга акылуу болгон адамдар жок болушса, же алар кепилдикке алууга жарактуу болушпаса, баланы багуу башкаларга өтөт. Эгер багууга акысы болгон адам баланы бакпаса, баланы багуу башка адамга – эгер анда баланы багуу анык ишке ашса гана өтөт. Себеби, баланы багуу багуучунун укугу гана эмес, балким, анын милдети дагы. Бул вазыйпаны багууга жарактуу башка адам аткарса гана багуучу багууну таштashы мүмкүн болот. Ошондо гана багууну таштаган багуучудан багуу жогорудагыдай тартипте андан кийинки адамга өтөт. Эгер багуудан баш тарткан адам кайра өз укугуна ээ болмокчу болсо жана ал багууга кудуреттүү болсо, укугу кайра тикеленет жана бала ага кайтарып берилет. Ушуга окшоп, эне турмушка чыкса, багуу укугу андан жоюлат. Кийин талак кылынып, балага кепилдик кылууга кайтса, укугу тикеленет. О.э. багууга укугу болгон туугандар кайсы бир тоскоолдук себептүү баланы багышпаса, кийин тоскоолдук жоголсо, баланы багуу укуктары кайтат.

Эгер бир жамаат баланы багууга кайсылары укуктуураак экендигине келише алышпаса, багууга укуктуураак адам үстөм коюлат. Баро ибн Аазибден риваят кылынат, Хамзанын кызы туурасында Али, Жаъфар жана Зайд тартышып калышты. Али айтты: «Ага мен акылуураакмын. Ал амакимдин кызы». Жаъфар айтты: «Бул амакимдин кызы, анын таежеси менин жубайым». Зайд айтты: «Ал агамдын перзенти». Расулулла ρ кызды таежесине деп өкүм чыгарып айтты:

«الْخَالَةُ بِمَنْزِلَةِ الأُمِّ»

**«Таеже эне ордунда»** (Бухарий риваяты).

Жогоруда өлүмдөн сактап калуу үчүн кепилдикке алынууга муктаж болгон жаш балага тиешелүү маселелер көрүп чыгылды. Кепилдикке алынууга муктаж болбогон баланы, муктаж эместиги себептүү, кепилдикке алуу иллети жоголот. Иллет жоголгондугу себептүү өкүм т.а. аны кепилдикке алуунун важибдиги жана тууганынын кепилдик укугу да жоголот. Мындай абалда каралат. Кепилдикке алууга акылуу болгон адам, (мисалы эне) кафир болсо, бала андан алынып, балага валийлик кылуу укугуна ээ адамга берилет. Себеби, мында баланын

вакиълиги кепилдикке алуу эмес. Балким, ага валийлик кылуу болуп калды. Алла Таала айтат:

﴿ وَلَن يَجْعَلَ ٱللَّهُ لِلْكَـٰفِرِينَ عَلَى ٱلْمُؤْمِنِينَ سَبِيلاً ﴾

***«Алла эч качан кафирлер үчүн момундар үстүнө жол бербейт».*** **[4:141]**

Бул аятка караганда, кафир валийлик кылышы мүмкүн эмес. Расулулла ρдын хадисинде да бул баса белгиленген:

**«الإِسْلاَمُ يَعْلُو وَلاَ يُعْلَى عَلَيْهِ»**

**«Ислам бийик болот. Эч бир нерсе андан бийик болбойт».** Бул өкүм умумий болуп, аны хостоочу эч бир далил келбеген. Бала багууга муктаж болгондугу үчүн, багууга тиешелүү хостоочу хадис ага туура келбейт. Кепилдикке алууга жана валийлик кылууга акылуу адамдар (мисалы ата-эне) мусулман болушса, уулга же кызга ата-энесинен каалаганын тандоо ыктыяры берилет. Кайсы бирин тандаса, тандаганына берилет. Буга далил Ахмад, Ибн Маажа, Термизийлер Абу Хурайрадан риваят кылышкан хадис:

**«أَنَّ النَّبِيَّ ρ خَيَّرَ غُلاَمًا بَيْنَ أَبِيهِ وَأُمِّهِ»**

**«Расулулла ρ балага ата-энесинен каалаганын тандашына ыктыяр берди».** Абу Давуд риваятына караганда:

**«أَنَّ امْرَأَةً جَاءَتْ فَقَالَتْ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، إِنَّ زَوْجِي يُرِيدُ أَنْ يَذْهَبَ بِابْنِي، وَقَدْ سَقَانِي مِنْ بِئْرِ أَبِي عِنَبَةَ، وَقَدْ نَفَعَنِي، فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ρ: اِسْتَهِمَا عَلَيْهِ. فَقَالَ زَوْجُهَا مَنْ يُحَاقُّنِي فِي وَلَدِي، فَقَالَ النَّبِيُّ ρ: هَذَا أَبُوكَ، وَهَذِهِ أُمُّكَ فَخُذْ بِيَدِ أَيِّهِمَا شِئْتَ. فَأَخَذَ بِيَدِ أُمِّهِ فَانْطَلَقَتْ بِهِ»**

«Бир аял келип айтты: «Я Расулулла, эрим уулумду алып кетмекчи болуп жатат. Уулум мага Абу Инабанын кудугунан суу ташып пайдасы тийип жаткан эле». Расулула ρ айтты: **«Чүчү кулак кармашкыла».** Аялдын эри да айтты: «Балага менден көрө ким акылуураак?». Пайгамбар ρ айтты: **«Бул атаң, бул болсо энең. Алардан каалаганыңдын колунан карма».** Бала энесинин колунан кармады. Эне баласы менен бирге кетти». Байхакий Умардын балага ата энесинен каалаганын тандоого ыктыяр бергенин риваят кылган. О.э. Алинин жети же сегиз жаштагы Аммара Жазомийге энеси менен амакисинен каалаганын тандоого ыктыяр бергенин да риваят кылган. Бул хадистер, эгер ата-эне өз перзенттерин талашып калышса, балага ыктыяр берүү важибдигине ачык далил болот. Бала алардын кайсы бирин тандаса, аны менен бирге болот. Абу Давуддун риваятында келген «куръа таштоо» Насоийдин риваятында да, башка риваяттарда да келбеген. Ошондуктан, бул риваят бала ата-эненин бирин тандабаган абалга

туура келет. Тандоо белгилүү бир жашка чектеп коюлбайт. Муну адистердин тыянагына ылайык аким белгилейт. Эгер адистер «бала кепилдикке т.а. багуuга муктаж эмес» дешсе жана аким буга канааттанса, балага ыктыяр берет. Болбосо, баланы багууга акылуу болгон адамдын (эненин) алдында калтырат. Перзенттердин абалы ар түрдүү болушуна карап, бул мамиле да ар түрдүү болот. Бала кээде беш жашта эле кепилдикке алынууга муктаж болбойт. Башка бала кээде тогуз жашта да кепилдикке алынууга муктаж болот. Ушул себептүү, баланын кепилдикке алынууга муктаж же муктаж эместиги жагынан анын вакиълигине көңүл бурулат.

## ТУУГАН-УРУКЧУЛУК

Уруу-урукчулдукка тарапкечтик кылуу (асабият) Ислам үммөтүнүн перзенттери ортосундагы робыта болуп калбоосу үчүн жана ал мусулмандардын алака-байланыштарына өкүмдар болуп калбоосу үчүн, Алла Таала жахилий тарапкечтиктен кайтарган. Бирок, тууган-уруктар менен байланууга, аларга жакшылык кылууга буйруган. Хаким жана Ибн Хиббан Торик ал-Мухорибий аркылуу келтиришкен, Расулулла ρ айтты:

**«يَدُ الْمُعْطِي الْعُلْيَا، وَابْدَأْ بِمَنْ تَعُولُ، أُمَّكَ وَأَبَاكَ وَأُخْتَكَ وَأَخَاكَ، ثُمَّ أَدْنَاكَ أَدْنَاكَ»**

**«Инфак-ихсан кылуучунун колу аалий. Инфак-ихсанды карамагыңдагы кишилерден башта: энеңе, атаңа, эже-карындашыңа, ага-иниңе жана (булардан) кийинки жакындарыңа, жакындарыңа».** Абу Бакр кызы Асма I айтат:

**«أَتَتْنِي أُمِّي وَهِيَ مُشْرِكَةٌ فِي عَهْدِ قُرَيْشٍ وَمُدَّتِهِمْ إِذْ عَاهَدُوا النَّبِيَّ ρ مَعَ ابْنِهَا فَاسْتَفْتَيْتُ النَّبِيَّ ρ فَقُلْتُ: إِنَّ أُمِّي قَدِمَتْ وَهِيَ رَاغِبَةٌ أَفَأَصِلُهَا. فَقَالَ: نَعَمْ صِلِي أُمَّكِ»**

«Курайш Пайгамбар ρ менен бүтүм түзгөн убакта менин алдыма энем келди. Ал мушрика эле. Пайгамбар ρдан фатва сурап айттым: «Энем кызыгып келиптир». Ал зат айтты: «**Жакшы, энең менен алака кылгын**» (муттафакун алайх).

Ислам туугандарды эки бөлүккө бөлөт. Биринчиси: Эгер адам өлсө, ага мураскор болушу мүмкүн болгон жакындары. Экинчиси: туугандары. Мурастан үлүшү бар туугандар: сохиби фарздар (т.а. мурастан белгилүү бир үлүшкө ээ болгон адамдар) жана асабалар. (Асаба – эркектин уулдары жана ата тараптан туугандары). Экинчи бөлүктөгү туугандардын мураста үлүшү болбойт жана алар асаба эсептелишпейт. Мындай туугандары он тайпа болот. Таяке, таеже, таята, кыздын перзенти б.а. жээн-небере, эже-карышдаштын баласы б.а. жээндер, ага-ининин кызы, амакинин кызы, амма, энелеш амаки (атанын энелеш ага-иниси), энелеш ага-ининин уулу жана булардын ар биринин улап кетүүчүсү. Алла бул адамдардын эч бири үчүн мурастан үлүш ажыратпаган. Бирок, Алла бардык туугандар менен алака кылууга жана аларга жакшылык кылууга буйруган. Жабир Пайгамбар ρдан риваят кылат:

**«إِذَا كَانَ أَحَدُكُمْ فَقِيرًا فَلْيَبْدَأْ بِنَفْسِهِ فَإِنْ كَانَ لَهُ فَضْلٌ فَعَلَى عِيَالِهِ فَإِنْ كَانَ لَهُ فَضْلٌ فَعَلَى قَرَابَتِهِ»**

**«Кайсы бириңер кембагал болсоңор, (садаганы) өзүнөн баштасын. Эгер артыкчасы болсо, үй-бүлөсүнө берсин. Дагы**

**артыкчасы болсо, туугандарына берсин».** Абу Айюб ансорийдин риваятына караганда, бир киши келип сурады:

**«يَا رَسُولَ اللَّهِ، أَخْبِرْنِي بِعَمَلٍ يُدْخِلُنِي الْجَنَّةَ. فَقَالَ الْقَوْمُ: مَا لَهُ، مَا لَهُ؟ فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ ρ: أَرَبٌ مَا لَهُ. فَقَالَ النَّبِيُّ ρ: تَعْبُدُ اللَّهَ لاَ تُشْرِكُ بِهِ شَيْئًا وَتُقِيمُ الصَّلاَةَ وَتُؤْتِي الزَّكَاةَ وَتَصِلُ الرَّحِمَ»**

«Я Расулулла, мени бейишке алып кире турган амал жөнүндө кабар бериңиз!». Ал жердеги адамдар «Ага эмне керек экен» дешти. Пайгамбар ρ айтты: **«Анын кажети бар экен»**, кийин айтты: **«Аллага ибадат кыласың, Ага эч бир нерсени шерик кылбайсың, намаз окуйсуң, зекетти бересиң, тууган-урук менен алака кыласың»** (Бухарий риваяты). Бул жана мындан башка хадистерде айтылган туугандар сөзүнөн жакын туугандар көздөлгөнбү, же адамдын бардык туугандары көздөлгөнбү, мунусу айтылбаган. Хадистердин тышкы мазмунунан умумийлик көрүнүп турат. Демек, ал бардык туугандарды: махрам жана намахрам туугандарды да, чыныгы жана чыныгы болбогон туугандарды да өз ичине алат. Туугандар менен алака кылууга тиешелүү бир канча хадистер бар. Расулулла ρ айткан:

**«لاَ يَدْخُلُ الْجَنَّةَ قَاطِعُ رَحِمٍ»**

**«Тууган-уруктары менен үзүлүп кеткен адам бейишке кирбейт».** Анас ибн Малик Расулулла ρдан риваят кылат:

**«مَنْ أَحَبَّ أَنْ يُبْسَطَ لَهُ فِي رِزْقِهِ وَيُنْسَأَ لَهُ فِي أَثَرِهِ فَلْيَصِلْ رَحِمَهُ»**

**«Кимде-ким ырыскысы улуу жана өмүрү узун болушун кааласа, тууган-уругу менен алака кылсын»** (муттафакун алайх). Абу Хурайранын риваятына караганда, Расуллула ρ айтты:

**«إِنَّ اللَّهَ خَلَقَ الْخَلْقَ حَتَّى إِذَا فَرَغَ مِنْ خَلْقِهِ قَالَتِ الرَّحِمُ هَذَا مَقَامُ الْعَائِذِ بِكَ مِنَ الْقَطِيعَةِ قَالَ نَعَمْ أَمَا تَرْضَيْنَ أَنْ أَصِلَ مَنْ وَصَلَكِ وَأَقْطَعَ مَنْ قَطَعَكِ قَالَتْ بَلَى يَا رَبِّ قَالَ فَهُوَ لَكِ قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ρ فَاقْرَءُوا إِنْ شِئْتُمْ** { فَهَلْ عَسَيْتُمْ إِن تَوَلَّيْتُمْ أَن تُفْسِدُوا فِي الْأَرْضِ وَتُقَطِّعُوا أَرْحَامَكُمْ }»

**«Алла бүткүл махлукатты жаратуудан бошогондон кийин, рахм (тууганчылык) сурады: «Туугандык алакаларынын үзүлүшүнөн асырашыңды тилей тургандын макамы кандай?». Алла айтты: «Сага байланганга байлансам, үзүлгөндөн үзүлсөм ыраазы болосуңбу?». Айтты: «Ооба, ыраазымын». Алла айтты: «Бул убадам сага!».** Кийин Расулулла ρ айтты: **«Кааласаңар бул аятты окугула»:** ***«Эгер*** *(ыймандан)* ***жүз***

***бурсаңар, анык, силер жерде бузукулук кыласыңар жана тууган-уругуңар** (менен да алакаңарды) **үзөсүңөр».*** **[47:22]**
(муттафакун алайх). Расулулла ρ:

«لَيْسَ الْوَاصِلُ بِالْمُكَافِئِ، وَلَكِنِ الْوَاصِلُ الَّذِي إِذَا قَطَعَتْ رَحِمُهُ وَصَلَهَا»

**«Тууганчылыкты байлоочу – туугандары алака кылса ал да алака кыла турган адам эмес, балким, туугандары алаканы үзсө аны байлай турган адам»** (Бухарий Абдулла ибн Амрдан риваят кылган). Булардын бардыгы туугандар менен алаканы бекем кармап туруугa үгүт болуп эсептелет. Тууган урукчулук – исламий жамаат ортосунда байланууга, өз ара бири-бирин жакшы көрүүгө жана туугандар бири-бири менен байланышууга, ортолорунда өз ара биримдик болушуна тиешелүү Алла кандай мыйзамдар түзүп бергенин көрсөтөт. О.э. эркек менен аялдын жамдалуусу жана бул жамдалуудан пайда боло турган, келип чыга турган алакаларды тартипке салууга шарият канчалык көңүл бургандыгын көрсөтөт. Демек, коомдогу ижтимаий тарап үчүн мыйзам кылып белгилеген өкүмдөрү менен исламий шарият адам үчүн эң жакшы ижтимаий түзүм болуп саналат.